

ЭЛА-ТООНУН ЖЫЛДЫЗДАРЫ



Эмгек-тоонун жылдыздары

(Социалисттик Эмгектин Баатырлары жөнүндө баян)

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1985

Айрыкча айырмаланган эмгек коллективдери, жумушчулар, колхозчулар, интеллигенциянын өкүлдөрү — өзүнүн каарман эмгеги менен биздин Мекенибиздин кубаттуулугун чыңдоого зор салымын кошуп жаткандардын бардыгы чын жүрөктөн алкыш билдирүүгө арзыйт...

К. У. ЧЕРНЕНКО

66. 3 (2Ки)6
А 45

Ала-Тоонун жылдыздары: Социалисттик Эмгектин
А 45 Баатырлары жөнүндө баян/[Түз. М. Усукеев]. — Ф.:
Кыргызстан, 1985. — 192 бет.

Бул китепте Социалисттик Эмгектин Баатырлары, республикабыздын өнөр жай ишканаларынын жана айыл чарбасынын натыйжалуулугун жогорулатууда демилге көтөрүп эмгектенишкен, социалисттик турмуш образынын үлгүсүн көрсөтүшкөн алдыңкылардын иш-аракеттери жөнүндө баяндалат.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

К $\frac{0802010207—216}{М\ 451\ (17)—85}$ 10—84

66. 3(2Ки)6

Коомдук башталышта
түзгөн Мукамбет Усукеев

© «Кыргызстан» басмасы, 1985-ж.

БАСМАДАН

Республикабыздын эмгекчилери бейкут асман алдында жашап жана эмгектенген буткул совет эли сыяктуу эле Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXVI съездинин жана КПСС Борбордук Комитетинин саясий жана маамлекеттик турмуштун маанилүү маселелерин караган кийинки Пленумдарынын чечимдерин, он биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын орундатуу үчүн күрөштө чыгармачылык кайрат жана активдүүлүктүн жаңы жогорулашы алдында эмгектенип жатышат.

Өз эмгеги үчүн сыймыктануу, турмушта анын маанилүүлүгүн сезүү, Ата-Журт алдындагы милдет — өлкөбүздүн буткул эмгекчилерин алдыга жылдырган мына ушулар эмеспи. Азыркы учурда эмгеги менен элине жаккан, андан баар тапкан өндүрүшчүлөрдүн, колхозчу-дыйкандардын, малчылардын, социалисттик коомдун бардык чөйрөлөрүнүн кызматчыларынын каарман эмгектерин баяндоо өзгөчө маанилүү.

Окурмандарга сунуш кылынган бул китеп өнөр жайынын жана айыл чарбасынын алдыңкыларынын, Социалисттик Эмгектин Баатырларынын айрымдарынын ак ниет эмгеги, турмушу жөнүндө жалпыга маалым эмгектик кадамын көрсөтүп, алардын изденүүлөрү, топтогон тажрыйбалары, чыгармачыл жалыны, эргиген эмгеги социалисттик турмуш образынын чыныгы көрүнүшү болуп саналат.

Республикабыздын эмгектик даңкын көтөрүп жаткан өндүрүшчүлөр — Коханов Г. А., С. Кулматова, М. Сыдыкова, колхозчу-дыйкандар Т. Эрматова, А. Тойгонбаев, Г. Сулайманова, мал чарбачылыгында эмгектенгендер Т. Акматов. О. Мамбетакунов, Ж. Мундузбаева, Т. Айдаров жана башка ондогон эмгек каармандарынын ысымдары республика-

да гана эмес, бүткүл өлкөбүздүн булуң-бурчтарына белгилүү. Алар коммунистер менен партияда жоктор, өздөрүнүн мыкты үлгүлөрү менен жаштарды тарбиялагандар. Өз эстафетасын муундан муунга берип жаткан адамдар... Алардын иши партия менен элдин биримдигинин нагыз үлгүсү. Каармандар дээрлик «Бир беш жылдыкта — эки беш жылдыктын тапшырмасын аткаралы!» «Беш жылдыкты — төрт жылда!», «Беш жылдыкты мөөнөтүнөн мурда орундайлы!» деген ураандар алдында жалпы элдик мелдешке кошулушуп, өздөрү калкты үндөп жатышкан адамдар, демилгечилер жана мелдеште озуп чыккандар, насаатчылар.

Каармандардын кесиптери да, мүнөздөрү да ар башкача, бирок баарынын тең аракети эмгек процессинин өзүн урматтоого, совет элинин партия көрсөткөн жол менен алдыга умтулуусун, эмгектин социалдык жаңы сапатын ачып көрсөтүүгө багытталган. Ушундан улам жыйнакка киргизилген баяндоолордо авторлор ар бир каармандын жеке аракеттерин коомдук турмуш, учурдун талабы менен айкалышта берүүгө аракет жасашкан.

Китеп окурмандарды, айрыкча жаштарды кайдыгер калтырбайт деген ойдобуз.



Кудайберген ЧЫНЫБАЕВ

Чыныбаев Кудайберген, 1930-жылы Токтогул районунда кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. 1949-жылы колхоздо иштеп туруп, 1950-жылдан Таш-Көмүр шаарындагы «Капитальная» шахтасына өтөт. 1960-жылы «Северная» шахтасына өткөөлчүлөрдүн бригадирлигине дайындалат. Бул милдетти 1982-жылга чейин аткарган. Азыр ошол шахтада электр слесары кесибинде эмгектенет.

Жолдош К. Чыныбаев 1955-жылдан бери КПССтин мүчөсү, кайсыл жерде иштебесин өзү эмгекти сүйгөн, уюштуруучу, берилген тапшырманы өз убагында орундаткан коммунист катары таанылган. Сегизинчи беш жылдыктын жыйынтыгы боюнча ага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. Кыргызстан Компартиясынын 12—17-съездерине делегат, Кыргызстан Компартиясынын 12—14-съездеринде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланган. 7—10-шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Кыргыз ССР Жогорку Советинин мүчөсү. 1966-жылдан бери СССРдин ардактуу шахтеру.

К. Чыныбаев Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Элдердин достугу, Ардак белгиси ордендери жана бир нече медалдар менен сыйланган. Шахтердук даңк медалынын толук кавалери.



«КАРА АЛТЫН» КАПКАСЫН АРАЛАП

КПССтин XXII съездине Кыргызстандан барган делегаттар Москванын эң чоң мейманканаларынын бири «Украинадан» орун алышты. Мейманкананын ичи-сырты майрамдык маанайда жасалгаланган. Мындагы меймандардын көпчүлүгүнүн көкүрөгүндө «КПССтин XXII съезди» деген значоктору бар, өкмөттүк ордендер, медалдар, айрымдарынын алтын жылдыз жаркырайт.

Алардын арасында Кыргызстандык делегаттар Кудайберген Чыныбаев жана Николай Солошенко да ошол жерден орун алышкан. Бош убакыттан пайдаланышып алар шаар аралап сейилдеп келүүнү чечишти.

Москва кеч күздүн кучагында болсо да анын архитектуралык өзгөчө кооздугу жаңы көзгө ого-бетер жакшынакай көрүнүп турган. Кудайберген менен Николай мейманканадан чыгып бульвар бойлоп жүрүп олтуруп, Москва дарыясынын сепилдүү жээгине келгенин сезбей калышты. Жасалгаланышы жагынан биринен бири өткөн көптөгөн имараттарга таңдана карап жүрүп отурушту. Баарынан да Кремлдин күрөң кызыл тарткан дубалдары башка имараттардан өзүнчө бөлүнүп турат. Бийик мунаралар, алардын чокуларындагы беш бурчтуу жаркыраган жылдыздар. Кремль алыстан сүрдүү көрүнөт аларга. Бул жердин өзгөчө экендигин, өлкөнүн нак жүрөгү ошол жер экендигин алар өзгөчө туюп, өзгөчө сезимде болушту. Алар өз тагдырларына ыраазы болушуп, Улуу Ленинге, аны түзгөн Коммунисттик партияга, Совет өкмөтүнө ыраазылыгын билдирип жатышты. Ушул учурда Кудайберген бала кезин, турмуштун ошол өткөндөгү оорчулугун, биринен сала-бирин көз алдына элестете да кетти...

* * *

1944-жыл. Кыргыздын элет жери согуштагы жоокерлерге азык-түлүк даярдоонун камкордугунда. Согуш Мекенибиздин батыш чегине сүрүлүп барып калганы менен жоокерлерди азык-түлүк менен камсыз кылып туруу жооптуулугу дале өз күчүндө эле. Тылда тыныгуу деген жок. Бардык аракети жеңиш үчүн, өз үй-бүлөлөрүнөн Мекенди коргоого кеткен жоокерлеринин жеңиш менен тезинен кайтып келиши үчүн жумшалууда. Өндүрүштө иштегендер — аялдар, жаш балдар. Аларга баш-көз болгон карыялар.

Атасы Чыныбайдан, энеси Асылгүлдөн эрте ажыраган.

Кудайберген согуш учурунда көпчүлүк жаштар менен кошо кош айдоого чыкты. Ошол учурда Совет колхозу Токтогул районунда данды арбын бере турган чарбалардын бири болучу. Кудайберген «Тегерек» деген жайытта өгүз чегилген соко айдап өндүрүшкө аралашты. Өз алдынча чарбалык ишке катышкандыгына ал бир чети кубанычка бөлөнсө, экинчи чети бойго жетип калган экем деген сезимде жүрдү.

Жаратылышынанбы же эмгекке эрте аралашып калганынанбы, башка балдардан Кудайбергендин бою пас эле. Кыштан арык болуп араң чыккан өгүздөр кошто өтө эле ыкшоо. Кудайбергендин чыбыгын сезип да коюшпайт. Соко кармап келаткан киши артынан өкүм кыйкырып, өгүздөргө обдулуп коюп жаш балага жардамдашат.

Колхоздун жазгы кош айдоосу, жыйым-терим мезгилиндеги орогу менен Кудайберген бирге чоңойду. Кышкысын чабанга жардамчы, жазгысын мал төлдөтүү кампаниясына каралашканы кетет.

Кудайберген чарбалык ишке дыкат, ар бир аткарган ишинин өтөөсүнөн чыккан жигит болуп таанылды эл арасына. Күндөрдүн биринде район боюнча отуз улан Көк-Жаңгак шаарындагы тоо-кен өнөр жай мектебине жиберилди. Ал балдардын баарынын тагдырлары Кудайбергендикиндей, келечекке канат кагып, өлкөсүнүн жыргалчылыгына үлүшүн кошкусу келген уландардан.

Бул 1949-жылдын күзү эле. Мурда-кийин оюна келбеген Кудайберген эми шахта, жер алдында иштөө, жумушчу деген түшүнүктөрдү тагдырына кошо кароочу болду. Мектептин өндүрүштүк мастери Жунус Байдөөлөтовдун окуучуларды биринчи жолу шахтанын ичине алып түшкөнү Кудайбергендин эсинен эч кетпейт. Штольняга баш багып, алгачкы кадам таштаганда тизеси титиреп, тулу бою дүркүрөп, аягын араң шилтеген. Улам терендеп барган сайын башка жыт, башкача шамалдын эпкини бетке уруп турганычы. Шахтанын ичи үрүл-бүрүл. Тээ алыстан-алыстан күрсүлдөгөн болот балкалардын, техникалардын дабыштары угулат...

Тоо-кен өнөр жай мектебин орусча аталышына карай ГПШ деп аташа турган. Мунун өзү Кудайбергенге барган сайын жакын сезилип баратты. Айына нечен жолу ГПШнын окуучулары шахтага түшүшөт. Кийин шахтага түшүүнү өзүлөрү суранышчу да болду. Жер алдында иштөө менен алар өз алдынча болгондугун, жетилгендигин сезишет, максатына жеткендей кубанышат. Алдыдагы жашоо, турмуш жөнүндө ойлору чабыттайт.

Бир учурда шахтага кирерде анын сүрүнөн тизеси титиреген Кудайберген бүгүн Москва шаарында, партиябыздын XXII съездинин делегаты болуп келбедиби.

Кумарлары канган соң Кудайберген менен Николай мейманканага кайтып келишти. Кудайбергендин мындагы курбулары арасында өлкөбүздүн алдыңкы шахтерлору, жаңы демилге көтөрүп чыккан адамдар да бар болчу. Көмүр өнөр жайынын көрүнүктүү адамдарынын бир канчасы Кудайбергендин көңүлүндө жат эле. Кудайберген украина элинин атагы алыска жеткен шахтерлорунун бири донбасстык Николай Мамайды көрсөм, аны менен аңгемелешип тажрыйбасын үйрөнсөм дегенде ак эткенден так этчү. Актуу шахтер менен Кудайберген мейманканадан жолугушту. Өлкөбүздөгү «кара алтын» казыналарынын ирилеринин бири Донбасстын атактуу адамы эми анын жанында турат. Кең көкүрөк, орто бойлуу, тууралжын келген адам. Көкүрөгүнө толгон ордендер араң эле сыйгандай сезилет. Саламдашып отургандан кийин Кудайберген өзүн тааныштырып, Кыргызстандан келгендигин, келечекте бакыбат шахтер болуу үмүтүн айтты. Николай Мамай ууртунан жылмайып анан кайра чечилген сымалда сөз башталды.

— Эң жакшы. Мына, дагы бир кыргыз шахтеру менен тааныштым. Шахтер болуш үчүн,— өзүнүн көкүрөгүнө шадылуу колун такай,— жүрөк, жүрөк, анан билек керек,— деп бууранын бутундай күчтүү билегин бийик көтөрүп койду. — Албетте, анан эрк, эрк керек,— деп сөзүн улантты...

Алар көпкө сүйлөшүп олтурушту. Башынан өткөндөрү, шахтердук иштин татаалдыгы, турмуштук тагдырлар жөнүндө маек курушту. Николай Мамай Кудайбергенге келечекке чоң каалоосун айтып узатты...

* * *

Кудайберген Чыныбаевге партиябыздын XXII съездине барып катышуу анын ички дүйнөсүнө, максатына дагы чоң бурулушту алып келди. Адамдык асыл сапат, граждандык милдет, коомдук кызыкчылыктын бийиктиги, жашоонун маңызы сыяктуу күндөлүк турмуштун турпатын аныктоочу нерселер жөнүндө жаңы ой-пикир, тыянак пайда болду. Өзгөчө Николай Мамайга жолукканы чоң таасир калтырды көрүнбөйбү. Ошондон кийин бригадир болуп иштөө максатын көздөп жүрдү.

Акыры самаганына да жетти. Ал «Таш-Көмүр» шахта башкармасында өткөөлчүлөр бригадасынын бригадири бо-

луп калды. Ал шахтада өткөөлчүлөр бригадасынын катардагы мүчөсү, кийинчерээк өз алдынча звено башчысы болуп иштеди. Кайда иштебесин өзүн жакшы жагынан гана көрсөттү.

Өткөөл жасоо шахтада эң негизги иш болуп эсептелет, Ошондон улам өткөөлчүлөрдүн мойнунда чоң милдеттер турат. Көмүрдүн бай запасы турган жерине оңтойлуу жерлерден өткөөл жасап, иштин башкы багытында болуу керек. Забой бир километр кеткенде тээ алыс жактагы жүрүп жаткан иш көрүнүп турушу талап этилет. Ансыз иште кокустук көп болот. Жер алдындагы иштин жер үстүндөгү иштен айырмасы, бардык аткарылган жумуш көрсөтүлгөн талапка, нормага төп келишинде. Техникалык жактан тактык мында өтө маанилүү. Анын үстүнө Кудайберген бригадир болуп иштеген мезгилден тартып шахтага кубаттуу жаңы техникалар — машина, комбайндар келе баштады. Ошондо жер алдында «кара алтын» казуунун алп техникасы — 8 м ПМБ маркасындагы каз тамандуу комбайн келе тургандыгы жөнүндө көп сөз жүрүп жаткан эле. Андай техникалар менен иштөө башталгыч билим, андан соң фабрикалык-заводдук мектептин тармагында уюшулган тоокен өнөр жай мектебинин билими менен иштөө мүмкүн эмес болучу. Забойдо чоң комбайндардын иштешине өткөөл да ыңгайлуу болушу керек.

Кудайберген бул мезгилде балалуу-чакалуу болуп бапырап, үйү толо бака-шака түшүп калган. Бир күнү ал өмүрлүк жары Бүкөнгө кеңеш салды:

— Бүкөн, иште техникалар көбөйүп баратат. Алардын сырын билбей туруп бригадир болуп иштөө кыйын болчудай. Анын үстүнө техникалык кароо да өткөрүлүшү керек экен... Кечкисин болсо дагы окубасам болбойт окшойт. Балдардын алды чоңоюп калды. Сен аларды карай турсаң...

Бүкөн жолдошунун оюн жан-дили менен колдоду. Балдары майда болсо да бүткүл үй-тиричилигинин түйшүгүн өз мойнуна алды. Кудайбергендин алдына койгон максатына жетүүсүнүн камкордугунда болду.

«Таш-Көмүр» шахта башкармасынын демилгеси менен уюштурулган кечки орто мектеп көбүнчө өндүрүш, шахта ишиндеги эмгек процесстери менен байланышта иштей турган. Кудайберген өндүрүштө иштеп жүрүп 11-классты ийгиликтүү аяктады. Бул ага жаңы техникалардын, комбайндардын техникалык маалыматтары менен тааныш болуп иш жүргүзүүсүнө өбөлгө түздү.

Шахтерлор арасында көмүрдүн жаңы запасына карай багытка жаңы өткөөл салынат экен, ал өтө тик, өткөөл са-

лууга оңтойсуз болот дейт. Шахта башкармасында аны кайсы бригадага тапшыруу жөнүндө сөз болуп жатыптыр деген кабарды Кудайбергендин кулагы чалып калган. Айткандай эле бир күнү шахтадагы бардык бригадирлерди, дасыккан өткөөлчүлөрдү топтоп, кеңири кеңешме өткөрүлдү. Анда Кудайберген, тажрыйбалуу деп таанылган башка бригадирлер да катыштырылды.

Заседаниени башкаруучу жаңы багытка өткөөл салуунун зарылдыгы, анын багытынын тиктиги дээрлик 89 градуска барабар экендиги, дагы бир катар маалыматтар жөнүндө айтып берип, өткөөлдү кайсы бригадага тапшыруу жөнүндө пикир алмашуу максатында чакыргандыктарын билдирди. Залда бир азга жымжырттык өкүм сүрүп калды. Айрым бригадирлер, тажрыйбалуу өткөөлчүлөр бул өтө кыйын, аны аткаруу үчүн тигиндей техникалар, мынча убакыт керек деген ойлорун өз ара айтып жатышты.

— Мага сөз бериңизчи? — деген чечкиндүү үн отургандардын дал ортосунан бөлүнө угулду.

— Айтыңыз! — деди башкаруучу.

— Биздин бригада тапшырылган объектини аяктоонун алдында турат. Бир аз гана жумуш калды. Бизде И. Аксенов, П. Чернов сыяктуу эң тажрыйбалуу өткөөлчүлөр иштешет. Жаштар да бар. Көп улуттун өкүлдөрүбүз. Эгер мүмкүн болсо өткөөлдү бизге тапшырыңыздар.

Бул жаш коммунист, бригадир Кудайберген Чыныбаев эле. Чогулушту башкаруучу бир азга унчукпай, эки жагын карап калды. Анын бул көрүнүшү силер кандай дейсиңер деген суроону бергендей болуп турду. Залда олтургандардын арасынан: «Берсе болот», «Ишенимди актайт», «Биз дагы кубаттайбыз» деген үндөр угулду. Президиумда олтурган башкы адистер да өз ара кеңеше калышты. Ошентип бул объект Кудайберген Чыныбаевдин өткөөлчүлөр бригадасына ыйгарылды.

Объектиде иш оор болду. Өткөөлдү тик өйдө алып кетүү өтө кыйын. Улам жыгачтан тепкичтерди жасап, кадам сайын алдыга тике көтөрүлүү керек болуп жатты. Ар улуттун өкүлдөрүнөн, ынтымактуу бир үй-бүлөдөй, составы 20 кишиден турган Чыныбаевдин бригадасы көп күч жумшады, өткөөлдүн багыты узартыла берди. Кезектеги сменанын бүтүшүнө аз убакыт калган. Белгиленген иштин көлөмүн бүткөрүп коюу үчүн бригаданын мүчөлөрү жапырт аракеттенип жаткан. Алыстан, кандайдыр бир оор жүк түшкөн сымал «күрр» эткен добуш угулду. Алгач алар ага анча деле этибар алышпады. Анын үстүнө өткөөлдүн төрүндө иш кызуу жүрүп жаткан. Бирок бир аз убакыт

өтпөй эле көмүр аралашкан чаң, кара-боз туман каптап кирип келди. Алар өткөөлдүн бир жеринде авария болгонун сезишти. Өткөөлдүн төрүндө Кудайберген, Иван, Петр үчөө иштеп жатышкан эле. Кара боз туман барган сайын коюулана берди. Шахтерлордун ар бири «Эч нерсе эмес, өтүп кетет» — деген ойдо болушту. Алар бири-бирин көрө албагандыктан үн аркылуу гана байланышып турушту, бирок ахвалдары улам оордоп баратты.

— Иван Иванович, ордубуздан жылбайлы, дагы башка кокустук болуп жүрбөсүн. Кыймыл болбосун. — Кудайберген ушул сөздү айтууга араң үлгүрдү. Деми буулуп, жакасын ачып тумшугун катты. Андан ашыкча сүйлөөгө аба жетишпеди.

— Жолдоштор, акырындык менен төмөн карай жыла берелик. Бири-бирибиздин артыбыздан калбайлы. Чаң жогору көтөрүлүп жатат. Бул жерде көпкө кармалсак болбойт,— деди бир аздан кийин Кудайберген.

Алардын фонарлары бүлбүл гана шоола берет. Үчөө бири-бирин кармап, акырындык менен төмөндөй бериштн. Петр Чернов алдыда болуучу.

— Көчкү! —Петр ток тийгендей аягын тартып алды.

— Ушул жерден экен да. — Иван Аксенов салмактуу сүйлөп, жолдошуна дем бергиси келди.

— Иван Иванович, сиз өткөөлдүн сол тарабын карап чыгыңызчы? Мен оң жагын карайын. Петр, сен бизге сак болуп тур. Көчкүгө аралашып калбайлык. Кокустук болсо тартып чыгарсың,— Кудайберген өз колу менен ураткан тектерди кармап, жылчык издей баштады. Эч бир жылчык, жарака билинбейт. Канча көлөмдө, канча метр аралыкта көчкү түшкөнүн биле алышпай бир далайга үн катпай отуруп калышты...

Менин бул жерде унчукпай олтурушум жарабайт. Бул өткөөлдү мен өзүм суранып албадым беле. Ошондуктан куткаруу жолун издөө керек деген чечимге келди Кудайберген бир оокумда. Дал ошол учурда күтпөгөн жерден Кудайбергендин жүзүн жандуу бир нерсе сылап өткөндөй болду. Бул жел эле. Жүрөгү опколжуп Кудайберген дагы бир азга күттү. Баягыдай көрүнүш дагы кайталанды. Жел менен өмүрдүн жышааны кошо киргендей болду.

— Иван Иванович, Петро! — Кудайбергендин үнү каргылданып акырын, жел кайра токтоп калчуудай, этият чыкты. — Акырын мага жылып келиңиздер! Жел келип жатат, жел!

Алар колдорун бийик созушуп желдин багытын издей башташты. Кез-кези менен муздак, бирок жумшак желдин

эпкини колдоруна уруна калат. Түнөргөн караңгылыкта анын кай жерден агылып кирип жатканы билинбейт. Урандылар козголсо эле жел кайра токтоп калчудай сезилет. Үчөө кеңешип олтурушуп, урандыларды козгобойлу дешти. Кандайдыр сызылып кирип жаткан желден улам жашоодон, өмүрдөн үмүт өчпөдү...

Мына ушундай абалда алар түнү бою олтурушту. Андан кийин түн-күн билинбей калды. Баштыктарында калган азыктарынан искеген болушат. Ойлорунда сырттан келүүчү жардамды гана күтүү керек...

Зарыгып күтүү эки суткага созулганда өткөөлдөгү көчкүнү ачып Кудайберген, И. Аксенов, П. Чернов туюктан чыгарылды. Жардамга бригаданын мүчөлөрү менен кошо башка бригададагылар да келишкен экен.

Көчкү тазаланып, ал жер бекем тирөөчтөр менен бекитилгенден кийин өткөөлдө иш дагы улантылды. Анын багыты узара берди. Кудайбергендин бригадасы бул өткөөлдү мөөнөтүнөн алда канча эрте аяктады. Бул ага, анын бригадасына чоң сыймык, бедел алып келди. Ар бир беш жылдык бригадага улам жаңы ийгиликтерди алып келе берди, алдыга дагы жогорку чектер белгиленди. Өткөөл жасоонун айлык, кварталдык пландары 150—180 процент-тен аткарылып турулду. Жер алдындагы аскалуу таш тектерди көзөп Кудайберген Чыныбаевдин бригадасы рекорддук көрсөткүчтү жаратты.

1971-жылдын 31-марты Кудайбергендин өмүрүндө эң кубанычтуу күн болду. Партиябыздын XXIV съездинин башталар алдында ага эмгектин эң жогорку баасы — Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылды. Кара алтын казуудагы кайратман эмгеги, өндүрүштө туруктуу ийгиликти камсыздагандыгы, сегизинчи беш жылдыктын жыйынтыгы боюнча ыйгарылган бул сыйлык Кудайбергенге дагы мыкты эмгектенүүгө дем берди. Кийин баягыдай кокустук, авария бригадада болгон жок.

Эмгектеги эпкиндүүлүгү, өндүрүштөгү демилгелүүлүгү менен тогузунчу беш жылдыктын акырында Кудайбергендин чакан коллективи стахановдук кыймылды улантуучулардан болду. Мындай бригада Орто-Азияда бирөө — Кудайберген жетектеген коллектив гана.

Таш-Көмүр шахта башкармасынын өткөөлчүлөр бригадасынын бригадири Кудайберген Чыныбаев мамлекетти башкаруу ишине да катышат. Ал 1967-жылдан бери Кыргыз ССР Жогорку Советинин жети жолу шайланышынын депутаты, акыркы төрт жолку шайланышында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү, К. Чы-

ныбаев 1955-жылдан бери Советтер Союзунун Коммунистик Партиясынын катарында. Кыргызстан Компартиясынын XII—XVII съезддеринин делегаты, XII—XIV съезддеринде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланган. 1966-жылы ага СССРдин Ардактуу шахтеру деген наам берилген.

Партия менен өкмөтүбүз анын эмгегин жогору баалап, көптөгөн ордендер жана медалдар менен сыйлаган. Анын көкүрөгүндө Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Элдердин достугу, Ардак белгиси ордендери жаркырайт. Шахтердук даңк медалынын толук кавалери.

Бүгүн К. Чыныбаев айкөл ата, шаардын кадырман адамы, жаштардын насаатчысы. Анын бригадасы жер алдынан жер үстүнө чыгып, Тегене участкасында ачык жол менен казылып алынуучу шахтада эмгектенүүдө.

Б. АСАНБЕКОВ



Евгений Федорович ЧЕРНЫШЕВ

Чернышев Евгений Федорович, 1929-жылы Өзбекстандын Кокон шаарында туулган. Ал өзүнүн эмгек жолун 1945-жылы Кызыл-Кыя шаарында шахтанын курулушунда баштаган. Е. Ф. Чернышев куруучу кесибинде иштөө менен бирге бетонщик, жыгач уста, столяр адистиктерине ээ. Ал «Кыргызшахтастрой» трестинин курулуш бригадасынын бригадирлигине көтөрүлгөн. 1960-жылы бригадага коммунисттик эмгектин коллективи деген наам берилди.

Е. Ф. Чернышев Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген курууучусу. 1966-жылы Социалисттик Эмгекин Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылган. Кийин Кызыл-Кыядагы кайрадан уюшулган СССРдин 60 жылдыгы атындагы «Ошстрой» трестине караштуу 29-механикалаштырылган көчмө колоннада куруучулар комплекстүү бригадасын башкарат. Ал коллектив тогузунчу, онунчу беш жылдыктын жекече тапшырмаларын мөөнөтүнөн 1,5—2 жыл мурда аткарууга жетишкен. Он биринчи беш жылдыкта да ошондой иштеп жатат. 1971-жылы КПССтин XXIV съездине делегат болуп катышкан. 1980-жылы Чернышев СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине, эл депутаттарынын Ош областтык Советине төрт жолу депутаттыкка шайланган. Ал Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.



АЙМАКТАРГА КӨРК, АДАМДАРГА КУБАНЫЧ...

— Оо, ал жетектеген бригада менен бут курулушчулар сыймыктанышат. Баарынан да өрнөктүү иши менен «Ошстрой» трестиндегилерге гана эмес, республиканын курулушчуларына да үлгү көрсөтүп келатканычы. Азамат деп ошондойлорду айтса болот. Аткарган жумуштарынын сапаттуулугу ар качан жогору. Бригада куруп пайдаланууга таншырган көрктүү курулуштар Кызыл-Кыя аймагында аз эмес. Алардан пайдаланышкан коллективдер, мекеме ээлери, жеке үй-бүлөлөр, айтор баарысы ал башкарган курулуш бригадасын алкоо үстүндө,— дешет «Ошстрой» трестинин жетекчилери.

Ооба, адамдарга кубаныч тартуулаган бул жөнөкөй адам Евгений Федорович, анын бригадасында иштегендер мактагандай эле бар. Бул комплекстүү бригадада бардык шарттар, мүмкүнчүлүктөр камсыз. Бригаданын мүчөлөрүнүн ар кимиси 3—4төн курулуштук адистиктин ээлери, колунан көөрү төгүлгөн чебер куруучулар. «Алай» бут кийим өндүрүштүк бирикмеси, шахта башкармасынын, тамеки ферментациялоочу заводдун жана эчен-эчен турак жайлардын курулушу так ошолордун колунан бүткөрүлгөн. Мында бригадирдин эмгеги өтө зор...

— Мен,— дейт бригадир Евгений Федорович Чернышев,— куруучу болгондугума аябай сыймыктанам. Себеби, кандай гана имаратты бүтүрбөгүн адамдардын жыргалчылыгын арттырууга салым кошкон болосуң. Бул кесипке өтө эрте — 14 гана жаш курагымда кирип, ошол бойдон бүткүл өмүрүмдү ушул ардактуу ишке арнап келе жатам. Кызыл-Кыя шаарында өсүп, ушул жерде эрезеге жеттим. Ошондой эле шаардын аяк-башы узарып, көчөлөрү асфальтталып, көрктүү кооз үйлөрдүн улам көбүрөөк курулуп жатканында менин дагы жупуну салымым бар. Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында 95 койкалык оорукана, мончо, кир жуугуч комбинаты, партиянын шаардык комитетинин имараты, шаардагы № 2 кесипчилик-техникалык окуу жайынын жатаканасы, жаңы типтеги мейманканын жана ондогон турак үйлөрдүн курулушу бүткөрүлдү. Бригаданын коллективи мелдештин жеңүүчүсү катары да сыймыктана алат. Ал беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда төрт жылда орундатуу үчүн курулуш монтаждоо башкармасында биринчилерден болуп демилге көтөргөн эле. Коллектив бул милдетти мөөнөтүнөн мурда аткарган. Беш жылдын ичинде 72 миң сомдук курулуш материалдарын үнөмдөп калышкан.

Курулуштагы мындай залкар ийгиликтердин жаралышынын башкы себеби механизациянын кеңири кийрилишинде. Ошондуктан курулуш монтаждоо иштерин арзандатууда, сапатын жогорулатууда жана темпин тездетүүдө механизацияны кеңири пайдалануу керек. Эгерде мындан 3—4 жыл эле илгери жүк көтөргүч крандар менен жер казуучу машинаны гана иштетип келсек, азыр бетон жана темир бетон, үй шыбоо, үй сырдоо жумуштары жана башка иштер механизацияланды.

Курулуш иштеринин сапатын жакшыртууда дайыма өткөрүлүүчү курс-кароолор түртkү болду. Мындай кароодо атайын түзүлгөн комиссия ар ай сайын бригададан бүткөрүлгөн иштин санын жана сапатын текшерип туруп кабыл алат. Комиссияга башкы инженер жетекчилик жүргүзөт. Кароолор курулуш-монтаждоо иштеринин сапатынын жакшырышына алып келди. Натыйжада Кыргыз ССРинин Госстроюнун дипломун жана акчалай сыйлыгын алууга татыктуу болдук.

Евгений Федоровичтин эмгек китепчесиндеги иштеген жери деген суроодо бир гана жазуу бар — ал анын курулушчулугу. Отуз жылдан ашык убакыттан бери такай курулуш жумушунда эмгектенип келатат. Ошол жылдарда ал көптөгөн жаштардын насаатчысы болуп, таалим-тарбиясын, тажрыйбасын берди. Бригададагы бардык курулушчулар өз кесибинин машыккан устаттары. Курулуштун ар түрдүү адистиктерин өздөштүргөн азаматтар, биринин ордун бири жоктотуу деген жок. Бригадага жаңы келген жаш жумушчулар тажрыйбалуу куруучуларга бекитилет да алар өндүрүштүн өзүндө кесипке үйрөтүлөт. Бул жагынан коллективди жаш куруучулардын чыныгы мектеби деп бекеринен айтышпаса керек. Бригадага келген жаштар мелдеште тең тайлаша иштеп устаттарынын жолун жолдошуп, кечекиден бүгүн, бүгүнкүдөн эртең эпкиндүү иштөөнү адатка айландырышкан. Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтыруу деген жок. Ошондуктан айлык планды гана эмес, смена сайын тапшырманы ашык аткаруу — бул ар кимдин парзы. Коллективдин коммунисттик эмгектин бригадасы деген наамды жеңип алуусу да ошондон улам.

Социалисттик Эмгектин Баатыры Злобиндин методу менен иштөө демилгесин биринчи болуп Чернышевдун бригадасы колдоого алган. Бригада чарбалык эсеп менен иштөөгө өткөндөн баштап, өндүрүштүн темпи да, сапаты да жакшырды, курулуш материалдары көп үнөмдөлө баштады. Куруучулардын эмгек акылары да жогорулады.

Бригададагылардын көбүнүн сүрөттөрү Ардак тактага

илинген. Буга Евгений Чернышев аябай сыймыктанат, кубанат. Антпегендечи, бир убактагы өзүнүн окуучулары — шакирттери мелдеште алдыда болушуп, Ардак тактадан орун алышына кантип сыймыктанбай коё аласың.

Өз милдетине терең жана жеткире баа берген Евгений Федорович өзү да өндүрүштө, жүрүш-турушта, үй-бүлөдө дайыма башкаларга үлгү көрсөтөт. Курулуштарды курууда өзү жумуштун эң татаал жана жооптуу жеринде эмгектенет. Ошол эле учурда объектиде курулуш материалдарынын үзгүлтүксүз келип турулушуна көңүл бөлөт, көз салат. Ал эми ар бир курулушчу-жумушчунун иш-аракети дайыма анын байкоо алдында болот, бригада мүчөлөрү кандай гана иште болбосун андан кеңеш алып турганы турган.

Чернышев жетектеген куруучулар коллективи шаарда гана эмес, коңшу райондор менен колхоз, совхоздордо да көп имараттарды курушту. Ноокат районунун Тельман атындагы, Салиева атындагы колхоздорунда, «Кызыл-Кыя» совхозунда, Фрунзе районундагы Ленин атындагы, Калинин атындагы колхоздордо бир катар маданий жайлар жана мал сарайларын бүткөрүп, айыл калкынын да кадырлоосуна ээ болушкан.

«Эмгегиң катуу болсо, татканың таттуу» дегендей, Чернышев сыймыкка да, сыйлыкка да көп жолу татыктуу болду, урматка бөлөндү. Анын көп жылдык эмгегин, мыкты уюштуруучулугун Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү жогору баалады. 1966-жылы, ал Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болду. Төрт жолу катары менен эл депутаттарынын Ош областтык советинин депутаттыгына шайланган. Шахтерлордун шаарынын эмгекчилери ага дагы бир жогорку ишеним көрсөтүшүп, аны 1980-жылы СССР Жогорку Советине депутаттыкка шайлашкан.

Элдик бул зор ишеним анын күчүнө күч, демине дем кошту. Өндүрүштүн натыйжалуулугу менен жумуштун сапатын жогорулатууга кечегиден бүгүн, бүгүнкүдөн эртең эргип иштөөгө түрткү болду. КПССтин XXVI съездинин чечимдерине шыктанган даңктуу куруучунун бүтүндөй коллективи он биринчи беш жылдыктын тапшырмасын төрт жылда орундатууга сөз беришкен. «Саргара жөртсоң, кызара бөртөсүң» дегендей, күжүрмөн аракет, берилген убада иш менен бекемделди. Он биринчи беш жылдыктын төртүнчү жылынын башталышында эле бригаданын куруучулары 1985-жылдын март айынын эсебинен иштөөгө өттү. Демек, жумуш аткаруунун графигин он эки айга кыскартышты. Алар шаардагы тамеки ферментациялоочу завод-

дун экинчи катардагысынын жана жаңы турак жайдын курулушун бүткөрүштү. Ноокат районундагы Найман суу сактагычынын жумушчуларына арналган 48, шаардагы шахтерлор үчүн 80 квартиралуу көп кабаттуу турак жайларды курууну тездетилген темпте жүргүзүшүп, аймактарга көрк, адамдарга кубаныч алып келүүдө.

Евгений Чернышев мектеп окуучуларынын, ондогон комсомолдук жаштар коллективинин, курууучулардын ардактуу мейманы. Аны алар тез-тез чакырып турушат. Ошол коллективдерде болгонунда кесип тандоого, өнөргө машыгууга, жумуш аткарууну үйрөнө билүүгө акыл-кеңешин берип турат.

Ж. КЕЛЕШБАЕВ



Гений Алексеевич КОХАНОВ

Коханов Гений Алексеевич, 1928-жылы Новосибирск областынын Татар районундагы Константиновка кыштагында туулган. Эмгек жолун 1945-жылы Фрунзедеги «Тяжэлектромаш» заводуна токардык кесипке үйрөнчүк болуудан баштаган. Тез эле токарь кесибин өздөштүрүп, ошондон бери аталган заводдо такай эмгектенип келе жатат.

Коханов өз кесибин берилип сүйгөн мыкты адис. Ал сегизинчи беш жылдыктын план тапшырмасын 140 процентке, тогузунчу беш жылдыктыкын 147 процентке — ашыгы менен аткарган. Онунчу беш жылдыктын тапшырмасын эки жарым жылда орундатып койгон. Үстүбүздөгү беш жылдыкты да белсенип эмгектенүүдө.

Жолдош Коханов станокту он жылдан кем эмес ремонтсуз пайдалануунун демилгечиси. Ал иштеген бригада заводдо биринчилерден болуп подряддык ыкма менен иштөөгө өткөн. Ал заводдогу жаштардын насаатчысы.

Г. А. Коханов 1974-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Жигердүү эмгеги жогору бааланып, ага 1971-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам ыйгарылган. Ал 1971-жылы Москвада өткөн Тынчтыкты жактаган күчтөрдүн конгрессине катышкан. Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.



ДИЛГИРЛИК

— А, балким, мен жөнүндө жазбай эле коёрсуз,— деп Гений Алексеевич кере дем ала станогун токтото салды. — Тигине, цехте жаштар толуп жатпайбы. Алар деле менден кем иштешкен жери жок, жана да, эң башкысы, алардын келечеги кеңири эмеспи. Ошолор жөнүндө жарыялаш керек да. Алар — болочоктун ээлери. Ал эми менин сүрөтүм эчак эле заводдун музейине илинген. Бир жагынан—бул ардак, экинчи жагынан — сиздин алдыңызда музей экспонаты туруп жатпайбы,— деп тамашага чалды Коханов.

«Тяжэлектромаш» заводуна биринчи эле келишим эмес менин. Республиканын борборундагы алдыңкы ишканалардын бири бизди, журналисттерди жогорку өндүрүштүк көрсөткүчтөрү, ишти уюштуруунун алдыңкы, прогрессивдүү формаларын тартынбай кийирүү менен гана эмес, мында иштеп жаткан ишкананын өндүрүштүк ийгиликтерин аныктай турган кызыктуу адамдары менен да өзүнө тартып турат эмеспи. Алардын бири — Гений Алексеевич Коханов, заводун ветераны, Социалисттик Эмгектин Баатыры. Анын ысымы бүгүнкү күндө республикабыздын бүткүл аймагына белгилүү.

Гений Алексеевич бир караган кишиге токтоодой, көп сүйлөбөгөн адамдай көрүнөт. Өзү жөнүндө кеп кылганды жактыра бербейт, сөзгө сарап. Бирок, эгерде иш жөнүндө, цехтеги жолдоштору жөнүндө сөз боло калганда кабак-кашы жазыла түшөт. Буга тап калуунун кереги деле жок, завод ал үчүн экинчи үйү болуп калбадыбы. Кишинин баары эле ушундай болбойт да. Муну көз алдыга элестете билүү өндүрүштүк жогорку чектерге жетишкенге караганда алда канча кыйыныраак болор. Планды «тырышып» жатып ашыгы менен аткарса, окуп-үйрөнүп, алда канча өркүндөтүлгөн техниканы өздөштүрүп алса болот. Бирок жалпынын ишине, тегерегиндеги адамдарга кайдыгер болуу оңойлукка турбас.

— Биздеги эң башкы тарбиячы — бул иш эмеспи,— дегенди Гений Алексеевич жакшы көрөт,— иш деген бул искусство деп атоого толук акылуу,— деп кошумчалай кетет.

Мындай ой Коханов үчүн кокусунан пайда болгон эмес. Мезгилдер менен, бүткүл өмүр бою текшерилип чыккан ал. Анын бул ой-пикири Константин Устинович Черненконун Москвадагы «Серп и молот» заводунун жумушчулары менен жолугушуудагы сүйлөгөн сөзүндөгү «Чебердик эмгектин кадыр-баркын, сапаттуу иштин кадыр-баркын көтөрүү керек, мындай иш жөнүндө ал эки кылым жашайт деп айтып жүрүшөт» — деп айтканына үндөшүп турбайбы.

Бул сөздөр Коханов сыяктуу өз ишине акырына чейин берилген, жумушчу табынын эң мыкты традициясын алып жүргөн устаттар, кадрдык жумушчулар жөнүндө айтылган.

Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки биринчи жылы ал, он алты жашар улан, өзүнүн эмгектик биографиясын «Тяжэлектромаш» заводунда иштөө менен баштаган. Бул завод ал кезде кубаттуулугу аз гана ремонттоо мастерскаясы катары көрүнүп, завод деген аты гана болсо, азыр — республикадагы эң ири ишканалардын бири.

Ал техникага, металлга бала чагынан эле жабышып калчу. Кандай гана машина жанына токтоп калбасын ал жанына барат. Үйүнөн анчалык алыс эмес аралыкта жайгашкан автомобиль мастерскоюнда бир нече сааттап жүрө берчү. Ал эми түнкүсүн, ал уйкуга киргенде энеси анын чөнтөгүнөн бурама-сурамаларды, түтүкчөлөрдү жана башка толуп жаткан темир-терсектерди алып чыгаар эле.

Аны дайындаган токарлар участогунда өз учурунда белгилүү токарь-стахановчу, өз ишинин устаты Юрий Федоров эмгектене турган. Ал жөнүндө Генканын кулагы чалып калды. Ал эми токарды жанына келип көргөндө өзүн бир аз жоготуп да койду.

— Чочулабай эле кой, жигитек,— Феодоров тигинин далысынан чапкылап койду. — Биз дагы үйрөнчүк болгонбуз. Сени да үйрөтөбүз. Антпегенде эмне кылмакпыз?..

— Мындай бир уламышты уктуң беле,— деп күндөрдүн биринде аңгемесин баштады Федоров, Генкага кайрылып.— Бул окуя илгери-илгери Францияда болгон экен. Шартр шаарында собордун имаратын куруп жатышыптыр. Өзүң түшүнөсүң, станок да, кран да ал учурда болгон эмес. Бардыгын кол менен бүтүрүү керек. Ошондо үч курууучуга тең: сен эмне жасап жатасың? — деген бир гана суроо койгон экен.

Биринчи жумушчу сураган кишиге кабагын чытый тигиле туталана жооп берет:

— Сен эмне, сокурсуңбу? Көрбөй турасыңбы — балакет баскырдыкын, таш ташып жатпаймбы.

Экинчиси мындай деди:

— Үй-бүлөм үчүн бир сындырым нан табуунун камын көрүп жатам.

Ал эми үчүнчүсү күлүмсүрөп, чекесинин терин сүртөт да компоё жооп кайтарат:

— Мен Шартр соборун куруп жатам!

— Бул окуяны эмне үчүн айтып жатканымды түшүндүңбү? — бир азга унчукпай туруп сурап калды Федоров.

— Анчейин жетпей жатат,— Генка шалдая түштү.

— Мына, мобу үчүн айтып жатам,— деп Федоров кытмырлана көзүн кысып койду,— ар бир жумушту ар кандайча жасоого болот. Иштин баары ага кандай көз карашта болуу керектигинде, сен бурама жасадың. Бул иштин сен үчүн көңүлсүз экенин түшүнүп эле турам. Сен айланага көз жүгүртүп көрчү. Аларсыз станокту да, машинаны да, самолетту да жыйнай албайсың, ыраспы? Так ошондой...

Мындай деталь жасалып жатканда андан көзүңдү ала албайсың. Кескич жылып барып даярдалган темирди жиреп кирет дейсиң. Сүрүндүсү бирде каралжын тартса, бирде ар кандай түскө келип түрмөктөлө жерге түшүп турат. Чаалыкпас кескич үн чыгарбастан эркин гана жирей берет. Убакыттын кандай өткөнүн да байкабай, көзүңдү албай карап турганың турган.

Токардык кесипти Коханов бат эле үйрөнүп алды. Кабыл алынган, өзү аткара турган заказдар улам татаалдана берди. Тажрыйба да, устаттык да жай келе баштады, аны менен кошо курбуларынын гана эмес, улуу муундагы жумушчулардын кадырлоосу да кошо келип жатты.

Ошол учурда, өзүнүн жумушчулук биографиясы башталганда эле, ал ар кандай тапшырманы канткенде жакшыраак, тезирээк, жөнөкөй эле жасоого боло тургандыгы жөнүндө көп ойлоно турган. Ал станок сырын канчалык жакын сезе баштаган сайын ошончолук анын жаңы мүмкүнчүлүктөрү ачыла берди. Кээде мындай да болот: колуңа деталдын чиймеси тийди дейли, техникалык бөлүм тарабынан сунуш кылынган деталды иштетүүнүн технологиясы менен таанышып чыгасың да кандай болгондо тезирээк, ыңгайлуураак жасала тургандыгын акылыңа саласың, албетте мында сапатына да көңүл бөлөсүң дечи. Андан кийин гана өзүңдүн эсептеп чыккан пикириңди адистерге көрсөтөсүң.

А дегенде, мунун окутканын кара, дешип техникалык бөлүмдөгүлөр нааразыланышат. Ал турмак директорго барып да даттанышат. Бирок Коханов өз оюнан кайтпайт, өзүнүкү туура экенин көрсөтө алат. Андан кийин гана татаал деталды сериялык түрдө чыгара баштоо эрежеге айланат. Ал турмак «Коханов менен кеңешип көрүү керек» — деп айткандар да чыгат.

Философтор жана социологдор, психологдор жана педагогдор — кимдер гана болбосун, эмгекке жан аябастан мамиле жасоонун башат-булагы эмнеде экенин ойлонуштуруп көрүшпөдүбү. Чынында да, эмне үчүн бир киши өтө берилип иштесе, кээ бирөөлөрү эптеп аткарып гана тим болу-

шат? Маселен, эмне үчүн кээ бирөөлөр режиминин ашыктыгына карабай иштөөгө даяр турушса, башкалары өзүнө ыңгайлуу учурду изденишет?

— Мен да ушуга окшош, «бир эле саатка жеңишке жетишкенденрди» жолуктуруп жүрөмүн,— деп Коханов менин оюмду улап кетти,— кээ бирөөлөр алдыга озуп чыгаар менен эле күтпөгөн жерден башкача боло түшүп, өзүнө эч кыл жуктургусу келбей калышат, жолдошторунан өзүн артык көрүшөт, ошентип алардын урматтоосунан да ажырайт. Адамдын коллективдеги кабыл алынган рухий принциптерге ээ болор менен эле өзүн баарын билген адис катары сезип, алдыга да жылбай, сенек сымал ордунда тура бериши эмнеликтен келип чыга тургандыгы өзүнчө кызык.

Муну эмне менен түшүнмөксүң? Албетте, анын мүнөзү ушундай, деп коюшат. Ооба, буга бир жагынан мен да кошуламын, даңк деген адам үчүн аябаган сыноо тура. Даңкты ар бир эле адам урматтай албайт. Бирок башка жагы да бар — коллективде жеңишке ээ болгондо эле «мен» деп төшүн койгулай берүүсүнө жол бербей турган рухий атмосфера түзүлүшү керек.

Муну менен мен эмнени айтмакчымын? Бизде, маселен, сенин өндүрүштүк ийгиликтериң канчалык жогору болсо, сага ошончолук коомдук тапшырмаларды жүктөй берүү адатка айланып кетти. Бир учурларда мага насаатчылар советин башкарууга, партиялык бюронун мүчөсү, шаардык советинин депутаты болууга туура келди. Администрациянын аракети жалпысынан түшүнүктүү дечи: станок жанында туруп алдыга озуп чыктыңбы, эми коомдук иште өзүңдү көрсөтө бил. Бирок мындай жүктү кишинин баары эле көтөрө албайт да. Натыйжада, же өндүрүштүк көрсөткүчтөр басаңдап кетет, же биринчиликти сактап калуу үчүн мөөнөттөн ашык, кээде дем алыш күндөрү да иштөөгө туура келет. Менимче, мындай болгондо эки жактан зыян тартабыз: биринчиден, алдыңкы адамга өтө эле жүктү көп үйүп салабыз, экинчиден, көп учурларда коллектив да кашандай түшөт. Адамдар жөн гана байкап туруучулардан болуп калат. Өзүңөр ошондо ойлонуп көргүлөчү: адамды станок жанында алдыңкы катары эмес, президиум столу жанындагы алдыңкы катары көрүп жүрүшсө, жолдоштору арасында кадыр-баркын сактап калуу жеңилби же оорбу?..

Гений Алексеевич өз кадыр-баркын сактап кала алдыбы? Ооба, сактады! Алдыңкы жумушчу катары да, бардыгына үлгүргөн адам катары да ал кадыр-баркын сактай алды.

Үч беш жылдыкта катары менен ал өзүнүн жеке пла-

пын орточо алганда үч жарым жылда аткарып келди. Беш жылдык жөнүндө ал өзүнчө ой жүгүртөт: оптималдуу аралыгы бар анын — артына кылчая карайт жана алды жагы ага айкын көрүнүп турат. Дайыма салыштырып көрүп, жыйынтыгын чыгарып, мүмкүнчүлүктөрдү кайрадан карап көрүү керек. Эмгектеги алгачкы ийгилги үчүн Коханов Эмгек Кызыл Туу орденин алууга татыктуу болду.

— Чынын айтсам, өз эмгегимдин мынчалык жогору баалана тургандыгын күткөн да эмесмин,— деп эскерет Коханов,— анткени башка бардыгы сыяктуу эле эмгектенгем да. Менин эмгегимди жогору баалаган соң жолдошторум алдында манчыркап калбоо керек деп чечтим. Бүгүнкү күндөгү рекорд, эртең норма болуп калууга тийиш дедим.

Коханов рекорддун артынан түшкөн да жок. Ал турмак,— иш деген спорт эмес да,— деп айткан ал күндөрдүн биринде. Гений Алексеевичтин, кээ бир адистер эсептегендей, өзүнүн ишенимдүү ДИП—300 станогунда эмгектенгендигине жыйырма жылдан ашык убакыт өткөндүгүнүн фактысы эле анын ишеними бекем жана иши менен көрүнө алгандыгын көрсөтөт. Өзүнүн Алгачкы ДИПинде ал он беш жыл иштеди, он беш жыл капиталдык ремонт жасаткан жок. 1961-жылы ал станокто он жыл ремонтсуз иштөөгө милдеттенме алган. Өз ишканасындагы станокчуларды да ушул кыймылга чакырган. Ошол учурда бул жөнүндө басма сөздө көп жазылды. Демилгечини мактоого алышты, анын мелдештери жөнүндө жазышты, кийин күндөлүк иш түйшүктөрүнөн улам унутуп да калышты. Коханов өз станогунда он жыл эмес, он беш жыл иштеди, башкача айтканда өз сөзүндө ар-намыстуулук менен тура алды. Ал эми башкалардын иши кандай болду экен? Белгисиз бойдон калды, мелдештин оту өчүп калбадыбы. Гений Алексеевич үчүн бул аянычтуу эмеспи. Албетте, ал мындай милдеттенмени даңкымды чыгарайын деп алган эмес, иш илгерилесин деп алган да. Экинчи алган станогунда ал жетинчи жыл иштеп жатат.

— Карап турсаң, айрым кишилердин станогу «кулагынын учуна чейин» чаң басып турганын көрөсүң,— дейт Коханов кыжырлана. — Бир эки жылдан кийин ал кыйч-куйч этип каларына, андан соң капиталдык ремонт талап кылынарына таң калыштын кереги жок. Ушундайды көргөндө кантип ачууң келбесин. Ал жыйналыштарда нечен жолу сөз алып, техникага мындай жоопкерсиздик жасоо мамлекет үчүн зыянга турарын көрсөтүп, ынандырып келбедибиби. Бирок азырынча жыйынтыгы жетишсиз болуп жатат...

Көңүлдүн ушинтип чөгүшү, психологиялык мындай чегинүү капа кылбай коймок беле, ишти илгерилесин деп жаткан соң кейитет, өкүнтөт экен да. Муну бүгүн «майда-чүйдө» иш деп айтууга болбойт. Социалисттик мелдешти уюштурууда эмоциялык жана психологиялык тартылуу улам эсепке көбүрөөк алынууда. Анткени, эмгектик атаандашууда дайыма адам, анын мүнөзү, дүйнөгө көз карашы, ой-пикири, сезими эске алынып келген жана эске алына берет. Практика жүзүндө социалисттик мелдешти уюштурууда ушул факторлорду, этиканын, педагогиканын, психологиянын бул факторлорун эске албаса кантип болсун.

— Мына ушундай ой-пикирлеримди заводдун бригадирлер Советинин кеңешмелеринин биринде ортого салып ынандыра алдым. Ал кеңешме өтө кызуу өттү. Мындай кеңешмелер «Тяжэлектромашта» адатта ушундай өтөт, бирок бул жолу талкууланган маселе бардыгынын «чучугуна» жетти көрүнбөйбү.

Машина куруу цехинин начальниги Вячеслав Харитонов Пак отчет берип жатты. Ал али жаш жетекчи. Ал эми чарба ири, жоопкерчилиги да аз эмес.

— Эмнеликтен ушундайча болуп жатат,— деп бригадирлер Советинин председатели Александр Павлович Пьяньков суроо салды. Бардык бригадаларда биринин артынан экинчиси бригадалык подрядга өтүп жатышат, башкача айтканда күндүн талабанынан калышкан жери жок. Ал эми силердин машина куруучуларда али уйкудан ойгоно элек. Биз алдын ала эсептеп көрдүк, силерде жыл аягына чейин өткөзө турган дагы үч-төрт комплекстүү бригада турат. Шашылуу керек, коллективди артка тартууга болбойт.

Вячеслав Харитонович каршы болгусу келип, өз пикирин негиздеген болду: — Эгерде буйрук берүү жолу менен бригаданы уюштурса пайда келтирмек беле. Эмгекти прогрессивдүү түрдө уюштуруунун зарылчылыгы жөнүндөгү пикирге адамдар өздөрү келүүлөрү керек,— деди ал.

Бирок анын айтканы чогулгандарды ынандыра албады. Анын үстүнө бригадирлер Советинин кадыр-баркы өтө жогору болгондуктан анын дайыма эле ынандырарлык жана негизделген пикири менен макулдашпай коюуга да болбойт эле. Заводдогу Совет дал ушунусу менен кадыр-баркка жана ишенимге ээ.

Вячеслав Харитонович залга көз жүгүртүп, аз да болсо колдоо күткөнсүдү.

Ошондо Гений Алексеевич ордунан турду. Ал бригадирлер Советинин составында жок эле, бирок ал катышпай бир да жыйналыш өткөрүлүүчү эмес.

— Вячеслав Харитоновичтин айткандарын мен көңүл коюп уктум,— деп баштады сөзүн Коханов. — Мен айтаар элем, негизинен анын туура жагы да бар. Албетте, бригаданы буйруктун негизинде да уюштурууга болот. Бирок, тиги айткандай, андан эмне натыйжа чыкмак эле? Отчет үчүн гана керек да. Төртүнчү цехтеги комплекстүү бригада тарап кетпедиби. Эмнеликтен ошентти? Адамдар чогуу иштөөгө даяр эмес тура. Бригада деген кызыгуучулардын клубу эмес да, бүгүн кирип алам, эртең жакпай калса чыгып кетем дегендей. Бул жерде бири-бирине ишеничтүү болуу менен жалпы ишти үйрүлүп аткаруу керек. Мындай болуу үчүн психологиялык сыйышып кетүү да зарыл. Биздин механикалык-жыйноо участогунда да бригада түзүүгө бардык мүмкүнчүлүк бар. Биз бригаданы сөзсүз түзөбүз. Бирок бүгүн бригада түзүү үчүн адамдар али «жетиле» элек, бири-бирин жакшылап билише элек. Шашылганыбыз жок. Ошондон улам мен Пактын айтканына кошуламын — а дегенде кишини жакшылап билүү керек, бригадада ал үчүн эмнеси пайдалуу, цех, бүтүндөй завод андан эмнени утаарын баамдоо керек.

Албетте, Гений Алексеевич баарын тең эле ынандыра албады. Бирок көптөрүн ойго салды. Ал эми бир ай өткөн соң машина куруу цехинде бир комплекстүү бригада, андан соң экинчиси пайда болду. Цехтин начальнигинин айтканы туура чыкты — бүгүнкү күндө эскиче иштөөгө болбой тургандыгын адамдар өздөрү да түшүнүштү...

Коханов он биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын да мөөнөтүнөн мурда аткарууну чечти. Бардыгы эсептелип чыгып, иш өзү белгилегендей жүрүп жатты эле, ден соолугуна байланыштуу төрт ай заводсуз, станоксуз калды. Албетте, анын көңүлүн көтөрүп турушту — эс ала бер, Алексеевич, баарын бүтүрөсүң,— дешти. Курбулары дээрлик күн сайын келип жаңылыктарды билдирип турушту. Бирок ишсиз жүрүү өтө эле узакка созулуп кеткенсиди. Мындай абалды түшүнүү үчүн өз ишинди Гений Алексеевичтей сүйө билүүң керек.

Бутунун ооруганы толук басылбады, врачтар да көп баспоого кеңеш беришти, бирок терезе тиктеп отура берип тажап да бүттү. Уулу менен аялы кызматка кетишкенде эшке чыгып аксай басып заводго, цехине келди. Баары жабалактай жакшы тосуп алышты. Бирок анын көңүлү бурчтагы өз станогунда болду, төрт ай колу тийген жок да. Жанына басып келди да даярдалган темирди киргизип станокту иштетти. Андан соң кескичти тууралап станогунун доошун угуп жаны жай алса болобу.

Кимдир бирөөнө бул жага бербес. Бирок Гений Алексеевич үчүн ошол учурдан бактылуу убак эч качан болгон эмес чыгаар...

Октябрь революциясына чейин бир кожоюн өзүнө кызматка орнотоордо бирөөнү кантип сынагандыгы жөнүндөгү карыя токардан уккан бир аңгемени Гений Алексеевич эсине салды. Кожоюн жаңы келген кишиге втулка жана ага кийгизүүчү өзөк жасоо жөнүндө тапшырма берүүдөн баштаптыр сыноосун. Даярдаганда да ал өзөк втулканын көзөнөгүнө кийдирилип, тигинен кармаганда жай гана жылмышып түшүп кеткендей жасалуу керек экен. Түшүп да кетпесин шолок этип, назик гана жылып олтуруп экинчи жагынан өтсүн. Иштетүүнү канчалык так жана таза аткаруу керек экендигин байкадыңар го. Бул азыркыдай жабдуу жокто жасалган. Ошентсе да аткарылган. Өз ишине ошондо да сыймыктанышкан. Анткени, металлдын да сенин колуңа баш ийүүчү, өзгөчө сыйкырдуу сыры бар — ал сени өзүнө бекем тартып турат...

Гений Алексеевич ошондуктан өзүнүн уулдарын да металлга жакындатты. Эки уулу тең машина куруу техникумун бүтүрүштү, экөө тең бургулоо заводунда иштешет. Улуусу, Леонид — слесарь-универсал, Александр — технолог.

Үй-бүлө бүт чогулган күндөрдү Коханов аябай жактырат. Энеси уулдарынан неберелеринин ал-жайын сурагыча эле аңгеме металл иштетүүнүн режими, жаңы кескичтер... жөнүндө жүрүп кетет. Кээде аябай талашып-тартышкан учурлар көпкө созулат. Атасы бай тажрыйбасын айтып, болуп жаткан мисалдарды келтирсе, уулдары теория фактыларына, техникалык журналдарга, окуу куралдарына таянат. Кээде уулдарына баш ийип берген учурлар да болот.

Дайым мындай талашууларды эне басат. Ал техникадан алыс турган киши.

— Силер шахмат ойносоңор боло. Аны да унутуп салсаңар керек. Мен дасторкон жая салайын. Кечки тамак ичээр маалы да болуп калбадыбы...

Кохановдун үй-бүлөсүндөгүлөрдүн баары шахматка кызыгышат. Гений Алексеевичтин биринчи разряды бар, заводдук шахмат мелдешинде нечен жолу жеңишке ээ болгон. Уулдарын да кичине кезинен шахматка кызыктырды. Заводдо да кырк жыл ичинде ондогон жаштарды үйрөттү.

Гений Алексеевич — жаштардын насаатчысы. Ал оор, бирок дайыма ардактуу милдетти өз каалоосу, адамгерчиликтүүлүгү аркылуу гана тандап алды. Ашык убактысын аянбай, өзүнүн көп жылдык тажрыйбасын чын пейили менен

жаштарга тартынбай тартуулайт, жакшы сөзү, аталык кеңеши менен үйрөтөт аларды.

Заводдо канчалык жаштар анын кеп-кеңешин угуп тарбияланбады. Мүнөзү боюнча да заводго ар түрдүү жаштар келет. Коханов баарынын тилин таба билет, натыйжада эмнеге кызыга тургандыгын да байкап алып анан үйрөтөт, көпчүлүгү анын жолун жолдоп кетишет.

Насаатчылык иште башкысы эмнеде? Тажрыйбадабы? Даңктабы? Устаттыктабы? Булар да керек дечи. Бирок Коханов, насаатчы үчүн, деги эле жумушчу үчүн башкы нерсе келечек муундар алдында жоопкерчиликти сезүү, аларга зор иштерге, чыгармачылык изденүүгө багыт берүүдө деп түшүнөт.

Гений Алексеевич ушуну аткара алабы? Сөзсүз аткарат! Буга ишенүү үчүн цехтегилердин, жалпы эле заводдогулардын көбүнөн сурамжыласаңар болот, көбү Кохановго милдеттүү. Ал бирөөнө турмушта ордун табууга жардам берсе, экинчисин кесипти өздөштүрүүгө үйрөттү, үчүнчүлөрүнө керек учурда жакшы кеңешин гана берди...

Мындан эки жыл мурда цехке Сережа Теплых деген улан мектептен эле түз келип калды. Ал Кохановго үйрөнчүк болууну суранды. Гений Алексеевич кишини бир көргөндө эле баамдай салат. Туруктуу жигит деп тапты: эгерде токарь болгусу келсе, анда тилегине жетет. Турушунда нак жумушчулук турпаты бар тура. Анын үстүнө Сергей он алты жашар курагында токардык станок ээлеген өзүнүн иш баштаган учурундагыга окшоп кетти.

Бирок бир нече айдан кийин жигитти армияга алды. Заводго анын солдаттык каттары келе баштады.

— Жакында кат келиптир,— деп Гений Алексеевич күлүмсүрөй сүйлөдү,— тез эле кайтып келмек болдум дейт. Кайрадан өзүңө ал деп сураныптыр. Сергейди баамдоодо жаңылган эмес экем. Андан чыныгы токарь чыгарам. Баатыр да болуп калар. Ананчы! Ар бир муундун өз баатырлары чыгышы керек да...

В. ЧЕРНЫШЕВ



Сатина КУЛМАТОВА

Кулматова Сатина, 1942-жылы Кыргыз ССРинин Москва районундагы Мураке айылында туулган. Эмгек жолун 1960-жылы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Фрунзедеги СССРдин 50 жылдыгы атындагы пахтадан жип ийрүүчү фабрикада жип тыруучу болуп баштаган, чейрек кылымдан бери ушул кесипте эмгектенүүдө. Ал онунчу беш жылдыктын жылдарында өзүнүн жекече беш жылдыгын 1978-жылдын декабрында аяктады. Азыр 1987-жылдын декабрынын эсебинен иштеп жатат. 1962-жылдан бери коммунисттик эмгектин ударниги. 1964-жылдан бери жаштардын насаатчысы. Жогорку Эмгектик көрсөткүчтөрү үчүн 1983-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылды.

С. Кулматова 1968-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Коомдук иштерге активдүү катышат. КПССтин XXVI съездинин жана Кыргызстан Компартиясынын XV, XVI, XVII съезддеринин, Кыргызстан аялдарынын VI, VII съезддеринин делегаты. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү. Тогузунчу, онунчу шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Мандат комиссиясынын мүчөсү.

Кулматова Ленин ордени, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар менен сыйланган.



УБАКЫТТАН ОЗГОН УЗ

Ысмы ооздон-оозго айтылып, даңкы далайга кеткен — республикабыздын аймагына гана эмес, кең өлкөбүздүн чегинен алыс тараган адамды көрбөгөн киши көз алдына өзүнчө элестетет тура. Мисалы, көрбөгөндөн кийин аны балбан билек, алп жүрөк жан го деп ойлогон элем. Көрсө, Сатина табийгат чебердик менен сулуулап жасаган кол кашыктай көзгө толумдуу, адамга жугумдуу, кыймылы шамдагай келин экен. Цехтин начальнигинин кабинетинен бир ооз сөз сураганча ордунан төрт-беш ирет обдулуп тура калды. «Ишим калды. Мен кетейин!...» — деп чыдамы кетти.

Убакыттан озгон уздун ишке мамилеси мени да, цехтин начальниги Валентина Константиновна Рыженкованы да шаштырып таштады. Айласыздан Сатина Кулматовнын талабына макул болдук.

— Адеп фабрикага келгенде бөрсөйгөн жаш кыз эле. Элеттик кыздар бөлбүрөп бош келишчү, бул тыкылдап, чыйрак кыз экен. Бар деген жагыма тез жетип барып, алып кел дегенимди мен машинаны тегеренгенимче алып келип калчу. Ээ, Сакен, эбелектей болуп учуп барып келдиңби? — деп тамашалап калчумун. Алып келген тетиктеринин атын дайыма сурап алчу. Аны асты унутчу эмес. Менин кыймыл-аракетиме тикирейе көз салып, ийик алмаштырганымды, бошогонун шнекке кандайча жайгаштырганымды, үзүлгөн жипти улаганымды иликтеп турчу. Идиреги бар кыз окшойт деп ичим жылычу. Буюрса келечекте кыргыздын белдүү жумушчуларынан болот деп үмүттөнчүмүн. Ошондогу үмүтүм актадды,— деп эскерет ардактуу эс алууда жүргөн Шакен Досматова алтымышынчы жылдардагы үйрөнчүгү, азыркы Социалисттик Эмгектин Баатыры Сатина Кулуматова жөнүндө. Шакен Досматова айткандай алтмышынчы жылы фабрикага келген жип түрүүчүнүн профессионалдык чеберчилиги ал иштеген өндүрүштүн өсүшү менен бирге күн санап өстү.

— Жыл сайын ишке көнүгүү, бирине-бири кошулган тажрыйба таптырылган ишти жалаң гана ылдам темпте эмес, ошондой эле рационалдуу жол менен аткарууга мага мүмкүндүк берди,— дейт аңгемелешүүдө Сатина. — Иштеги тыкандык жана тигил же бул операцияны аткаруудагы тактык, жип түрүүчүлөр айтып жүрүшкөндөй, шамдагайлыкты жогорулатууга багытталган учур болуп эсептелет. Мисалы үчүн үзүлгөн жипти улоого технология боюнча алты секунда берилет. Бул операцияны аткарууга мен бар болгону үч гана секунда жумшайм. Аны азыркы күндө мен иштеген үч автоматтагы токсон алты ийикке көбөйтүп көрүңүздөрчү. Бул

пландан тышкары кошумча түрүлгөн жиптердин резервинин бир гана булагы.

Булар жөнүндө жаңыдан ишке келген үйрөнчүк кыздарга айтып бергенимде алардын кээ бирөө көзүн алайта:

— Коюңузчу. Ушул эч нерсеге «арзыбаган нерсе» жип түрүү ишине кантип эле олуттуу таасир тийгизе алсын? — деп таң кала сурашат.

Көрсө, алардын көз карашы боюнча иштин кандайдыр бир өзгөчө «сыры» болушу керек экен да. Жок, кыздар! Чынына келгенде эле иштин баары ушул силер «арзыбаган нерсе» деп эсептеген шамдагай кыймыл-аракетте. Сен тигүүчүсүңбү же жылмалоочусуңбу, токарсыңбы же залкар экскаватордун машинистисиңби, сенин улуу жолдошуң кандай иштеп жатканын, ага жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү көз ирмегенче кармалбаган кыймылдан убакытты утканын баамдашың керек. Ушундай ишке мамиле, шамдагай кыймыл-аракеттин баары жыйынтыкталып келип алдыңкы тажрыйба делет, деп түшүндүрөм үйрөнчүгүмө,— дейт Сатина.

Өнөр чабыты өргө алган уздун фабрикада иштеген чейрек кылымга жакын убакыттын аралыгында сменине 15—20 минут эрте келүү өнөкөтү калыптанган. Анын үнөмдөлгөн бул минуталары кийин керектелүүчү көптөгөн сааттарды түзгөнүн тажрыйба көрсөттү. Ишке эрте келген ушул минуталар жардамчы механизмдердин абалын, жумуш орунунун тазалыгын, иш убактысында керектелүүчү сырьёлордун даярдыгын текшерүүгө жана баштаган ишти ылдам темпте үзгүлтүксүз жүргүзүүгө шарт түзмөкчү. Ошентип, иштин кызуусуна аралашып, үйрөнчүгүңдүн мастерге айланышы, кыздардын так жана ылдам иштөөгө жетишүүсү үчүн убакыттын канчалык тез өткөнүн да сезбейсиң.

— Менден жип түрүү ишинин жөн-жайын 70ке жакын кыздар үйрөнүштү. Албетте, аларды келечектеги кесибине көнүктүрүү үчүн канчалык убакытыңды жана жүрөк жалыныңды жумшоо менен аракеттенесиң. Кийин алардын ушунчалык тез, так иштегенине жетине албай кубанасың,— дейт сөз арасында Сатина.

Цехти аралап баратканда өтө шамдагай кыймылдап, жип түрүүчү машинанын биринчисинен экинчисине ылдам өтүп, көзгө илешпей чимирилген ийиктерге көз сала, үзүлгөнүн дароо улап ишин уланткан чыйрак келиндин кыймылына көзүң түшөт. Ийрилген жиптер келептеле чубалып барып түрүлүп бүткөн ийикти дароо алып, бош чөлмөктү заматта ордуна койгонуна таң кала карадык.

— Токтобүбү Айдаралиева деген алдыңкы жип түрүүчү-

бүз ушул. Адеп келгенде ага мен да жардамдашкам. Азыр өз кесибинин устаты. О-о, Токтобүбү бул кесипти үйрөнгөндөн бери далай суулар акты, нечен миңдеген метр түрмөктөлгөн жиптер анын колунан узап, трикотаж фабрикаларында сонун-сонун кийимге айланып, адамдардын кубанычына кубаныч кошподу дейсиз. Эми ал өзү насаатчы болуп, жип түрүүнүн алдыңкы ыкмасын үйрөтүп, өз алдынча иштеген жип түрмөктөөчүлөр канча дейсиз! Караңызчы, кыймылы көзгө илешпей өтө эле ылдам. Ал өз жумушунан тышкары иштерден да куру кол эмес. Фабриканын коомдук ишине активдүү катышат. Баса, элдик контроль тобунун, профсоюз уюмунун цехтик тобунун мүчөсү. Жумуш убактысын баалай билген, аны сарамжалдуу жана үнөмдүү пайдаланган ак ниеттүү жип түрмөктөөчү. Анын таалим-тарбиясын алган көптөгөн жаштар эмгекке, жумуш убактысын пайдаланууга дал өзүндөй мамиле жасашат. Биз фабрикада мына ушундай ишке такшалган улуттук жумушчу кадрларын даярдоонун патриотторубуз,— дейт өз кесибине сыймыктануу сезимин билдире Сатина.

Ооба, жип түрүүнүн чеберинин өз ишине, өз кесибине сыймыктана турган жөнү бар. Ал өз кесибине үйрөткөн жаш жумушчулар шаардагы жана республикабыздагы тектеш фабрикаларда жана комбинаттарда эмгектенишет. Жогоруда өзү азын-оолак сөз кылган Токтобүбү Айдаралиева ВЛКСМ Борбордук Комитетинин «Беш жылдыктын жаш гвардиячысы» алтын белгисине татыктуу болгон. Сатинанын алдыңкы тажрыйбасы фабриканын алдындагы коммунисттик эмгектин мектебинде үйрөнүлүүдө. Азыркы күндө бул мектептин 250 гө жакын угуучулары бар. Алардын саны барган сайын көбөйүүдө.

— Мен С. Кулматова иштеген комплектини тейлейм,— дейт жардамчы мастер В. М. Чубур. — Менин баамдоомдо ал өз ишине чыгармачылык менен мамиле жасайт. Менимче анын ийгилигинин негизи эмгекти эң жогорку деңгээлде уюштура билгендиги, жумуш ордун үлгү болуучу тартипте кармагандыгы. Качан болбосун кошумча эмгек резервин издегени-издеген. Көп жылдык эмгегинин натыйжасында топтолгон бай тажрыйбасын фабрикага жаңы келген жаштарга же башка жактан келген кесиптештерине аңгемелеп берип, ал гана эмес өзү тейлеген жип түрүүчү комплектте практика жүзүндө көрсөтүп жатканынын үстүнөн чыгасың. Ошол эле учурда өзү үйрөтүп чыгарган жаш жумушчулардын ишине көз салып, боло калган мүчүлүшүн жетип барып көрсөтүп, жардамдашканын учуратасың. Өзү чыканактай болуп туруп ушулардын баарына жетишкенине, ал гана эмес өзүнүн өн-

дүрүштүк планын ар дайым ашыра аткарганына айрантаңмын.

— Мурда аны менен бирге иштечүмүн,— дейт жип түрүүчү М. Д. Семенова. — Укмуштай шамдагай адам. Аны менен кошо басуу, ишти ушунчалык тездик менен жандуу алып баруу өтө кыйын. Машина менен тең жарышып чарчадым, чаалыктым дегенди билбейт го. Чынында Сатина менен жарыша иштейм деп күйүгүп, кээде зоругуп да калчумун. Анын жумуш убактысынын ар бир минутасы эсептелүү. Ошондуктан Кулматованын эмгеги өндүрүмдүү эмгек.

С. Кулматова 1976-жылы Иваново шаарында өткөн жеңил өнөр жайынын алдыңкыларынын Бүткүл союздук слётуна катышып келди. Слётто өлкөбүздүн туш тарабынан келишкен далай алдыңкы адамдар менен пикирлешиптир. Өндүрүштү өркүндөтүү, жабдууларды мыкты пайдалануу, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, жалаң гана жогорку сапаттагы продукуция чыгаруу боюнча алдыңкылардын тажрыйбасына суктангандай болсо, тим эле ак эткенден так этет. Келгенден кийин өндүрүштү пландоо бөлүмүнүн кызматкерлери менен бирге өз мүмкүнчүлүгүн дагы бир ирет эсептеп чыкты. Анан «Эки беш жылдыкты — бир беш жылдыкта!» — демилгесин көтөрдү. Албетте, бул айтканга жеңил болгону менен аткара келгенде аябай оор иш. Өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүн жана маданиятын жогорку деңгээлге көтөрүүгө багытталган Сатинанын демилгесин адегенде цехтеги алты жип түрүүчү колдоого алды. Бара-бара онунчу беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатуу кыймылына фабрикадагы үч жүздөй адам кошулду. Ошентип, ар бир иштин кыймылдаткыч күчү болгон социалисттик мелдеш кызып, анын кулачы кеңири жайылтылды. Фабриканын бүт коллективи анын түздөн-түз катышуучусу болду. Демилгечи өзү 1976-жылдын жылдык планын онунчу июлда орундатып, 1977-жылдын тапшырмасын 1976-жылдын 29-декабрында аткаргандыгы жөнүндө рапорт берди. Башкача айтканда, өзү демилге көтөргөн 1976-жылы планга кошумча 26,1 тонна жип түрүүгө үлгүрдү.

Демилгечи жип түрмөктөөчү ишти дагы жакшыртуу, өндүрүшкө кандайдыр бир жаңылык киргизүү, жабдууларды мындан да өндүрүмдүү пайдалануу максатында башка шаарлардагы өз кесибинин устаттары менен да дайыма байланышып турат. Кийинки мезгилде ал иши тектеш Алма-Ата шаарындагы текстиль комбинатында иштеген эмгек алдыңкысы В. Якубова, Вичуга шаарындагы Ногин атындагы фабриканын жип түрүүчүсү Л. Б. Любимова, Ош шаарындагы Октябрдын 50 жылдыгы атындагы пахтадан кездеме токуу-

чу комбинаттын токуучусу Л. С. Косяченко, Фрунзе шаарындагы Кыргыз камволдук-сукно комбинатындагы Л. П. Будникова жана башка эмгек алдыңкылары менен өз ара социалисттик мелдешке чыгып, алардын иштери менен кезек-кезек кеңири таанышып, биринде болгон жаңылыктар, өзгөрүүлөр жөнүндө пикир алмашып турат. Ошентип, С. Кулматова онунчу беш жылдыктагы өзүнүн жекече план-тапшырмасын жана милдеттенмесин эки жарым жылда орундатууга жетишкен. Күнүнө эки жана эки жарым норма аткаруу жана жалаң гана жогорку сапаттагы продукция берүү менен он биринчи беш жылдыкта алган жекече тапшырмасын 1983-жылдын май айында орундатып, бул күндөрдө 1987-жылдын эсебинен эмгектенип жатат.

— Мен «Коммунисттик эмгектин ишканасы» наамын республикада биринчилерден болуп жеңип алган ишканада иштегениме бактылуумун,— дейт Кулматова. — Анткени эмгекке коммунистче мамиле жасоо — бул, демек мүмкүнчүлүгүңдү толук жумшоо менен эмгектенүү, жетишкендиктер менен токтолуп калбоо, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жылдан-жылга жогорулатуу дегендик. Ошол эле учурда биз окуп билимибизди, маданиятыбызды жогорулатышыбыз, ар бирибиз бардыгыбызга дайыма жардамдашуубуз зарыл. Ушул жоболорду ишке так жана кынтыксыз аткарганда гана коммунистче, стахановчо иштей алмакчыбыз. Ошондо гана партиянын «Эмгегине жараша — урмат жана даңк» деген принцибине татыктуу болмокчубуз.

1962-жылдан берки коммунисттик эмгектин ударнигинин убакытты сарамжалдуу пайдалануусу анын тейлөө зонасын алда канча кеңитүүгө мүмкүндүк берди. Фабрикада алгачкылардан болуп жип түрүүчү «Лутостук» автоматын башкаларга караганда мурда өздөштүрдү. Орнотулган жаңы жабдууну жакшы өздөштүрүү эмгек өндүрүмдүүлүгүн 45,5 процентке жогорулатты.

Убакыттан озгон уз өндүрүштүк иштерин коомдук иштер менен тыгыз айкалыштырып жүргүзөт. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры Сатина Кулматова Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына карата жогорулатылган милдеттенме алган. Анда эмгектин алдыңкы ыкмаларын жана методдорун кеңири колдонуунун, жумуш убактысын жогорку өндүрүмдүүлүктө пайдалануунун эсебинен мурда кабыл алган милдеттенмеге караганда эмгек өндүрүмдүүлүгүн беш процентке жогорулатууга жетишүүгө жана он биринчи беш жылдыктын ичинде 10,5 беш жылдык жекече тапшыр-

маны аткарууга, пландан тышкары 220 тонна жип түрүүнү камсыз кылууга, юбилейлик жылдын тапшырмасын 1-августка карата орундатууга, буга кошумча 29 тонна жип түрүүгө, анын ичинен эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен төрт тонна жип түрүүнү камсыз кылууга, алдыңкы эмгек ыкмаларын жана тажрыйбасын он жаш жумушчуга үйрөтүүгө милдеттенген.

— Мен КПССтин XXVI съездине делегат болуп катыштым. Бул Кыргызстандын партиялык уюмунан, анын эмгекчи элинен мага көрсөтүлгөн эң чоң ишеним эле. Албетте, партиянын, элдин ишенимин актоо мен үчүн канчалык сыймык. Партиянын съездине КПСС Борбордук Комитетинин отчёттук докладында: «Ар бир адам жөнүндө, анын керектөөлөрү жана талаптары жөнүндө ачык-айкын камкордук көрүү — партиянын экономикалык саясатынын башталышы жана акыркы пункту»,— деп белгиленген болчу. Бул талап ар дайым менин жүрөгүмдө. Иште да, тышта да көз алдымда турат. Аны орундатуу — ар бир адамдын керектөөлөрүн орундатуу, аларга эң мыкты сапаттагы кийимдерди берүү үчүн биз, жип түрүүчүлөр жана ийрүүчүлөр бышык, жогорку сапаттагы гана продукцияны берүүгө жетишүүбүз керек. Мындан бийик, мындан артык максат жок. Ал эми буга жетишүү чын дитин коюп, жакшылап иштеген өндүрүштүк ар бир адамдын колунан келет. Ушуга жетишүү үчүн умтулуу, далалаттануу, ойлонуу, билимди жана күч-аракетти жумшоо парз. Ошондо гана биз элге ак ниеттүү кызмат кылган, алардын талабын канааттандыруу үчүн өзүбүздүн эмгектик үлүшүбүздү кошо алган болобуз,— дейт алдыңкы уз.

Албетте, эмгекчил узга окшоп сырьену жана материалды үнөмдөө үчүн күрөшүү өтө чоң маанеге ээ. Аныгын айтканда — бул кошумча резерв. Бул — белгиленген планды жана өзү кабыл алган милдеттенмени ашыгы менен орундатууну камсыз кылуунун бирден-бир жолу. Ошол эле учурда трикотаж кызматкерлери үчүн ал жүздөгөн, ал гана эмес миңдеген адамдар үчүн чыгарылуучу кооз жана бышык түркүн кийимдер. Акыр аягында ар бир жип түрүүчүнүн жекече тапшырмасынын аткарылышы жана ашыра аткарылышы — бул коллективдин ийгилиги.

Мындай жогорку аң-сезимдүү көз караш менен эмгекке мамиле жасоо Сатинага эмгек коллективинде жана жолдоштор арасында урмат-сый алып келүүдө. Убакытты утуу менен иштеген өндүрүшчүнүн жогорку өндүрүмдүү эмгеги партия жана өкмөт тарабынан да жогору бааланган. Буга анын көкүрөгүндө жаркырап турган эки Ленин, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдары күбө.

Өндүрүштү уюштурууда өзүнүн эң мыкты сапаттарын көрсөткөн Сатина Кулматова үй-бүлөнүн да уюткусу. Уулу Жамалбек Советтик Армиянын катарынан граждандык милдетин өтөп келгенден бери республикабыздагы ири ишканалардын бири — М. В. Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу заводдо жумушчу болуп иштесе, кызы Гүльмира Фрунзедеги орус тили жана адабияты институтун бүтүрүү менен мугалимдик кесипке ээ болуп жаш өспүрүмдөргө таалим-тарбия бермекчи. Советтик доордогу ар бир үй-бүлөгө таандык эмгектен баар тапкан бактылуу үй-бүлөнүн жалпыга өрнөк болуучу эмгек жолу ушундай. Эмгек менен эрезеге жеткен бул үй-бүлөнүн кубанычына ким кубанбасын, алардын эмгектен тапкан бактысына ким суктанбасын!

А. БАЛТАБАЕВ



Мукен СЫДЫКОВА

Сыдыкова Мукен, 1933-жылы Кыргыз ССРинин Ысык-Көл областындагы Жети-Өгүз районунун Саруу айылында туулган. Эмгек жолун Саруу айылындагы Максим Горький атындагы орто мектепти бүтүргөн 1951-жылдан баштаган. 1951—1956-жылдары Куйбышев атындагы колхоздо колхозчу болуп иштеген. 1956—1960-жылдары Ош шаарындагы ателъеде жеке заказдар боюнча кийим тигүүчү болуп эмгектенген. 1960-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Фрунзедеги «1-Май» өндүрүштүк кийим тигүү бирикмесинде тигүүчү-мотористка болуп иштеп келе жатат.

М. Сыдыкова 1968-жылдан бери коммунисттик эмгектин ударниги. Азыркы күндө 1988-жылдын эсебинен эмгектенүүдө, жаштардын насаатчысы.

М. Сыдыкова 1965-жылдан бери Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын мүчөсү. Коомдук иштерге активдүү катышат. Партиянын Фрунзе шаардык комитетинин, өлкөбүздөгү советтик аялдар комитетинин, өзү иштеген ишкананын партиялык бюросунун мүчөсү. Коллектив арасында чоң урмат-сыйга ээ.

М. Сыдыкова Ленин ордени, Октябрь революциясы ордени, «Каарман эмгеги үчүн, В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына» медалы менен сыйланган.



ЭМГЕКТЕН ТАПКАН БАКЫТ

Ысык-Көл — Кыргызстандын бермети. Өзүнүн кооздугу жана сулуулугу, адамдын зоболосун көтөрүп, дартка дабаа абасы менен атагы алыска кеткен кутмандуу жергебиз. Көл кылаасынын кереметтүү көркүнө жарашкан эли да меймандос, мээрими жүзүнөн төгүлгөн эмгекчил адамдар. Даңкы аскасы асман, чокусу булут челген Ала-Тоону аттап өткөн күжүрмөн дыйкандар, мал чарбасынын чыныгы устаттары, дартка дабаа дарыгерлер, илим менен маданияттын ишмерлери, искусствонун залкар чеберлери, партиялык, советтик, чарбалык жетекчилер — жана башка кесиптегилердин далайы дал ушул татына жерибизден чыккан. Алардын арасында айтылуу «Манас» дастанын алты ай айтса түгөтө албаган Саякбай Каралаев, көңүлүңдү куунатып комузга кол ойноткон күү камбарлары Ыбырай Туманов, Карамолдо Орозов, эмгектин алтын жылдызын тагынышкан А. Н. Юматова, Н. Я. Приставкин, К. Намазбеков, К. Мукашева, Т. Акматов, Ж. Тынаев жана башка ондогон эмгек алдыңкылары дал ушул аймактын кулундары. Мукен Сыдыкова да ошолордун жолун жолдогон, көл жээгинде туулуп өскөн кыздарыбыздын бири.

Атасы Сыдык Райымбеков, апасы Бүбү Райымбекова Улуу Октябрь революциясынын таңы менен жаралган алгачкы айыл чарба артелинин, азыркы Жети-Өгүз районундагы Куйбышев атындагы колхоздун мүчөлөрү болушкан. Алар көл жээгиндеги алгачкы артелдердин бирин курууга, анын экономикасын чыңдоого, дыйканчылыгы менен мал чарбасын өнүктүрүүгө, Саруу айылынын социалдык-маданий турмушун бүгүнкүдөй абалга жеткирүүгө далай эмгек сиңиришкен.

Элибизде «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген макал бар. Анын сыңарындай жашынан эмгекке аралашып, турмуштун ачуу-таттуу даамын таткан Мукен секелек кезинде эле эмгекке бышыкты. Үй ишине да, чарба ишине да торолгондон аралашты. Анткени атасы Сыдык Мукен эки жашта кезинде кайтыш болгон эле. Атадан жаш калган үч кызы — Алмакан, Калыйпа, Мукенди Бүбү эне канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай бөпөлөп өстүрүүгө, окутуп билим берүүгө жанын үрөй аракеттенди. Бүбү эненин аракети текке кетпеди. Мукен Саруу айылындагы М. Горький атындагы орто мектепти тың бүтүрдү.

Бирок окуусун андан ары улантпай эле турмуш мектебине аяк таштады. Ошентип, Куйбышев атындагы колхоздун талаачылык бригадасында бирде картошканы отоо чөптөн

тазаласа, кээде тоют кызылчасынын катар аралыгын кетменден жумшартты, апийим отоп, тилип-кырып беш жылдан ашык убакыт талбай эмгектенди. Эриш-аркак болуп талаачылыкта эмгектенишкен күжүрмөн кыздарынын таман акы, маңдай тери менен Бүбү эненин үй тиричилиги тыңый түштү. Короосунда бирин-эки мал да пайда болду. Огороддогу алма-өрүгү, жер-жемиштери бапестеп багуунун натыйжасында өз жемишин бере баштады. Кыздарынын эмгегинин үзүрүн көргөн Бүбү эненин колу узарды.

Максат кимди болбосун алга жетелейт эмеспи. Ооба, максатсыз адам болбойт да. Ансыз турмуш кызыксыз. Алдыга койгон максатына жетүү үчүн ар бир адам талпынат, түмөн ойго чөмүлүп, көптөн үмүттөнөт. Ушул максат, ушул үмүт Мукенди да кучагына алды. Жогорку окуу жайынан окусам дегенде эки көзү төрт. Бир четинен Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки кыйынчылык эмгекчил калкыбыздын каарман эмгегинин натыйжасында четке сүрүлүп, колхоз экономикалык жагынан чыңдалып, элибиздин турмушу жогорулап, маанайы көтөрүлө баштаган. Эжелери Алмакан менен Калыйпа турмушка чыгып Мукен жезделүү болгон. Алар Бүбү энеден кол үзүшмөк түгүл, тескерисинче, келип-кетип, ар тараптан жардам беришип, чоң бел болуп калышкан. Бул жагдайлар Мукендин өзү эңсеген жогорку окуу жайынан билим алышына шарт түзгөн.

— Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун, балам! — деген апасынын жакшы каалоосун жан жолдош кылып алган Мукен 1956-жылы борборубуз Фрунзе шаарына аттанган.

Шаарыбыздын гүл бакча сымал дүпүйгөн көк-жашыл бак-даректары, даңгыраган асфальт жолдору, аны бойлой курулган кабат-кабат үйлөрү жана өндүрүш имараттары элеттик кызды боюна тарта тосуп алды. Кеңири аянттардагы эстеликтер, кино-театрлар, маданият жайлары жайдары мүнөз жаш кыздын көңүлүн эргитти. Көлөкөлүү тротуарда баратканда «студент болуп, тели-теңтуштарым менен эртеңки келечек жөнүндө ой бөлүшөөр бекенмин» дегендей ой эсине кылт түшө калып жатты.

Ырас, жүз сырдуу, миң кырдуу турмуш адамды маңдайынан сылап, эмгексиз эле бакытты колуна кармата койбойт эмеспи. Окууну самаган Мукенди катаал турмуш да аяган жок. Ага жүз сырынын бирин, миң кырынын кыйынын көрсөтө окуу сыноосунан «сындырып» койду...

Буйрукка айла жок тура. Мукен өзүнүн өмүрлөш теңи Намазбек Түмөнбаев менен кең Фрунзе калаасынан таанышкан. Намазбек да адамдын адамдык сапатын, бөтөнчө касие-

тин баалаган акыл-эстүү жигит экен. Мукендин чытылган кабагын ачып, төккөн көңүлүн көтөрдү.

Намазбек Түмөнбаев сары өзөн Чүй өрөөнүндө туулса дагы турмуш путевкасы боюнча финансы кызматкери болуп бир нече жыл Жети-Өгүз районунда иштеди. Кийинчерээк Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош шаарында турушту. Мукен да эмгектен кол үзбөдү. Ош шаарындагы ателье ишке орношту. Тажрыйбалуу тигүүчүлөрдөн кийим тиккендин сырын үйрөндү. Анын эрктүүлүгү, тырышчаактыгы, ар нерсеге дилгирлиги, көптү билүүгө умтулгандыгы жана зээндүүлүгү бирге иштегендерди таң калтты. Ишке жөндөмдүүлүгү тез эле өз алдынча иштөөгө жол ачты. «Эмгекчилди эл баалайт» дегендей, ал ателье жыл айланбай мастерликке көтөрүлдү. Эми — кийимди кептүү, келиштирип тигет экен,— деген сөздөр тарады. Ошентип, Ош шаарынын жашоочуларынан заказчылар көбөйүп, ателенин мурда өксүп келген планы айына гана эмес, кварталына, жылына ашык орундалчу болду...

Мукендин жубайы Намазбек 1960-жылы Фрунзе шаарына кызматка которулду. Канча жыл бирге иштеп, биринин сырын бири билип, чоң үй-бүлөнүн балдарындай чырмалышкан коллектив менен коштошуу Сыдыкова үчүн кыйынга турду. Өзү үйрөткөн бир катар тигүүчүлөр жана жаңыдан үйрөнчүк болушкан кесиптештери эне, эже катары сезилип калган адамынын кеткенине ичи ачыша көзүн жашташтты. Бирок канчалык кан-жаны менен сиңишсе да турмуш аларды ажыратты.

Борбор шаарыбыз Фрунзеге келүү Мукенди кубандырды. «Красный швейник» фабрикасына катардагы тигүүчү болуп орношту. Албетте, фабрика деген фабрика да. Ателье дегидей чакан коллектив эмес. Жүздөгөн кишиден турган чоң коллектив. Талап да башкача. План, милдеттенмеси да көлөмдүү. Жекече милдеттенме алуу, аны орундатуу алда-канча оор. Мурда бир кийимди белгилүү мөөнөткө чейин өзүнчө тиксең, эми бир буюмду көптөгөн технологиялык операциялар боюнча бир нече адам болуп аткарасың. Алардын кимиси жакшы иштээрин, ишке ак ниеттүү мамиле жасаарын, кимиси жүр-нарыга салып, менден эптеп өтсө болду деп жөнөтө салаарын билбейсиң. Эгер ал буюм бузулса, брак болуп калса, бирөөнө эмес, бир цехте иштеген баарына уят. Ошондуктан ар бир операцияга өтө чеберчилик, кылдаттык менен ак ниеттүү мамиле жасоо керек. Экинчиден, жумуш убактысын туура пайдалануу, анын минутасын гана эмес, секундасын текке кетирбөө талабы бар. Буга жетишүү үчүн бүйрө, тыкан, кыймылың шамдагай, иштин жөн-жайын алдын-

ала мыкты билүүң зарыл. Ишке дитиң берип, көзүң каныкмайынча бул өтө оор иш. Буларды так аткарууга эркти тарбиялоо чоң маанеге ээ. Ал эми иштин сапатына жетишүү башкы маселе. Ансыз коллективге алына да, алардын кадырлоосуна татыктуу да боло албайсың.

Мукен фабрикага иштеген алгачкы күндөн баштап эле бул талаптарды сөзсүз аткаруу керектигин ачык-айкын сезди. Ошентип, өзүнө-өзү талапты катуу коюу менен өжөрлөнө эмгектенди. Жеңил өнөр жайындагы бул фабриканын ишине тектеш ишканалардын алдыңкы өндүрүшчүлөрүнүн тажрыйбасына, илим менен техниканын жетишкендиктерине, новаторлордун ыкмаларына жана методдоруна айрыкча көңүл бурду. Бул боюнча чыккан макалаларды, китептерди окуду. Түмөн түйшүктүү күндөрдү алга умтулуу, талаптануу менен өткөрдү. Анын жаңылыкка умтулуу аракети фабриканын башкы инженери Анна Алексеевна Онофриенконун көз жаздымында калбады.

«Кимге көбүрөөк ишенич билдирилсе, андан көбүрөөк талап кылынат» дейт эл ичинде. Анна Алексеевна, фабриканын башка жетекчилери тарабынан Мукенге көрсөтүлгөн ишеним ар дайым акталып турду. Ал тарабынан алгачкы ирет жаңы модада тигилген буюмдар, балдардын, кыздардын пальтолору жогорку сапатта кабыл алынды. А деген жылдары нормасын гана аткарса, кийинки жылдары сменине бир жарым, эки норма аткарууга жетишти. Бул анын ишке машыга баштаганынын жана устаттыгынын арткандыгынын айгинеси эле. Мында бирин-бири колдогон, бирин-бири байыткан жана толуктаган, бирин-бири жоктотпогон эки элдин өкүлүнүн эриш-аркак бөлүнбөстүгүнө кантип толкунданбайсың да, кантип кубанбайсың!

Ушундай жакшы салтка мындай бир мисалды келтирүү орундуу. 1976-жылы «Красный швейник» фабрикасы Фрунзедеги «1-Май» өндүрүштүк тигүү бирикмесине кошулду. Ошентсе да Мукен Сыдыкова Анна Алексеевна Онофриенко башкы инженер болуп иштеген фабрикада өз коллективи менен кала берди. Мукенге бирикмеде жаңыдан өздөштүрүлүп жаткан модадагы кийимдерди тигүү, мурдагыдай бир мезгилде үч-төрт операцияны гана эмес, 15—20 операцияны аткаруу тапшырылды. Анна Алексеевнанын бул талабы да ал күткөндөй сапатта өз убагында аткарылып турду. Ошол эле мезгилде кайрадан уюшулган бирикмеге квалификациялуу кадрлар менен бирге жаш жумушчуларды тарбиялоо, алардын санын өстүрүү, устаттыкка үйрөтүү, туруктуу иштөө үчүн бекемдеп калуу өндүү проблемалык маселелерди тезинен чечүү зарыл болучу. Бирикменин администрациясы, пар-

тиялык жана профсоюз уюмдары цехтин начальниги Анна Алексеевнанын сунушу боюнча Мукен Сыдыкованы бул ишке тартты.

КПССтин XXVI съездинин материалдарында: «Совет адамы — бул ак ниеттүү эмгекчи, саясий маданияты жогору адам, патриот жана интернационалист. Аны партия, өлкөнүн баатырдык тарыхы, биздин бүткүл турмушубуз тарбиялаган. Ал жаңы дүйнөнү түзүүнүн толук турмуштук аракеттери менен жашап жатат»,— деп белгиленген. Бул аныктама Мукен Сыдыковага да толук таандык деп айтсак жаңылышпайбыз. Ал чыныгы ак ниеттүү, саясий маданияты жогору, патриот жана интернационалист. Аны партия, өлкөнүн баатырдык тарыхы, биздин бүткүл турмушубуз тарбияласа, Мукен жаштарды өзүнүн жумушчулук кесибин сүйүүгө, өндүрүштүн алдыңкыларынан болууга, демилгелүүлүккө, дайыма чыгармачылык изденүүгө, адамдык жогорку сапатка ээ болуп мекенибиздин гүлдөшү, элибиздин жыргалчылыгы үчүн жандили менен кызмат кылууга тарбиялоодо.

...Июнь айынын күндөрүнүн бири эле. Мукен иштен кечикпөө максатында үйүнөн эрте жөнөдү, эшикке чыгып баратканда почта ящиги көзүнө чалдыга түштү, ача салса открытка бар экен. Ортосунан бүктөлгөн открытканын биринчи бетинде эми эле ачылган кыпкызыл роза гүлү бадыраят. Анын алдына: «Туулган күнүң менен!» — деп жазыптыр. «Капырай, өзүмдүн туулган күнүмдү кантип унутуп калдым»,— деп өзүнө-өзү таң калды. «Кызык, муну ким эстеп, менин эсиме салды экен?» — деп өзүнчө күбүрөй жазууларга көз салды. Колу сулуу неме экен. Тамгаларды бир кылка коюп шурудай тизе жазыптыр. Ички бетин ача: «Кымбаттуу Мукен, туулган күнүңүз менен куттуктайм. Сизге бактылуу турмуш, чың ден соолук каалайм. Мен үчүн кылган бардык жакшылыгыңыз, көргөн камкордугуңуз жана кичи пейилдигиңиз үчүн чоң ыракмат. Сиздин камкордугуңуз болбосо, менин эмне болорумду ким билет. Сиз мен үчүн өз энемсиз! Оля»,— деген жүрөктүн тереңинен чыккан жылуу сөздөр жазылган.

Мукен мээримдүү жылмайды. Кыз жакшы каалоолорун толкунданууу менен кагазга түшүрүп, фамилиясын жазбаптыр. Ошондой болсо да көңүл кушу оболой түшкөн Мукен Оляның ким экенин жакшы билет! Ошондуктан жүрөгү жибип, аны жанында болсо сыга кучактап сүйгүсү, өз кызындай мандайынан сылап, кең көкүрөгүнө кыскысы келди.

Эстен чыккыс, жүрөк түшкүрүндө калган бул окуя мындан төрт жыл мурда — 1980-жылы болгон эле. Өзү иштеген «1-Май» өндүрүштүк тигүү бирикмесинин № 2 цехине өңү

бопбоз, жүдөңкү, арык кыз келген. Ал эки жакты, ары өткөн, бери өткөндөрдү корккон түрдө кароо менен өзүн:

— Оля! — деп таанышырган.

— Мукен!— деп жылмая жооп кайтарган тигүүчү-мотористка Сыдыкова. — Коркпо, Олечка! Булар сенин келечектеги курбуларың, эмгектеш жолдошторуң. Мен сени кесипке үйрөтөм.

Ал жаңыдан ишке келген ар бир жаш кызды ушундайча энелик мээрими менен тосуп алчу. Насаатчылыкка өткөн 1965-жылдан бери өз кесибине үйрөткөн мындай кыздар фабрикада ондоп саналат. Ал эми кийинки жылдардын ичинде тигүүчүлүк кесипке жылына эки-үч кызды үйрөтүүдө. Алардын көпчүлүгү № 2 цехтеги комсомолдук-жаштар бригадасынын бригадири Гуля Дыйканбаевага, жыйырма үчүнчү агрегаттын мастери Гуля Чентаевага, алдыңкы тигүүчү-мотористкалар Нуруйла Усубалиевага, Күлүмкан Кабылбековага, Зуура Жусуповага, Анархан Темиралиевага жана башкаларга окшоп ишканада туруктуу иштеп калууда.

Мукендин насаатчылык ишинин эң башкы багыты — жаштарды эмгектик машыгууга көнүктүрүү, тапшырылган ишке жоопкерчиликке, коллективдүүлүк сезимге тарбиялоо. Туруктуулук жана билгичтик менен иш жүргүзүүнүн натыйжасында ал өзүнө тапшырылган бул иштин өтөөсүнө чыгууда. Ишканадагы алгачкы коммунисттик эмгектин ударниги ошол учурда өзүнүн алдында турган уялчаак, аргасы түгөнгөн Оляның ага мынчалык убаракерчиликти жана машакаттануунуу алып келээрин билген эмес.

А деген күндөрү анын жаңы үйрөнчүгү менен алып барган иши ойдогудай жүргөнсүдү. Оля насаатчысынын айткандарын кунт коюп угуп, берген кеңешин ымандуулук менен аткарды, тигүү ишин ийгиликтүү өздөштүрдү. Ошентип, үйрөнчүктүк мөөнөт да аяктады. Мукендин ак жол тилеген жакшы каалоолорунан кийин Оля өз алдынча иштөөгө өттү. Мукен өз иши менен насаатчылыкты айкалыштыра жаңыдан келген жаш кыздарды тигүүчүлүк кесибине үйрөтө баштады. Бирок Оляның ишине сырттан көз салуусун уланта берди.

Оля бригадада бирге иштеген кесиптештеринен эмнегедир жалтактай, аларга жатыркап көп жолобогонун, смендин башталышына кечигип келгендигин, болоор-болбос нерсеге эле туталанганын байкады. Анын колунан жасалган деталдардын кемчилиги барган сайын көбөйө баштады...

Насаатчысы Оляны ички сырын ортого салып, ачык сүйлөшүүгө чакырбасын, анын ал аракетинен майнап чыкпады. Турмуштун ачуу-таттуусун башынан көп өткөргөн Мукен-

дин жүрөгү бир нерсени сезип, кыздын тагдырына тынчы кете баштады. Ошондуктан мындай абалдын сырын билүү керек эле.

А дегенде кечигүүлөрдүн себебин билүү керек да. Мукен кечке маал Олянын үйүнүн эшигин какты. Көрсө, кыздын апасы жакында эле дүйнөдөн кайтыптыр. Атасы да, агасы да кайгысынан ичкиликке жан тарта баштаптыр. Ушинтип, үй-бүлөдөгү талашып-тартышуулар, кыжындашуулар кызды тең салмактуулугунан жандырып жибериптир. Эгер Мукен булардын баарын сураштырып билбесе, иштин эмне менен аяктаары эч кимге белгисиз эле.

Ошол кечте Олянын атасы жана агасы менен узакка аңгемелешти... Сыдыкованын жүрөгүнө бул адамдардын сезими өтө жакын эле. Анткени, Мукендин өз үй-бүлөсүндө да бир убакта ушундай кайгылуу окуя болгон. Мукен 1974-жылы уулу Эсенгелди менен кызы Бактыгүлдү кол кармаша өстүргөн, аталык акыл-насаат менен балдарына тарбия берген өмүрлүк жолдошу Намазбектен түбөлүк айрылган. Шаарда жардам берген кишисиз эки баланы өстүрүү, атасынын ордун жоктотпоо кыйындыкка турду. Бирок Мукен өз эркин болоттой курчутуп үйдө аялдын, тышта эркектин жумушун кабагым-кашым дебей аткарып, кыйынчылыкка моюн бербеди. Бул сыноодо туруктуулугун жана эмнеге жөндөмдүүлүгүн көрсөттү. Ошентип, балдарына турмушту терең талдай билүүнү, оптимизмди берди, адамдардын арасындагы өз ордун табууну издөөгө умтулууга, аларга кубаныч алып келүүгө үйрөндү.

Эсенгелди Советтик Армиянын катарынан граждандык милдетин өтөп келгенден бери апасы иштеген ишканада жабдууларды ремонттоо боюнча механик болуп иштейт. Кызы Бактыгүл окуу менен ишти айкалыштырып, күндүзү апасы менен цехте бирге иштеп, кечкисин Фрунзе шаарындагы № 5 кыргыз орто мектебинин онунчу классында окуйт. Окуунун да, эмгектин да алдыңкысы. Бул факты ишканада кыргыз жумушчу табынын дагы бир эпкиндүү династиясы пайда болгонун далилдейт.

— Жаш тигүүчүлөрдү тарбиялоого катышууга, алар менен убараланууга, алардын тагдыры үчүн камкордук көрүүнү жүрөгүнө мынчалык жакын алууга сиздин сезимиңизди эмнелер козгоп, кайсы күч түрткү берди?— деп сөз арасында Мукенден сурап калдык.

— Менин балдарымды тарбиялоого мектеп, армия, өндүрүштүк коллектив жана дагы көптөгөн жакшы саналуу адамдар катышууда. Ошондуктан башкалардын балдарын бутуна тургузуп, өз алдынча киши кылууга жардамдашууга

мен эмне үчүн милдеттүү эмесмин? — дейт тарбиячы-наса атчы.

Оляның үй-бүлөсү менен кайталап маектешүүлөр, адамдын тагдыры үчүн күрөшүү акыры өз натыйжасын берди. Оля ишканада калып, өз ишин ийгиликтүү алып кетти. Албетте, өзүндүн турмуш жолунду туура тандап алуу оңойго турбайт эмеспи. Ошондон кийин Оля иште да, өз турмушунда да Мукен менен кеңешип болуп калды. Бара-бара Оля да эмгек алдыңкыларынын катарына кошулду.

Сыдыкова иштеген цехтегилердин көпчүлүгү жаш кыздар. Бири өзүнө окшоп элеттен келсе, экинчиси шаардан, бир даары техникалык окуу жайынан келет. Бирок азыркы замандын татаал машинасын туура жүргүзүү, иштетүү, кийим тигүү баарынын эле колунан келе бербейт. Ал үчүн көнүгүү, машыгуу, дитин коюп үйрөнүү керек. Үйрөнчүк кыз тигүүчү машинанын таманына материалды туура коё албай, койсо тигишти түз, бир калыпта түшүрө албай колу калтырап далай убараланган. «Бул иш менин колуман эмне үчүн келбейт. Мен ушунчалык эле дөдөймүнбү. Мендей эле жаш кыздар машинасын зырылдата жүргүзүп, тигишти түптүз тартып иштеп жатпайбы. Менин алардан эмнем кем. Жок, мен да ошолордой билгич тигүүчү болушум керек. Тигилерден артта калганым жарабайт...» — деп намыстанган күндөр артта калбадыбы. Ушундай ар-намыс, аракеттенүү, умтулуу Мукенди азыркыдай даражага жеткирип олтурат. Ал аялдардын көйнөгүн жана балдардын кийимин тигүүгө керектелүүчү ондогон технологиялык операцияны эң сонун өздөштүргөн. Анын эмгекке чыгармачылык мамилеси, татаал ишти биринчилерден болуп өз колуна алууга, башкаларга жардамга келүүгө даярдыгы, өзүнүн кызыкчылыгын коллективдин кызыкчылыгына баш ийдире билүүсү өндүү мыкты сапаттарын бирге иштеген курбулары гана эмес, ишкананын жетекчилери, партиялык уюм да жогору баалады.

Тажрыйбалуу тигүүчү, алдыңкы өндүрүшчү, адептүү жана өрнөктүү насаатчы катары 1965-жылы лениндик партиянын катарына мүчөлүккө кабыл алынган күн М. Сыдыкованын эсинен эч убакта чыкпайт. Досторунун, курбуларынын, кесиптештеринин анын жакшылыгына кубануулары, чын дилинен куттуктоолору күнү бүгүнкүдөй кайталанып турат. Ошентсе да ал ошол күндөн баштап ишти талап кылуу ошончолук катуураак болорун жетик түшүнгөн. Партиялык тапшырманы ачык-айкын түшүнүүсү анын өсүп келе жаткан сменаны тарбиялоого активдүү катышуусу менен ширелишти. Бул ишкананын турмушундагы өтө маанилүү проблема эле.

...Онунчу беш жылдыкта «1-Май» бирикмеси кенен, жарык өндүрүштүк жаңы имараттан конуш алды. Ошентип, тигүүчүлөрдүн кубанычына кубаныч кошулду. Бирок жаңы кубаттуулукту ишке киргизүү менен жаңы проблема келип чыкты. Барынан мурда, ишкананын жаңы имаратында иштөө үчүн жумушчулар жетишсиз болду.

Ишканага жаңы адамдар кабыл алына баштады, алардын басымдуу көпчүлүгү айылдан келишкен жаштар эмеспи. Өзгөчө элеттик кыздар агылып келип жатышты. Албетте, аларга жаңы имараттагы жылуу, кенен ишканабыз, жаңы жабдуулар аябай жакты. Бирок биздин жатаканабыз жетишсиз болуп чыкты.

Жаш жумушчуларды ишканада бекемдеп калуу боюнча турак-жай маселесин чечүүгө аракеттенип жатабыз. Бул жагынан анча-мынча болсо да жылыштар болду. Ишканада түзүлүп калган оор абалдан чыгуунун жолун мындагы коммунисттер табышты. Белгиленген продукциянын көлөмүн аз сандагы адамдардын күчү менен чыгарууга жетишебиз. Бага жетишүү үчүн насаатчылыкты күчөтүү — жаштарды өндүрүш процессине ылдамыраак тартуу, жаңы келген ар бир адамдын өндүрүштө туруктуу иштеп калуусу үчүн күрөшүү керек деген чечимге келишти.

Ошол учурдагы партиялык чогулуштардын биринде сүйлөгөн сөзүндө Сыдыкова мындай деди:

— Жалаң гана өзүм иштеген цех үчүн эмес, башка цехтер үчүн да жаш жумушчуларды тигүүчүлүк кесипти мыкты өздөштүрүшүнө үйрөтүүгө милдеттенем. Менин бардык окуучуларым өтө кыска мөөнөттө бир нече технологиялык операцияны өздөштүрөт жана тажрыйбалуу тигүүчүлөр менен бир катарда тең тайлаша иштеп, берилген тапшырмаларын ашыра орундатат деп убада беремин. Мен ушул күндөн баштап өзүм үйрөткөн жаш жумушчуну, ал кайсы цехте иштебесин, бир жылга чейин насаатчы болуу менен көзөмөлгө алып, ишти мыкты өздөштүрүүсүнө жардамдашамын. Жаш жумушчунун эмгектик көрсөткүчү, анын тартиби менин арнамысымдын иши. Бул менин партиялык тапшырмам деп эсептейм.

Мамлекеттик жана партиялык жооптуу маселени чечүүдөгү коммунисттин мындай демилгесин тажрыйбалуу насаатчылар Лидия Прокопенко, Валентина Козлова колдоп чыгышты. Ошол күндөн баштап: — Тарбиялап чыгарган жаш жумушчуларды шефке алууну улантабыз! — деген ураан эреже болуп калды. Ошондон тартып ишканага келген жаштар технологиялык операцияларды ийкемдүүлүк менен үйрөнүп коллективден өзүнүн туруктуу ордун таба баштады.

Мукен Сыдыкова тарабынан көтөрүлгөн ушул жагдайлардын баары: «План — иштегендердин аз саны менен!» деген чакырык алдында иштөөчүлөрдүн кыймылынын туруктуу негизи болуп калды. Мунун ишке ырааттуу ашырылып жатканын № 2 цехтин коллективинин мисалынан көрүүгө болот. Цехте бул демилге көтөрүлгөнгө чейин беш жүз он бир киши иштесе, эми төрт жүз жыйырма киши иштейт. Демек, токсон бир адам башка жумушка которулган. Ал эми Мукен иштеген коллективдеги жыйырма алты эмгек жоокери сменине мектеп окуучуларынын эки жүз жыйырма көйнөгүн тигүүгө үлгүрүшүүдө. Норма боюнча мындай сандагы буюмду кырк бир адам даярдашы керек болучу.

Мукен Сыдыкова онунчу беш жылдыктын жылдарында пландан тышкары мындай үч миң төрт жүз көйнөктү тигип берип окуучуларды кубанткан. Мына он эки жылдык план! Алтын колдуу устаттын устаты эмес бекен! Анан кантип жаңы келген жаш кыз Мукенге суктанбасын, андан үйрөнүүгө, үлгү алууга умтулбасын!

«Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» дегендей, Мукендин эмгек даңкын алыстан угуп, ишканага иштөө үчүн жаңыдан келгендер анын үйрөнчүгү болууну дегдешсе, тарбия-таалимин алып, анын турмуш мектебинен өткөндөр ал жөнүндө деги кандайча ойлошоор экен?

— Мени Мукен эженин мүнөзү өзүнө тез эле тартып алды,— дейт Айсалкын Турсунбаева. — Адеп келгенде айланамда мен тааныбаган адамдар. Ишкана, цех да тааныш эмес. Насаатчым менен таанышып, аңгемелешкен а деген учурдан тартып эле энелик мээрим жазы маңдайынан төгүлүп тургансып, адамкерчиликтүү адам экени сезилди. Ошондо өз энемди көз алдыма элестеттим, билбегенимди, түшүнбөгөнүмдү андан сурачу болдум. Ал эң алды менен адамды жайгарып, анан иштин жөн-жайын айтып түшүндүрүп, керектүү материалды машинанын таманына коё жүргүзүп, тигишти бир калыпта түптүз салууну көрсөтөт. Анан мени машинага олтургузуп, баштаган ишин улоону өтүнөт. Коркпой, батынып, берилип иштөөмдү, дитимди коё билүүмдү талап кылат. Анын жанында ишке салкын мамиле жасоо мүмкүн эмес. Аны уятка калтырууга болбойт. Муну көңүлүмдө сезип, ишке жан-дилим, жүрөк отум менен берилип иштөө бара-бара мага адат болуп кетти...

— Анча-мынча кетирген каталыгың үчүн адырандап урушуп, адебиңди колуңа берген насаатчылардын да бар экенин билем,— дейт Жийде Жапарова. — Ишиңдин ийгиликсиз болгону аз келгенсип, мындай мамиле кимге жаксын. Анын жемесинен билгениңди да унутуп каласың. Мукен эже

таптакыр андай эмес, өзгөчө адам. Ал эжем болбогондо мен эчак эле башка ишканага кетип калмакмын...

— Биздин айылда кыздар абдан көп. Ата-энеден алыс туруу да ооруураак болот экен,— дейт өз алдынча жаңы эле иштөөгө өткөн Бактыгүл Асеинова. — Мисалы, эмгек акыңды алаарың менен эле дүкөндөргө барууга шашыласың. Айрым учурларда эмнегедир керексиз нерселерди да сатып аласың. Анан аны эмне кылууну билбейсиң. Мукен эже менин ушундай адатымды да байкаган экен. Анын улуулук нуска сөздөрүнөн улам мен жекече тиричилик жүргүзүүнү да үйрөндүм....

Коммунист-насаатчы ишке үйрөткөн мыкты өндүрүшчүлөр жана социалисттик мелдештин жеңүүчүлөрү ондоп саналат. Алардын ичинен экөө өзүнүн насаатчысын 1981-жылы аябай кубантышты.

Мукен делегат катары КПССтин XXVI съездине жөнөөгө камынып жаткан. Бул бийик ишеним аны аябай толкундатты. Анткени, партиянын съезди ар бир коммунист үчүн эң чоң окуя, ал эми делегат үчүн — айтып бүткүс дастан эле. Кыргыз республикалык партиялык уюмдары тарабынан шайланган башка делегаттар менен бирге ага партиялык жана мамлекеттик залкар милдеттерди чечүүгө катышуу укугу ыйгарылган. Албетте, бул өтө жооптуу жана сыймыктуу эмеспи.

Алдыңкы тигүүчү өз бригадасынын иштери үчүн да катуу ойлонду. Съезддин урматындагы мелдешке кошулган коллектив алдыңкы орундарга чыгууга ат салышкандардын бири болучу. Ал съездге кетсе, кесиптештерин ишти ойдогудай жүргүзүүгө ким багыттап, ким жетекчилик кылмак? Ал жокто бригада өзүнүн алдыңкылык позициясын бироолөргө тарттырып жиберсе, албетте, өтө өкүнүчтүү да, уят да болмок.

— Иш үчүн көп эле күйпөлөктөй бербеңиз, Мукен эже!— деди жөнөөр алдында Айсалкын Турсунбаева. — Жийде экөөбүз өз ишибизден тышкары сиздин күндөлүк нормаңызды да аткарып турууну чечтик.

— Сиңдилерим, ошого үлгүрө алаар бекенсиңер? — деп ишене бербей сурады насаатчы. — Экөөңөргө оордук келет го,— деп кошумчалады.

— Бардыгына жетишебиз, Мукен эже. Өзүңүз үйрөткөндөй, эки эселенген күч-кайрат менен эмгектенебиз. Эсепти минута эмес, секунд сайын жүргүзөбүз. Кокус жетише албасак, бригада жардамдашат. Москвада жүргөндө бригада анын ишенимин актап, съезд алдындагы социалисттик мелдештин жеңүүчүлөрүнөн болуп калгандыгы жөнүндө кабарды ал-

ганда мандай жарыла кубанычка чалкыды. Бул партиянын съездине жана анын катышуучусу Мукенге эң мыкты эмгектик белек эле.

Мукен өзүнө Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы ыйгарылганын Москвада жүргөндө билди. Өкмөттүк эң жогорку сыйлыкты алганында:

— Сиз бактылуусузбу, Мукен? — деп жумушчулар сурап калганда,— Ооба, бактылуумун! — деп жооп берген. — Мындан башкача жооп кайтарууга болбойт да. Анткени, менин аткарып жаткан ишим, менин устаттыгым адамдарга өтө керектигин айкын түшүнөм. Кыздар үчүн мектепке кийүүчү форма тигемин. Алардын ар биринин көйнөгүнө ыраазы болгону мага жагымдуу сезилет. Мектеп окуучусунун ар бирин өзүмдүн эмгегим менен кубанткандыгыма чексиз бактылуумун. Азыр мен кош кабат бактылуумун. Социалисттик Эмгектин Баатырлары тигүүчү-мотористка А. Айткулова жана токуучу А. Сунчалиева атындагы сыйлыктын лауреаты, СССРдин жеңил өнөр жайындагы стахановдук кыймылдын демилгечисинин — Николай Сметанин атындагы байгенин ээси, «Эки беш жылдыкты — бир беш жылдыкта!» — чакырыгынын демилгечилеринин бири Мукен Сыдыкова мурдагыдай эле бүгүнкү күндө да оор басырыктуу, ишкердүү. Ар убак өзүнүн жумушчу ордунда, балбан билек, жалын жүрөк жаштардын арасында. Ал насаатчы болуп жаштарды өз кесибине тарбиялоо менен бирге күндөлүк нормасын эки жүз — эки жүз элүү процентке чейин жеткирип, Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдык юбилейине карата сегиз жылдык норманы мөөнөтүнөн мурда орундатуунун аракетинде. Азыркы күндө анын эмгек календарында 1988-жылдын сентябрь айы.

Фрунзе шаарындагы эл депутаттарынын Биринчи Май райондук Советинин жана шаардык Советтин бир нече жолку депутаты Мукен партиянын Фрунзе шаардык комитетинин мүчөсү. Шаардагы ишканаларда, мектеп окуучуларында, студенттерде тез-тез болуп, алар менен ар түрдүү маселелер боюнча ой бөлүшүп турат. Коомдук бул иштерге ар дайым катышуу үчүн иште да, үйүндө да убакытты билгичтик менен пайдалануунун жетишет. Ошондуктан ал бирикменин партиялык бюросунун мүчөсү катары ар түрдүү жагдайдагы өндүрүштүк маселелерди чечүүгө катышат. Үйгө келгенде өзү менен бирге иштеп, кечкисин окуп жаткан кызы Бактыгүлдүн күндөлүгүн текшерип, сабагын мыкты өздөштүрүүсүнө жардам берет. Механиктик кесипти аткарып жүргөн уулунун ишине да кызыгат. Иштен кийин эмне иш жасаганын, кимдер менен жолдоштук мамиледе экендигин сурамжылайт.

Эсенгелдинин жогорку окуу жайына өтүү үчүн даярданып жүргөнүнө жетине албайт.

— Биз коммунист-насаатчыга быйыл дагы бир жаңы иш тапшырдык,— дейт башкы инженер Людмила Секретова. — Ал иштеген № 2 цехке эмгек өндүрүмдүүлүгүн бир нече эсе жогорулатуучу комплекстүү механикалаштырылган линияны жаңыдан орноттук. Бул күндөрдө Мукен Сыдыкова цехтин мастери Лидия Афанасьевна Пашкова менен бирге аны технологиялык операцияларды аткаруу боюнча сыноодон өткөрүп жатышат. Ал толук кубаттуулукта өздөштүрүлгөндө сменине азыркыдай 600дөн эмес, 1200—1500гө чейинки көйнөктүн жакалары тигилип, сапат белгиси менен өткөрүлмөкчү.

* * *

Жумуштан чаалыккан Мукен Сыдыкова күүгүм талаш үйүнө барды. Кызыл-тазыл кийинген кыздар, көкүрөгү толо жайнаган гүл кучактаган уландар топ-тобу менен эшигин ачаар замат тосо чыгышты. Жыпар жыттуу гүл тапшыруулар, эне-бала, эже-синди катары кучакташуулар, өбүшүүлөр капыстан болду. Эмне болуп кетти? — деп аң-таң калды иштин жөн-жайына түшүнө бербеген Сыдыкова.

— Туулган күнүң менен, апа!

— Туулган күнүң менен, эже!

— Туулган күнүң менен, Мукен!..

Кызы Бактыгүл, уулу Эсенгелди баш болгон бирикменин кыз-келиндери, Мукендин эмгектеш курбулары, тели-тентуштары аны туулган күнү менен куттуктап жатышты. Эмгектен тапкан бакыт деп мына ушуну айт!

А. БАЛТАБАЕВ



Асан МАМБЕТАЛИЕВ

Мамбеталиев Асан, 1924-жылы Ысык-Көл областынын Ысык-Көл районундагы Чолпон-Ата кыштагында туулган. Өзунун эмгек жолун 1940-жылы Ысык-Көл районундагы № 54 жылкы заводунда жумушчулук кесиптен баштаган. 1942—1949-жылдары Советтик Армиянын катарында болуп, Улуу Ата Мекендик согушта немец-тик фашисттик баскынчыларды талкалоого катышкан. Армиядан демобилизацияланган-дан кийин «Автовнештранстын» Рыбачье шаарындагы бөлумүндө отуз жылдан ашык убакыттан бери шофердук кесипте эмгектенип келатат. Мында иштеген жылдары ал өзүн алдыңкы транспортчу катары көрсөтө алды. Ал сегизинчи беш жылдыктын план-тапшырмасын 120 процентке аткарган. Кийинки беш жылдыктарда да мындай темпten жаза элек. Ал жаштардын насаатчысы. Үй-бүлөлүк шоферлор династиясынын демилгечиси.

А. Мамбеталиев 1971-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Кыргызстан Компартиясынын XVI съездине делегат болгон. VII, VIII шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Партиянын Рыбачье шаардык комитетинин мүчөсү.

1971-жылы анын эмгеги жогору бааланып Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болгон.

Өндүрүштө жараткан жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Үчүнчү даражадагы Эмгек Даңкы ордендери жана медалдар менен сыйланган.



ЭМГЕК ЭРГҮҮЛӨРҮ

Автотрассадан келген телеграмма директордун кабинетине бүт колонна начальниктерин чогултту.

— Шашылыш телеграмма,— деди директор. — Ак-Талаа, Тогуз-Торого кар калың түшүп, кыштоолорго каттоо кыйын болуп жатыптыр. Жол ачылбай, бензин жетишсиз... Кана, кимдерди жөнөтөбүз ушул рейске.

— Бензин ташуучулар биринчи кетишсин, анын соңунан ун, азык-түлүк ташуучулар жөнөшсүн. — Башкы инженер ушундай үн катты.

— Эмесе каттаңыз, Василий Лучкиндин бригадасын Ак-Талаага, Асан Мамбеталиевдин бригадасын Тогуз-Торого,— деди колонна начальниги. Анын соңунан башка колонналар да катталышты.

Ошол күнү шоферлор алыскы рейске даярдык көрүп жатышты. Машиналарын дыкат карашып, агрегат түйүндөрүн текшеришти, бурамаларын майлап, бекитишти. Кыймылдаткычтын майларын алмаштырышты. Акырында фаралардын, сигналдын, тормоз менен датчиктердин иштешин дагы бир жолу текшерип чыгышты. Ушундан кийин гана алар цистерналарга май куюшуп, анан жолго чыгышты.

Кыш кычырап, чилде түшкөн, жол тайгак. Асан өзү жол баштап баратат. Күүгүм кире колонна Долон ашуусуна таянды. Туу белге чыгып алсак — деп шоферлор ак эткенден так этет. Чиркегичи менен машинасынын тетиктерине ишенүү Асанды коопсуз алып бара жатат. Канча кылган менен дасыккан адам өзүнө өзү ишенет. Калгандар болсо тайгак, кышкы жолдон коркушуп, чиркегичтерин калтырышкан.

Мотор үндөрү уңулдайт, тик кыя, бийиктик. Бул Долондогу үчүнчү бийиктик. Удургуган карлуу бороон капталдан согот. Кар катмары тапталган жол көк жалтаң муз. Музга жабыша калган жаш кар дөңгөлөктөрдү жылдырбай чимирилтет. Колонна токтоого аргасыз болду.

Кабинадан чыга Асан шоферлорго кайрылды.

— Чынжыр оробосок болчудай эмес...— Ар ким өз машинасынын арткы дөңгөлөктөрүнө чынжыр ороду. Ошондон кийин гана колонна алга жылды. Моторлор кайрадан уңулдап, машиналар каалгый жылып, бийиктикке таш кенедей жармашты. Жарым сааттан кийин гана алар туу белге чыга алды.

Бурганак токтобой жаш карды чайкап, учурат. Караңгылыктын кучагында шоферлор моторлорун суутуп, бир азга эс алышты да, андан ары фараларын күйгүзүп, газ-

ды басандатып, тормозду баса улам эңкейиштеген жол менен Кара-Үңкүр капчыгайынын тереңине сүңгүдү. Оор жүктөлгөн машиналар шоссе жолдун уңкул-чуңкулунда дөңгөлөктөрүн ары-бери кайкытат.

Капчыгайдан суурулуп чыгар менен колонна талаа, түздү аралап, таңга жуук гана Ой-Кайыңдын секисине жетти. Ал кезде азыркы жаңы жол чабыла элек. Казарманга биринчи келген жаш шоферлор бийиктиктен көз чаптырышып, Ой-Кайыңдын ою тээ төмөн түпкүрдө жатканын көрүшүп, баштарын чайкашып:

— Асаке, кайдагы «барса келбес» сапарга ээрчиттиңиз эле...

— Деги аман-эсен түшө алабызбы?

— Өтө эле тик, бурулуштары чукул...— дешип жүрөк заада болушуп, чочулашты.

— Эч коркпогула, баатырлар, боюңарды токтоткула. Түшүп эле жүргөн кыя, түшөбүз, рулду этият кармап, тормозго сак болгула. Датчиктердин иштешин текшердиңерби? Кана эмесе кеттик,— деп жол баштады Асан. Жыландай соймологон ийри кыяда кербендей чубашкан колонна жай каалгыды. Тормоздорун акырын коё беришип, кайра баса коюшуп, шоферлордун колдору рулду кылдат башкарат. Кичине эле жаңылыштык кетирсең сөөгүң сөпөт болчудай. Бир кыйладан кийин гана татаал жана тик кыялар артта калды. Колонна ойго түштү. Ошондо гана муун-жүүнү бошогон шоферлордун жаны эми өздөрүнүкү сыяктанды.

Кыш каары тоо жеринде бир кыйла татаал го, чиркин. Ак кар, көк муз жана ызгаар. Тайгалак жолдор шоферлордун үрөйүн учурат. Түйшүктүү жана татаал рейс. Ушундай рейстерде алтын Жылдыздуу Асан Мамбеталиев канча ирээт жол баштабады. Жол жүрүүнүн түйшүктөрүнө кайыл болгон ушул адам отуз үч жылдан бери шоферлук кесибин ыйык кармап келатат. Тоо арасындагы трассалар менен жүз миңдеген тонна эл чарба жүктөрүн ташыбадыбы, миллиондогон километр жол баспадыбы. Алыскы рейстер — Ак-Сай, Арпа, Ат-Башы, Ак-Шыйрак, Сырт, Сары-Жаз, Казарман жол сапарын карытпадыбы.

Ар кимде ар кандай адамдык сапат жана мүнөздөр болот эмеспи. Ниети таза, ак дилдүү Асан жөнүндө аны менен бирге иштегендерден жылуу сөз гана угасың.

— Мүнөзү жөнөкөй, ак көңүл, жолдоштукка бекем,— деп айтышты. — Утуру жаңыга умтулат, демилге көтөрөт, билгендерин башкаларга үйрөтөт, билбегендерин башкалардан сурайт.

Автотарнспортту өндүрүмдүү пайдалануу боюнча Асан-

дын рационализатордук көп сунуштары өндүрүшкө киргизилген. Ал авточарбада биринчи болуп чиркегичтерди иштетүү жөнүндө демилге көтөргөн. Өз ишинде чиркегич менен иштегенде эмгек өндүрүмдүүлүгү ондогон процентке жогорулап тургандыгын өз практикасында көрсөткөн. Күйүүчү жана майлоочу майларды үнөмдөп калган. Анын демилгеси менен авточарбада бардык машиналарга чиркегич илинген.

Партиялык уюм коммунистке ар дайым терең ишеним көрсөтөт. Ага турмуштун талабынан келип чыккан милдеттерди жүктөйт. Кайсы жерде иш начар болсо, кайсы участок артта калса, ал жерге биринчи кезекте коммунисттерди жиберет. Асан партиялык уюмдун ишенимин аткаруу менен бөлүмдөгү № 2 автоколоннанын № 5 бригадасына жетекчиликке дайындалды. Анын бригадасы бир да жылы өндүрүштүк тапшырмаларын аткарбай калган жок. Бригадада план-тапшырмаларды аткарууда өсүштөр, болгондо да динамикалуу өсүштөр болуп келди.

«Дарак бир жерден көгөрөт» дегендей, ал өз бактысын «Автовнештранстын» Рыбачьедеги бөлүмүндө көп жылдар бою шоферлук кесипте иштөөдөн тапты. Ал бүгүн Социалисттик Эмгектин Баатыры, партиянын Рыбачье шаардык комитетинин мүчөсү. Кезегинде Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка да шайланган.

Коммунисттин милдети көп кырдуу. Биринчиден, ага авангард болуу өрнөгү жарашат. Улам жаңы чектерге жетишүү, өзүнүн атак даңкы, кадыр-баркы ошону менен чен-елерин ал жакшы билет. Иште демилге көтөрүп, жаштарга насаатын айтып, көп адамды шоферлук кесипке тартшалдырды, тарбиялады. Азыркы «Автовнештранс» бөлүмүнүн алдыңкы шоферлору Кадыр Асанов, Асанкадыр Абдыкеримов, Кочкорбай Дөлөсбаев, Кутман Турдумамбетов жана башкалар Асандан тарбия-таалим алгандар. Адатта тарбия үйдөн башталат деген сөз бекеринен айтылбаган. Өзү үйдө тарбиячы, эмгекте үлгү ушул адам ата жолун жолдотуп уулдары Айдарбек, Айтыгул, Жумагулду шоферлук кесипке тартып, такшалдырып, тарбиялоодо. Мындан он чакты жыл мурун Асан династиялык мелдештин демилгечиси болгон. Ал коммунист шофер Василий Лучкинди үч уулу Владимир, Сергей, Геннадийди үй-бүлөлүк династиялык социалисттик мелдешке чакырган. Династиялык мелдешке чыгышкан бул эки үй-бүлө тең онунчу жана он биринчи беш жылдыктардын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатып келе жатышат.

— Жыйынтыктар кубанарлык. Коммунист Асан, анын

коммунист уулу Айтыгул экөө эл чарба жүктөрүн ташуу боюнча он биринчи беш жылдыктын тапшырмасын өткөн жылдын ноябрында мөөнөтүнөн эки жыл эки ай мурда орундатышкан,— деп баяндады автобазанын пландоо бөлүмүнүн башчысы Нурийла Турдалиева. — Алдыңкы шофер Мамбеталиев Асан он биринчи беш жылдыктын үч жыл, эки айлык тапшырмасын 6242 тонна жүк ташуу менен 177,8 процентке орундаткан. Ошол мезгилде 1 миллион 160 миң 500 тонна-километр жол жүрүп, тапшырманы 184,1 процентке аткарган. Ушул күндө ал жүк ташууда тонна боюнча 1986-жылдын октябрь, тонна-километр боюнча 1987-жылдын январь айынын эсебинен иштеп жатат. — Атасынан уулу да калышпайт. Шофер Айтыгул Мамбеталиев өткөн үч жыл эки айда 11 миң 540 тонна жүк ташууга жетишкен. Башкача айтканда, жүк ташуу боюнча тонналык тапшырмасын 175,9 процентке орундаткан. Азыр ал 1986-жылдын октябрь айынын эсебинен иштеп жатат.

Ошентип, бул династиянын эмгектик эргүүлөрү арта беренине шектенүүгө болбойт.

М. ДАДЫБАЕВ



Тажихан ЭРМАТОВА

Эрматова Тажихан, 1940-жылы Араван районундагы «Коммунизм» атындагы колхоздун «Беш-Карам» айылында кедейдин үйбүлөсүндө туулган. Эмгек жолун эрте, 1952-жылы колхозго пахта терүүчү болуп баштады. Алгачкы мезгилдерде кол менен пахта терди. Анан жаштар коллективине звено башчысы болду. 1956-жылкы пахта терүү сезонунда кол менен 15 тонна пахта терген. 1957-жылы Звенонун мүчөлөрү 17, 18, айрымдары 20 тонна пахта териштн. Ал эми Тажихан өзү 25 тонна терген. Жаш теримчинин талыкпас эмгеги жогору бааланып, ага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылган. Анда Т. Эрматова 17 жашта болучу. 1960-жылы Жалал-Абаддагы кесипчилик-техникалык окуу жайынан комбайнер деген кесипке ээ болуп, машина менен пахта терип жүрдү. Кайсы иште болбосун ал өндүрүштүк планын ашыгы менен аткарып келди.

1974-жылы ал СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине депутат болуп шайланган. 1962-жылдан бери КПССтин мүчөсү. 1983-жылдан бери бригада тамеки, жүгөрү жана башка айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүшөт.

Т. Эрматова Ленин ордени, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар менен сыйланган.



ТАЖИХАНДЫН ТАЛААСЫ

Эки тарабы бак-даректарга курчалган «Беш-Карам» айылы ак-алтын аймактуу Араван районун «Коммунизм» атындагы колхозунун борборунан орун алган. Андан күн батышты карай бир километрдей жол жүрсөңүз «Чил-Устун» тоосунун этегиндеги мейкиндик көз алдыга тартылат. Учу кыйырына көз жеткис пахта аянты, мелтиреген тамеки талаасы кечки нурга чагылышып, айлананы сулуулукка бөлөгөнсүйт... Так ошол жерди мындагылар Тажихандын талаасы деп коюшат. Нарыраак жакта көрктүү имарат — талаа станы көрүнүп турат. Ал бригада мүчөлөрүнүн экинчи үйү — сүйүктүү жайы.

Ички көрүнүшү иретке келтирилген таза, жарык бөлмөгө кирип баатыр бригадир, атагы алыска тараган Эрматова Тажихан менен таанышып, жүзүнөн сүйкүмдүү жаштыктын элеси али кете элек ал адам менен иштеги ийгиликтери тууралу көпкө чейин аңгемелештик.

— Колхоздун алдыңкы бригадири катары мен башкарган бригаданын иштеги ийгиликтери тууралу баяндап берүүнү өтүнүшөт жана колхоздун экономикалык кубаттуулугун арттыруудагы негизги себеп эмнеде? — деген суроону кийинки учурларда көп беришет,— деди ал,— Албетте, бул жүйөөлүү суроо сиздерди өзгөчө кызыктырарын жакшы түшүнөмүн. Анын себеби көп. Чарбада бул негизгиси, тигил андан кийинкиси деп карай турган маселе жок. Баары орчундуу, баары жооптуу. Ошондой болсо да иштин эң негизгиси уюштуруучулукта жана кадрлар менен иштеше билиште экендигин ишенимдүүлүк менен айта аламын.

Бүгүнкү күндө тездик менен ишке ашырылып жаткан өндүрүштүк адистештирүүнүн жана топтоштуруунун формалары аркылуу дыйканчылык өндүрүштүк ири бөлүмдөргө айланып кетти. Мындай учурда бригадаларга жетекчилик кылуу үчүн атайын билим жана такшалган тажрыйба талап кылынат эмеспи.

Ошондуктан колхоздун жетекчи составы талыкпастан өз билимдерин жогорулатып туруулары керек. Биздин колхоздо тыжрыйбалуу андай адистер жетиштүү. Биз ошолордун билимине жана уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүнө таянабыз. Биздин чарбанын эмгекчилери муну жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан «бир жакадан баш, бир жеңден кол» чыгарышып, ынтымактуулукта эмгектенишет.

Тажихан айткандай, колхоздун тигил же бул тармагында эмгектенбеген, өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүн, күч-аракетин жумшабаган колхозчу жок. Булак суулары биригип, агымы

күчтүү дайраны пайда кылган сымал, андагы ар бир адамдын эмгеги чогулуп келип, чарбанын экономикасын өстүрүүгө, байлыгын арттырууга мүмкүндүк берүүдө.

Жылдын ар бир мезгилинин өзүнчө түйшүгү бар. Ошондой болсо да баарынан жооптуу, нары кыйын мезгил жаз го. Жаз — жарыш деген сөз да ушундан улам айтылып калса керек. Бир жактан мал төлдөтүү кампаниясы шаштырса, экинчи жактан жер айдап, үрөн себүү жумуштары күтүп турат...

Тажихан жетектеген бригаданын карамагында 45 гектар тамеки, 20 гектар уруктук беде, 25 гектар дан үчүн жүгөрү эге турган аянт бар. Жерди сүйө билсең ал кең пейил берекесин төгүп таштайт эмеспи. Жер эне малга да, адамга да азык тартуулайт...

* * *

Тажихан «Чил-Устун» тоосунун жанындагы «Беш-Карам» айылында төрөлүп, ошол жерден өстү. Азыркы бактылуу күнүн ошол айылдан тапты...

1952-жылдын май айы эле. Тажихан Эрматова айылындагы орто мектептен окучу. Бирок жаш кыз ар кандай себептер менен орто мектептин толук курсун бүтө албады. Жаштык курагын эмгекке арнап, андан бакыт тапты. Жаш кызга колхоздун кары-жаштары эриш-аркак болуп бактылуу күнгө жетерине себепкер болушту. Тажихан алгачкы эмгек жолун колхоздо кол менен пахта терүүдөн баштады. Бара-бара ага көнүктү. Күн өткөн сайын ал терген пахтанын килограммы көбөйө берди. Күнүнө 200—250 килограммдан «ак алтынды» колхоздун кырманына төгүп жүрдү. Ата конуштан орун алып, жаш болсо да колхоз жетекчилеринин, курбу-курдаштарынын мактоо сөзүнө алынды. Эмгектин алдыңкысы деген сыймыктуу атка конду.

Пахта териминин өзүнчө сыры болот эмеспи. Жаш кыз пахта теримине аябай кызыгып, тоо булагындай оргуштаган күч-кайратын, акыл-сезимин арнап эмгектенди. Эл арасында «пахта терсеңер Эрмат акенин кызындай тергиле» деген айыл аксакалдардын айткан сөздөрү колхозчулардын арасында бат тарады. Сегизинчи беш жылдыкта кабыл алган жекече планын ашыгы менен орундатты. Теримчилердин ортосунда уюштурулган социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болду.

1956-жылы пахта сезонунда «Коммунизм» атындагы колхоздун комсомолец-жаштарынын ортосунда кол менен пах-

та терүү боюнча атайын мелдеш уюштурулду. Сезондо 20 тонна пахта терүү чеги белгиленди. Жаз, жай бою кастарлап өстүрүлгөн «ак алтындын» жибек булаларын терүүгө жаш теримчилер да кызуу киришишти. Күз күрөшү башталды. Колхоздо «ак алтындын» бир талын коромжуга учуратпай жыйнап алалы» — деген ураандын астында пахта терүү темпинин кыймылы алгачкы күндөн баштап эле күчөдү. Эмгекти жаш кезинен сүйгөн, жаштык күчүн ага арнаган Тажихан теримдин биринчи күнүнөн эле өз курбуларынан озуп кетти. Мисалы, бир күндүк норма 60—80 килограмм болсо, ал 200—250 килограммдан «ак алтын» буласын терип жүрдү.

1957-жылдын ноябрь айынын акыркы күндөрүнүн бири. Пахта терүү сезону бүттү. Сезон ичинде Тажихан 20 тоннанын ордуна 25 тонна пахта терип колхоздун кырманына өткөрдү. Сезондун жыйынтыгы боюнча теримчилердин көпчүлүгүнө сыйлыктар берилди. Алардын арасында Тажихан да бар эле. Ошондо жаштыгына карабай, эмгектик алгачкы ийгиликке жетишкендигине, ал турсун, эмгеги бааланып баалуу сыйлык ыйгарылганына жаш теримчинин кубанганын айтпа. Андан да ошол сыйлыгына апасынын жетине албай кубанганынан көзүнө жаш алганычы, жолдош-жоролорунун биринен сала бири куттуктап колун бекем кысышкандарычы. Айтор эмгек үзүрүнүн эмне экенин ошондо ого бетер туюп, эргүүсү ого бетер арткан болчу.

Тажиханды колхоздун башкармасынын ошол учурдагы председатели чакырып. — Кызым, биз колхоздогу жаштардан өзүнчө звено уюштуруп, ага сени башчы кылып дайындайлы деп жатабыз, буга сен кандай дейсиң,— деген. Мындай суроого Тажихан а дегенде эмне деп жооп берерин билбей, апкаарып, көптөн кийин гана буга менин күчүм жетер бекен деген сөз оозунан араң чыккан. — Албетте жетет кызым, кыйналсаң өзүбүз жардам беребиз,— деген председатель аны ишендире.

Ошентип Тажихан колхоздо уюшулган комсомолдук-жаштар звеносуна башчы болуп калды. Бөлүнүп берилген 15 гектар пахта аянтына ошол жылы «Ташкент-2» деген чигиттин жаңы сортун эгишти. Жаз, жай бою жаштар пахтаны өстүрүүдө агротехниканын эрежесине таянышты. Алардын мээнети текке кетпеди. Пахта да эмгекке жараша жакшы өстү. Теримдин акырында пландагы 40 центнердин ордуна жаштар звеносу ар бир гектардан 63 центнерден «ак алтын» жыйнашты. Мындай ийгилик ошол убакта райондо гана эмес, областта да рекорддук көрсөткүч болду. Зве-

но мүчөлөрүнүн көпчүлүгү 18—20 тоннадан пахтаны кол менен теришсе, Тажихандын тергени 25 тонна.

1957-жылдын жыйынтыгы боюнча Тажихан Эрматовага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген эң жогорку наам берилди.

Тажихан ошол кезде 17 жашта эле. Өзү сыяктуу карапайым колхозчу кыздын эмгегин жогору баалаган партия менен өкмөткө ошондогу терең ыраазылыгын айтпа. Андан ары да мыкты иштөөгө, бардык ишти жан-дили менен аткарууга убада берди, алтын жылдызды алып жатып. Ооба, ал берген убадасынын өтөсүнө чыгып, кийинки жылдары да мол түшүмдү нечен-нечен жолу жыйноодо, жыл сайын алган милдеттенмесин ашыгы менен аткарып келүүдө. Ийгилик өзүнөн-өзү келбейт, ага жетишүү үчүн көп аракет, изденүү талап кылынат эмеспи. Тажихан так ошондой эмгектенди.

Тажихан 1957-жылдан 1959-жылга чейин колхоздо звено башчысы болуп иштеди. 1960-жылы Жалал-Абад шаарындагы кесипчилик-техникалык окуу жайына барып кирди. Андан комбайнер деген адистикке ээ болду. Ошол мезгилден бери «Коммунизм» колхозунун № 2 бригадасын жетектеп келүүдө. 1960-жылдан КПССтин мүчөсү. Бригаданын коллективи тогузунчу беш жылдыктын планын, милдеттенмесин райондо биринчилерден болуп орундаткан. Анын жетекчисинин 1974-жылы СССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланышы да эмгегине жараша эмеспи. Онунчу беш жылдыктын жыйынтыгы да бригаданы урматдакка бөлөдү...

Чарбанын экономикасы жылдан-жылга алдыга карай өсүүдө, колхозчулардын эмгек акылары улам жогорулоодо. Чарбанын байлыгы канчалык артса, колхозчулардын турмушу ошончолук жакшырып, эмгекчилердин маданий деңгээли жогорулай берди. Ошондуктан колхозчулардын эмгекке болгон ынтаасы, активдүүлүгү күн өткөн сайын артты.

* * *

«Коммунизм» атындагы колхоз «Чил-Устун» тоосунун этегине жайгашкандыктан сугат жерлери абдан аз келет. Ошондой болсо да бригаданын мүчөлөрү ички резервдерди билгичтик менен пайдаланышып, мурда эч пайдасыз жаткан адырлар менен суу жетпеген жерлерге кубаттуу насостордун күчү менен суу чыгарышып, жаңы айдоо аянттарын өздөштүрүштү.

1983-жылдын башталышынан бери Тажихандын бригадасы тамеки өстүрүүгө өттү. Он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында 8 гектар аянттын ар гектарынан пландагы 20 центнердин ордуна 44 центнерден «сары алтын» алышты. Азыр бригадада өндүрүштүн жогорку сапатына жана натыйжалуулугуна жетишкен маяктардын саны өсүп баратат. Бригададагы алдыңкы тамекичилер С. Эргешов, Б. Тешебаева, М. Кыргызбаева жана Х. Зайнабидинов тамекинин түшүмүн алууда рекорддук көрсөткүчкө ээ болушкан. Алар жеке пландарын 150—200 процентке орундатышат.

Тамекини кирешелүү тармакка айландыруу үчүн бригада бүткүл мүмкүнчүлүктөрдү изденүүдө. Чынында да тамекини «сары алтын» деп эл бекеринен айтпаптыр. Анткени ал өтө кирешелүү өсүмдүк тура. Аны өстүрүү жеңил-желпи иш эмес экендигин бардыгы билишет. Бул тармак талбаган эмгекти, күн сайын бапестеп өстүрүүнү талап кылган, эгүүгө татаал өсүмдүктөрдүн бири. Андыктан техникага караганда кол күчүнө, айрыкча үзүп-тизүүдө кыз-келиндердин чебер аракетине таянууга туура келет. Муну жакшы түшүнгөн бригаданын коллективи бараандуу салымдарын кошуп жатышат,— деп сөзүн аяктады Тажихан.

Тажихан Эрматованы бригаданын мүчөлөрү урматташат, сыйлашат. Анткени, ал бригадага кандай гана иш берилбесин аны бригаданын мүчөлөрү менен кеңешип ишке ашырат. Ал 1962-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Ошондон бери Тажихан коммунисттик наамын ыйык сактап, эмгекте чыныгы активдүүлүктү жана жогорку аң-сезимдүүлүктү көрсөтүп келүүдө.

Тажихандын бригадасында КПССтин 14 мүчөсү бар. Бригададагы коммунисттер ленинче иштөөгө, турмушка коммунистче мамиле жасоого белсенишкен. Алар өздөрүнүн активдүү эмгектери менен Ата Мекендин күч кубатын арттырып, колхоздун экономикасын өстүрүүгө чыгармачыл эмгектерин арноодо. Ал эми колхоздун жалпы эмгекчилери, айрыкча коммунисттер КПССтин XXVI съездинин жана КПСС Борбордук Комитетинин февраль жана апрель (1984-жыл) Пленумдарынын, он биринчи шайланган СССР Жогорку Советинин биринчи сессиясынын чечимдерин турмушка ашыруу үчүн эмгекте социалисттик мелдештин кулачын андан ары кеңири жайылтуу менен жаңы ийгилик, жаңы жетишкендиктерге карай алдыга бара беришмекчи.

Биз аңгемелеп жаткан атактуу пахтакер, мыкты тамеки өстүрүүчү, Социалисттик Эмгектин Баатыры, партиянын Ош областтык комитетинин мүчөсү, Ленин, Октябрь рево-

люциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендеринин жана бир нече медалдардын ээси, Тажихан Эрматованын бригадасынын мүчөлөрү Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин «Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 60 жылдыгы жөнүндө» Токтомун өз коллективинде иштеп чыгышып, он биринчи беш жылдыктын төртүнчү жылында 45 гектар тамеки, 20 гектар урук үчүн беде, дан үчүн эгилген 25 гектар жүгөрү аянтынан 1,5—2 эсеге жеткирип түшүм алууну чечишкен.

— Партия менен өкмөтүбүз адамдардын жыргалчылыгы үчүн ар тараптан аталык камкорлугун көрүп келе жатат,— дейт тажрыйбалуу бригадир. — Кийинки эле 3—4 жылдын ичинде «Беш-Карам» айылынын көркү өзгөрдү. Өздүк үйлөрдүн курулушунун кооздугу көз жоосун алат. Мурдагы эски үйлөрдүн азыр бири да жок. Алардын ордуна жаңы архитектуралык ансамблдеги формада үйлөр салынган. Көчөлөрдө бак-даректар шуудурап, көбү асфальталган. Азыр колхоздо 100гө жакын үй-бүлө жаңы типте салынган үйлөрдө жашап жатышат. Алардын айланасы жасалгалуу жыгач тосмолор менен курчалган. Бир сөз менен айтканда жашоо турмушубуз көңүлдүү.

Эмгекти сүйгөн адам жашап, атак-даңкка бөлөнгөн «Коммунизм» колхозунда ар бир тармак ырааттуу өнүктүрүлүп, жыл сайын көп киреше алынууда. Эгерде 1982-жылы бригада пахтадан үч жарым миллионго жакын сом киреше алган болсо, 1983-жылы тамекиден гана алты миллион сомго жакын киреше алган. Рентабелдүүлүк 30—32 процентке өскөн. Бригаданын мүчөлөрү эки жылдан бери подряддык ыкма менен иштөөгө өткөн. Анын негизинде бригадада эмгек өндүрүмдүүлүгү 5,6 процентке жогорулайт, тамекинин 80—85 проценти жогорку сортто өткөрүлөт.

Тажихандын талаасында мындан ары да арымдуу эмгек кулачын жайып, алдыңкы натыйжаларга алып келерине эч шектенүүгө болбойт.

Т. КАРАБАЕВ



Гүлсайра СУЛАЙМАНОВА

Сулайманова Гүлсайра 1930-жылы Кыргыз ССРинин Калинин районундагы Капгал-Арык селосунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Эмгек жолун Калинин районундагы Панфилов атындагы колхозда кызылчачылыктан баштаган. 1956-жылы ал кант кызылчасын өстүрүү боюнча комплекстүү механизацияланган звеного башчылык кылат. Ошондон бери ушул кызматта иштеп келе жатат.

Үзүрлүү эмгегинин, илим менен алдыңкы практиканын жетишкендиктерин пайдалануунун натыйжасында жолдош Сулайманова башкарган звено жылдан-жылга баалуу техникалык өсүмдүктөн жогорку түшүм алууда.

Ал коомдук ишке активдүү катышат. Ал жетинчи жана сегизинчи шайланган СССР Жогорку Советинин депутаты, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана партиянын райондук комитетинин мүчөсү болуп шайланган. КПССтин XXIV съездине делегат болгон.

Эмгектеги ийгиликтери үчүн 1965-жылы Ленин ордени жана «Орок жана Балка» алтын медалын тапшыруу менен Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам берилген. Ал Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.

Сулайманова — Баатыр-эне, 11 баланы багып өстүргөн, жаштардын насаатчысы.



Жаздын алешем нуруна балбырап балкыган жер көөдөнүн көк басып, көктөм менен күн жыттанып, өмүргө бой таштап чатырап жатты. Бүт айлана жаңы түргө келип, асман кенелип, булуттар ырааkта аппак тартып түрмөктөлө үйүлүп, жан жакта жаңы көрк ачылып, ууздай тазалыгы менен жаркырап турду. Табият тиричилигин ойготкон, кан жүгүртүп, өңүнө чыгарган жаздын бул керемети адамдарды да жаңы турмушка үндөп, мелмилдеген жылуу деми менен бой чымыратып, кумар тарагыс жашоону көздөй дегдетип койду.

Гүлсайра эшикке чыкканда таң агарып, асман-жердин арасы агыш шоолага чайылып калыптыр. Сүт чачылгандай кашкайган жылуу таң коңур тартып мемиреп, ак жаркын нурга батып көөшүп турду. Эки бөлө өрүлгөн кара чачы далысынан ылдый төгүлгөн, ак жуумал жүзү албыра таң сулуулугуна суйкая караган жаш келин жүрөгүнүн кубанычтуу дүкүлдөгөнүн сезип, агыш нур арасынан үлбүрөп көрүнгөн талаага суктана көз жиберди. Сырдуу дүйнөгө окшоп, көңүл дегдеткен ашык жарга окшоп талаа жатты мемиреп... Ооба, бүгүндөн тартып ушул талаада эмгек чыйыры башталат. Кечээ: «эртең суюлтууну баштайбыз, сен менин звеномдо иштейсиң» деген Ракыя эжесинин сөзүн укканда Гүлсайра төбөсү көккө жете сүйүнгөн. Ошондон баштап жанын коёрго жер таппай, көңүлү элеп-желеп, убакыттын өтүшүн самап чыдамы кете берген. Жаңыдан күчкө толгон жаш чынардай өмүрү толукшуп, кайраты жанып турган Гүлсайра үчүн эмгек дегениң өзүнчө бакыт, кызуусу тарабас кумар болуп турган.

Эмгекти сүйө билген дилгир мүнөздү тээ кенедей кезинде эле энесинен мурас кылып калган. Ыраматылык энеси Шаарбала Каптал-Арык айлынын алгачкы коммунисттеринен эле. Колхозду курууга активдүү катышкан. Ошондогу бир окуяны Гүлсайра ушул күнгө чейин унутпай жүрөт.

Бир жолу курсагы ачып:

— Апа, нан жейм,— деп калды.

— Жүрү, чүрпөм,— деди Шаарбала эне, кызынын колунан жетелеп,— азыр курсагың тоёт. Тигил кырманга баралы.

Талаада оруу-жыюу жаңы башталган кез. Сапсары болуп бышып, алтындай жайкалган буудайды орокчулар четинен оруп, чөк-чөк кылып боолап жатышкан. Анан аларды арабалап кырманга жеткизип, ал жерде молоташтар дүпүл-

дөп, темин бастырылып, саратан жайдын ушул маалы өзүнчө эле азан-казан болуп шаңга батып турган.

Алар кырманга келишкенде жаңы бышкан нандын жыты бур этип, боз үйдө тамак жасап жаткан Ажар жеңеси ажарлуу жүз менен тосуп алган.

— Гүкөнгө нан берчи, жеңеси, эртеден бери наар ала элек,— деди энеси...

Ошондогу жеген наны ушунча таттуу, таңдайдан даамы кетпес бир өзгөчө нан эле.

— Жаңы буудайдын наны, кызым,— деди энеси жетине албаган сүйүнүч менен,— береги талаадагы буудайды көрдүңбү. Ошондон жасалды. Ала жаздан бери бапестеп бактык эле. Эми минтип, ырыскысын төгүп отурат. Жерден айланайын, мээнетинди жебейт го... Эмгек менен жерди сыйла, кызым. Ошентсең, өмүрүндө кор болбойсуң. Жер баккандыкы, бага билсең баарын берет, энедей ийип, жемишин төгүп турат.

Энесинин ошондогу сөзү, маңдайын кашкайтып чалкыган буудай талаасына ой, кубаныч аралаш суйсала карап турган түрү Гүлсайранын азыр да көз алдында. Мына эми, өзү да жүрөк — дили менен ушул берекелүү талааны дегдеп, ошол куттуу жерде эмгек жолун баштаганы отурат...

Уйду кантип сааганын да, чай кайнатып, аны кантип ичишкенин да Гүлсайра анча байкаган жок. Ой, бүт турпат-дили жаз демине чымырап жаткан айдың талааны беттеп, ошого айланчыктай берди...

...Кетмен, калактарын көтөрүшкөн кызылчачылар ушул ачык асмандай көңүлдөрү толукшуп, шатыра-шатман элпек басышып, кызылча талаасын көздөй келатышты. Тээ чыгыш тоолорунун нары жагынан жаңыдан кылтыйган күн алтын нурларын төгүп, мемиреген тынч айлана чайыттай ачылып жаркырап турду. Талаанын таза абасы, жер менен чөп жыты буруксуган жазгы жел, шаңкайып жаткан чексиз дүйнө көңүлдө бир сонун куштарлыкты ойготуп, жашоого, чоң максаттарга чакыргандай болот.

Көөнөргөн эски көйнөгүнүн үстүнөн чыптамасын кийип, башына бир байлам кызыл жоолук салынган Гүлсайра тамылжыган акжуумал жүзүндө күн нурлары ойноп, көздөрү бир аз жүлжүйө, кыялдана карап, ууртунан жарашыктуу жылмаю кетпей кызылчачы аялдардын ортосунда келатты. Сөздөн да, иштен да тажабаган шайыр мүнөз Ракыя эже күлкүлүү кептердин түрмөгүн чубап, шыңгыр күлкү дуу эте жаңырып, ушул тынч талаанын койнуна чачылып кетип жатты. Шайыр, ишке дилгир, турмуштун өзүндөй карапайым адамдар менен чогуу бараткандыгы

үчүн, ушул күндөн тартып булар менен эмгектин ысык-суугун, кубаныч, түйшүгүн бир бөлүшө турганын ойлоп Гүлсайра бактылуу. Жүрөгү ысып, андан бир жылуу сезим толукшуй түшүп, кубандырып, сыймыктандырып жиберди.

Согуштан кийинки жылы кызылча талаасын сары чырмоок абдан катуу басып кеткен. Каардуу согуш элди гана эмес жерди да аздырып койгон. Семирткичтер жетпегендиктен жер арыктап, айдоо аянттарын отоо чөптөр басып калган. Талааны отоо чөптөрдөн арылтуу үчүн талыкпастан бел чечпей, чарчаганды унутуп, түрүнүп коюп иштеш керек эле. Эмгек чыйырына түшкөн биринчи эле күнү Гүлсайра ушундай чоң сыноого туш болду. Сары чырмоок баскан кызылча талаасы жүдөгөндөй үрпейүп аянычтуу жатты. Суюлтуудан мурда жөөктөрдүн ортосундагы отоо чөптөрдү кетмендеп чаап жоготуу керек эле.

Жумакүл Жумагулова деген келин менен катар иштеп калды Гүлсайра. Экөө кетменди атаандаша чаап, каруулары уюп белдери талыса да далайга эс алышпады. Чекелеринен тер мончоктоп агып, нымдуу борпоң топуракка таамп жатты.

— Эй, кыздар, күчүңөрдү үнөмдөп иштегиле,— деди Ракыя эже шаңкылдап,— кечке дагы көп бар. Зоругуп калып жүрбөгүлө.

Экөө ага караган жок. Улам бири-бирине алдыртан көз жиберип, кээде көздөрү чагылыша түшсө, кудуңдан жымыя калышып, ортолорунда бир чоң мелдеш бардай биринен бири өтүп дилгирлене иштешти.

Кечинде үйгө кетип баратышканда Ракыя эже экөөнө алмак-салмак карап жетине албай кубанып сүйлөдү:

— Күчүңөргө баракелде, кыздар. Иштин майын чыгардыңар. Эми эртең кыйналбасаңар эле болду. Этиңер ооруксунуп калаар бекен...

Гүлсайра Ракыя эженин айтканын капарына да алган жок. Анткени ал өзүн жакшы билүүчү. Кенедей кезинде кетмен чаап, эмгекке жедеп бышыгып алган. Короодогу жүгөрүнүн отоосун өзү эле бүткөрүп, зымылдата багып алуучу.

Арадан бир жума өттү. Кызылчачылар далайын эңшерип, бир топ арбытып коюшту. Гүлсайра баягы темпинен жанбай кабагым-кашым дебей, суюлтууну бир калыпта жүргүзө берди. Шыңга бойлуу, арыкчырай, көп сүйлөбөгөн токтоо, сыпайы сылык мүнөздүү ушул жылдыздуу келин талыкпай иштеген ак эмгеги менен кызылчачыларга жагып калды. Бирге иштеген кесиптештерине өзү да акырындап көнүп, уяң мүнөзү ачылып, жумуштан кайтып келат-

канда коңур салкында талааны терметкен ыр ыргагына кошулуп, андан ыракат алып, эмгек адамынын бактылуу турмушуна билинбестен аралашып кетти.

Баягы калың чөптүн арасынан кылтыйып араң көрүнгөн кызылчалар эми кадимкидей торолуп, жалбыректары калдайып, көздүн жоосун алып көк жашыл тарта жайкалып калган. Кызылчачылар үчүнчү чабыкта иштеп жатышкан. Күн узарып, желп эткен жел жүрбөй талаа үстүндө закым уюй баштаган кез. Ошол күнү Гүлсайра жумушка араң эле чыкты. Бүткөн бою талыкшып, башы салмактанып ооруп, көзү караңгылап көңүлү айнып турду. Бирок боюн жыйып, кетмендин сабын бекем кармап чымырканып иштей берди. Эч кимге сыр бербей өтүп кетээр деген үмүт менен түшкө чейин чыдады. Түштө чай ичип жатышканда звеновой Гүлсайранын керсары жүзүнө үңүлө карап чочуп үн катты:

— Өңүң жок да, Гүлсайра эмне болду, сага?

— Эчтеке эмес, эже.

— Ооруп турасың го, дейм.

— Жок, ооруган деле жокмун.

— Калп айтпа, кызым. Ооруп калсаң керек...— Звеновой ордунан лып туруп келип, алаканы менен Гүлсайранын чекесин басты.

— Ой, кокуй десе,— деди карбаластай кейип,— чекең от менен жалын, айланайын. Ооруп калган турбайсыңбы. Күн өтүп кеткен го.

Баятан бери чымырканып араң отурган Гүлсайра эми мууну бошоп шалдая түштү, көзү ымыр-чымырланып окшуп жиберди, тула-бою от менен жалын муундары какшап ооруп, башы мурдагыдан да катуу айлана баштады...

Гүлсайра жумушка үч күн чыккан жок.

...Эртең менен өзүн жеңил сезип чыйралып ойгонду, өзүнчө ыракаттана жылмайып алды. Эмгек талаасын жүрөгү туйлап сүйүнүп ойлоду, ушул үч күндүн ичинде аны ушунча сагынып, самап калган экен. Бул жөн эле жаштык кыял эмес болучу. Бул — бир адамдын жан-дүйнөсүнө зорго сыйган, каны-жаны менен кошо жаралган чоң сезим эле, эмгекке бүт дити менен берилген адамдын жүрөк түпкүрүнөн агып чыккан, нурдай жайнап өмүр бою өңү өчпөй калаар сезим эле.

Жайкы саратан келип, ысык закымдан талаа күйүп турду. Бир тамчы суу алтынга барабар болуп, кант кызылчасын күнү-түнү сугарган түйшүктүү күндөр өтүп жатты. Кызылчачы аялдардын жармысы сугатта, жармысы короолордон кык чогултуп, аны арабалап талаага ташып жүрүштү. Кык чыланган суу менен сугарууну ошол жылы биринчи

колдонушкан. Ал дагы жаны тынбаган мээнеткор киши — Ракыя эженин акылынан чыккан.

Бир күнү звеновой Гүлсайрага түнкү сугатка барабыз деп калды. Түнкү сугат бардык эле звенолордо уюштурулбагандан улам түн ичинде суу кенен болучу. Каалашынча жыгып алып шымалана сугара берсең өз эркиң. Түн бакырдыкы, кой, ай деген киши болуучу эмес.

Жайдын түнү коңур тартып мемиреп турат. Жылдызы жыбыраган кенен асман төбөдө көмкөрүлүп, толукшуган ай сүттөй нурун төгөт. Ак жарык нур жамынган талаанын ысыган көөдөнү бир аз салкындап, бейпил тынчтыкта көөшүп жатат. Саратандар чыркырай сайрап, ал ушул бейкуттуктун өзгөчө бир жарашыгы сыяктанат.

Ракыя эже менен Гүлсайра сууну жаңы аянтка жыгып, арык жээктеп келатышты.

— Ай, ушул арыктардыкы өттү,— деди звеновой кейий сүйлөп,— эски арык эски чапанга окшош, бир жерин бүтөсөң башка жеринен жырылат. Мына дагы... биерди да жырып кеткен тура... — Бет алдына үңүлө карай берип, жаны кашайган түр менен бакылдап коё берди. — Кара баскырдыкы десе, такыр эле алып кетиптир... Эми эмне кылабыз, аңырандаган сууну кантип бууйбуз. Кой, «көк бука» байлашты кылбасак болбойт...

— Ал эмне, эже,— деди звеновойдун сөзүнө түшүнбөй калган Гүлсайра.

— Ээ, азыр билесиң, кызым. Андан көрө тигил узун чөптөрдөн кетменде чаба бер. Жүрү, экөөлөп чабалы...

Экөө алыштын жээгиндеги жалбыз, эрмендерди кыякыя чабышып, бир топко жүрүштү. Анан чөптү төрт-беш боо кылып боолашты да, аңдап кеткен арыктын жанына көтөрүп келишти.

— «Көк бука» байлашты эми көрөсүң, кызым,— деди Ракыя чекесиндеги терин сүртүнүп. Суу алып кеткен жерге бооланган чөптөрдү коё салып, жыңайлак буту менен тебелей баштады. Баятан бери ээ-жаа бербей аңырандап жаткан суу кан буугандай токтоду. Арык менен көлкүй агып, кызылча талаасына сапар чекти.

Суу кулактар менен жылжып, кызылча аянтына жайыла баштады. Какшыган жер чери жазылгандай коңур тартып, сууну ыракаттана шимирип жатты.

— Жаны бир жыргасын,— деди Ракыя өзүнчө эле кудуңдап, түбүндө суу көлбүп жаткан кызылчаларга сүйгүнчүктүү карап. Кызылчалар сууну улам көп ичкен сайын звеновой сүйүнүп, мандайынан жылдызы төгүлүп, жетине

албай жадырап, жайнап, чарчаганын билбей ылай кечип, ала терип жүрдү.

Гүлсайра да өзүнүн устатынан калышпоого аракет кылып, экөөнүн жүрөгү бир сезимде согуп жатканын сезип, андан өзү да чыйралып, суу дагы, кызылча дагы, айлуу түндө мемиреп жаткан талаа дагы өмүрдөгү кыйбасындай туюлуп, ыракаттанып, көңүлү толкуп иштеди. Ошентсе да ал Ракыя эжесинин кажыбаган кайратын, аянттын дөңчүңкурун түн ичинде да жазбай таап, сууну жетелеп жеткирген күжүрмөндүүлүгүн, чарчап-чаалыкпаган демдүүлүгүн көрүп ага эрксиз суктанды.

— Эмгек дегениң ушундай, кызым,— деди звеновой кетмендин мизин жалт эткизе чым чаап жатып,— «түйшүгүң катуу болсо, татканың таттуу» дешет элибиз. Эринчээк кишинин этеги толбойт, эмгекчил кишини эл сыйлайт. Сен эмгекчилсиң, кызым. Биринчи күнү эле байкагам. Ошол мүнөзүңдөн кайтпа. Өжөр, туруктуу бол. Алдыңа максат койсоң аны аткармайынча тынба. Чыдап, чымырканып аягына жет. Ошондо гана эл урматына ээ болосуң. Түшүндүңбү?

— Ооба, эже, түшүндүм.

— Жүрү анда. Төмөнкү кулакты ачып келели. Быяктан барган суу бошко кетпесин. Жайыла берсин.

Экөө кетмендерин ийиндерине салышып, төмөнкү аянтты көздөй жөнөштү.

Чыгыш жак ала-буурул тартып, акчаңгылданган асмандан жылдыздар өчүп, жайдын коңур таңы кылая баштады. Табият таптаза болуп жаңырып, ак шоолалуу чатыры жайылып, жаңы күндү көздөй акырын түйшөлө сермелип келатты.

Экөө таң атканча сугарышты. Кызыл ашык какшап, каруудан күч кетти. Бирок Гүлсайра баарына чыдады. Керилип кетмен чаап, тизеден балчык кечип, эмгекчил эжесинен калышпоого аракет кылды. Улам кыйналган сайын кайратка бекип, алы кетип кол шалдайган сайын өжөрлөнүп иштей берди. Агыш нурга бөлөнүп, ак жаркын шоокум салып, атып келаткан таң айрыкча сулуу, айрыкча көркөм эле. Гүлсайра мындай таңдардын далайын көргөн. Бирок, азыркыдай кооз, жүрөктү кубандырган, көңүлдү чалкытып, өмүр бою унутулбай кала турган таңды али көрө элек эле. Анткени, бул таң өзүндөгү майышпас күчтү сезип, ошого сыймыктанып, келечекки максат майданына тартынбай барууга бел байлаган, өз күчүнө ишенип калган таң болучу. Өзүн келечекке, өмүрдөгү күрөштүн дań-

гыр жолуна алып чыгаар, улам бийикке сермелдирип отурар чыйыры болучу.

* * *

Себүү марттын жыйырмасында башталган. Андан бери бир жума өттү. Күн жаркырап тийип, жумуш үзгүлтүк болбой арбыганына Гүлсайра аябай сүйүндү. Азыр да сепкичке отуруп, борпоң боз топурак жамынып суналып жаткан талаанын бирде тигил учуна, бирде бул учуна чыгып, үрөндү өзү сээп жүрдү. Ошол маалда өзүн көздөй жүгүрүп келаткан келиндерди, алардын эң алында чымын-куюн болуп чуркаган айылдык кыз Бүкөндү көрө койду. Жанына жетип келген Бүкөн энтиккенин баса албай, «эже» дегенден бөлөккө тили күрмөлбөй бирдемелерди башаламан кыйкыра берди. Тигилерди көргөн Василий тракторун токтотуп эмне болуп кетти дегендей кабинадан мойнун созуп аңыраят.

— Эже, баатыр болупсуз,— деди эки бети албырып, көзү жалжылдаган Бүкөн.

— Эмне дейсиң, кызым? Кандай баатыр?!

— Ооба, эже. Социалисттик Эмгектин Баатыры болупсуз.

— Ким айтты, аны сага?

— Радиодон уктук, эже. Азыр эле уктук... Анан, угуп эле сизге жүгүрдүм.

— Оозуңа май, кызым! Оозундан айланайын...

Гүлсайра башка эмне дээрин билбей жүзүнөн нур жаап турган ушул аксаргыл кызга мээрими төгүлө жалдырай карап дал болуп туруп калды. Жүрөгү дүк-дүк уруп, көөдөнүнөн чыга каччудай туйлап, тула боюн заматта тер басып кетти. Жанына жете келишкен аялдардын биринен бири өтүп, жамыраган козудай чуру-чуу түшүп куттуктап жатышканы да, кечки ымырттын алдында тунуп жаткан эмгек талаасы да, Гүлсайрага өмүрү өткөнчө эстен кетпей турган сонун элестей болуп көрүндү.

Жаздын жандан өткөн суугун, жайдын аптабын, кыштын кычыраган аязын өзү менен бир көрүшкөн, өкүнүч, кубанычтарды бирге бөлүшүп, эмгектеш, ырыскылаш болушкан ушул карапайым, мээнеткеч адамдар чын көңүлдөн агып чыккан сүйүнүчтөрүн айтышты. Кесиптештеринин жүздөрүнөн көңүл отун, ак жаркын ниеттерин көрдү, Гүлсайра. Ар бирин кучактап өпкүсү келди, өзүнө келген ушул чоң сыймыкты бөлүштүргүсү келди.

— Ырахмат,— деди. Толкунданып аптыга сүйлөдү. — Силерге чоң ырахмат, курбуларым. Бул наам баарыбыздыкы. Мында баарыбыздын үлүшүбүз бар. Силерсиз менин колумдан эмне келмек. Ушунча атакка жеткиргениңер үчүн силерге миң-мертебе алкыш... Мына, Маспур, Жумакүл, Гүланда, Сайна баарыңар турасыңар. Канча жылдан бери коюн-колтук алышып чогуу иштеп келатабыз. Далай кыйынчылыкты көрдүк, далай-далай ийгиликке жеттик, бири-бирибизге жөлөк болдук, жеңиш үчүн жапа тырмак күрөштүк. Ал эми бул Василийчи... Кызылча талаасына келгенден бери билем. Аныкдыйкан деп ушуну айтышыбыз керек. Өзүбүз көрүп эле жүрөбүз го...

— Ой, ой, Гүлсайра, ашыра мактаба,— деди тракторист чын дилинен каткырып,— мактасаң иштебей коём, эжекеси.

— Мактаганым жок, чынын айтып жатам.

— Туура,— деди Гүланда,— чынында эле Василийдин эмгеги чоң. Мактоого татыктуу элесиң. Чычалабай элекой,— деп ачык үнү менен шаңкылдап күлдү.

...Гүлсайра үйүнө каш карайганда келди. Кызы Сайрагүл эшиктин алдынан тосуп алып мойнуна асыла кетти.

— Куттуктайм, апа,— деди эреркеп.

— Ырахмат, айланайын, үйдө ким бар.

— Өзүбүз эле. Анан... Ракыя эжем отурат.

Ракыянын атын укканда жүрөгү бир булкунуп, тулабоюн бир сонун сезим дуу этип каптап өттү. Ушул кубанычтуу учурда жанындай жакшы көргөн устатынын үйгө келип күтүп отурушу азыркы сүйүнүчүнө кошул-ташыл болуп, төбөсүн көккө жеткире сыймыктандырып койду.

— Ой, баатыр десе, мынча эмне кечиктиң я,— деди Ракыя үнүн шаңк-шаңк чыгарып. Анан, ордунан элпек туруп, бир кездеги шакиртинин жанына келди да: — Келчи, кызым — деп, бек кучактап бетинен өптү. — Куттуктайм, айланайын. Ишеничимди актадың. Аз да болсо таалим көрсөттүм эле. Ошонун өтөсүнө чыктың, кызым. Устатынан шакирти өтөт деген ушул. Мен жетпегенге сен жеттиң. Ырахмат кызым,— деди кубанычы койнуна батпаган Ракыя.

Ракыя Чодронова мындан он жыл мурда пенсияга чыккан. Ошондо ал звено мүчөлөрүнө карап, кандайдыр бир муңайымдуулук менен күрсүнүп алып мындай деген:

— Колдо каруу барда күчүбүздү аяганыбыз жок, колхозубуз үчүн аздыр-көптүр үлүшүбүздү коштук. Эмки кезек жаштардыкы. Ишти уланта турган, биз жетпегендерге жете турган силерсиңер: эми Гүлсайра звеновой болсун. Он

жыл өзүм тарбияладым. Алыска кетээр чабыты бар. Эмгекчил, иштин көзүн билет...

— Бул — 1955-жыл болучу. Ошондон тартып Гүлсайра колхоздун № 3 бригадасында звеновой болуп иштей баштады. Арадан заматта эле он жыл өтүптүр. Эмгек баатырлыгына чейин басып өткөн жолу, көптөгөн түйшүктөрдүн, күрдөөлдүү ийгиликтердин жолу ушундай экен. Он жылдык өмүр аны кант кызылчасын өстүрүүнүн устатына айландырган экен.

Жерди иштетүүнүн алдыңкы ыктарын, прогрессивдүү эрежелерин колдонуунун аркасында звенодо түшүм жыйноо жылдан жылга жогорулап отурду. 1960-жылы звенонун мүчөлөрү ар гектар кызылча аянтынан алты жүз элүү центнерден түшүм өстүрүшүп, район гана эмес, бүт республика боюнча алдыга чыгышты. Коллектив бул ийгилигинен жетинчи беш жылдыктын ичинде да төмөндөгөн жок. Кызылчачылар күн-түндөп талаадан кетпей талыкпай эмгектеништи. Акыры алардын эмгеги жогору бааланып жетинчи беш жылдыктын жыйынтыгында звенонун башчысы Гүлсайра Сулаймановага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам ыйгарылды.

...Гүлсайра он жылдын ичинде ушундай зор эмгек тажрыйбасына ээ болду, күн-түндөп талаада эмгектенип жүрүп, иштин көзүн таап, жер сырына канығып жүрүп, кызылча өстүрүүнүн чыныгы устатына айланды. Эми минтип, эмгеги жогору бааланып отурат. Мунун соңунда канчалаган жоопкерчилик, милдет бар. Атак-даңк менен урмат-сыйдын салмагынын канча оор болорун Гүлсайра азыр биринчи жолу түшүндү. Бир аз сестендирип, бирок кайратка үрөп чыйралдырган сезим жан-дүйнөсүн аралап өтүп, андан өзү жеңилдене түшүп, бир түрдүү ишенимге бекип, жүрөгүн токтотуп, белин буып алды. Кыйналган сайын чыйралып отурган, ийгиликтерден ийгиликтерге талпына берген адамдардан болгондуктан звеновой жаңы жоопкерчиликти жигердүү дем менен тосуп алды.

...Күрдөөлдүү күздүн коңур салкын күндөрүнүн бири. Кара костюмуна алтын жылдыз тагынган Гүлсайра автобуста келатты. Кашкайган көк асмандан күн жаркырап, айлана тынчтыкка батып мемиреп турду. Эгини эбак жыйналып алынган талаа саргыч тартып суналып, жолдун эки тарабында көөшүн жатты. Эмдиги жылы кант кызылчасын ушул талаага эгишээрин ойлоп, звеновой саргыч мейкинге мээри түшүп, ичи жылып келатты.

— Каякка барасың, Гүлсайра? — деди жанында отурган айылдашы.

— Райкомго.

— Ии,— деп койду тигил иштин жүйөсүнө түшүнгөндөй компоюп,— баягы депутаттык ишиң боюнча го...

— Жок, башка... — Эмне үчүн баратканын айтайын деп келатып оозун жыйып алды.

Бүгүн партиянын райондук комитетинде бюро болмок. Анда Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын катарына жаңы мүчөлөрдү кабыл алышмак эле. Гүлсайра ошого бараткан. Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө өтүү үчүн бараткан. Бирде кубанып, бирде көңүлү уйгутуйгу болуп, тула-боюн сүрдөө басып, экзамендин алдындагы окуучу сыңары толкунданып жаткан...

...Кызылчаны жыйноо кызуу жүрүп жатты. Звеновой убакыттын көпчүлүгүн талаада өткөздү. Плантациядагы кызылчаларды автомашиналар заводго күндүз ташып үлгүрө албагандыктан түн ичинде да иштеп жатышты. Анткени, тазаланган кызылчаларды талаада жаткырып коюуга болбойт эле. Кызылча көп жаткан сайын салмагы да азайып, канттуулугу да жоголо бермек. Ушуга жол бербөөнүн аракетинде жүргөн Гүлсайра күн менен түндүн айырмасын да унутуп калды.

Бир күнү кызылча талаасына колхоздун председатели Петр Гаврилович Худотеплов келди. Иш менен таанышып, ал-жайды сурашкандан кийин эмне үчүн келгендигинин жөнүн айтты.

— Мектептин курулушу токтоп калыптыр. Эртең менен прораб келип айтты. Курулуш материалдары жок дейт. Сага Фрунзеге барууга туура келип жатат. Түз эле курулуш министрине кирбесең болбойт. Башка жактан эч нерсе чыкпоочудай. Кызуусунда аракеттенбесек көпкө өксүп калганы турабыз.

Гүлсайра кызылча талаасына кыйыла карап ойлоно түштү.

— Түшүнөм,— деди председатель камыккан үн менен,— бирок эмне кылабыз, айла жок. Эптеп барып келбесең болбойт. Биерде ордуңду жоктотпойбуз...

— Анда барып келейин.

...СССР Жогорку Советинин депутатына шайлоочулар бир топ сунуш-талаптарды беришкен. Ошолордун ичинде райондук оорукананын имараты, кир жуучу комбинат, Жайылма айылындагы медпункт, Панфилов селосундагы эки кабаттуу мектеп бар болучу. Ушул курулуштарды тездетүү үчүн депутатка көп иштерди аткарууга туура келип жаткан. Убакыт жок, күндөлүк иштен кенедей да колу бошобойт. Бирок баарына үлгүрүү, элдин ишенимин актоо,

эл үчүн кызмат кылуу керек, Коммунист жана депутат катары эл милдетин аркалап, күчтү да, убакытты да таап, ардактын, ишенимдин ушул жолунда чарчап-чаалыкпай алдыга бара берүү керек болучу.

Ата-энесинен эрте ажырап, турмуштун ысык-суугун көп көргөн бир кездеги секелек кыз азыр чырпык чынарга айлангандай ак эмгеги менен эл кадырына, сый-урматына ээ. Бийик асмандын астында, ырыскысын мол төккөн даркан жерде тамыры тереңге кетип, мөмөсү төгүлүп, бактысы ачылып, дагы эле эмгектенип, дагы эле ийгиликтерди жаратып жаткан...

Ошол жыл айрыкча кургакчыл болушу менен айырмаланды. Анын бүт түйшүгүн биринчи кезекте дыйкандар тартышты. Бүт кайрат-жигерин салып эмгектенген ушул карапайым адамдар чынында эле суктана турган каармандык иштерди бүткөрүштү. Бул каармандык ишке Панфилов районундагы Панфилов атындагы колхоздун звеновою, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXVI съездинин делегаты Гүлсайра Сулайманова да чоң үлүшүн кошту.

Гүлсайра эмгек талаасына күн сайын келүүчү. Талаа кургап, боз топурак болуп жатты. Жаан жок. Жаздын күнү адаттан башкача чакыйып турат. Топурак алдын чукулап, себилген үрөндү алаканына салып айландыра карады:

— Жок, бул өнүп чыкпайт,— деди агрономго айласы түгөнө карап,— кайра себүүдөн бөлөк айла жок.

— Ошентебиз да,— деди агроном карбаластап,— себелик. Убакыт күтүп турбайт.

Бул — эң кыйын учур эле. Үрөндүн чыкпай калышы кол жууп отуруп калуу менен барабар. Дайыма тайманбас күрөштөн бүткөн ушул турмушта эмне деген гана кыйынчылыктар болбойт, ошол күрөштө адам кандай гана кайрат-жигерди, чыдамдуулукту көрсөтпөйт. Өмүрүн туу кылып сайып, бир үзүм үмүткө бел байлап, жеңиштүү турмуштун салтанаты үчүн жанын таштап салгылашат эмеспи...

Гүлсайралар да табият кырсыгы менен ушундай күрөштү баштады. Үрөндү сууга чылап алып, бүт плантацияга кол менен бирден отургузмай болушту. Бул ишке бүт кыштактын эли жардамга келди. Таңдан башталган жумуш каш карайганга чейин токтолбоду. Иштин жагдайына түшүнгөн эл бир кишидей жапа тырмак, чарчадым-чаалыктым дебей белсенип иштешти.

— Бул да чыкпай калса эмне кылабыз, эже,— деди Бүкөн Тентекова звеновойго сестее карап.

— Чыгат, кызым,— Гүлсайра ишенимдүү жооп берди. — Сууга чылап тигип жатпайбызбы. Нымдуу үрөн жылуу топурактан тез эле өнүп чыгат.

Мындан он жыл мурда өзүнүн Социалисттик Эмгектин Баатыры болгонун биринчи сүйүнчүлөгөн секелек кыз Бүкөн азыр өз звеносунда иштейт. Иш дегенде сүйүнүп турган илбериңки келин. Райондук Советтин депутаты. Келечекте звенону башкарып кетүүчүлөрдүн бири ушул деп сыймыктануу менен ойлоду Гүлсайра. Сын элегинен өткөрүп, баасына толтуруп өзүнчө кубанып алды. Өтмө катарлык деген ушул го, сыягы. Бири баштаган ишти экинчисинин улантышы, турмуштун үзүлгүс тутуму ушул го. Турмуш — бүтпөгөн күрөш, улам жаңы жеңиштер экен го.

...Жай чилдеси келип, талаа үстүндө закым тирелип ысык керимсел жүрүп турду. Баягы жаз алдында бирден отургузуп, кулактан тартып өстүргөн кызылча азыр көк жашыл тартып, талаанын көркүн ачып көйкөлүп жатты. Көп күчтү жумшап өстүргөн өсүмдүк эми ысык керимселдин коркунучуна туш болду. Сугарган сайын канбай суу сурап чаңкай берди.

Бул тилке тегиз эмес, өңгүл-дөңгүлдүү болгондуктан кол менен сугарып жатышкан. Мындан отуз жыл мурда Ракыя эже менен алгачкы түнкү сугатка чыккан жер ушул. Баягы эле талаа. Эски арыктар гана жок. Анын ордуна бетон арыктар курулган. Суу талаага көздү ачып-жумганча жетип келет.

Арыктын башында кык чылоо үчүн жасалган чакан көлчө бар. Ошол көлчөгө кызылчачы аялдар улам кык кошушуп, анан ал сууга аралашып кызылча талаасын көздөй жол тартат. Бул ыкма кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жакшы шарттарды түзүүдө. Ошондуктан «ширин суу» деп аталган бул сугатты республиканын бардык жерлеринде ийгиликтүү колдоно башташты.

Азыр бул аймакта эки сугатчы иштеп жатат. Анатолий Шевцов менен Сартпай Дүйшөнбеков талаанын тээ төмөн жагында жүрүшкөнүн Гүлсайра алыстан эле көрдү. Анан арыкты жээктеп ошол жакты көздөй басты. Бир кылка тартып жайкалып турган кызылчаларды көрүп көңүлү сүйүндү. Көк жашыл өңүнөн өчүрбөй кубат болуп суу гана кармап турганын ойлоп өзүнчө санаага да батып кетти. Анткенинин да жөнү бар эле. Кээде суу көп жатып калып, ошол себептүү кызылчанын түбү чирий баштап, ар кандай илдетке учураганын башынан далай жолу өткөргөн. Айрыкча, ой-дөңгүлдүү, тегиз эмес ушул тилкеде мындай кокустуктар көп болуучу. Ошол себептүү бул жөнүн-

до сугатчыларга дайым эскертип, кулактарына куюп, алдын алып туруучу.

Азыр кызылча талаасын кыдырып баратып, андай жаман белгинин жок экенин кандим көзү менен алыстан эле көрүп, өзүнчө кубанып, көңүлү чалкып кетти. Бирок, звеновойдун кубанычы узакка созулбады. Көк жашыл талааны сыдыра карап келатып, плантациянын чок ортосунан, узун-туура арыктардын кошулган жеринен кара кочкул тартып өскөн жалбыректарды көрө койду. Ошол кичинекей тилке аянттын башка жеринен өзгөчөлөнүп, көзгө бир караганда эле урунду.

Звеновой эми туура арыктын жээгине салып, ошол кара кочкул тилкени көздөй тез-тез арыштап жөнөдү. Кептин баары ушул жерде экен деди ичинен. Көз жаздымында калтырышкан экен, оңбогурлар...

Кара кочкул жалбыректуу кызылчалардын жанына келип, мында суунун көп жатканын, аянт алиге тоборсубай баткак болуп турганын көрдү. Кызылчанын жалбыректары шоодой болуп өтө бийик өсүп кетиптир. Канттын баары жалбыракка чыгып, түбүнүн өспөй калышы ушинтип, суунун көп жатканынан болоорун Гүлсайра эчактан бери билүүчү...

— Бул эмне кылганыңар,— деди жанына келген сугатчы Анатолийге капалана карап,— баш-көз болот деп ишенип тапшырсак, кылганыңар ушубу?

— Күнөөлүбүз,— деди сугатчы мокой, уяла жооп берип,— бирок биз ойлобогон иш болуп калды. Сууну кийинки арыкка жыгаарда бул жерде ачылган кулакты ошол боюнча калтырып кетиппиз. Анан жогорку чоң алыштан суу жырып кетип, түз эле ушул тилкеге жайылып чыгыптыр. Кийин көрүп калдык.

— Ушул жагына сак болгула дебедим беле,— анча деле эчтеке болбогонуна көзү жеткен звеновой жумшарып, бирок жоопкерчиликти жүктөй сүйлөдү: — Мол түшүм алалы деп ала жаздан бери алышып келатабыз. Анан, ошончо түйшүктөнүп, эми түшүмүн жыйнаар кезде чалагайымдык кылсак, айтчы, Толя ушул акылга сыяр ишпи.

— Албетте,— деди сугатчы кабатырлана сүйлөп,— баарыбыздын тилегибиз эле мол түшүм эмеспи. Жакшы эле аракеттенип жатабыз. Мындай иш экинчи кайталанбайт, жолдош Сулайманова...

...Казуунун алдындагы соңку сугат жүргүзүлүп жаткан кезде жазуучулар келет экен деген кабар тарап калды. Колхоздун председатели Петр Гаврилович Худотеплов атайы келип: — Эртең жазуучулар келет. Партиянын райондук ко-

митетинин биринчи секретары баш болуп тосуп алганы жатат. Тосууга сен да барасың. Камына бер. Сенин кызылчаларынды да көрүшөт,— деди.

Бул Совет адабиятынын Кыргызстандагы Күндөрү башталган учур болучу. СССРдин жазуучулар Союзунун секретары, акын Олег Шестинский жетекчилик кылган советтик жазуучулардын бир тобу чыны менен эле Гүлсайранын талаасын келип көрүштү. Көркөм сөз чеберлеринин арасында белгилүү акындар Кайсын Кулиев, Олег Шведов, Миртемир, Борислав Степанюк жана башкалар бар эле. Ошондо Кайсын Кулиев менен Гүлсайра Сулайманованын кызылча талаасындагы аңгемелешүүсүн биз да укканбыз.

— Он бир баланы тарбиялап өстүргөн Баатыр эне, Социалисттик Эмгектин Баатыры Гүлсайра, Сиздин алдыңызда башыбызды иебиз,— деди Кайсын Кулиев,— анткени, сиз дүйнөдөгү адамдардын эң ыйыгы — энесиз, дүйнөдөгү адамдарын эң ардактуусу, урматтуусу — эмгек баатырысыз. Ушул экөөнү жупташтырып алып жүргөндүгүңүз үчүн Сизге чын дилибизден ыракмат. Биз, акындар сиз өндүү урматтуу адамдардын астында чоң карыздарбыз...

Сөз чеберлеринин жылуу сөздөрү, жупуну эмгегин жогору баалашкандары Гүлсайранын күчүнө күч кошту, карапайым кызылчачы болгону үчүн сыймыктандырды. Анан казуу башталды. Жыл бою түйшүктөнгөн эмгектин түшүмү жыйналып жатты. Таң буурул тартып, жашыл талаа бетинде ак жаркын шоокум төгүлгөндө башталган жумуш кечки күүгүмгө чейин токтобой кызылчачылар чоң жигер менен белсенип иштешти. Түшүм үзгүлтүксүз поточтук ыкма менен жыйналды. Бул — кадимки жол менен жыйноого салыштырганда жалпы эмгек чыгымын төрт эсеге, анын ичинен кол эмгегин беш эсеге жана түшүмдү жыйноонун өзүнө турган наркын эки эсеге азайтат. Мындан тышкары, үзгүлтүксүз ыкманы пайдалануу кызылчаларды казуу менен тазалап кант заводуна жөнөтүүнүн арасындагы убакыттын кыскарышына да мүмкүнчүлүк түзөт. Кант кызылчасы заводго канчалык тез жөнөтүлсө, түшүмдүүлүк да ошончо жогору болот. Кызылча талаада көп жатып калган кезде анын салмагы менен канттуулугунун азайып кетээрин билген звеновой үзгүлтүксүз — поточтук ыкма менен жыйноону жан-дилинен коюп, өз ишинде колго алып кетти.

Жылдын кургакчыл болгонуна карабай Гүлсайра Сулайманова башкарган звено жүз он гектар аянттагы кант кызылчасынын ар гектарынан беш жүз отуз тогуз центнерден түшүм өстүрдү. Бул ийгиликти жаратууда звено мүчөлөрү Ж. Жумагулова, М. Кутманалиева, Г. Карабаева,

С. Медерова, Б. Тентекова, О. Дүйшөнбекова, Ы. Жумалиева, Р. Абдылдаева, Т. Касымова, механизаторлор В. Белозеров, Ж. Жумагулов, И. Пономарев мыкты иштешти.

...Панфилов атындагы колхоз Кара-Балта шаарынын батыш тарабында, андан жыйырма чакырымча алыс орношкон. Колхоздун борборунан ылдый, көгүш мунарга тунуп жаткан боз талааны бет алып, тасмадай созулган асфальт жол кетет. Ошол жол менен жүрүп отурсаңыз эмгек баатыры жашаган Жайылма кыштагына келип бир тиесиз. Кыштак ортодо. Жан жагында төрт тарабы кенелип, кең пейил энеге окшогон талаа көшүлүп жатат.

Гүлсайра өз талаасын, сагындырган балдары күтүп жаткан кутмандуу үйүн бет алып ушул асфальт жолдо келатты. Атактуу звеновой КПССтин тарыхый XXVI съездине катышып, андан чоң таасир алып, келечектеги дагы зор максаттар үчүн кайратка бекип чыйралып, жерин, талаасын сагынып кайткан эле. Ошол талаасы бет алдыда`керилип жатты. Андан жаздын деми келип, көөдөнүнөн буу чыгып, көзгө сүйкүм, көңүлгө медер болуп көөшүп турду. Ар бир арыгына, өңүт-жайыгына чейин көңүлгө жат болуп, көкөйгө сиңген куттуу талаасы ушул. Өмүрдүн эң сонун күндөрү ушул талаада өттү. Бактысы жайнап ачылды. Талаа ага бешик, өргө талпынган максатынын сүрөөчүсү болду. Ушул талаа бетинде жүрүп жадыраган жазды тосту, закым каптаган жай чилдесин өткөрдү, коңур күздүн күрдөөлдүү берекесин жыйнады. Даркан талаа жазында эне болуп төрөп, күзүндө көөдөнү чатырап ийип, мөмөсүн төгүп берди. Канча жаз, канча күз өттү арадан. Карап отурсаңыз, өзүнчө эле бир өмүр. Максат күрөшкө толуп, ийгилик менен жеңиштердин шаңына бөлөнгөн сыймыктуу, бактылуу өмүр...

Ушул маалда, өткөн өмүр көз алдынан сызылып зып этип өтүп жатканда чалкайган ушул талаа бетинде көйнөгүн желге желбиретип, чыгып келаткан күндү карай декилдей жүгүргөн кыз алыстан кызыл жоолугун булгалап, шыңгыр күлкүсү, толукшуган сымбаты менен айлананы жарк эткизип жандап өтө берди. Эмгек талаасына ашыга жүгүргөн ошол кызды Гүлсайра жазбай тааныды. Ал мындан отуз жыл мурдагы өзү экен.

Илбериңки чыйрак кыз ошол алыскы бир жаз көктөмүнө аралаш келечекке дегдеген үмүтү менен эмгекке кадам таштаган. Кубаныч, кайгысы ортоктош, бүт өмүр али алдыда эле. Максат менен күрөш да, эмгектен төрөлгөн бакыт да, аты алыска кеткен сыймык да али алдыда. Алдыда күн тынымын, түн уйкусун алган түйшүктүн, узак жылдарга созулган ак эмгектин ашуу-белестери жаткан...

...Гүлсайра эже өз өмүрү жөнүндө шашылбай, бир сонун нерсени улам эстеп жаткансып, бүт дити менен берилип сүйлөп отурду. Акылы жайнаган жазы маңдайынан, токтоо сергек караган көздөрүнөн, акжуумал, чымыр жүзүнөн ички кайраты жанып, эмгек адамынын жупунулугу да, өз күчүнө ишенген сыймыктануусу да баамдалып турду. Алыска аты кеткен адамдарга кезигип, алардын эң эле карапайымдыгын көрүп, булар элди суктандырып, таңдандырган эрк менен күчтү каяктан алышат деп ойлойсуң. Анан, алардын өмүрү жөнүндө термелеп сурап отуруп, булар чын эле ушундай экен го, өз ишине чындап берилген, эмгегине бүт өмүрүн, жүрөк жалынын арнап койгон адамдар экен го деген жыйынтыкка келесиң...

— Бир тууган партиябыздын XXVI съезди бүткүл коммунисттердин, совет элинин алдына эбегейсиз зор милдеттерди койду,— деди баатыр эже сөзүн жыйынтыктай сүйлөп,— даанышман ойлор айтылды, айкын максаттар баса белгиленди. Эми кептин баары чыгармачылык эмгекте гана калды. Талыкпай иштөө керек, улам жаңы жеңишке сермеле беришибиз керек. Бул — биздин коммунисттик милдетибиз, граждандык милдетибиз...

Б. АЛЫКУЛОВ



Малик АКЧАБАЕВ

Акчабаев Малик 1932-жылы Ош областынын Ленин районундагы Хиля айылында туулган.

Эмгек жолун 8-классты бүтүргөндөн кийин Калинин атындагы колхоздо иштөөдөн баштаган. 1962-жылдан ушул убакка чейин пахтачылык бригадасынын бригадири болуп эмгектенүүдө.

1974-жылы М. Акчабаевдин бригадасынын коллективи тогузунчу беш жылдыктын тапшырмасын ашыра орундатып 120 гектар пахта аянтынын ар гектарынан 53,6 центнерден түшүм алган. Онунчу беш жылдыктын эсебине мамлекетке 259 тонна «ак алтын» сатылган.

М. Акчабаев 1968-жылдан бери коммунисттик эмгектин ударниги. Өндүрүштү таштабай окуп жүрүп, 10-классты бүткөн. 1962-жылы ал КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган, коомдук иштерге активдүү катышат. Жолдош М. Акчабаев тогузунчу шайланган Кыргыз ССРинин Жогорку Советине, эл депутаттарынын Ош областтык Советине эки жолу депутат болуп шайланган. Калинин атындагы колхоздун башкармасынын мүчөсү. Коллективдин арасында кадыр-баркы бар. Жаштардын насаатчысы.

Өндүрүштө жараткан жогорку көрсөткүчтөрү үчүн ага 1979-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар менен сыйланган.



ДАҢКЫ КЕТТИ ДАЛАЙГА

Пахта эгүүнүн өзүнчө түйшүгү да, сыймыгы да бар. Пахта өсүмдүгү жаш баладай назик, нары сүйкүмдүү, нары чыргоолуу... Антип айтканыбыздын себеби, кайсыл мезгил болбосун ак була астейдил карап, кылдат мамиле жасоону талап кылат. Анын үлпүлдөк назик турпатына жараша канчалык мамиле жасай билсең, ошончолук береке табасың. Муну сырдана дыйкандар айттырбай билишет.

Онунчу беш жылдыктын акыркы жылдарында жаз айлары катаал келип, дыйкандарды бир топ түйшүккө салды. Алар зор сыноого дуушар болушту. Ар жылдын жазы ар башка болот тура. 1978-жылдын апрель айы... Ушул жылдын жазы жаанчыл болду. Аянтка эртең-бүрсүгүндөн чигит эгебиз деп бригаданын мүчөлөрү бардык даярдыгын көрүшүп, чигит эгүүнү күтүп калышты. Бирок күн өткөн сайын жаз жарышынын башталышы кечеңдегенден-кечеңдей берди. Иш көбөйүп, түйшүккө түйшүк кошулду. Нары эл алдында берген убадама, нары жылда милдеттенмеден ашырып түшүм алып берүүчү чегиме жете албай каламбы деген ойдо болду Малик Акчабаев.

Ал берекелүү кутман талаасына бул жолу да көндүм адатынча таң сүрөөр менен келди. Жаздын кеч келишинен улам пахта аянтынын чигит эгүүгө даярдалбай турганын көргөндө өзүнчө күңгүрөнүп капаланды. Бул жердин томуктай кесеги да, арык боюндагы тыт көчөттөрүнүн ар бир чырпыгы да ага тааныш, сырдаш болуп калбадыбы. «Эр эмгегин жер жебейт», жерди канчалык кадырлап баксаң ошончолук берекесин аласың... Жер кадырын билген бригадир ушул берекелүү кутман талаадан тонналаган «ак алтынды» жыйнап жүрбөдү беле мурда. Ал талаадан жыйнаган «ак алтынды» өзүнчө жыйып көргөндө заңкайган Ала-Тоону элестетер эле... Жер жайнаган ак буланы көз алдына келтирип, өзүнчө таттуу кыялга кетти.

Ошол жыл дыйкандарды айрыкча пахтачыларды зор сыноого дуушар кылган татаал да, катаал да жыл болбодубу. Нөшөрлөп жааган жамгырдан, сабалаган мөндүрдөн дыйкан колу менен бапестеп өстүрүлгөн назик гозолор жабыркады... Аянттарды сел каптап каткалаң басты. Өз колу менен өстүргөн алсыз гозолордун ылайга аралашып жансыз жатканын көрүп Маликтин зээни кейиди, көзүнө жаш алды. Ал жумшаган мээнетине, берекелүү кутман талаасынын ошол күнкү аянычтуу көрүнүшүнө көз чаптырган соң ошентти. Бапестеп багып өстүргөн, келечекте мол түшүм бере турган назик гозонун абалын көрүп ошентти.

Бирок «ак алтындын» мол түшүмүн өстүрүүдө, анын ысык-суугуна күйүп, кыйынчылыгына чыдай жүргөн бригаданын эрки күчтүү адамдары көндүм болуп калган ийгилигин колдон чыгарбоо үчүн кажыбас-кайрат, чыгармачылык эмгек жумшашты. Селден жабыркап, солуган, ак жаандан чирий баштаган гозолордун ордуна кайра баштан чигит эгишти. Улам-улам каткалаң баскан аянттарда болушуп, аны тез аранын ичинде жумшартуунун аракетин көрүштү.

Эл деген эл да. Элден айлансаң болот! Ушундай кыйын кезеңде дыйкандын оорун колдон, жеңилин жерден алышып, жардамга келишти, жаш-карысына чейин жапа тырмак талаа жумушуна чыгышып, патриоттуулук жардамын аянышпады. Бири кетмен алып каткаланды жумшартууга киришсе, экинчиси ар түп гозого кол менен кык төгүшүп, кошумча азыктандырып жатышты. Көндүм болгон механизаторлор тракторлорунун түтүнүн көккө бүркүрүп, гозонун катар аралыгын узун-туурасынан иштетип киришти. Табигаттын кырсыгы акырындык менен жоюла берди. Адамдын колунан эмнелер келбейт. Гозолор өсүүсүн улантып, түшүм берүүчү элементтерин топтой баштады.

Убакыттын тез өткөнүн караңыз. Жайдын күнү адаттагыдай аптап алоолонуп, береке колдуу дыйкандын көңүлүн жубатты, кабагын ачты. «Ак алтынга» тете баалуу өсүмдүктү узун-туурасынан культивациялоо, чаңкаган гозолорду кандыра сугаруу, кошумча азыктандыруу иштери көп жыл бою пахта өстүрүүдөгү бай тажрыйбага жараша жүргүзүлүп жатты. Ишке жан-дили менен берилип, иштеп жүрүп,— суу өсүмдүктүн каны, аптап анын жаны,— деп койду бригадир өзүнчө эле күңгүрөнө, гозонун катар аралыгын канчалык көп иштетсек, ошончолук өсүмдүктүн нормалдуу, бир кылка өсүшүнө жакшы шарт түзүлөт. Үстү ысыган кыртышка көмүлүп, ага жылуу буу топтолот. Канчалык ысык буу көбөйгөн сайын кыртыштын температурасы жогорулайт. Мунун өзү гозонун көйкөлүп болумдуу, тез өсүшүнө, түшүм берүүчү элементтердин көбөйүшүнө негиз түзөрүн Малик мурдатан билет да. Өз ою менен алек болуп жаткан бригадир агрономдун жанына бастырып келгенин да байкабай калды.

— Ассалом алейкум, Малик аке, иш илгери болсун, эмне эле мынчалык ойлонуп калгансыз?

— Аа, кел, кел иним, байкабай калган турбаймынбы. Малик эми эле ойлонуп жаткан таттуу оюунан жаңылып, капыстан агрономдун берген саламына алдастай түштү.

— Ээ, Малик аке, өткөн жумада эле бул жерге тууразынан трактор жүргүзгөндөй болдуңуз эле го? Дагы жүр-

гүзөйүн деп жатасызбы?— дегиче болбой бригадир анын сөзүн жулуп кетти.

— Көрүп турасың го, каратүтөк болуп кеткенин. Кыртыш кантарууну дагы бир жолу кайталап жүргүзүүнү каалап турат.

Агроном, бригадирдин мунусун жактырбады.— Агрономдун мындай мамилесине бригадир кыйтыя түшкөн, бирок өз оюн бербей талааны өзү каалагандай иштетүүгө жетишкен.

Кыйынчылыктар артта калып, алтын күз өз берекесин бере баштаган пахта жыйым-терим учурунда бригадирдин графиктен тышкары жүргүзгөн иши жакшы натыйжа бергенин агроном кийин өз көзү менен көрүп жатпайбы. Малик пахта өстүрүүдөгү, андан арбын түшүм жыйноодогу көп жылдык тажрыйбасын жаңыдан иштеп жаткан агрономго ошентип далилдеген.

Ал биз менен аңгемелешип олтуруп өзүнүн балалык кезин эсине түшүрдү окшойт, бир аз унчукпай туруп, аңгемесин мындайча баштады. — Менин балалык кезим өлкөнү өрт каптап, согуш жүрүп жаткан жылдарга туура келди. Оо, ал жылдар өтө катаал жылдар эле. Өлкөнүн бардык калкы, жумурай журт согуш запкысын тартып, бирин-бирине улап, экинчисин үчүнчүсүнө жетиштире албай, тартыш болуп жаткан учур. Эр азаматтын бардыгы колуна курал алып, эл-журтун, Мекенди коргоого кетишти. Тылда кемпир-чал, мен курактуу жаш балдар калды. Ал кезде ата-энеге эркелеп, үйдө жатуу кайда... Эртеден кечке кезерип, талаада кетмен чаап, гозонун арасындагы отоо чөптөрдү жоготууга жардам берер элем. Көрсө ошол кезде эле пахта деген эмне экенин билип, ага кушум түшүп калган экен.

Жеңишти көпкө күттүк. Жеңиш деген аттын өзү кандай улук! Ошол күткөн күнүбүз да келип жетти. Ошондогу кубанганыбызды айтпа! Ал күндөр кандай кубанычтуу! «Жаманчылыкты аманчылык жеңет» дегендей, тынчтык турмуш башталып, бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүүгө партия менен өкмөтүбүз аталык камкордуктарды көрүп жатышты. Ач-жылаңачтар тоюнуп дегендей, элдин турмушшарты оңоло баштады. Бардык күч-аракетибиз дыйканчылыктын маданиятын жогорулатып, пахтадан мол түшүм алууга жумшалды.

1975—76-окуу жылдарында айлыбыздагы Турусбеков атындагы орто мектептен кечкисин окуп жүрүп бүтүрдүм. Окууну кеч бүтүшүмдүн себеби, согуш убагындагы кыйынчылыктан улам мектепти калтырып, колхоздун ар түрдүү жумуштарына каралашып жүргөндүктөн болду...

Малик Акчабаев бул күндөрдө Ленин районундагы Калинин атындагы колхоздун даңкы далайга кеткен, тажрыйбалуу бригадири. Ушул карапайым адам 1947-жылы колхозго мүчө болуп киргенде бар болгону 15-жаздын көктөмүн көрүп, ошончо кышты башынан өткөргөн эле. Тили так, кыймыл-аракети илберинки өспүрүм колхоздун ар түрдүү жумуштарын тартынбай аткарып жүрүп, тез эле өзүнүн жердештеринин арасында ооздон-оозго алынып кетти. Зээндүү жигиттин жөндөмдүүлүгүн байкап калган колхоздун башкармасынын председатели аны жүгөрү өстүрүү боюнча бригадага эсепчиликке дайындады. Азыркы эмгегинен баар таап, атак-даңкка, урмат-сыйга, кадыр-баркка ээ болгон, «ак алтын» өстүрүүнүн түйшүгүнө 1962-жылдын жаз айларында келди. Анда ар гектар аянттан бар болгону 17—20 центнерден гана пахта түшүмү жыйналчу. Пахтачылыкта техникалар жетиштүү эмес эле. Анын үстүнө механизаторлук кадрлар жетишпей, техникалардын көпчүлүгү өндүрүмдүү пайдаланылбай жатчу, ушундай кыйын учурда колхоздун партиялык комитети менен башкармасы Маликке зор ишеним жасашты.

Чарбадагы эң артта калган бригаданы башкарууга, аны алга сүрөөгө жиберди. Турмушундагы мындай бурулушту жаш дыйкан туура түшүндү. Тажрыйбалуу дыйкандардын таалимин алып, агротехникалык билими бар адамдардын айтканын укту. «Көрө-көрө көсөм болот» дегендей, жыл өткөн сайын анын тажрыйбасы артып, жылдын ар бир жазы жаңы-жаңы түшүмдүүлүктүн жагымдуу таасирин калтырып, дыйкандын көзүн талаа түпкүрүнө кандыра берди. Көптү көрүп, көптү үйрөндү. Ал жаңыдан бригадир болуп келгенден үч жыл өтпөй, ар гектар аянттын түшүмдүүлүгү 21 центнерди түздү.

Маликтин адаты кутман талаасын бир маал көрмөйүнчө жаны жай албайт. Бул жолу да ал ак кар каптаган өзүнө тааныш берешен талаасын үн-сөзсүз тигиле тиктеп олтурду. Талаа негедир күздөгүдөй жыттанбайт. Тоңуп калган топурак анча жыт урбайт тура деди ичинен. Бирок жерге жан кирип, жаз келе баштаганда анын аңкыган жыты делебени козгоорун элестетип турду. Ошондой жыттан, ошондой жаздын башталышынан тартып талбай эмгектенүүнүн натыйжасында күз күрөшүндө ар гектар пахта аянтынан 54 центнерден түшүм алган жылдары да болду. Тажрыйбалуу бригадир бул чекти катары менен төрт жыл колдон чыгарбады. Ал учур 70-жылдардын орто чени болучу.

Акчабаев жетектеген бригаданын мүчөлөрү мамлекетке пахта сатуу боюнча онунчу беш жылдыктын планын төрт

жылда аткарууга жетишти. Бригада мүчөлөрүнүн эмгек акысы жогорулады. Колхоздо биринчилерден болуп ушул бригадада эмгек өндүрүмдүүлүгү артып, өндүрүлгөн продукциянын өзүнө турган наркы пландаштырылгандан бир кыйла төмөндөдү. Мындай жакшы саамалыкты колхоздун башкармасы менен партиялык комитети бардык бригадага жайылтууну сунуш кылышты.

Тажрыйбалуу бригадир жетектеген «ак алтын» өстүрүүчүлөр 1965-жылы ар бир эмгек күнүнө 3 сом 17 тыйындан алса, 1979-жылы ар бир пахтачы бир эмгек күнүнө 10 сом 42 тыйындан алууга жетишкен. Же болбосо 1975-жылга салыштырганда бригаданын өстүргөн түшүмүнүн дүң жыйымынын ар бир центнеринин өздүк наркы 6 сомдон 4 сомго төмөндөгөн. Бригаданын ар бир мүчөсүнө 5,3 тоннанын ордуна 14,5 тонна «ак алтын» туура келген. Жыл сайын мамлекетке тапшырылган дүң жыймдын 95—96 проценти биринчи сортто өткөрүлгөн. Өстүрүлгөн түшүмдү өз мөөнөтүндө «көгүлтүр кораблдердин» жардамы менен жыйнап алгандыктан ушундай болду. Мындай жакшы ийгиликтер ал башкарган бригаданы «Коммунисттик эмгектин ударниги» деген ардактуу наамга жеткизди.

Дыйкан даңкы Маликке оңой менен келе койбоду. Канча кыйынчылыктарды башынан өткөрбөдү. Нөшөрлөгөн жамгыр чигит эгүүгө бөгөт болсо, күзүндөгү кар аралаш жаан түшүмдү жыйноого тоскоолдук келтирди. Бул кыйынчылыктарды кабагым-кашым дебей жеңип, бригаданын ишин туура уюштуруп, анын мүчөлөрүн каармандыкка шыктандырды. Дыйканчылыктын маданиятын жогорулатып, ар гектар аянттын түшүмдүүлүгүн арттырды, бул ар кимдин эле колунан келе койбойт. Түшүмдүүлүктү кантканде көбөйтүүгө болот? Бул жөнүндө бригадир нары толгонду, бери толгонду. Акыры анын жашыруун сырын да тапты көрүнбөйбү. Аракеттин берекеси болот дегендей, маңдай терин төгүп эмгектенүүнүн үзүрүн көрдү. 1974-жылы М. Акчабаевдин бригадасынын коллективи тогузунчу беш жылдыктын тапшырмасын ашыра орундатып 120 гектар пахта аянтынын ар гектарынан 53,6 центнерден түшүм алган. Кийинки жылдары да алдыңкы агротехниканы колдонуп, бригада ар жылы пахтадан мол түшүм алууну уланта берди. 1979-жылдын жыйынтыгы менен ага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылып, көкүрөгүнө Алтын жылдыз тагылды. Анын жанында Ленин орденинен экөө жана Эмгек Кызыл Туу ордени, «Каарман эмгеги үчүн. В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына», эл чарбасынын жетишкендиктеринин Бүткүл

союздук көргөзмөсүнүн эки алтын, бир коло медалы жарашып турат. Ал Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген ардактуу наамга да татыктуу болгон.

Жердештери зор ишеним көрсөтүп, 1975-жылы аны Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайлашкан. Акчабаев депутат катары шайлоодон шайлоого чейин кандай иштерди жүргүзгөндүгүн көз алдынан чубатып өтөт. Шайлоочулардын сунуш-талабын аткармайынча жаны жай алып тынбайт. Тигил заңкайган жаңыдан бүткөн талаа станы да шайлоочулардын берген сунуш-талабынан улам бүтүрүлгөн. Ал азыр колхозчулардын экинчи үйүнө айланган. Анда көчмө китепкана, газета-журналдардын тиркемелери, дыйканчылыкка керектүү китепчелер, телевизор, радио, муздаткыч, айтор, жашоо-шартка, турмуш-тиричиликке эмне керек болсо, бардыгы бар. Бул талаа станы райондук кароодо «Эң алдыңкы, бардык жагынан жасалгаланган талаа станы» деп табылган.

— Насаатчыңыз ким деп Маликтен сурап калсаңыз ал, — менин насаатчым эл, турмуш, бригада мүчөлөрү, — деп жооп берет.— Минтип айтканымдын да өзүнчө себеби бар. Биринчиден, ата-бабам дыйкан болгон, экинчиден, кичине кезимден эле дыйкандарга кол кабыш кылып, мол түшүм өстүрүүнүн сырын үйрөнгөм. Эмнегедир ошондо эле берекелүү кутман талаа өзүнө мени тартып тургандай сезилчү. Атамдын, — бар, үйдөн тамак ичип кел, — деп айтканда-рына болбой, кезерип мала тартып, пахтанын отоосун отоп, суу сугарып, жардам берүүнү каалаар элем. Бул «өжөрлүгүм» кийин деле калбады. Пахта өстүрүүдөгү тажрыйбам бригадага жетекчи болуп, алар менен аралашып иштей баштаганда ого бетер байыды. Анткени, бригада мүчөлөрү менен өз ара пикир алышуу, биринин билгенин экинчисине үйрөтүү мага көп нерселерди билүүгө түрткү болду. Менин жогоруда алган өкмөттүк баалуу сыйлыктарымды, жараткан ийгиликтеримди, жыйнаган бай тажрыйбамдын бардыгын бригада мүчөлөрүнө таандык деп эсептеймин. Аларсыз мага бул атак-даңк келбейт эле.

Малик Акчабаев жетекчилик кылган бригада мүчөлөрүнүн демилгеси менен пахта өстүрүүдө өздөрүнүн шакирттерин тарбиялоо максатында онунчу беш жылдыктын үчүнчү жылында ушул бригаданын өзүндө алдыңкы пахтачылардын мектеби уюштурулган. Андан канча пахтачылар тарбияланып чыкпады дейсиз. Бүгүнкү күндө Маликтей жөнөкөй, пахтанын сырын терең билген устаттардан болуп чыккандар толуп жатат алардын арасында.

— Чигит эгиш үчүн кыртыштагы жылуулуктун темпера-

турасы кеминде 13—14 градус болуу керек,— дейт Малик. Өткөн жылы да 1978-жылкыдай аба ырайы катаал болду. Ошого карабастан белгиленген чекке сөзсүз жетишим керек деп чечкем. Чигит эгүүдөн мурда пахтачылардын райондук кеңешмеси өткөрүлгөн. Анда мен сөз алып, катаал шартта милдеттенмени аткара тургандыгым жөнүндө убада бергем. Эл алдында сөз бергенден кийин анын өтөсүнө чыгып, ар-намысты сактап калуу эр жигитке жарашат эмеспи.

Көп ойлонуп турбастан эртеси эле чигит эгүүгө киришти. Бригада мүчөлөрүнүн максаты чигит эгүүнү 4—5 жумушчу күндүн ичинде аяктап, эгилген чигитти кыртыштын нымы менен жер бетине өндүрүп алууда болду. Так ошондой жасады.

Убакыт өтө берди. Чигит жер бетине текши өнүп чыгып, болочок мол түшүмдөн элес берип калды. Июнь, июль айлары гозону багып өстүрүүнүн эң жооптуу учуру. Кичине эле ката кетирсең түшүмдөн кол жууйсуң. Муну бригада мүчөлөрүнүн ар бири жакшы билишет. Ушул мезгилде баары бел чечпей, бири кетмен алып суу сугарса, экинчиси мотор үнүн жаңыртып, гозонун катар аралыгын иштетти. Бирок аба ырайынын катаал келиши, жамгыр аралаш жааган кар пахта жыйноого бир топ эле тоскоолдук кылды. Малик башкарган бригаданын мүчөлөрү кабагым-кашым дебей, пахта талаасынын кыйынчылыктарын эрдик менен жеңишип, өз создөрүнүн өтөсүнө чыгышты. Ошентип алар намысты колдон чыгарышпады. Ар гектар аянттын түшүмдүүлүгү 30 центнерди түздү.

Тамеки көчөтүн жаңыдан отургузуп, анын түшүмдүүлүгүн арттырууда да бригада мүчөлөрү жакшы натыйжага жетишишти. 34 гектар аянттагы тамекинин ар гектарынан пландагы белгиленген 16,7 центнердин ордуна 19,9 центнерден түшүм жыйнашты. Тамекинин дүң жыймын 669 центнерге жеткиришти.

— Быйылкы жыл биз үчүн өтө жооптуу жана ардактуу жыл болду,— дейт Социалисттик Эмгектин Баатыры Малик Акчабаев. — Анткени Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 60 жылдыгын белгиледик. Юбилейлик жылда дыйканчылыкта бай тажрыйбабызды билгичтик менен пайдаланып, юбилейге баалуу белек камдоо максатында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып, өндүрүлгөн продукциянын өзүнө турган наркын мурдагы жылдарга караганда төмөндөтүүгө жетиштик.

КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары жолдош К. У. Черненко КПСС Борбордук Комитетинин

февраль (1984-жыл) Пленумунда «Декабрь Пленумунун чакырыгын — эмгек өндүрүмдүүлүгүн пландан тышкары I процентке жогорулатууга жана продукциянын өзүнө турган наркын кошумчалай 0,5 процентке төмөндөтүүгө жетишүү жөнүндөгү чакырыгын өлкөбүздүн эмгек коллективдеринин кеңири колдоого алышы терең канааттануу пайда кылат. Бул милдетти чечүүгө эмгекчилердин, партиялык, профсоюздук, комсомолдук уюмдардын патриоттук эргүүсү, жигердүүлүк жана ишкердүүлүк менен киришүүсү — ийгиликтин камсыз болоруна ишеним туудурат»,— деп баса белгилебедиби. Партиянын бул көрсөтмөсүнөн биз да четте калбай, өз үнүбүздү кошуп, пахтадан арзан, көп продукция өндүрө бермекчибиз. Буга бизде толук мүмкүнчүлүк бар.

Б. МАМАСАЛИЕВ



Бурулбүбү ТУРДУБАЕВА

Турдубаева Бурулбүбү 1931-жылы Тогуз-Торо районундагы Бирдик кыштагында, азыркы «Бирдик» колхозунда туулган. 1948-жылы 7-классты бүтүргөндөн кийин колхоздун ар кандай өндүрүшүндө эмгектенген. 1954-жылдан тартып чабан болуп иштей баштаган. 1965-жылы КПССтин катарына өткөн. 1966-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. Буга 1963—1966-жылдарда карамагындагы тубар койлордун ар жүзүнөн орточо 109—130дан козу, ар биринен 3,9—4,4 килограммдан жүн алгандыгы үчүн жетишкен. Бурулбүбү Турдубаева 1974-жылы СССР Жогорку Советине депутаттыкка, бир нече жолу айылдык жана райондук Советтерге депутаттыкка, колхоздун башкармасынын мүчөлүгүнө шайланган. КПССтин XXIII съездине делегат болгон.

Б. Турдубаева азыр Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин текшерүү комиссиясынын жана партиянын Тогуз-Торо райондук комитетинин мүчөсү. Ал Ленин ордени, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендеринин кавалери. Жаштардын насаатчысы.



ЭМГЕК ЭСТАФЕТАСЫ

Бүгүнкү күндө Бурулбүбү Турдубаеванын ысымы журт-чулугубузга маалым. Ал өзү туулуп өскөн Тогуз-Торо районундагы «Бирдик» колхозунун атын чыгарды. Астейдил, ак эмгектин үзүрүн көрдү. Социалисттик Эмгектин Баатыры болду. Ооба, Алтын чөйчөктүн ак эмгек өтөгөн кызы, Баатыры аталды. Анткени, ал баккан малынын бирин миңге, миңин түмөнгө жеткирди. Эмесе, артка бир аз кылчайып, атактуу адамдын басып өткөн байсалдуу жолун баамыбызга түшүрөлү.

...Эне-атадан эрте ажыраган Бурулбүбү турмуш түйшүгүнө туш болуп, секелек кезинен сезимталдуу өстү. Өспүрүм кези өрт чачкан согушка туш келген ал, кыздын эле эмес, эркектин да жумушун аткарды. Мектептен окуп да жүрдү.

— Садагасы, тиги Турдубайдын кызынын өмүрүнө береке берсин, таштын уюлундай болуп тим эле...

—-Ошону айтпайсыңбы, ата-энесинин жогуна жараша чыйрак өскөнүн.

— Дээринде болсо ошо да.

— Айтты-айтпады дээрсиңер, ал бир көзгө көрүнөт.

— Ылайым эле ошентсе экен. — Айыл-ападагылар Бурулбүбү жөнүндө ушундай сөздөрдү көп айтыша турган.

Бойго жеткен Бурулбүбү ошол эле айылдагы Слан деген жигит менен баш кошту. Өздөрүнчө түтүн булаткан Бурулбүбү менен Сландын акактай тунук сүйүүсүн, ал учурдагы кем-керчин, согуштан бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүдөгү кыйынчылыктар кирдете албады. Алар кайра чыйралып, колхоз өндүрүшүнө катышып, жаштык жигерин жакшы иштерди жаратууга жумшашты. Эриш-аркак эмгектенген эки жар колхоздун ар кандай жумуштарында 1954-жылга чейин иштешти.

— Слан, көптөн бери көмөкөйүмдө жүргөн бир кеп бар, — деди Бурулбүбү өмүр шеригине чай сунуп отуруп.

— Угайын, айта бер, ал эмне кеп экен?

— Колхоздон бир короо кой алып баксакпы дейм. Анткени, азыркы учурда коомдук малды чыгашасыз асырап, анын азыктуулугун арттырууга айрыкча маани берилип жатпайбы? Балким бак-таалайды малдан табарбыз. — Бурулбүбү маңдайында чай ичип отурган Сланга карады.

— Оюң жөндүү, бирок, колхоз жетекчилери биздин оюбузга макул болор бекен?

— Алар менен сүйлөшүүнү мага кой.

Ошентип Слан каршы болбоду. Бурулбүбү менен Слан

ошол 1954-жылдын күзүндө бир короо козуга эгедер болушту. Кой артында, короо четиндеги түйшүктүү турмуш башталды. Айыл арасында Турдубайдын кызы аял башы менен чабан болуптур деген сөз тарап, Бурулбүбүнүн кой баккынын жеригендер да, туура көргөндөр да болду.

Мал багуунун машакатын баштан кечире элек жубайлар ар короодон кошулган козуларды багууда бир топ эле убара тартышты а дегенде. Чабандык иштин чатак экендигин көрүп айный турган болду Слан.

— «Коёнду камыш... Эрди намыс...» деген эл сөзүн эстен чыгарбайлы, Слан. Бул убактылуу кыйынчылык, ага чыдабасак эмнебиз киши. Кийинчерээк экөөбүздүн кыйналганыбыз бир күнчөлүк болуп билинбей калат. — Бурулбүбү Сландын намысына тийип, чыйралта сүйлөдү.

Коомдук малдын башын өстүрүп, азык-түлүктүүлүгүн арбытууну моюндарына алган жубайлар кой багуунун алгачкы айларында эле нөшөрлөгөн жамгырдан жалтанбай, таш каарыган аязга, кар учурган бороонго бой бербей кой артында, короо четинде болушту. Ошол 1950-жылдардын экинчи жарымында тоо арасындагы Тогуз-Торо эмес, Сары өзөн Чүй боорунда азыркыдай жылуу короо-сарай, тоодой үйүлгөн тоют түшкө да кирген эмес эле го. Андыктан, ошол учурда мал баккандар чыныгы каармандар, чыныгы мал өстүрүүчүлөр экен.

Короо-сарайга кой киргизмек тургай, коломтодогу от жалп эткен ошол жылдарда Бурулбүбү Тогуз-Торонун Чаар-Музоо кыштоосун кыштап жүрдү. Анткени, бул коктунун күңгөйү да, тескейи да кой жайганга ыңгайлуу эле. Ошентип, чабан келин кышкысын айтылган алыскы кыштоодо, жайкысын Кара-Кыр, Күрөбөс жайлоолорун жайлап мал артынан жүрдү. Ошол жолу ал карамагындагы токтуларды жыл аягына чейин 97 процентке аман асырап, ар биринен 2 килограммдан жүн кыркып алды. Бул көрсөткүч кабыл алган милдеттенмени аткаргандыгын айгинелейт. Бирок Бурулбүбү өзүнүн бул көрсөткүчүнө ыраазы болгон жок. Дагы көбүрөөк түйшүктөндү.

Жылдар жылып, айлар тогошту. Улам жыл өткөн сайын жаш чабандын мал багуудагы тажрыйбасы артып, көптү биле баштады. Бирок Бурулбүбү билбегенин билгендерден үйрөнүүдөн намыстанбады, андыктан өзүнөн улуу, такшалган чабандардын кеп-кецешин укту, алардын кой багуудагы тажрыйбасын өз ишине пайдаланды. Ал биринчи кезекте, койду жайкысын жакшы эттендирүүгө көңүл бурду. Семиз малдан төл да, жүн да көп алынарын өз тажрыйбасынан баамдады. Ошондуктан короосундагы коюн жайдын

саратанында таң агарганда эле жайытка чыгарып, күн ысыганга чейин тоюндуруп, түшкү ысыкта суу бойлотуп, же желаргы соккон кырларга жаюуну адатка айландырды. Анткени, кой ысыкта ыкшалып жуушай бербей жакшы оттойт тура. Жайытта ник тойгон койдун түнкүсүн чачырап жатышы да Бурулбүбүнүн назарында. Бири-биринен алыс жаткан кой ысыбайт, серүүн сезет. Олтурган жерин сары журт кылбай, журт которуп туруу койдун бат семиришине өбөлгө экендигин чабан келин эсинен чыгарбады.

Койго жем, туз берүү айтканга оңой болгону менен кылдаттыкты, баамчылдыкты талап кылат. Төгүп-чачып тоютту ысырапка учуратышы же бири-бири менен жөөлөшүп, алдуулары алсызын тебелеп кетиши ыктымал. Ушундайда бооз койлор козу салып, же өлүү тууп коюшу мүмкүн. Ошондуктан, чабандын баамчылдыгы керек экендиги Турдубаеванын эсинде турду.

Бурулбүбү кой баккан алгачкы он жылда, тактап айтканда 1960-жылдардын биринчи жарымында жогорудагыдай көп кырдуу аракеттердин натыйжасында айтарлык тажрыйбага ээ болду. Талбаган эмгеги татынакай үзүрүн берип, кабыл алган план-тапшырмалары ашыгы менен аткарылып, айылдагы алдыңкы чабандардын сабына кошулду. Анын дилин, айыл намысы үчүн жумшаган эмгегин калкы кадырлады. Ал эми эл ишенимине ээ болуп, бир нече жолу айылдык, райондук Советтин депутаттыгына, колхоздун башкармасынын мүчөлүгүнө шайланды.

Ар адамдын жүзү нурданып, жүрөгү сүйүнгөн күнү, кубаныч тартуулаган кутмандуу жылы болот. Мындай шыбагадан Бурулбүбү да бурулуп калган жок. Ооба, 1965-жылдын көктөмү — апрель айында КПССтин катарына өттү. Секелек кезинен сезиминдегинин өтөөсүнө чыкмайын тынч албаган ал өз жоопкерчилигине олуттуу карап, ар бир ишке коммунистче мамиле жасады. Өзүм эле дебей өзгөлөрдү да өргө жетеледи.

1963-жылдан тартып Бурулбүбүнүн аты айылында эле эмес, райондо белгилүү боло баштады. Ооба, арбын төл, жибек жүн үчүн болгон чабандын аракети текке кетпей, күндө эртең менен күн тоскон эмгеги жүзүн жаркыта берди. 1966-жылы Б. Турдубаеванын ысымы Алтын чөйчөк аталган Тогуз-Торо районуна гана эмес, мүлдө кыргыз жергесине дүңгүрөдү. Ооба, ушул жыл жетим өсүп жетилген Бурулбүбүгө чексиз бакыт тартуулады. «Эмгек бар жерде, өнмөк бар» дегендей, ал Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга татыды. Мындай атак-даңк Бурулбүбүгө бул өрөөндө мурда болуп көрбөгөн көрсөткүчтү жараткандыгы

үчүн берилди. Арийне, ал 1963—1966-жылдарда карамагындагы тубар койлордун ар жүзүнөн орточо 109—130дан козу, кой башынан 3,9—4,4 килограммдан жүн алган. Бул цифралар ошол жылдарда Тогуз-Торонун шартында рекорддук көрсөткүч эле.

Катардагы коммунист чабан келин ошол 1966-жылы Кыргызстан Коммунисттик партиясынын XIV съездине делегат катары катышып, Борбордук Комитеттин мүчөлүгүнө шайланды. Ушул 1966-жылы ал көп улуттуу совет элинин атактуу эмгек алдыңкыларынын сабында КПССтин XXIII съездине делегат болуп өлкөбүздүн борбору Москвага барды. Алыскы Тогуз-Торонун тоо кыркаларында кой жайып, короо күзөтүп жүргөн карапайым кыргыз кызынын коммунисттердин улуу форумуна катышып, өлкөбүздүн алдында турган олуттуу милдеттерди чечишүүгө укук алышы Бурулбүбүгө улуу-кичүү тарабынан көрсөтүлгөн урмат-сый эмей эмне!

Тогузунчу беш жылдыктын чечүүчү, үчүнчү жылы Баатыр эжеге баар алып келди. Ал карамагындагы 503 тубар койдун ар жүзүнөн 145 тен козу, кой башынан 3,8 килограммдан жүн алып чарбада эле эмес, райондо алдыңкы көрсөткүчтү жаратты. Беш жылдыктын чечүүчү жылында мал чарба кызматкерлеринин Бүткүл союздук социалисттик мелдешинин жеңүүчүсү Б. Турдубаева көкүрөгүндөгү Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендеринин катарына Октябрь революциясы орденин такты.

— «Малды кыш бакпай, жай бак» — эл арасында айтылып жүргөн бул кептин калети жок, — дейт Бурулбүбү. Анткени, жайытын жакшы жеген кой ык семирип, төлдү, жүндү көп берет. Ар кандай дартка моюн бербейт, айтмакчы, семиз малга ылаң жолобойт. «Мал тапкандыкы эмес, баккандыкы» деген кеп бар эмеспи. Мунун нукура чындык экендигин өз тажрыйбамдан баамдадым. Мал багуунун түгөнбөс түйшүктөрүнүн бири — жайытты үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануу. Жаткан жеринин кургак, таза болушуна жетишүү, жем, чөп, туздан кемчил кылбоо, ар бир койго күн сайын көз салып туруу жана башка көп кырдуу аракеттер көрүлгөндө гана мал баккандык болот. Баса, айта кетүүчү бир нерсе, койдун кепшөөсүн да байкоо керек. Анткени, ачка же ылаңга чалдыккан кой кепшебей калат. Арык мал, айрыкча жаш төл дартка бат чалдыгат. Ал эми эгиздин көп болушу жогоруда айтылгандай эле, койдун семиз жана жасалма жол менен уруктандыруунун зооветеринардык эрежеге ылайык колго алынышына жараша болору бүгүнкү күндө далилдөөнү талап кылбаган чындык.

...Тогузунчу беш жылдыктын аныктоочу, төртүнчү жылы Турдубаеванын туруктуу эмгегинин айкын көрүнүшү болду. Ал карамагындагы тубар койлорунун ар жүзүнөн 150 дөн козу алып койду. Мына, тынымсыз иштеген тынчы жок адамдын жараткан ийгилиги. Ак ниет эмгек ар качан бааланат эмеспи. 1974-жылы Бурулбүбү эл ишенимине ээ болуп, мамлекеттик бийликтин жогорку органы, СССР Жогорку Советине депутаттыкка шайланган. Карапайым чабанга көрсөтүлгөн бул зор ишеним анын жүзүн жаркытып, жүрөгүн кубантты. Бул урмат-сый ага кубаныч менен кошо жогорку жоопкерчиликти алып келди. Дагы мыкты иштөөгө шыктандырды. Натыйжада, 1975-жылы короосундагы 510 тубар койдун ар жүзүнөн 160 тан козу алып, максат марасына жетти.

Ойлогон оюн орундатмайын ой-санаасын онго бөлгөн Баатыр чабан онунчу беш жылдыкты да ойдогудай жыйынтыктады.


Он биринчи беш жылдыктын биринчи жана экинчи жылдарында да анын көрсөткүчү көпчүлүк чабандардыкынан жогору болду.

Эмгек жолун эрте баштаган Бурулбүбү алты баланын энеси, аларга мээрим төккөн бактылуу адам, үйдүн куту. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин текшерүү комиссиясынын жана партиянын Тогуз-Торо райондук комитетинин мүчөсү, райондук Советтин депутаты Б. Турдубаева тажрыйбалуу насаатчы.

Эркин эмгектеги эрдиктин эстафетасы энеден балага өттү. Уулу Калыбек энесин ээрчип мал багууга каныкканды-гын көрсөтүп, быйылкы юбилейлик жылда карамагындагы ар жүз тубар койдон жүз ондон козу алды. Жаш муундун өкүлү Калыбек үчүн бул алгачкы көрсөткүч баарандуу болоруна шектенүүгө болбос...

Эмгек менен эрезеге жетип, эл кызы аталган Бурулбүбү Турдубаеванын басып өткөн жолу байсалдуу.

С. БЕКИБАЕВ



Гапар ТЕШЕБАЕВ

Тешебаев Гапар 1928-жылы Ош областынын Ноокат районундагы Салиева атындагы колхоздун Кеңеш участкасындагы Герейт-Шорон кыштагында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1943-жылы Гапар Тешебаев Жаңы-Ноокат МТСинде бригадага учетчик болуп иштеген. 1947-жылы Кызыл-Кыядагы «Жал» шахтасында шахтер болуп эмгектенген.

1955-жылдан тартып тамекичилик боюнча бригадирликке дайындалды. Ошол жылдан тартып тамекичиликте иштеди. 1967-жылы ага «Социалисттик дыйканчылыктын устаты» деген наам ыйгарылды.

1971-жылы мамлекетке айыл чарба жана мал чарба продуктыларын сатуунун планын беш жылдык боюнча ашыгы менен орундаткандыгы жана айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйткөндүгү үчүн Гапар Тешебаевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылды.

Гапар Тешебаев насаатчы катары көптөгөн жаштарды тарбиялады. Анын бригадасында онунчу беш жылдыктын планы ашыгы менен аткарылды. Он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында ар гектар аянттан 45 центнерден тамеки алып, жылдык планды 167 процентке аткарды.

Г. Тешебаев Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.



«САРЫ АЛТЫН» УСТАТЫ

Гапар Тешебаевдун балалык чагы айылда өттү. Жылдын кайсыл мезгилинде болбосун жаратылыштын адам суктанарлык көркү болот эмеспи. Эмнегедир Гапар күз боёкторуна көбүрөөк суктанчу. Мына бүгүн да ал күзгө суктанып турат. Бак-даректардын жалбырактары алтындын буусун сүртүп койгондой саргыч тартып, назик желге да туруштук бере албай, сабагынан үзүлө жерге сабалып түшүүдө. Ала булут каптаган асман бир аз суз тарткансыйт. Күн болсо баягы жай мезгилиндегидей нурун жадырата албай булуттун ары жагынан бозомук көрүнөт. Күрдөөлдүү күздүн күрдөөлдүү темпи али бошондой элек. Кайсы жакты карабагын обо-добо үйүлгөн байлык, байлыкка маашырканып мандай терин шыпырган күжүрмөн эл. Арыкта суулар көк кашка тартып түбү да дандаана көрүнүп калды. Кечээ эле ушул суулар тамеки аянттарына жайылып, киргил майнабы арыкка кошулуп турбады беле.

«Табигат адам баласына баш ийген учур, деп ойлоду Гапар, күздүн ар бир саатын, ар бир минутасын текке кетирбей байлык үйүп жаткан биздин күжүрмөн колхозчулар! Алардын колунан жаралган жаңылыктар бардык жерде сан жеткис. Тигил карталарга бөлүнүп жаткан талаалардан алтын дан, асыл жалбырактуу тамеки жана толуп жаткан азык-түлүк коомдук кампаларга ташылууда. «Сары алтын» деп эл бекеринен айтпайт тамекини. Карачы, жок жерден аны жаратуу оңойбу? Биздин гана колхоздун адамдары эмес бүткүл тамекичиликте эмгектенген адамдар ушул тууралуу көп кыялданышат ээ!».

Адатта жыл бою жумшаган эмгектин натыйжасы күздө чыгат эмеспи. Берешен күздүн ар бир күнү, ар бир сааты токчулукка жык толгон. Күз — токчулук. Ушул мезгилдерде колхозчунун ар бир үйүндө дан да, нан да мол болот. Дандырлардан булоолоно бышкан ак нанга үйдүн дасторкону жык толот. Гапар так ошол токчулук жөнүндө ойлоду. Ооба, тамекинин түшүмү канчалык көп алынса, колхозчулардын да байлыгы арта тургандыгына ишенди. Ошентип күздүн салкынына серүүндөп туруп, ал өзүнүн бригадасындагы жаралган ийгиликтерди көңүлүнө түшүрдү.

Тешебаевдин бригадасы колхоздогу гана эмес, райондогу эң алдыңкы бригадалардан болуп саналат. Ал бригаданын мүчөлөрү онунчу беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда ашыгы менен аткарууга жетишишкен. Бригаданын ар бир мүчөсү тамекинин түшүмдүүлүгүн арттыруу-га, сорттуулугун жогорулатууга өзгөчө көңүл бурушкан.

Бул беш жылдыктын жылдарында 42 гектар аянттагы тамекинин ар гектарынан 23—35 центнерден жана андан да ашык түшүм, 1000—1400 дөн ашык центнерден тамеки алынып турду. Бул жыл сайын план ашыгы менен аткарылгандыгын же план 120—160 проценттен орундалып тургандыгын көрсөтөт. Мындай ийгилик кийинки жылдарда да улантыла берди. Өзгөчө онунчу беш жылдыктын акыркы эки жылында бригадада тамекиге, жалпы эле дыйканчылыкка, механизацияга, эмгекке болгон мамиле бир кыйла өзгөрдү. Бул жылдары ар кандай себептер менен бригаданын жери эки гектарга кыскарды. Бирок Гапардын бригадасында түшүмдүүлүк төмөндөтүлгөн жок. Кайра мурдагы жылдардагыдан да көбөйө берди. Алсак, 1979-жылы ар гектар тамеки аянтынан 41,8 центнерден түшүм алынгандыгы тууралуу колхоз башкармасына, партиялык комитетке рапорт берди. Анын бригадасында ал жылы 1671 центнер сорттуу тамеки тапшырылып, мамлекеттик план 177 процентке аткарылгандыгы аныктолду. Жогорудагы маалыматтар көрсөткөндөй, бригадада түшүм алуу жагынан жыл өткөн сайын эң чоң секириктер жаралып жатты.

Онунчу беш жылдыктын акыркы жылы жооптуу жыл эмеспи. Беш жылдык планды аткаруу үчүн бардык жерде күжүрмөн күрөш жүрүп жаткан. Тешебаевдин бардык умтулуусу беш жылдыкты ийгиликтүү жыйынтыктоо эле. Бригаданын бул ой-максатын ар бир звено, ар бир механизатор, ар бир сугатчы жана тизимчи туура түшүндү. Ошондуктан 1980-жылы бригадада мурдагы жылдары болуп көрбөгөндөй зор ийгилик жаралды. Ар гектар аянттан 44,1 центнерден тамеки жалбырагы жыйналды. Бул Ноокат районунда гана эмес областтагы эң жогорку көрсөткүч болуп калды. Ошол жылы мамлекетке 1897 центнер баалуу сырьё тапшырылып, бригаданын жылдык планы 188 процентке аткарылды. Бул планду көрсөткүчтөн гана эмес милдеттенмеден да алда канча көп. Онунчу беш жылдыктын бардык жылдарында тамекинин сорттуулугу 80 процентке чейин артты. Тамекичилер маданий жана экономикалык жактан да жыл сайын өркүндөп-өсүп олтурду. Берешен күздүн адамдарга тартуулаган байлыгы мол болду. Мына ошондуктанбы же бул жөнөкөй эмгек баатырынын жаратылышына шайкеш келгендигинен-би, айтор, күз айлары ал үчүн жемиштүү гана эмес ыракаттуу да, кооз да!

II

Мына, быйылкы күзгү талаа бетинен да байлык жыйналып жатат. Шакта басып бара жаткан Гапар Тешебаев ай-

ланасына кыялкечтик менен көз салат. Тамеки сарайынын бет маңдайында башка чакырык-ураандардын катарында «Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдык юбилейин татыктуу эмгегибиз менен тосуп алалы!» деген даана жазуулар анын көзүнө илинди. Ооба, бул бардык бригаданын мүчөлөрүнүн сөзү. Ар бир тамекчинин демилгеси.

Алтын күздүн желине желбиреп турган кызыл желекче бригадирдин кыялын ого бетер эргитет. Ооба, анын бригадасынын мүчөлөрүнүн эмгектеги жеңишинин урматына кызыл желекчелер көп эле жолу көтөрүлбөдүбү. Канча жолу алкышка, урматка ээ болушпады! Баатыр бригадир кайрадан алтын күздүн абасына боюн керип тунук ойлорго батууда. «Адамга ушундай бир таза жана назик ойлорду алып келген күздүн ажарына кантип суктанбай коё аласың, дейт Гапар Тешебаев, бул күзгү мезгил өзүн сүйүүгө аргасыз кылат. Күздү сүйүү менен бирге ага чейин белин бекем байлап, жеңин шымалана түргөн жана маңдай терлерин талааларга төгүп иштеген адамдар жөнүндө ойлоймун. Чынында эле күз адамдын албан эмгегин жыйынтыктаган сонун мезгил. Күз-адамдарды урматтоого, алардын эмгегинин натыйжасын баалоого чакырат».

Он биринчи беш жылдык Тешебаевдин бригадасында мурдагыдай эле жерди иштетүүнүн маданиятын жакшыртуунун, талааларды планировкалоону агротехникалык эрежеңин негизинде жүргүзүүнүн, эмгекке коммунисттик мамиле жасоонун, техниканы жана күйүүчү майды үнөмдөөнүн, тамеки өсүмдүгүн асыроонун бардык эрежелерин тажрыйбага таянып алып баруунун кырдаалында башталды. Бригадада жумушка кечигүү, себепсиз бир жакка кетип калуу жана эмгек минимумун аткарбай калуу фактылары биротоло жоюлду. Натыйжада бул беш жылдыктын алгачкы жылынан баштап эле адам кубанарлык ийгиликтер жаратыла берди. Эгерде 1982-жылы ар гектар аянттан 32,6 центнерден түшүм алынса, ал эми он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында ар гектар жерден 26,8 ордуна 45 центнерден тамеки жалбырагы жыйналды. Мамлекетке 1757 центнер түшүм тапшырылып, бригаданын жылдык планы 167 процентке аткарылды. Жалаң гана тамекиден алынган бир миллион сом киреше колхоз байлыгына кошулду. Мындай ийгилик бригаданын мүчөлөрүнүн шыгына шык кошту. Бригада эмгекке чыгармачыл мамиле түзгөн коллективге айланды. Анын мүчөлөрү бирөө бардыгы, бардыгы бирөө үчүн деген коммунисттик ураан алдында иштеп жатышат.

Республиканын 60 жылдык юбилейинин алдындагы күр-

дөөлдүү күрөш социалисттик эмгектин баатыры Гапар Тешебаев башкарган бригадада ого бетер натыйжалуу жүрүп жатат. Звено башчылары, тизимчилер жана механизаторлор өз эмгектеринин үзүрлөрүн көрүшүүдө. Рахман Исаков бул бригадада чейрек кылымга жакын үзүрлүү эмгектенүүдө. Анын звеносундагы 10,5 гектар аянттагы тамекинин гектарынан жыл сайын 40—42 центнерден түшүм өстүрүп алынууда. Звенодо иштегендердин ар бири тамеки парниктерин даярдоодон тартып, акыркы жалбыректарын үзүп, кургатып, сорттоп, таңгактап мамлекетке ташырганга чейинки жумушун бири-бирине жардамдашуу кырдаалында жүргүзүшөт.

Өлкөбүз үчүн баалуу сырье болгон тамекини өстүрүү түйшүктөрү аябагандай көп. Анын көчөттөрүн отургузуп, жалбырагын жетилтип, үзүп-тизүү деңгээлине жеткиргенге чейин жумуштун көптөгөн түрлөрү талап кылынат. Ага бир жагынан чыдамкайлык керек болсо, экинчи жагынан бул техникалык өсүмдүктүн баалуулугун туя билүү керек.

Тамеки өстүрүүнүн бардык жумуштары агротехника талап кылган деңгээлде өткөрүлгөндө гана ал максаттагы түшүмдү берери шексиз. Баарыдан мурда тамекичилер анын сорттуулугуна өзгөчө көңүл бөлүүлөрү зарыл. Ошондуктан жалбыректарды үзүү-тизүү мезгилдеринде этияттык, билгичтик жана кажыбас кайрат жумшалуу керек. Түшүмдүн тагдыры сугатчылардын да колунда болот. Ал эми катар аралыктарды культивациялоого техниканы мыкты билген механизатор талап кылынат. Бул бригададагы тракторист Самат Алимбеков, сугатчылар Балтабай Айдаров, Урбай Сапарбаев, Жээн Эргешов муну жакшы билишет, алардын ар бири өз иштеринин устаттары.

Көп миңдеген жип жалбырак тизүүчүлөр бул бригадада ондоп саналат. Тазагүл Сагынбаева, Буразима Тешебаева жана Ашир Макиева алдыңкылардан болуп саналышат. Алар жыл сайын сезондо 5—6 миңден жип тамеки жалбыректарын тизүүгө үлгүрүшөт. Баатыр бригадир бирде жалбыректар үзүлүп жаткан талааларды кыдырса, бирде тамеки сарайларында тизимдин жүрүшүнө көз салат. Жалбыректарды кургатуучу жайлар да анын үзгүлтүксүз контролдугу астында болот.

Колхоздун кайсы гана участогунда болбосун социалисттик мелдештин кулачы кеңири жайылтылган. Бардык бригадаларда, звенолордо жыл башынан эле социалисттик мелдештин эрежелери иштелип чыгылат. Колхоздун партиялык, профсоюздук жана комсомолдук уюмдары социалисттик мелдештин натыйжалуулугуна жетишүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү изденишет. Бригадалар, звенолор, колхозчу-

лардын ортосундагы өз ара мелдеште кимиси озуп чыкса, анын ысмына кызыл желекчелер көтөрүлөт. Тешебаев жетектеген № 6 бригада № 7 бригада (бригадири Аваз Мамажунусов) менен өз ара социалисттик мелдешке чыгып, көп жылдан бери ат салышууда. Он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында Гапар башкарган бригаданын мүчөлөрү 39 гектар аянттын ар гектарынан 45 центнерден тамеки алышты. Ал эми Аваз Мамажунусовдун бригадасында ошончолук эле аянттагы тамекинин ар гектарынан түшүм он центнерге кем жыйналды.

Шарты, аба ырайы, жер кыртышы, адам жана техника күчү бирдей эки бригададагы эки башка көрүнүштүн натыйжасы эмнеде? Колхоздун жетекчилери муну Тешебаевдин устаттыгына жана уюштургучтугуна байланыштуу деп эсептешет. Мүмкүн андан башка бир сыры болуп жүрбөсүн?

— Түшүмдүүлүктү арттыруунун сыры жерди сүйө билүүдө,— дейт баатыр бригадир,— Жерге жумшалган эмгек эч качан текке кетпейт. Биз кээде жыл мезгилдеринде убакытты туура пайдаланбайбыз. Кээ бир адамдар эгүүнү бир-эки күнгө кечиктирип коюшат. Мунун эч кандай зыяны тийбейт деп ойлошот. Жайдын ар бир сааты кымбат. Эгерде бир күн кечиктирилип эгилген көчөттү байкоого алып жүрсөңүз, ал бир күнгө эрте эгилген көчөттөн болумдуулугу жагынан анчейин экенин көрөсүз. Же жалбырак үзүү сезонун алалы. Анда да ушундай, жалбыракты өз мезгилинен бир — эки күн мурда, толук бышып жетиле электе үзүп койсоңуз, анын сапаты төмөндөйт, сорттуулугу азаят. Сугат мезгилинде бир жолку сугаты кем жиберилсе да ошондой болот. Тамекинин ар бир учурдагы жумушун өз убагында жүргүзүп, сезимталдуу байкоо жүргүзүү менен эрежени талаптагыдай сактоонун түшүмдү мол алууда да, сорттуулугун арттырууда да зор мааниси бар.

III

— Биздин колхозубузда он бир тамекичилик бригада бар,— дейт Салиева атындагы колхоздун башкармасынын председатели. Булардан тышкары жүгөрү өстүрүүчү 8, тоют даярдоочу 8 бригада иштейт. Алар жыл сайын бири-бири менен социалисттик мелдешке чыгышат. Бригадирлердин тажрыйбалуусу да, кадыр-барктуусу да Тешебаев. Анын колхоздун байлыгын арттыруудагы жеке салымын да биз жогору баалайбыз. Гапар мындай ишенимге а дегенде эле жетише койбоду.

1943-жылы Тешебаев МТСте учётчик болуп иштеди. 8 жыл бою шахтада иштеп көрүп, шаар турмушун да башынан өткөрдү. 1953-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. Бирок айылга болгон ышкыбоздугу аны дегдетип туруп алды. Айылдан эмгектенип, абийир таап, башкаларга өрнөк көрсөткүсү келди. Так ошондой жасады.

Ал 1955-жылдан колхоздо биротоло иштеп калды да тамеки өстүрүүчүлөрдүн катарына кошулду.

Айлар жылдарга айланды. Өзү самап жүргөндөй эле, «сары алтынды» өстүрүүгө чымырканып киришти, алдыңкылардын тажрыйбасын үйрөндү. 1966-жылы ал эмгектеги мыкты ийгилиги үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланды. Жигердүү эмгеги, бай тажрыйбасы, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү эске алынып 1967-жылы бригадирликке көтөрүлдү. Бул милдетти да ал талаптагыдай алып бара алды. 1967-жылы ага Социалисттик дыйканчылыктын устаты деген наам берилди. Ал эми 1971-жыл анын өмүрүндөгү унутулгус жыл болуп калды, айыл чарбачылыгын өркүндөтүүдөгү ийгиликтери үчүн өлкөдөгү ондогон адамдардын катарында Гапар Тешебаевге да Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылган.

Бул бригадир Бүткүл союздук айыл чарба көргөзмөсүнүн эки күмүш, үч коло медалын алууга татыктуу болгон. Көргөзмөнүн биринчи жана экинчи даражадагы дипломдорун алган. Ал «Каарман эмгеги үчүн. В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына» медалы менен жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Ал өмүрлүк жары Гүлсүн менен бирдикте 5 уул, эки кызды элди-жерди, Ата-Журтту сүйүүгө тарбиялап келатат. Алардын улуу уулу Закир азыр колхоздук гаражда темир устачылык кылат. Кызы Бүажар атасынын жолун жолдоп тамекичиликте иштейт, кичүү кызы Райкан Ош совхоз-техникумунун агрономиялык бөлүмүндө окуп жатат. Максаты — колхоздук өндүрүшкө барып атасы, апасы менен дыйкан кесибин улантуу. Калган балдары мектепте. Алар да кайсы гана мезгилде болбосун ата-энесине, агаларына, эжелерине айыл чарба жумушунда жардамдашып турушат.

— Баатырдын үй-бүлөсү дыйканчылыкка жакын болуп тарбияланууда,— дейт колхоздун партиялык уюмунун секретары Абдувасиев,— бизде 140 ка жакын коммунист бар. Алардын көпчүлүгү Гапардын үлгүсү менен тамекичиликте, дыйканчылыкта эмгектенишет.

Гапар Тешебаев бүгүн өзү иштеген Салиева атындагы колхоздун аймагына, анын маданиятынын, экономикасынын өсүп жаткандыгына сыймыктанат. Ооба, кыргыздын алгач-

кы патриот кызы Уркуя Салиева ушул колхозду өз демилгеси, өз эмгеги менен уюштурган болуучу. Адегенде бар болгон алты үйлүү кедей-кембегалдарды колхозго баш коштурган. Кийинчерээк колхозго алтымыштан ашык кедей-кембагалдар тартылган. Алар аз гана күч унаа менен жарымсыз шаймандарды колдонуп, үч жүз гектарга жакын жерге эгин эгишкен. Бирок ошону да көрө албай Уркуяны, анын күйөөсүн бай-манаптар жырткычтык менен өлтүрүшкөн. Ошол колхоз улам өсүп, чыңдала берген...

Мына бүгүн Уркуя Салиева уюштурган алгачкы колхоз областтагы гана эмес, республикадагы ири чарбалардын бири. Бир кездеги 6 үйлүү кедей-кембагалдардын укум-тукумдары азыр бир жарым миңден ашык кожолукка айланды. Колхоздо он миңге жакын калк жашайт. Чарбанын маданияты да, экономикасы да жылдан-жылга жогорулоодо. Он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында колхоз тамекичиликтен гана 11 миллион сом киреше алды. Рентабелдүүлүк чарбада 81 процентке жетти. Быйылкы 1984-жылы пландан тышкары эмгек өндүрүмдүүлүгүн 1 процентке жогорулатуунун эсебинен 51420 сом кошумча киреше алынат. Өндүрүлгөн продукциянын өзүнө турган наркын 0,5 процентке төмөндөтүүнүн эсебинен колхоз 40500 сомду үнөмдөп калат.

Өнүккөн чарбанын коммунист бригадири Гапар Тешебаев башкарган бригаданын мүчөлөрү да жогорудагы айтылган ийгиликтерге өз салымдарын мындан ары да кошо бермекчи.

Т. МИЯШЕВ



Абдувап ТОЙГОНБАЕВ

Тойгонбаев Абдувап 1931-жылы Ош областынын Ноокат районуна караштуу Кыргыз-Ата сельсоветиндеги Көтөрмө кыштагында туулган. Анын балалык чагы колхозчу дыйкандын үй-бүлөсүндө өтөт. Ал 1951-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылат.

Андан кайтып келгенден кийин 1955-жылдан тартып колхоздо тамекчилик боюнча учетчик болуп иштейт. 1967-жылы Абдувап Тойгонбаев тамекчилик бригадасына жетекчилик кылат. Алгачкы эле жылы анын бригадасында ар гектар аянттан 25 центнерден түшүм алынат. Кийинчирээк түшүм 46 центнерге жеткирилет. 1974-жылы тамекчиликтин түшүмдүүлүгүн жана сортуулугун арттыргандыгы үчүн ага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берилген. Азыр анын бригадасы подряддык ыкма менен эмгектенүүдө. Ал жаштардын насаатчысы.

Абдувап Тойгонбаев 1972-жылдан бери КПССтин мүчөсү. 1974-жылы партиянын Ош областтык комитетинин мүчөсү, 1974-жылы Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланган. 1979-жылы ага Кыргыз ССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген наам ыйгарылган. Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.



ДЫЙКАНДЫН ЗОБОЛОСУ

Ноокат району республикабызда «сары алтынды» өстүрүүчү райондордун бири.

Ооба, бул райондун эмгекчилери КПССтин XXVI съездинин чечимдерин жана он биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын орундатуу үчүн жалпы күрөштүн кучагында иштеп жатышат. Райондун негизги байлыгы тамеки болуп саналат. Анын аянты 4328 гектарга жетет. Өткөн жылы ар гектар аянттан 28,2 центнерден түшүм жыйнап алып, областыбыздын кырманына топтолгон 60 миң тонна түшүмүнө 13300 тонна «сары алтын» кошуу менен жылдык пландан тышкары 2250 тонна тамеки көп сатылды. Бул ийгиликте Тельман атындагы колхоздун бригадири, Социалисттик Эмгектин Баатыры Абдувап Тойгонбаевдин салымы да бар. Ал эмгектенген колхоз районубуз гана эмес союзга белгилүү. Ар жылы 1100—1200 центнерден тамеки сатат. Төмөндө ошол зобололуу дыйкан — бригадир жөнүндө сөз болмокчу.

* * *

...Айылдын жогору жагындагы капчыгай оозуна колхозчулар шаркыратма жасашкан. Анын айланасы өрүк жана алма бактарына курчалган. Куду ушул жерден тоо суусу арыктарга жана каналдарга бөлүнүп, эгин аянттарын, тамеки талааларын жана бакчаларды көздөй жиберилет. Абдувап Тойгонбаев ушул шаркырап аккан суунун жээгинде туулуп өскөн. Анын балалык чагы жаратылышы кооз Кыргыз-Ата аймагында өттү. Жаш кезинен жаратылыштын сулуулугуна суктана карап, ар бир көрүнүшкө кумардана кыялданып жүргөн Абдувап киндик каны тамган жердин кадыр-баркын эртелеп түшүндү. Андыктан анын эмгек сезими да бат ойгонду. Кышында аппак болуп карга чөмүлгөн тоолорго көз жибере кыялданса, жайкысын анын боорунан атырылып түшкөн булак сууларынын агышына кулак төшөп, талааларды жадырап өскөн тамеки көчөттөрүнө суктанды. Айрыкча жаз мезгилинде тамеки көчөттөрүнүн көйкөлүп жетилгендиги, алардын арасында кызыл-тазыл кийинишкен колхозчулардын чаалыкпай иштеп жаткандыгы Абдувапты талаага, коллектив арасына тартуучу.

Ошентип жаш кезинен эмгекке умтулуусу, эмгекчилер менен дайыма бирге эмгектенүүсү аны бүгүнкү күндө урмат-сыйга ээ кылып олтурат. Мына, бүгүн Абдувап өзү жа-

шап жана эмгектенип жаткан Тельман атындагы колхоздо гана эмес, республикадагы даңктуу адамдардын бири. Анын көп жылдык талыкпас жемиштүү эмгеги бааланды. Өзү айткандай, жаш кезинен тамекичиликке болгон ышкыбоздугунан улам көздөгөн максаты ишке ашты.

Социалисттик Эмгектин Баатыры, коммунист тамекичи Абдувап Тойгонбаевдин көз алдынан социалисттик мелдештин кулачынын ташкынында эмгектин эң сонун ишмерлери суурулуп чыкты. Эл арасында аларды адилеттүү түрдө новаторлор, алдыңкылар деп аташат. Булар жаңы техниканы өздөштүргөн жогору өндүрүмдүү эмгектин үлгүлөрүн көрсөтүшөт, өздөрүнүн өрнөгү менен иштеп чыгуунун, өндүрүштү уюштуруунун формалары жана методдорун жалпыга жайылтышат, алардын жетишкендиктери, түзгүч эмгектери жаңы зор ийгиликтер жана массалык баатырдык үчүн шыктандыруучу булак эмеспи.

— Ушул шыктандыруучу булак,— дейт Абдувап Тойгонбаев,— биздин колубуздан жаралышы керек. Партия менен өкмөтүбүздүн алдыга койгон милдеттерин турмушка ашырууга умтулуу менен бирге анын мазмунун терең түшүнүү зарыл.

Он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында Тельман атындагы колхоздогу Абдувап Тойгонбаев башкарган № 6 бригада да жогорку көрсөткүчкө жетишти. Мандай терлери менен сугарышкан тамеки жалбыактары болумдуу жетилип, тизүү жана кургатуу жумуштары өз мөөнөтүнөн бир канча эрте аткарылды.

Абдувап Тойгонбаев өзүнүн аткарган ишине же болбосо кадыр-баркына менменсинүүнү билбеген, жаратылыштын кооздугун, өзүнө тиешелүү бардык кубанычты жана келечекке түрмөктөлгөн ойлорун көкүрөгүнө батырып, замандаштарынын арасында жөнөкөй өмүр сүргөн адам.

Эгерде бригаданын ийгилиги эмнеге байланыштуу деп сурап калсаңыз, ал мындайча жооп берет; — албетте жетекчиге да байланыштуу. Бригаданын ар бир мүчөсүнүн жөндөмдүүлүгүн жакшы билем. Бригадада ар кайсы мүүндун өкүлдөрү — улгайып калгандар, жигиттер, кыз-келиндер бар. Бардыгы эле тамеки өстүрүүгө коюлган талаптарды так билишет деп айтуу кыйын. Ар биринин жөндөмдүүлүгү ар башка.

Бригадирдин басып өткөн жолуна бир аз кайрылып көрөлүчү. Жогоруда айтылгандай, жаш кезинен эмгек ышкысына берилген Абдувап а дегенде колхозчу болуп иштеген. Кийин Советтик Армиянын катарына чакырылды. Тынчтык күндүн жоокери кызматын өтөгөн соң өз айылына кайтып

келип, Султан Ташиев жетекчилик кылган бригадага учётчик болуп иштеп калды. Анда бригада боюнча 37 гектар гана жер бар эле. Күндөрдүн биринде Абдувап бригадири менен аңгемелешүү учурунда өз оюн айтты.

— Султан аке, тамеки эккен жерибиз аз экен.

— Аздыгы аз,— деди бригадир,— көбөйтүүгө ылаажы жок да.

— Ылаажы бар, Султан аке,— деди Абдувап.— Тээтиги эски дубалдарды буздурсак, анан майда арыктарды түздөсөк жерибиз көбөйөт эле да.

Абдуваптын бул айткандарына бригадир бир аз муюп ойлонуп калганы менен жер жөнүндөгү маселени же башкарманын мүчөлөрүнө, же колхоздун башкармасына түздөнтүз айтып маселе койгон жок. Ал эми тамекинин аянттарын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк бар экендигине Абдуваптын көзү жетип эле турду. Бул сунушту колхоз башкармасынын алдына коюу керек эле...

Убакыт айланып, 1967-жылдын жазы келди. Колхоздо бак-даректар бүчүр байлап, Кыргыз-Ата жергесине жагымдуу жаз да келди. Колхоздун жетекчиси ар бир тамекчинин, бригадирдин, механизаторлордун оюн угуп отурду, башкарманын заседаниелеринин биринде. Жаңы эле бригадирликке дайындалган Тойгонбаев биринчи кезекте аянтты кеңейтүү маселесин койду. Биздин бригадада 37 гектар жер бар,— деп сөзүн баштады ал,— бир нече жылдар бою ушул гана аянтка тамеки өстүрөбүз. Менимче кошумча жерлерди иштетүү керек.

— Кандайча кошумча жер?— деп райис Абдуваптын жүзүнө үңүлдү.

— Мындай жер бар.

— Кана айтыңызчы?

— Жерди биз башка жактан издебейбиз. Тагыраак айтканда, башка эгин аянттарына зыянбыз тийбейт. Өзүбүздүн гана бригаданын аянттарынын эсебинен көбөйтөбүз. Мисалы, эски дубалдар бир канча жерди ээлеп турат. Ал эми майда арыктар бизде ыксыз көп. Аларды кайрадан куруп, негизги арыктарга айландырышыбыз керек. Аянттардын ортосундагы кээ бир пайдасыз даректарды жулдуруп ташташыбыз зарыл.

— Ошондо бригадаңызга канча гектар жер кошулат?— деп райис бригадирдин сөзүнө муюп калды.

— Эң кеминде 7—8 гектар жер кошулат.

— Бул абдан жакшы экен. Эртеңден тартып оюңузду аткарууга киришиңиздер. Жардамга бульдозер, экскаватор беребиз. Башка керектүү транспорт да бөлүштүрөбүз...

Ошентип, Абдуваптын көптөн бери ойлоп жүргөн максаты ишке ашты. Колхоздун башкармасынын председатели бригадирдин демилгесин колдоп, өзү айткандай кошумча техникадан жардам берди. Бригадага 8 гектар жер кошулуп, тамеки аянтты 45 гектарды түздү. Башка аянттарга караганда жаңыдан өздөштүрүлгөн жерлерде тамекинин көчөттөрү болумдуу жетилди. Түшүмдүүлүк мурдагы жылдарга караганда арбын болду. Кыргыз-Атанын мөлтүр аккан суулары мурдагыдай майда арыктарга бөлүнүп, туш келди агызылбай түз жана кенен арыктар аркылуу тамеки жөөктөрүнө жиберилди.

Жаңыдан кошулган жерде максатташ, тилектеш адамдардын чымыркана эмгектенип жаткандыктарына Абдувап сыймыктанды. Колхозчулар өздөрүнүн жаш жетекчисинин ишти билгичтик менен, пландуу түрдө алып баргандыгына өздөрүнчө ыраазы.

Жыл өткөн сайын колхозчулардын турмушу оокаттуу, маданияттуу боло берди. Албетте, мунун бардыгы тамекичиликтен алынган кирешеге байланыштуу экендиги белгилүү эмеспи. Мисалы, 1973-жылы 1 гектар жерден 4 миң сом өлчөмүндөгү кирешe алынса, ал өткөн жылы 8 миң сомго жетти. Тамекинин түшүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен 151 миң сом кирешe алынса, жалбырагынын сорттуулугунун жакшыруусунун эсебинен 46 миң сом кошумча кирешe алынды. Мунун бардыгы жерди иштете билүүнүн жана түшүмдү коромжуга учуратпай жыйнап алуунун натыйжасынан болуп олтурат.

Бригададагы 45 гектар жердин илимий негизде түзүлгөн картограммасы бар. Эмгекти аз сарптап, түшүмдүүлүктү жогорулатуу маселеси ар дайым көңүлдүн борборунда болот. Эмгекке аткарылган иштин көлөмүнө жараша сыйлык төлөө методу уюштурулганына көп болду. Жолдош Тойгонбаев ар дайым колхозчулардын кол эмгегин жеңилдетүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн издейт.

— Али күнгө чейин,— дейт тамеки өстүрүүнүн адиси,— тамекичиликте техниканы колдонуу маселеси толук чечилбей жатат. Мисалы, парниктерди даярдоо, аларга көчөт өстүрүү жумуштарынан баштап, жыйналып алган түшүмдү мамлекетке тапшырууга чейинки иш процесстеринин көбү кол күчү менен аткарылат. Албетте, жер аянттарын айдоо, культивациялоо, дискалоо жумуштарына техника пайдаланылат. Бирок биз тамекинин жалбыректарын үзүү жана тизүү мезгилинде бир топ кыйынчылыктарга учураган күндөрүбүз болот. Эгерде биздин тамеки өсүмдүгүнө дагы пахтачылыкта пайдаланылган техникалар сыяктуу механиза-

циянын күчү кийирилсе, анда адамдардын кол эмгеги азайып, түшүмдүүлүк жана сорттуулук жогору болмокчу.

Тамеки көчөттөрүн эгүү процессинде жана кургатуу мезгилинин мөөнөтүн кыскартуу үчүн мүмкүнчүлүктөрү көп. Ар бир сотых жерге жумшалган акчанын суммасын төмөндөтүү техниканын иштешине жараша болмок. Менин айткандарым тамекичилик боюнча адистерди, илимий мекемелердин коллективдерин тынчсыздандырбай койбойт. Алар да ойлонуп жатышкандыр. Бирок менде мындай бир ой бар. Азыр тамеки жалбыректарын кургатуу 7 күндөн 11 күнгө чейин созулат. Эгерде кандайдыр техникага, же станок өндөнгөн аспапка тамеки жалбыректарынын өзөгүн жанчып туруп, анан тизип кургатууга илсе, жалбыректардын кургоо мөөнөтү 3—4 күнгө кыскармакчы. Муну мен практика жүзүндө ишке ашырып көрдүм. Ал эми ушундай кургатуу мөөнөтүн кыскартуу менен сорттуулукту жогорулатуу проблемасын ойлоочу уюмдар, алардын коллективдери бизге, тамекичилерге жаңы техникаларды жасап беришсе жакшы болор эле.

Жөнөкөй колхозчу, чакан гана коллективдин жетекчиси Абдувап Тойгонбаевдин жогорудагы айткандары кимди болсо да ойлонтпой койбойт эмеспи. Албетте, келечекте тамекичиликке механизациянын күчүн толук кийирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөрүнө шек жок. Ал эми бул жөнүндө катардагы колхозчу-бригадирдин көз жүгүртүшүнүн өзү кубанычтуу да.

Биз сөз кылып жаткан бригадир ар-намыстуулук эмгеги менен эл алдында, Мекен алдында өзүнүн жогорку жоопкерчилигин сезип, алдыга коюлган милдеттерди чечүүгө патриоттук, чыгармачылык демилге менен туура багытта жашап жаткан адам. Өз бригадасынын коллективинде эмгектин чыныгы ташкыны кайнап, ал аркылуу зор ийгиликтердин жарала тургандыгын каалайт жана бригаданын мүчөлөрүнө ошого жараша шарт түзүп берет. Бригадирдин жеке демилгеси бүт кары-жаштын колдоосуна алынат. Ошондуктан ар бир тамекичинин, механизатордун эмгекке кылган мамилеси артып, кечээгиден бүгүн, бүгүнкүдөн эртең мыкты иштөөгө шыктандырып жатпайбы.

Дыйкандык ар-намыс менен эмгектенүү жаңы демилгени дароо колдоого алып, аны биринчилерден болуп ишке ашырууга бел байлаган азаматтардын катарына Абдувап Тойгонбаевди тартынбай эле кошууга болот. Бул жөнүндө төмөнкү бир мисалга токтололу: тогузунчу беш жылдыктын үчүнчү жылында Ноокат районунда «Талгар-25» сортундагы тамеки үрөнү биринчи жолу алынып келинди. Ошол

сорттогу үрөн үчүн Тельман атындагы колхоздун тамекичилик боюнча агроному Узакбай Кочкоров боордош Казакстанга барган. Ал жердеги адистер, тамекичилер менен аңгемелешип, алардын мындай сорттогу тамеки эгүүдөгү тажрыйбаларын аздыр-көптүр үйрөнгөн.

Жаз алды менен колхоздо атайын жыйналышта бул сортту эгүү керекпи же жокпу деген маселе көтөрүлдү.

— Биздин райондун башка чарбаларынын тамеки эгүүчү аянттарына караганда колхозубуздун шарты башкача. Биз тоого жакын турабыз. Аянт тегиз эмес. Айдөөш келген жерлер да бар. Күн нуру кечигип тиет. Эртең мененки жана кечки суук башка жерлерге караганда эрте башталат. Ошондуктан,— деп айтты агроном — бул сортту бардык бригадаларга эгүүгө уруксат берүүнүн опурталдуу жагы да бар. Адегенде ойлонуп, пландаштырып туруп, анан сунуш кылыш керек.

— Бул жаңылык. Демек, жаңылыкты колдоого алып, анын түйшүгүн тартууга бел байлоо керек. Эгер сиздер уруксат бересиздер, менин бригадамда өстүрөлү,— деди Абдувап Тойгонбаев биринчилерден болуп.

— А силерчи?— деди колхоздун жетекчилеринин бирөө олтурган башка бригадирлерге көз чаптырып.

— Бул жаңы сорт да. Эгебиз деп бел байлоого барсак...

— Силер олку-солку болсоңор, анда мен эле эгейин,— деди Абдувап жанакы сүйлөгөн бригадирге көз жибере,— кеп ошол жаңы сортту өз шартыбызда эгип көрүүдө жатпайбы. Муну жаңыга умтулуу деп ойлоймун мен. Андыктан биздин бригадага эгүүгө уруксат берсеңиздер жакшы болор эле.

— Колхозчулар кандай ойдо болду экен?— деди отурган бригадирлердин бирөө.

— Алар макул дешет. Мен алдын-ала тамекинин бул сорту жөнүндө бригаданын мүчөлөрү менен макулдашкам. Ал турсун жолдош Кочкоровдун Казакстандан көрүп-билип келгендерин сураштырып билип алганбыз.

— Туура,— деди агроном,— биз Тойгонбаевге ишенебиз. Ошондуктан анын бригадасына бул жаңы сортту эгүүгө уруксат беребиз. Дагы кимиңер эгүүгө даярсыңар?

— Биз дагы эгип көрөлү,— деди Орозалы Бакиров.

— Биздин бригаданын мүчөлөрү да бул жаңы сорттун эгилишине каршы эмес. Мындай демилгени мен да колдоймун,— деди бригадир Абдылда Ашыров.

Ошентип, колхоздун үч бригадасына «Талгар-25» сортундагы тамекинин жаңы көчөтү эгилип, тогузунчу беш жылдыктын үчүнчү жылында эле түшүм мол алынды. 1973-

жылдагы ар гектардан алынган түшүм Абдуваптын бригадасында 34 центнерди түздү. Бул колхоз боюнча гана эмес райондогу жогорку көрсөткүч эле. Колхоздогу Сатыбалды Имаров башкарган бригада көп жылдар бою биринчиликти чыгарбай келген. Бирок бул жолу Абдувап Тойгонбаевдин бригадасы алдыга озуп өттү. Ошондо Кыргыз ССР Жогорку Советине үч жолу депутат болуп шайланган Сатыбалды Имаров атайын келип Абдуваптын колун кыскан болчу.

— Рахмат, Абдувап! Сенин быйылкы жогорку ийилигиң бардыгыбызды кубандырды. «Устатынан шакирти өтөт» деген ушул.

Сатыбалды Имаров туура айтат. Абдувап ар качан ал кишиден тамекичиликтин татаал сырларын сурап, акылдашып туруучу. Сатыбалды аке Абдувапка тажрыйбасын көп үйрөткөн. Тамеки талааларына келип өзү кошо иштешип да жүргөн.

Абдуваптын асыл эмгегин партия менен өкмөтүбүз да жогору баалады. Ага 1974-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылды. Албетте, Абдувап мындай ийгиликке оңой-олтоң жете койгон жок. Ал көп жылдык тажрыйбага, өзүнүн бригадасынын мүчөлөрүнүн жөндөмдүүлүгүнө таянып иштеди. Жогорку түшүм алуу үчүн канчалык түйшүк, канчалык уйкусуз түндөр талап кылынары баарыга белгилүү. Анын үстүнө кээ бир жылдары аба ырайы катаалданып, жаан-чачын көп болот. Өткөн жылы тамекинин бир канча аянтын мөндүр сабап кетти. 6—7 жалбырактуу жаш көчөттөр жабыркап, алардын ордуна кайрадан эгүүгө туура келди. Ошого карабастан, бригаданын түйшүкчүл адамдары жаратылыштын катаал шарттары менен кармашып, өздөрү көздөгөн түшүмдү алууга жетишти. Ар бир колхозчу, механизатор өз ишинин дилгирлеринен болушту.

Тамеки өсүмдүгү, башка өсүмдүктөрдөй эле, сууну көп талап этет. Кыргыз-Ата суусунун мөлтүр агымы тамеки арасында күндөп-түндөп жайылды. Бригаданын Арап Бөрүбаев, Маямир Абдыкаимов, Калык Козубаев, Жолчу Аскаров жана Паяз Арналиев сыяктуу сугатчылары көптөгөн жылдардан бери суу тилмечтери болуп калышкан. Булардын ысымдарын бригадир Абдувап дайыма сыймыктануу менен атайт.

Эки жыл мурда райондун эмгекчилери селонун жана айыл-кыштактын маданиятын көтөрүү үчүн үндөө кабыл алышкан. Бул демилгени Тойгонбаевдин жердештери да дароо колдоого алышкан. Тамекичиликтен алынган кирешенин көпчүлүгүн колхозчулардын маданий турмуштук

шарттарын жакшыртууга жумшашты. Эски имараттардын ордуна стандарттуу жаңы үйлөр салынып, көчөлөр көрктөндүрүлө баштады.

— Партия менен өкмөтүбүз адамдардын жыргалчылыгы үчүн ар тараптан камкордук көрүп жаткан учурда, — дейт бригадир Абдувап Тойгонбаев, — биздин айылдын адамдары да өз турмуштарын жаңылап өзгөртүп жатышат. Мына, сиздер көрүп тургандай, көчөлөрүбүз көрктөнүп, электр жарыгын жамынды. Көпчүлүгүнө асфальт төшөлдү. Бийик жана көрксүз эски дубалдар, коргондор бузулуп алардын ордуна кооздолгон жыгач тосмолор коюлду. Көчөлөрдү бойлото тротуарлар жасалды, бак-даракгар тигилди.

Биз аңгемелеп жаткан бригадир, алдыңкы тамеки өстүрүүчү Абдувап жана анын бригадасынын мүчөлөрү Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 60 жылдыгын эмгектеги зор ийгиликтер менен тосууну чечишип жогорулатылган милдеттенме алышкан. Бригаданын коллективи он биринчи беш жылдыктын төртүнчү жылында 45 гектар аянттын ар гектарынан 38 центнерден түшүм алууну чечишкен. Бригадада подряддык жаңы ыкма менен иштөөнүн негизинде рентабелдүүлүк 8 процентке, эмгек өндүрүмдүүлүгү 1,9 процентке жогорулайт. Сорттуулук 80 процентти түзөт. Коммунист-бригадир, Социалисттик Эмгектин Баатыры Абдувап Тойгонбаев жетекчилик кылган бул бригаданын мүчөлөрүнүн айткан сөздөрү ишке ашарына эч шектенүүгө болбойт. Убаданы орундатуу үчүн бригадада бардык шарт бар, тиешелүү иш-чаралары алдын ала каралган.

— Мен эл үчүн, элдин жыргалчылыгы үчүн жан аябай эмгектенгендиктен, — дейт Социалисттик Эмгектин Баатыры, — айыл маданиятын, колхоз экономикасын арттыруу га үлүш кошкондугумдан улам ушундай урмат-сыйга жетиштим. Насаатчы катары көп жаштарды тарбияладым. Дайыма өз ишиме чыгармачылык менен мамиле жасоого тырышам. КПСС Борбордук Комитетинин февраль (1984-ж) Пленумунда жолдош К. У. Черненко,— «Элдик демилгени өз убагында көрө жана колдой билүү, болгондо да эң кеңири мааниде — жумуш ордундагы ишке чарбалык, чыгармачылык менен мамиле жасоодон мамлекетти, коомду башкарууга активдүү катышууга чейинки элдик демилгени өз убагында көрө жана колдой билүү — биздин өнүгүшүбүздүн эң залкар, көөнөрбөс резерви мына ушунда»,— деп таамай белгиледи. Биздин бригаданын мүчөлөрү бул милдетти түшүнөт, мындан ары да ишти жаңыча баштап,

тамекинин түшүмдүүлүгүн арттырууга, анын сорттуулугун көбөйтүүгө өз салымдарын кошушат.

Бул тамекичиликтин устатынын ички дүйнөсүнүн канчалык бай экендигин, анын өндүрүштүк талапты, мамлекеттик жана эмгектик тартипти катуу сактоо менен коллективдүү эмгектин ролун жеткире түшүнөрүнө күбө эмей эмне.


— Он биринчи беш жылдыктын жылдары — партиянын Азык-түлүк программасын турмушка ашыруунун орчундуу мезгилдери экендигин жакшы түшүнөм, — дейт Абдувап Тойгонбаев, — ага биздин бригаданын жана колхоздун башка бригадаларынын да салымдары зор. Демек, биз канчалык өндүрүмдүү иштеп, жердин маданиятын жакшыртуу менен түшүмдүүлүктү арттырсак, продукциянын өздүк наркын төмөндөтсөк, бул улуу программанын ишке ашышын тездетүүгө көмөктөшкөнүбүз болот.

Ооба, 1984-жылы он биринчи беш жылдыктын орчундуу жылында баатыр бригадир эмгектенген Тельман атындагы колхоздо эмгек өндүрүмдүүлүгү 1,2 процентке жогорулоо менен анын эсебинен 58,9 миң сом киреше алынат. Продукциянын өздүк наркы 1,6 процентке төмөндөп, анын эсебинен 66,2 миң сом үнөмдөлөт. Мында А. Тойгонбаевдин бригадасынын мүчөлөрүнүн үлүшү да зор болот.

Бул цифралар жандуу жана реалдуу экендигин зоололуу дыйкан Абдувап Тойгонбаев ишенимдүү баяндайт.

Республикабыздын юбилейлик жылында бул баатырдын бригадасында күжүрмөн иштер аткарылды. Анын көрктүү айлы Кыргыз-Атаны аралап тамекичи улан-кыздардын, жалпы эле эмгекчилеринин аракетин көрүп, алардын шаңданган эмгегине, алга умтулуусуна, патриоттук аң-сезимине берилбей коё албайсың, толкунданасың. Жүрөк сыймыкка жык толот. Көргөндөрүңдү көпчүлүккө баяндагың келет.

Т. МИЯШЕВ



Ташбай АЙДАРОВ

А й д а р о в Т а ш б а й 1919-жылы Чаткал районундагы Каныш-Кыя айылында туулган. Эмгек жолун дыйканчылыкта иштөөдөн баштаган. 1952-жылдан ушул мезгилге чейин Ташбай Айдаров үзгүлтүксүз кой багып келүүдө.

Күжүрмөн чабан сегизинчи, тогузунчу, онунчу беш жылдыктардын жылдарында карамагындагы койлордон 130—170тен козу алып, ар койдон 4—6 килограммдан жүн алып турган.

1981-жылы карамагындагы койлордун ар жүзүнөн 135тен төл, 6 килограммдан жүн алган. 1982—1983-жылдарда да алган милдеттенмесин ашыгы менен аткарууга жетишкен.

Т. Айдаровго кой багуудагы үзүрлүү эмгеги үчүн 1972-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган.

Тогузунчу жана онунчу шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин физкультура, спорт жана туризм боюнча комиссиясынын мүчөсү. Эки Ленин ордени жана медалдар менен сыйланган.



ДАҢККА ЖАРАША ЖҮК

Чаткалдык даңктуу чабандар жөнүндө сөз боло калганда эле кары-жаш дебей адегенде атактуу Ташбай акени аташат. Анткени ал биринчи кезекте эл турмушунун жыргалчылыгын жогорулатуунун камын көргөн киши. Бул ишке ал мүмкүн болушунча көбүрөөк салым кошсом деп самайт.

Даңктуу чабан эмгектенген «Каныш-Кыя» совхозу райондогу эң ири, келечеги кең чарбалардын бири. Анын географиялык жайгашышы да башка чарбаларга караганда бир топ ыңгайлуу келип, административдик жана маданий-чарбалык курулуштарды кеңири жүргүзүүгө эң сонун мүмкүнчүлүктөр бар. Келечекте райондун борборун ушул совхоздун аймагында жайгаштыруу да ушундай жагдайлардан улам болсо керек.

...Тааныш жолдор менен чыгышка, булуттар түнөгөн айылга бара жатабыз. Райондун борбору Жаңы-Базар айылынан Каныш-Кыяга чейин чай кайнамдык эле жол. Ал улам өр тартып бийиктеген сайынбы же төмөнгө, үп болуп жаткан өрөөнгө сапар чегип, оң тарапта сай ичинде күкүктөнүп агып жаткан Чаткал дарыясынын илебинен уламбы, салкын аба ичи-койнуңа кирип, алыста калган калаанын эктиктирген керимсели заматта унут болот. Туш тарабындагы чалкайган тоолордун миздүү чокулары көпкөк асмандын көкүрөгүн жара тилип, «бизди бийик максаттуулар гана мекендейт» дегендей, суктанарлык да, сүрдүү да. Жолунун татаалдыгы, ашуусунун катаалдыгы боюнча Кара-Буурадан кем калышпаган Чакмак ашуусунун аска-зоокалары түндүк тараптан даана көрүнөт. Жол ката бирде ошол Чакмак ашуусуна көз кырымды таштайм, бирде ошол ашуунун ары жагындагы кең Таластан мында бир нече жыл мурда асыл тукум койлорду айдап келген Ташбай акенин асыл максатына, кажыбас кайратына ичимден ыраазы болом. «Каныш-Кыя» совхозу он биринчи жана андан кийинки беш жылдыктарда кой чарбасы боюнча Чаткалдагы бирден бир асыл тукум чарбага айланат. Бул иштин башында атактуу кой өстүрүүчү Ташбай Айдаров тургандыгы айрым адамдарга гана белгилүүдүр.

* * *

Ошол жыл Ташбай акенин эсинде ак жолтой жыл катары өмүр бою эсинен чыкпай, улуу кичүүгө баяндап берүүгө татыган жылдардын бири болуп калары шексиз. Анткени,

ушул жылы анын мал чарба майданындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги жогору бааланып, көкүрөгүнө «Орок жана Балка» алтын медалы тагылды. Жогоруда биз айткан улуу иштин баштоо Ташбай акенин ошол 1972-жылкы тагдырына туш келгенин карасаңыз.

Жай мезгили аяктап, күзгө тарта баштаган кез эле. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Турдакун Усубалиевич Усубалиев чаткалдык эмгекчилердин турмушу менен таанышуу үчүн өрөөнгө келип калат. Ал-жайды сурашкан соң ал киши Ташбай акени өкмөттүк жогорку сыйлыгы менен куттуктады да аңгемелешүү арасында эмне муктаждыгы бар экендигин сурады. Учурдан пайдаланып Ташбай аке көңүлүндө көптөн бери түнөктөп жүргөн оюн ортого салды.

— Биздин аймакта мурда кыргыз койлор асыралып келгендигин жакшы билебиз. Совхозубузда асыралып жаткан азыркы койлордун белгилүү бөлүгү ошолор менен аргындашып калгандар. Жүндөрү да таза эмес, төл алууну жогорулатууга терс таасирин тийгизбей койбойт экен. Ошондуктан совхозубузга таза тукумдагы уяң жүндүү асыл тукум койлорду сатып алсакпы деп жатабыз...

Сөздүн төркүнү кайда экендигин түшүнө койгон биринчи секретарь чабандын тилегинин аткарылышына жардам бере тургандыгын айтты.

Жолугушуудан көп өтпөй эле Ташбай аке Киров районунун чарбаларынан уяң жүндүү асыл тукум койлорду алып келүүгө өзү баш болуп аттанды. Бир нече күндүк жол азыгын бөктөрүндү да Чакмак ашуусун ашып түшүп, «Көк-Сай» асыл тукум совхозунан жана «Россия» колхозунан эки миңге жакын койду өз колу менен иргеп алды. Ушунун өзү эле бир топ машакаттуу иш болду. Ташбай аке ошол мезгилде карапайым чабандардан райкомдун секретарына чейин тынчтык берген жок. Телефон чалуулар, биринен кагаз жаздырып алып экинчисине берүү, чарба жетекчилери же чабандар менен өйдө-төмөн айтышуулар...

«Көк-Сай» совхозундагы чабан менен болгон окуя эч эстен кетпейт. Ташбай акенин совхоздо кой алып жүргөнүн мурда эле укканбы, арык чырай, кырктын кырына келип калган чабан алардын келишин анча жактыра берген жок, сөз кой иргеп алууга келгенде:

— Баатыр болсоңуз өзүңүз баатырсыз, аксакал, — деди кызандай түшүп. — Бул койлорду мен козу кезимден боор эт менен тең баладай асырап келе жатам. Эми минтип убайын көрө турган мезгилде сизге тандаттырып, дурустарын берип жиберип, өзүм сызга отуруп калгым келбейт. Сиздей баатыр

болбосом да өз алыма жараша эл алдында берген убадам бар. Намыс сизге да, мага да бирдей. Мен өзүм тандап бергенди гана аласыз, болбосо мен да барчу жерге барам.

Ташбай аке саамга унчукпады. Бул жерде жүргөн күндөрдүн ичинде ал буга окшогон сөздөрдүн неченин угуп, кулагына сиңип калган.

— Жакшы ниет менен иштеп жүрүпсүң, сенин да баатыр болуп калгың бардыр,— деди Ташбай аке сөздү алыстан баштап. — Баатыр чабан аталганыңдан кийин өз көмөчүңө күл тарта бергениң да болбойт экен. «Чарбаң жакшы болсо чабаның да жакшы» дегендей, эми коңшу чабандарың, бүт кесиптештериң, өзүң эмгектенген чарбаң жакшы болсун дейт экенсиң. Мен өз короом үчүн болсо улуу башымды кичик кылып бул жакка келбейт да элем. Чаткалда да силердин совхоздой асыл тукум чарба түзүп, келечекте койлордун тукумун жакшырталы деген ниетибиз бар. Жакшы ишке аяк тоспо, иним. Эл камын, эртеңкини ойлоп иш кылалы.

Баатыр чабан үй ээсине суроолуу карап сөзүн бүтүрдү. Ошентип кеч күүгүмдө башталган аңгеме түндүн бир ооку-муна дейре созулду.

Эртеси таң жаңы сөгүлгөндө өзү баш болуп төрт-беш адам короону аралап, кой бөлүп жүрдү.

— Мына ушул кой менен элүү болот.

Совхоздун меймандар менен бирге жүргөн зоотехниги жетелеп келген коюн коңшу короого киргизип жатып болду дегендей үн катты.

— Болсо болду.— деди Ташбай аке этек-жеңин кагынып.

— Дагы бешти киргизгиле, балдар,— деди короонун ээси. — Бул менин улуу меймандын өз короосуна кошумчам болсун. Зоотехник иним, менин короомдон 55 кой алынды деп жазып кой.

Ташбай акелер ыраазылыгын билдирип аттанып жатканда үйдүн ээси аны барбаландап узатты: — Кечээги кызуулугумду кечириңиз. Баатырдык даңкыңызды, алтын жылдызыңызды эмес, асыл оюңузду сыйладым, — деди ал баатырдын колун кош колдоп кысып жатып. — Жакшы барыңыз. Асыл тилегиңиз ишке ашсын, ылайым.

Топтолгон койлордун бир да башын ит-кушка жем кылбай Чаткалга айдап жеткирүү Чакмак ашуусу аркылуу мал менен ашып көрбөгөн киши үчүн өзгөчө бир сыноо, жүрөк өйүгөн иш болду. «Таластан кой айдап келем деп сапар тартышың, анын бардык азап-тозогун да мойнуңа алып чыкканың» деп Кенжеке аттанып жатканда айтпады беле,— деди ал өзүнчө. — Аял заты жеринен сезгич келет тура. Эми даяр койду айдап кете бергиле деп жол билбеген бал-

дарга бүт Чаткал күтүп жаткан койлорду таштап, машина менен кетип калышым жарабас. Айылдагылар да алдыңдагы коюң кайда дешсе, айдап келе жатышат деп кантип айтмакмын. Жок, өзүм айдап барышым керек».

Ушундай бүтүмгө келген баатыр чабан жергиликтүү бир аксакалды жол көрсөтүп барууга макулдады да он күн дегенде Чакмакты ашып Чаткалга кирип барды.

Таластан барган асыл тукум койлорду бөлүштүрө келгенде совхоздун ошол кездеги жаңы дайындалган директору Умар Сатыбалдиев Ташбай акеге бир чети кеңеш сурагандай, бир чети анын эмгегин баалагандай кайрылды:

— Асыл тукум койлорду кайсы чабандарга бөлүштүрүүнү да өзүңүз билиңиз эми.

— Ооба, ишенимдүү адамдарга бербесек, койлордон бир кышта эле кол жуун калышыбыз мүмкүн. Чаткалдын катаал кышына койлор кандай көнөт — ким билет. Мага да бир кароо бererсиздер.

— Албетте, албетте,— деп директор шаша түштү. — Кайсыл тууттагыларынан алсам дейсиз?

— Айдап келдим эле деп аксакал башым менен дуруstарын алганым болбостур. Биринчи тууттагыларынан эле алам.

Ооба, эр ортону элүүнүн кырынан жаңы эле ашкан Ташбай акеге төшүнө тагылган алтын медаль кубат-дем бердиби, же эл-жер, Мекен үчүн күч бере турган мезгили ошол жылдарга туш келдиби, айтор баатыр чабан Таластан кой айдап келген жылдын күз, кыш, жаз мезгилдеринде өзгөчө демилгелүү эмгектенди, тоодой болгон түйшүктөрдүн толкунун багытынан адашпаган кеме сыңары жеңип жүрүп отурду. Жеңбегендечи! Эл ичинде «Баатыр десе эле элтеңдеп дагы бир бейтааныш иштин баштап алды. Мурдагы коюн багып эле тынч жүрө бербейби» деп анын асыл ишине алдыртадан сынай карап жүргөндөрдүн кекээр сөздөрүн Ташбай акенин кулагы чалбай койгон жок. Мындайда айтылган өйдө-төмөн сөздөр да адамды суу тийген чылбырдай чыйралтып, намысына келтирет окшобойбу. Алдына койгон максатына жетмейин тыным дегенди билбеген өжөр мүнөз чабан жазында карамагындагы 675 биринчи тууттагы токтулардын ар жүзүнөн 95тен козу алып берүүгө жетишти. Асыл тукум багытындагы койлордон биринчи төл алуунун жыйынтыгын совхоздун катардагы чабанынан тарта райондук жетекчилерге чейин чыдамсыздана күтүп жүрүшкөн. Анткени, бул Ташбай аке Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наамге ээ болгондон кийинки убакта койлордон алынуучу биринчи төл эле.

...1973-жылдын апрел айы, төл алуу кызуу башталып калган, бирок жем-чөптүн куну учуп, төлдүн аягына дейре жете тургандай эместигин Ташбай аке убагында баамдады. Чоң ишти баштап алган чабандын оюнда ошол мезгилде бир гана нерсе жүрдү: «Алыстан алынып келген койлорду бөөдө өлүмгө учуратып, алгачкы төл алуунун планы аткарылбай калабы?» Мындай суук ойлорду эстегенде баатырдын заманасы куурулуп, денесин ичиркенткен калтырак заматта төбөдөн ылдый чуркап өтүп, жаак эттери чыңала түшөт. Анан кабыргасы менен кеңешип көрүп түз эле Ала-Букага барып райондук жетекчилерге кайрылып жүрүп бир машина жем алып келди. Ага чейин жергиликтүү калктан козу берип чөп сатып алган күндөрү да болгон. Ошентип азап менен жаңы шартка көнө элек малды асырап жүрбөдүбү... Ар кимден чөп сатып алып жүргөнүн райондук жетекчилерге билдиргең да жок. Бул чабандын аракетчилдиги, минтип жатам деп төшүн бекер ургулай бербеген жөнөкөйлүгү эмей эмне.

Ошентип кажыбас кайрат, бел чечпей эмгектенүүнүн аркасында гана ошол жылы мал кыштатуу, айрыкча төл алуу ийгиликтүү аяктап, Айдаровдун эл алдында жүзү жарык болду.

* * *

«Каныш-Кыя» совхозуна келгенибизде күн кечтеп калган. Малчылардын чогулушу да башталарына аз калган экен. Чогулуш көпкө созулган жок. Аткарылган иштер, техника жана адам күчтөрүнүн абалы жөнүндө тийиштүү адамдар билдирүү жасашты. Совхоздун № 1 бөлүмүнө карашгуу тоют даярдоочу № 2 бригаданын бригадири Дербиш Чотбаевдин сөзү кыска болду. — Эртең Ноо-Арык менен Көтөрмөдөгү 70 гектар аянттагы чабылган чөптү Ташбай акенин сарайына ташып жеткирбесек болбойт. Мына, а киши өзү да келип отурат. Ошондуктан кошумча адам күчтөрү керек.

— Канча киши? — деди директор ошол замат.

— Он чакты адам болсо жетишет,— деп бригадирдин ордуна Ташбай аке жооп берди.

— Болуптур, эртең жекшемби экен. Ушул жерде отурган мекеме кызматкерлери бардыгыбыз сизге жардамга барабыз.

Директор баатыр чабанга карап жооп берип жатты.

Ташбай Айдаров менен чогулуштан соң гана аңгемелешүүгө туура келди.

— Быйыл кайрадан биринчи тууттагы токтуларды алган турбайсызбы. Төл алууңуз ийгиликтүү аяктагандыр?

Баатыр чабан онунчу беш жылдыкта алдыңкы чабандар менен бирге «Беш жылдыкты — төрт жылда!» деген ураанга кошулуп, берген убаданы чабандык бригадасы боюнча ашыра аткаргандыгынан, өзү беш жыл ичинде ар жүз койдон жылына орто эсеп менен 171ден козу, ар койдон 6,1 килограммдан жүн, ал эми он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында үчүнчү тууттагы 400 койдун ар жүзүнөн пландагы 90 козунун ордуна 135тен төл, ар биринен 3,5 килограммдан жүн кыркып алуунун ордуна 6,050 килограммдан жибек жүн алып бергендигинен кабарым бар экендигине карабастан, анын жаңы беш жылдыктагы жаратып жаткан ийгиликтерин өз оозунан уккум келди.

— Жок. Төл алуу али аяктай элек,— деди ал тамашага чала сүйлөп. — Айрым чабандар жайлоо мезгилинде эс алууга келишкенсип, бардык иштерин таштап коюшат. Биздин чабандык бригадада мындай эреже жок. «Жөжөнү күзүндө санайт» деген кеп бар элибизде. Анын сыңарындай, төл алуунун жыйынтыгын да күзүндө, козуларды энелеринен бөлгөндө чыгарууну колдонсок, алынган төлдү аман асыроого чабандардын жоопкерчилиги бир топ жогорулямак.

Баатырдын бул айткандары айрым чарбаларда ишке ашырыла элек болсо да ал өзү жетектеген бригадада 1975-жылдан бери колдонулуп жаткандыгы кубанычтуу көрүнүш. Анан калса баатыр чабан ар жылы жайда, мал жайлоого чыкканда шакирттери Сейталы менен Убалиге малды ишенип, өзү жакада жүрүп бригаданын 2 миңге жакын малы үчүн тоют топтоо ишинин башында жүрүүнү адатка айлантты. Бул малды кыштан эттүү жана чыгашасыз асырап чыгып, арбын төл жана жүн алууга эң сонун шарттарды түзүп жаткандыгы айтпаса да түшүнүктүү. Анын «Төл алуу али аяктай элек» деген тамашасынын төркүнү да ушунда турбайбы.

Биз аңгемелешип отурган парткомдун секретарынын кабинетинин ичи жарык болуп турганы менен сырттагы караңгылык улам коюуланып, айыл тиричилигинин кыймылы улам сээлдеп баратты. Ташбай аке болсо аңгемесинин аягына чыкпачудай, алтымыштан ары өтүп калган өмүрүнүн 30 жылдан ашуунун жалаң мал чарбасында эмгектенүү менен өткөрүп келе жаткандыгын, бул жылдардын ичиндеги ийгилик-кемчиликтеринен баян куруп отурду.

Дарак бир жерден көгөрөт эмеспи. Очор-бачар оокаттуу турмушка, ириде жалпы элдик урмат-сыйга да аны чабан-

дык кесип жеткирди. Бүгүн анын төшүндө көптөгөн медалдардан тышкары «Орок жана Балка» алтын медалы менен бирге эки Ленин ордени жаркырап турат. Тогузунчу, онунчу шайланган Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болду. Өрөөндүн баш-аягына аты таанымал эмгек адамдары жөнүндө сөз боло калса эле кылым карыткан сары тиш абышкалар да «Атасынан жети жашында калган жылкычы Айдардын Ташбайы ал» дешип оозго ала кетишет. Турмуштун толкундарына жаш кезинен эле урунул-беринген, чабандык кесипти эрте баштаган Ташбай аке эми ушул кесиптен агарып-көгөрүп, урмат-сыйга ээ болгондугун өзү жетектеген бригададагы шакирттери Убали Орозбаев менен Сейталы Кулуевге, эс тартып келе жаткан ууду Абдраимге эртели-кеч учуру келе калганда айта жүрөт...

Баатыр эмгектенген совхоздун көрсөткүчтөрү да көңүлгө толорлук. Совхоз асыл тукумдуу кой өстүрүүчү чарбага айланып бара жатат. 1980-жылга карата чарбада биринчи класстагы койлордун саны 3450гө жетти. Он биринчи беш жылдыктын ар бир жылында мындай койлордун саны 1100 башка көбөйтүлө берет. Ошентип, он биринчи беш жылдыктын аягында совхоздогу койлордун жалпы санынын 70 процентке жакыны биринчи класстагы койлор болот. Бул ишке Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты Ташбай Айдаровдун кошуп жаткан салымы зор. Чарбадагы койлорду асыл тукумдаштыруунун башында алгачкылардан болуп ушул Ташбай аке турбадыбы.

Жылдар жылга тогошуп, Чаткал өрөөнү гүлдөгөн аймакка айланып өрүшү малга, өрөөнү данга толгон мезгилге да туш болорбуз. Ошондо «Мына ушул жалпы элдик улуу иштин башында мен да болгом, бүт күч-кубатымды, өмүрүмдү өрөөндү өздөштүрүүгө арнагам» деген сезим бул жалпы элдик ишке катышкан ар бирибизди бийлеп, толкундата тургандыгына толук ишенүүгө болот. Ал күн сөзсүз келет! Адамда эл, жер үчүн, Мекен үчүн сиңирген ак эмгекке сыймыктануу, андан каниет алуудан ашкан ыйык сезим бар бекен!

М. РАХМАНКУЛОВ



Таштанбек АКМАТОВ

Акматов Таштанбек 1938-жылы Ысык-Көл обл. Тоң району, Ак-Сай айылында туулган. Отуз жылдан бери XXII партсъезд колхозунда чабан. Акыркы беш жылдын ичинде жыл сайын ар жүз тубар койдон орто эсеп менен 183төн козу алып, төлду 99%ке аман сактаган. Ар койдон орто эсеп менен 4,9 кг жүн кыркkан. Бул мезгилде бардыгы болуп 4771 козу алынып 128,6 центнер жүн кыркылган.

Жолдош Акматов өзүнүн адистиги, жалпы билим, идеялык-саясий жана кесипчилик деңгээлин дайыма жогорулатууда. Ал 1977-жылы Кыргызстан айыл чарба институн сырттан окуп бүтүрүп, окумуштуу зоотехник наамын алган. Жаштардын насаатчысы.

Жолдош Акматов коомдук турмушка активдүү катышат. Кыргызстан Компартиясынын Ысык-Көл обкомунун жана Тоң райкомунун мүчөсү. Ал тогузунчу жана онунчу, он биринчи шайланган СССР Жогорку Советинин депутаты.

Т. Акматовго эмгектеги зор ийгиликтери үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам ыйгарылган, ал эки Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар менен сыйланган. Ага 1983-жылы СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган, Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты.



ТАШТАНБЕК ТАПКАН БАК-ТААЛАЙ

...«Кылымдар бою калкыбыздын турмушу мал менен тыгыз байланышып келген. Ата-бабаларыбыз мал асыроонун бай тажрыйбасын бизге калтырды. Азыр тажрыйба илим менен бекемделип, алдыңкы ыкмалар менен байытылып жатат»— деп жазган Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты, республикабыздын атактуу чабандарынын бири Таштанбек Акматов «Кыргызстан» басмасы тарабынан басылып чыккан «Ийгилик эмнеден башталат» деген китепчесинде.

Ооба, анын айтканы абдан адилеттүү. Анткени, ал кыргыз элинин нукура жашоо-тиричилиги төрт түлүк менен ажырагыс байланышта болуп, аскасы асман тиреген ак мөңгүлүү Ала-Тоонун арасында өткөндүгүн эске салып олтурат. Таштанбек да тигил мал киндиктүү Көк-Сайдын жайкысын көйкөлгөн төрүндө ышкын издеп, гүл терип, кышкысын ар тараптан карасаң алаканга салгандай айкын көрүнгөн өрөөнүндө тал чыбыкты ат кылып минип ойноп, балалыктын балдай таттуу жылдарын биринен сала бирин өткөргөн. Китеп баштыгын асынып, мектептин босогосун аттагандан баштап, жайкы каникулга чыккан сайын ата-энеси менен чогуу болуп, Көк-Сайдын башын жайлаганды жакшы көрө турган. Ал ак мөңгүлүү Көк-Сайынын адам эптеп-септеп жеткен зоокаларына чарчаганына карабай жетчү да өзүн төбөсү көктү тиреп тургандай сезип, мындан артык бийиктик жоктур деп алыска-алыска көз жиберүүчү. Анан алда кайдан мунарыктап баш-аягы жок мейкиндикте Ысык-Көл чалкып жатканын баамдап, аны береке байлыктын түгөнбөс кенчиндей баалар эле. «Чуңкур-Төр» менен «Сары-Жон» жайыттары колхоздун күтүрөп жаткан малы менен манчыркагансып, ар түркүн чөпкө чөмүлүп, тулаңы тушарга чыгып көз алдыга тартылчу. Ошондо тестиер тартып калган Таштанбек өзүнүн өмүр жолун ушул мал киндиктүү Ата Журттун ыйык тагдыры менен түбөлүккө байланыштырып, айлана-чөйрөгө ушундай бийиктиктен карасам дегенде ак эткенде-так этчү.

* * *

Асыл максат, адал эмгек салтанат курган азыркы заманыбызда советтик ар бир адамдын көздөгөн ою, көксөгөн максаты кадиксиз ишке аша тургандыгы кадыресе көрүнүш болуп калбадыбы. Таштанбектин тагдыры да анын айкын-

ачык далили. Мына ал өзү туулуп-өскөн Тоң районундагы XXII партсъезд атындагы колхозунда кой чарбасында чабандык кесипте иштегендигине чейрек кылымдан ашты. Бул мезгил — Таштанбек үчүн өтө түйшүктүү кесипте чыгармачылык эмгектенүү менен такшалып, тарбияланууунун, өндүрүштөн ажырабай туруп, өз билимин өркүндөтүүнүн, алдыңкы, прогрессивдүү тажрыйбанын жана илимдин жетишкендиктерин кой чарбачылыгын өнүктүрүүгө тайманбастан жана кеңири киргизүүнүн жемиштүү мезгили болду.

Ошентип, Таштанбек азыр жөнөкөй гана чабан эмес. Ал Фрунзедеги Скрябин атындагы мамлекеттик айыл чарба институтун сырттан окуп, аны артыкчылык диплому менен бүтүрүп чыккан окумуштуу-зоотехник, койду өз төлүнүн эсебинен өстүрүү жана мамлекетке жибек жүндү көп берүү боюнча өлкөбүзгө таанымал болушкан эң алдыңкы эмгек азаматтарынын катарындагы Алтын Жылдыздуу Баатыр чабан, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, өндүрүш менен көп кырдуу коомдук иштерди айкалыштырып алып жүргөн эл кызматкери — СССР Жогорку Советинин депутаты. Анын көкүрөгүн СССРдин ордендери менен медалдары, эмгекте артыкчылык кызматын айгинелеп турган ар түрдүү белгилер көркүнө чыгарат. Мына ушул атактанак, урмат-сыйга ээ болуу оор кыйынчылыктар менен түйшүктөрдүн, өкүнүчтөр менен кубанычтардын, кыскасы, ак ниеттүүлүк менен жигердүү эмгектенүүнүн натыйжасында гана ага таандык болгонун Таштанбек ким менен аңгемелешпесин ар дайым айтат.

Тогузунчу беш жылдыктын жыйынтыгында ар жүз тубар койдон 4,3 килограммдан жүн алынган. Бул — Таштанбектин чабандык ишиндеги алгачкы эң жогорку көрсөткүчүн партия менен өкмөтүбүз Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам берүү менен баалады. Акыркы беш жылдын ичинде эле жыл сайын ар жүз тубар койдон орто эсеп менен 183төн козу алып, төлдүн башын 99 процентке ашык сактаган. Ушул эле мезгилдин ичинде ар бир баш койдон жүн кыркып алуу орто эсеп менен 4,9 килограммга жеткен. Бул мезгилде бардыгы болуп 4771 козу алынып, 128,6 центнер уяң жүн кыркылган.

Таштанбек өзү уюштуруучу болуп иштеген «Бирөө — бардыгы үчүн, бардыгы — бирөө үчүн» деген принцип менен эмгектенишкен партиялык топтун мүчөлөрүнүн албан-албан ийгиликтери бардык элибизге таанылып, кубандырды. Ал сыймык коллективдүү аракеттин аркасында келип чыгып жаткандыгын, ал топту иш дегенде ичкен ашын жер-

ге койгон, айылдын жаш-карысына өзүнүн иши менен да, сөзү менен да алыпыт бүткөн, ар бир адамдын кулк мүнөзүн жакшы билген Таштанбектин аракетинен улам келип чыккандыгы баарына белгилүү. Мина Кылжыров, Казы Көөкөров, Жакен Мамбеталиева, Токон Мукамалиев жана башкалар составында болгон бул партиялык топтун коммунисттери онунчу беш жылдыктын тапшырмасы боюнча өздөрүнө бекитилип берилген 2549 тубар койдон 13 572 козу, 431 центнер жүн кыркып алууга тийиш эле. Өндүрүштө дайыма башкаларга өрнөк көрсөтүүнү өз алдыларына түбөлүк максат кылып коюшкан топтун коллективи колдо болгон мүмкүнчүлүктөрүн жана резервдерин «отуз өлчөп бир кесип» дегендей, сарандык менен эсептеп чыгышы, планда мурда белгиленгенге кошуп, козулардын санын 17.481ге, кыркылып алынуучу жүндү 490 центнерге чейин жеткирүүнү чечишти. Айтылган убаданы ант катары кабыл алууну адатка айландырышкан бул партиялык топтун коммунисттери беш жылдык планды төрт жылдын ичинде аткарышып, төл алуу боюнча милдеттенмени 106 процентке, жүн кыркып алуу боюнча — 111 процентке орундаткан.

Таштанбектин жеке өзүнүн жана ал уюштуруучу болуп иштеген партиялык топтун мүчөлөрүнүн ээ болуп жаткан ийгиликтерине көз чаптырып, мурда райондо эң арттагы чарбалардын катарында жүргөн колхоздун мамлекет тарабынан күн сайын көрүлүп жаткан аталык камкордугунун аркасында жылдан-жылган экономикасы менен маданиятынын өсүп-өнүгүп, алдыңкы чарбалар менен ат салышып атаандашып иштөөнүн натыйжасында жаралып жаткан жакшы натыйжаларына курсант болуп баяндагың келет. Ооба, ал антүүгө толук акысы бар. Анткени, тогузунчу беш жылдыктын акырында мамлекетке карызы бир миллион сомду түзгөн чарбасы бүгүнкү күндө өрүшү өскөн, элинин жыргалчылыгы артып, маданияты кыйшаюусуз жогорулап бараткан колхоздун бири болуп калды. Буга колхозчулардын эмгек күнгө иштеп тапкан кызмат акысы онунчу беш жылдыктын ичинде 31 процентке өскөндүгү, чарба мамлекетке тогузунчу беш жылдыкка салыштырганда 6.800 центнер этти көп сатууга жетишкендиги, жүн сатуунун планын 29 процентке ашык орундаткандыгы, пландуу жана башка тапшырмаларды да ийгиликтүү аткаргандыгы далил боло алат.

— Биз онунчу беш жылдыктын ичинде эле он биринчи беш жылдыкка белгиленген планды төл боюнча үч жылда, жүн боюнча 2,5 жылда аткарып койгонбуз. Он биринчи беш жылдыктын экинчи жылынан тартып 1985—1990-жылдар-

дын эсебинен продукция берип жатабыз. Өзүмдүн оторумда быйыл ар жүз соолуктан 185тен козу, ар бир койдон 5 килограммдан жүн алуу жөнүндөгү демилге менен чыкканбыз. Ал демилгебиздин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин атайын токтомунда жактырууга ээ болушу жана кесиптештерибиздин колдоосуна алынып жатышы Родинабыздын жыргалчылыгы үчүн баштагыдан бетер жигердүү эмгектенүүгө шыктандырууда, — деп айтты ал Кыргызстан Компартиясынын XVII съездинин трибунасынан.

Москвадан борбордук телекөрсөтүүдөн келишкен атайын адамдар менен Таштанбектин кой өстүргөн конушуна барып калдык. Жалпы эле колхоздун чабандарынын иши жана турмушу менен кең-кесири таанышып, өздөрүнө тиешелүү көрүнүштөрдү телефильмге тартып жатышты.

Мына, Таштанбектин атактуу да, сыймыктуу да короосу, ичи-тышы акталган татынакай там үйү. Анда орду-орду менен коюлган үй эмереги, мебель, телевизор, радиоприемник, өздүк китепкана, түркүн түстөгү идиш-аяк. Ильичтин шамы жанып, үй ичин, короо-жайды, мончону, жада калса Таштанбектин өзүмдүк ГАЗ-24 «Волга» автомашинасынын гаражын да каалаган учурда жарык кылып турат. Короо жүнү жибектей болуп чубалжып таралган, көзгө токтомдуу көрүнгөн койлорго толгон. Тележурналисттер дили менен купулга толгон ар кандай көрүнүштү камерага түшүрүүдө. Анткени, алар тоо арасындагы малчыларыбыздын азыркы жашоо турмушуна — жашоонун социалисттик мүнөзү аларга эмнелерди берип жаткандыгына суктануу менен карашып, толкунданышкандыгы байкалып турду. Баарыдан да аларды Таштанбектин үй-бүлөсүнүн азыркы кездеги жана келечеги кең тагдыры абдан ыраазы кылды. Анткени, Таштанбек жана анын өмүрлүк жары Азийкан тогуз баланын ата-энеси. Алардын үч баласы республикабыздын ар кандай окуу жайларында өздөрү тандап алган адистик боюнча факультеттерде окуп жатышат. Калгандары мектепте окуу менен эртели-кеч эне-атасына жардам беришип, үй-тиричилигине кол кабыш кылышат. Үйдүн куту Азийкандын балдарын тарбиялоодогу, Таштанбеги тигил же бул жумуш менен бир жакка кеткенде башкаларга баш көз болуп, короодогу койдун түйшүгүн тартып иштөөдөгү эмгегин айтпа! Ал кабагым-кашым дебестен малын да, балдарын Таштанбек үйдө жүргөндөй асырап, ар дайым жадырап-жайнап жайдары да, шамдагай-шайдоот да.

1982-жылдын апрель айынын аяк чени эле. Чабандар төлдүн жыйынтыгын чыгарышып, алынган козуларды аман асыроонун аракетинде болушту. Таштанбек да алынган төл-

гө ыраазы болуп, эртең менен эрте партиянын райондук комитетинин биринчи секретарынын кабинетине кирди. Секретарь менен учурашкан соң, ал өзүнүн калган чоо-жайын төкпөй-чачпай айта баштады.

— Бейше Жапарович, көптөн бери жүрөк өйүткөн олуттуу маселе боюнча сизге кеңешүү үчүн келдим. — Таштанбек чөнтөгүнөн газета-журналдардан атайлап кесип алган макалаларды столдун үстүнө жая баштады. — Сиз бригадалык подряддын артыкчылыгы, чектик система жөнүндө мага бир нече жолу айткан элеңиз. Мен ушул адабияттарды окуп олтуруп, подряддык ыкманын маанисин даана түшүндүм. Өлкөбүздө жаралып жаткан жаңы саамалыкка үн кошуп, ирилештирилген чабандык бригаданы түзсөм дейм. Ал секретарды суроолуу карады.

Партиялык көп кырдуу иштин ысык-суугуна такшалган тажрыйбалуу секретарь мал чарбасынын устатынын демилгесине терең ыраазылыгын билдирүү менен:

— Таштанбек Акматович,— деди бир нерсе купулуна толо түшкөндөй жайдары мүнөздө,— чынында жаңы подряддык ыкманы райондо биринчи болуп колдойт деп көптөн бери үмүттөнүп жүргөмүн. Бул мал чарбасындагы эң керектүү жана өтө маанилүү башталыш.

— Менин буга чейинки жаратып келген ийгиликтерим райондун экономикасы үчүн көлгө тамган тамчыдай жупуну салым деп эсептейм,—деп чабан ымандай сырын жашырбай айтып жатты. — Жаштарды чабандык кесипке тартып, ирилештирилген подряддык бригадага өтсөм. Жаштар жаштык жалын менен жигердүү иштешет деп ойлоймун...

Алар ирилештирилген чабандык бригадалык подрядга керектүү нерселердин бардыгын ийне-жибине чейин талдашып, көпкө кеңешип олтурушту.

Арадан көп убакыт өтпөй Таштанбектин демилгеси партиянын райкомунда жактырылып, колдоого алынды. Таштанбек ирилештирилген чабандык бригаданы түзүп, үч короо койду айдап Көк-Сайдын төрүнө бет алды. Мурда чабандын короосунда сакманчы болуп иштеп жүрүшкөн жаштар Султангазиев Акылбек, Кыдырмышев Бейшенбек, Атаканов Каныбек — эми кадыресе чабандар. Алардын ар бири 500 баш койго эгедер болуп, Таштанбектин соңунан келе жатышат...

Бригадалык подряд — бул сарамжалдуулуктун, так эсептин жана эпкиндүү иштөөнүн мектеби эмеспи. Таштанбек муну жакшы түшүнүп, аз чыгым жумшап, көбүрөөк түпкү натыйжага жетишүүнүн аракетинде болду. Колунан калем, кагаз түшпөдү. «Алгандын бергени болот» дегендей, кол-

хоздон алынуучу кайрымжысы жок чыгымдардан баш тартып, айрым иштерди өз колдору менен бүтүрүүнү чечишти. Дыйкандар жайлы-жайлата даярдаган тоюттун ар бир килограммынын өзүнө турган наркын чотко салып эсептеп, өткөрүп алып жатты. Айрым транспорттон баш тартып, ат, эшек арабаны пайдаланууга өттү. Кыскасы, колхоз тарабынан чабандык бригадага кеткен чыгым ийне-жибине чейин эсептелди.

Кой төлдөтүү өнөктүгү учурунда үч короо тубарга 34 сакманчы талап кылынган болсо, Таштанбектин ирилештирилген чабандык бригадасындагы 1505 койду төлдөтүүгө 17 гана сакманчы катышып, ар жүз тубардан 140тан козу алып беришти. Мында сакманчылардын саны эки эсеге аз жана алардын эсебинен бригадада иштегендер кошумча эмгек акыга, сыйлыктарга ээ болушту. Өткөн жылдагы кой төлдөтүү өнөктүгүнүн жыйынтыгы менен бригаданын ар бир мүчөсү 1300 сомдон кошумча сыйлык алышты.

Коммунист Таштанбек Акматовдун мал чарбасын өнүктүрүүдөгү жаңы саамалыгы Кыргызстан Компартиясынын Ысык-Көл областтык комитети тарабынан жактырылып, көл кылаасындагы алдыңкы чабандар чын дилден колдоого алышты.

Азыркы күндө Тоң районунда —28, область боюнча — 74 ирилештирилген чабандык бригада түзүлүп, алар подряддык ыкма менен үзүрлүү иштеп жатышат. Атактуу чабандын ысымы азыр күнөстүү Кыргызстандын бүткүл булуң-бурчтарына маалым болуп калды. Анын баалуу демилгесин колдоп чыккан чабандык бригадаларды республикабыздын ар бир чарбасынан жолуктурууга болот.

Өткөн, 1983-жылдын октябрь айынын аяк ченинде Таштанбек менен чер жазышып, жыл жыйынтыгына карата маектешип калдык. Сөз коллективдүү подряддын артыкчылыгы жөнүндө болуп жатты. Ал ишкердүү мүнөздө буларды айтып берди:

— Ирилештирилген чабандык бригаданы түзүү — бул кой чарбасын интенсивдештирүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун жана продукциянын өзүнө турган наркын төмөдөтүүнүн маанилүү жолдору экендигин өзүбүздүн практикалык ишибиз айкын далилдеп койду. Алсак, мындай алдыңкы ыкма негизсиз чыгымдарды кыскартат, эмгек өндүрүмдүүлүгүн ар тараптан жогорулатат.

Биз алгачкы ирет бригадалык подряд менен иштей баштаганыбызда иштин акыркы натыйжасы үчүн нечен миңдеген сом акча бөлүндү. Мисалы, менин бригадама жыл бою чыгымдоо үчүн 95 282 сом каралды.

Ирилештирилген чабандык бригада келечекте чарба үчүн пайдалуу болоорун көрсөтүүдө. Мисалы, үч чабандын койлору бир эле кашарда төлдөтүлгөндө тоют, суу жеткирүүчү ар кандай иштер бир кыйлага кыскарат. Чаржайыттык жоюлат.

Биздин чабандык бригадага үстүбүздөгү жылы 2023 баш тубар кой бекитилген эле. Ал койлордун эки короосу соолук койлор, үчүнчү короосу токтулар. Мында эки короодогу койлордон жашы жана продуктуулугу боюнча жараксыздары үчүнчү короодогу токтулардын эсебинен толукталып туруу чектелген. Пландык тапшырмалар боюнча жүз тубар койдон 106дан козу алып, дүң продукция өндүрүүнүн көлөмү 185 миң сомду түзүүгө тийиш эле. Ал үчүн 95 миң сом чыгымдалып, 89,7 миң сом суммасында таза киреше алынмак.

Биздин бригаданын мүчөлөрү берген убадаларын ашыгы менен аткарышты. 1505 тубар койдон 2107 козу, же ар жүз тубар койго эсептегенде 140тан козу алынып, ар бир койдон кыркылган жүн 4,122 килограммды түздү. Мамлекетке жүн тапшыруудан алынган киреше 93 миң сомго жетти. Бул белгиленгенден 28 миң сомго көп. Алынган 850 баш козудан өзүнчө бир короо түзүлүп, ал жай бою жакшы жайыттарда багылып, кошумча тоюттандырылды. Кийин ал боруктардын ар бири 29,7 килограммдын ордуна 34,3 килограммдан тирүү салмакта, жогорку семиздикте этке тапшырылды. Бригада боюнча он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында мамлекетке кой этин жана жүн тапшыруудагы белгиленген пландык тапшырма ашык аткарылды. Тактап айтканда мал чарба азык-түлүктөрүн сатууда белгиленген 126,1 миң сомдун ордуна 167,8 миң сом акчалай киреше алынды, же болбосо, 41,7 миң сом пландагыдан ашык болду.

Араңжан начар козулардын алынышы чабандан жана сакмалчыдан. Бардык эле чабандарга керек болоор бул тажрыйбаны айтпай кетүүгө болбойт. Айрыкча короо тарыраак учурда желини толгон койлор жем-чөп жеген, суу ичкен мезгилдерде бирин-бири жөөлөп, урунт болушат. Бөтөнчө эгиз же үч эм туулган козулар жалкы туулгандарына караганда кыймылы начар, кичине эле бөгөткө туруштук бере албай мүдүрүлүшөт, жыгылышат. Короого кирерде топ койдун алдыңкысы жыгылса болду, анын эпкини менен артындагылары да жыгыла беришет, астыңкыларын тебелеп өлтүрүп жиберген учурлар да кезигет. Желини толуп турган койлор козу салып жиберишет да эгиздин бири чала

жан, экинчиси — өлүү түшөт. Ара туулган козу араң дем алат, оозун ачат.

Мындай учурда Таштанбек козуну оозго үйлөп дем алдырбастан, эки кулагына үйлөп, өзүн тезирээк жылуу оромолго чулгап, астыңкы буттарын ушалап, кыймылга келтирет. Баары бир андай козу нормалдуу дем ала албайт — ичи көөп, тула бою шишимик тартып, шишик демин кыстырат. Бирок аз болсо да дем алуусу оңолгон кезде ортосунан эки саат өткөрүп, ысык сууга аралаштырылган 1000000 бирдиктеги пенициллинден 1,5—2 граммдан берип турушат, ороосун тез-тез кургактап, жылуу жерде кармашат. Арадан 4—6 саат өткөндөн кийин абалын байкап туруп, бир чай кашык сары май менен оозантышат. Бирок ууз берилбейт, уузду сиңире албаган, ара төрөлгөн алсыз козу мүрт өлөт. Себеби энесинин ичинде өлгөн өз түгөйү мунун канын уулантып, өлөр абалга келтирип таштаган. Мындай козуга тууганына 6—7 күн болгон койдун сүтүн эмизүүгө аракет кылган оң. Ал сүттүн составында ууздагыдай заттар аз, жеңил сиңет.

Таштанбектин короосун аралап жүрүп астыңкы эки буту менен чабак урган сымал козуну көрүп таң кала токтой калдык. Тулку боюнун жарымы — дөңгөлөкчөн. Козу улам алга, козулар аштоого багыт алган жакты карай бир калыпта жылып бара жатат. Бул козунун окуясы, көрсө мындай экен. Жетик туулган бул козу энесин жакшы эле эмет, сүтүн да кадимкидей сиңирет, бирок арткы эки буту шалактап, таянчык боло албайт. Көзгө көрүнгөн соң кыйып жибере албады. Бардык күчүн жумшап, тойгуза эмизип, бир айча багышат. Ошентсе да кыймыл жок, бел омуртка бирикпейт. Бир капталы менен жылган козу, чыласына чыланып, саңырсый баштады. Ары ойлонуп, бери ойлонуп Таштанбек арабача жасап, бел көчүктөн арт жагына бириктиришти. Бир жагына кийизден жумшагыраак төшөп, кадимкидей күлтүк жасашты. Алдыңкы буту менен аракет жасап, өзүнүн жарым денесин өзү сүйрөп, бөлмөдөгү козулардан калбай оттоп, аштоого өзү барып жемин жеп, өзү барып суу ичип жүрдү.

Таштанбектин көрсөткүчтөрүнө күмөн санагандар ошондойду көрсө жакшы болоор эле. Ушул кантип мал болсун, деп жаштайынан терисин тескери сыйрып, бел көчүгүндө омурткасы жок туулган деп акт жаза салса, албетте жүздүн бири кемий берет. Өз ишин урматтаган, өз ишине берилген өз өндүрүшүн сыйлай билет, малга малдай мамиле жасайт.

— Бир короо койду мага жердештерим ишенип бериш-

кен. Алардын тагдыры менин колумда. Кандай баксам, кандай айдасам, качан жайсам, качан жуушатсам өз эрким дей албайм мен. Отордогу ар бир өндүрүштүк процесс илимий пландаштырылып, анын мөөнөтү, өлчөмү, созула турган убактысы орду жана башкалары күн мурунтан белгиленет. Пландуу нерсени убагында бүтүрүп коюу, ал жерде өзүнүн чыгармачылык демилгесин көрсөтүү, шартты, мезгилди туура пайдаланып калуу чабандын керт башына тиешелүү,— деди ал, ар ишти уюштуруунун графигин көрсөтүп. Ал графикте схема алмашуу мезгили козуларды суткасына саатка бөлүштүрүп эмизүү, алардын алсыздарын тез-тез эмизүү, сакманчылардын тамактанаар убактысы, короону тазалоо, койго тоют таратуу, сугаруу өндүү иштер каралган.

Жайкысын кара, такыр күнгөй тарапка күн чагылышып, бүтүн өрөөндү аптап кылып турган менен кышы катаал. Жогортон соккон керимсел биздин короого жетип эки ачага — бир жагы тар капчыгай тарапка, экинчиси түз ылдый уруп тургансыйт. Кээ күндөрдө короо айлана куюн көтөрүлүп, топурак сапырылат. Андай учурда өрөөндүн буктурмаларын тандай салынган кой короолорунун сыртынан карасаң жымжырттык өкүм сүргөн сыяктуу.

Бирок эмгек короо ичинде кайнайт. Малга тоют таркатуу, маалы келгенде сугаруу, бири-бирин кысып, тебелендиге калтырбасы үчүн сак болуу, дагы ушул сыяктуу толуп жаткан түйшүк.

Өмүрүнүн эң сонун кезеңдерин тоонун арасында өткөрүп, бул жылдардын ичинде мал чарбасын өнүктүрүүгө бараандуу салым кошуп, элдин оозуна алынган азаматтарынан болуп калды. Жердештери Таштанбек Акматовдун эмгегин баалап үч жолу СССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайлашты. Коомдук ишке активдүү катышып, элдин ишеничин аткарып, алкышына ээ болду. Кылган иши менен да, сөзү менен да эл уулу аталып, бир айылдын сыймыгы. Анын демилгеси менен Ак-Сай айлына 640 орундуу мектеп, бала бакча, жаңы тегирмен, суу проводу, алыскы сырттагы Буркан дарыясына төрт көпүрө, Ак-Булуң каналы курулуп, пайдаланууга берилди. Бөкөнбаев айлында жаңы китепкананын курулушу башталды.


КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары Константин Устинович Черненконун Москвадагы Куйбышев шайлоо округунун шайлоочуларынын шайлоо алдындагы чогулушунда: «Өндүрүштө советтик адам дайыма толук укуктуу жана жооптуу кожоюн болууга тийиш. Өткөн жылы кабыл алынган эмгек коллективдери жөнүндөгү Закон

ушуга кызмат кылат. Ал эмгекчилердин дал камкордук демилгесин андан ары жайылтууга багытталган»,— деп айткан сөздөрү өзүнүн жана анын коллективинде иштегендердин мындан аркы күжүрмөн программасы болуп калды. Он биринчи беш жылдыктын быйылкы, төртүнчү жылында ирилештирилген чабандык бригада резервдерди аракетке келтирүү менен ар жүз тубар койдон 140тан козу алып берүү жөнүндө жогорулатылган социалисттик милдеттенме кабыл алышкан эле. Берилген убаданы ар-намыстуу аткаруу үчүн күжүрмөн эмгек өз күчүндө болду. Тубар койлорду багуу жана тоюттандыруу талаптын деңгээлинде жүргүзүлдү.

Талбаган эмгек алгачкы үзүрлүү жыйынтыктарды берди. Чабандык бригаданын багуусундагы 1505 баш соолуктун жүзүнөн 145тен козу алынды. Мында бир короо кой биринчи туут болбогондо көрсөткүч мындан алда канча жогору болору талашсыз эле. Ошого карабастан алынган козулардын жалпы саны 2183 башты түздү.

Коллективдүү подряд ыкмасы менен иштешкен ирилештирилген чабандык бригаданын мүчөлөрү эмгектик мындай зор ийгиликтерин Кыргыз ССРинин жана анын Компартиясынын 60 жылдык юбилейине карата тартуулаган өндүрүштүк белектери катары эсептешет. Бул кезде негизги күч-аракет алынган төлдү чыгашасыз асыроого багытталып жатат. Күжүрмөн эмгек коллективинин юбилейлик жылдагы өндүрүштүк жеңиштери ушундай.

Б. АКУНОВ



Кутубай АБДРАЕВ

Абдраев Кутубай 1932-жылы Нарын областынын Кочкор районундагы «Төлөк» айылында туулган. 1949-жылдан бери Кочкор районунун «Соң-Көл» совхозунда чабандык кесипте эмгектенип келе жатат. Ошондон бери мал багууда жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүдө. Айрыкча онунчу беш жылдыктын жыйынтыгы жогору болгон. 1976-жылы ар жүз тубар койдон 175тен козу алып, ар биринен 5 килограммдан жүн кыркkан.

Анын эмгеги жогору бааланып, 1978-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. 1964-жылы Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устат деген наам берилген.

1966-жылдан КПССтин мүчөсү. Тогузунчу шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болгон.

Абдраев үч Ленин ордени, Октябрь революциясы ордени, медалдар менен сыйланган.



ЭМГЕГИНЕН БААР ТАПТЫ

Бул күндөрү Кочкор районунун кайсы гана өрөөнүндө болбоңуз он биринчи беш жылдыктын улуу дүбүртүн байкайсыз. Мында эмгектеги чымырканууулар, жаңы-жаңы демилгелер, жигердүү далалаттар, кайраткерлик, жакшынакай маанай өкүм сүрүүдө. Алты жолу Союздук өтмө Кызыл Тууга татыктуу болгон бул райондун эмгекчилери бир туугган партиябыздын XXVI съездинин тарыхый чечимдерин жүзөгө ашырууда эки эселенген темп менен иштешип, залкар-залкар ийгиликтерди жаратып жатышат.

Райондун батыш жагындагы береги дүпүйгөн бак-даракту кыштак Соң-Көл совхозунун борбору. Бул чарба алтын дандын, жибек жүндүн, ширин эттин, боржоктогон сүттүн мекени. Мында көз кумарды кандырган мейкин жайыттар, такта-такта айдоо аянттары байлыкка балкыйт, төрт түлүк күтүрөйт. Совхоздун бардык күжүрмөн эмгекчилери мамлекеттик байлык өсүп, бири эки, экиси үч болсун дешет. Алардын ар кимиси элдин, жердин, малдын камын көрүшөт. Адамды улуу кылган да, сулуу кылган да эмгек экенин баары жакшы түшүнүшөт. Колдорунан көөрү төгүлгөн жөнөкөй адамдар совхоздун мал киндиктүү Алтын-Булак, Көк-Жар, Арал, Соң-Көл, Чалай, Кап жайыттары короо-короо койго, үйүр-үйүр жылкыга, бада-бада уйларга койнун ачып, жайы-кышы чалкайып жатат. Ал жөнүндө сөз боло калса жылдын кайсыл гана мезгилинде болбосун коюн жон, уюн ком, жылкысын жал алдырып баккан малчылар көз алдыга тартыла түшөт. Ошолордун бири эмгектин алпы, үч Ленин жана Октябрь революциясы ордендеринин ээси, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Абдраев Кутубай да ушул жерди мекендеген элдин, ушул жердин кулуну. Жашоо турмуштун кенчи эмгек экенин таамай билген, КПССтин мүчөсү Кутубай быйыл 51 жашта.

1947-жылдын күз айы. Даректын жалбырагы үлп эткен жел жүрсө, үзүлүп жерге түшөт. Ак төөнүн карды жарылып, агыл-төгүл мезгил. Кутубай ошол жылы чабандык кесипти тандап алып, өзүнө таандык эмгектин туңгуч кадамын шилтеген.

Күн айга, ай жылга айланып арадан бир топ убакыт өттү. Ийгилик үстүнө ийгилик кошулду. Тонналаган жүн, миңдеген төл жаралды. Ал чабан болгондон бери ушул жерге 37 жолу жаз келип, 37 жолу чөп чыкты. Алгачкы мал баккан жылдардын запкысы, анын чабандыкка болгон кызыгуусун уйпалап, эркин майтара албады. Чабандык мек-

тептин арибин тааныш, кесибинин чебери болуп чыга келди. Түйшүктү жирей жеңип, азабы да бар, асылы да бар чабандык кесипти турмушуна туу тутуп, максатынын дабанына айландырды. Ар бир койдун жонунан сылап, жайдыр-кыштыр жанынан кетпей, ит-куштан сактап, этинен түшүрбөй семиз багуу максатын көздөдү. Аракет текке кетпеди. Күн өткөн сайын анын иши көзгө көрүнүп, оозго илине баштады.

Бүгүнкү күндө Кутубай жеңиштин туусун көкөлөтө көтөргөн атактуу чабандардын катарында. Анын бул ийгилигинде совхоздун адистеринин да үлүштөрү бар. Анткени, алар адистик кеп-кеңеши менен да Кутубайдын колуна кол, бутуна бут болуп келе жатышат. Мынабу Чалайдан баштап, Карагатты, Капка чейинки аска тоолордон ашпаган белдери, баспаган жерлери, койлору жуушабаган колот, козулары телчибеген кокту калбаган чыгар. Бул жерде коомдук мал үчүн тоют мол камдалат. Бетеге менен шыбак жер бетин каптаса, беде менен эспарцет кара кыр тартып үйүлүп турганын көрүп, көзүң тоюп, ичиң жылый түшөт.

Бул жерде түмөндөгөн төрт түлүк малдын кашаасы кармалып, заңгыраган сарайлар салынган.

Кичинекей кезинде эле Кутубай дал ушул жерден атасынын артынан калбай мал четинде телчиген. Ошол кесиптен агараарына, көгөрөөрүнө көзү жеткен. Кутубай малдын сырын, жердин шартын көкүрөгүнө түйө билген. Кийин бой тартып мектептин босогосун аттагандан бери малга көзөмөл болуп, уккан-билгендерин эске тутууга аракеттенген. Ак менен караны ажыратып, алыска көз жүгүртүп калган кезде окуп билим алууну, болгондо да мал чарбасына байланыштуу билимге ээ болууну эңсеген. Эт менен майга, жүн менен териге калкын карк кылгысы келген. Ойлогон оюна, күткөн максатына жете турганына ишенген. Замандаштары менен бирге кадам шилтеп, турмуштун кол тие элек дыңын буза баштаган.

Кайсы гана кесиптин болбосун өзүнүн ыгы, өзгөчөлүгү, талабы бар эмеспи. Адегенде эле баары тең ойдогудай боло койгон жок. Анткени жаш чабан алиге иштин көзүн таба элек эле, тажрыйба дегенден караманча болучу. Көп жолу жаңылыштык кетирди. Бирок анын кесиптештери Ленин орденинин кавалерлери Карабаев Мукаш, Садыков Абдымомун, Бейшеев Аманат өз убагында жардамга келишип, чабандык кеп-кеңештерин айтып берип турушту. Алдыңкы тажрыйба менен илимдин жетишкендиктерин өндүрүшкө тартынбастан киргизүү бүгүнкү күндүн башкы милдеттеринен экенин Кутубай жакшы түшүндү. Жыл өткөн сайын

өз кесибин сүйгөн чабан иштин көзүн таба билип, алдыңкы малчылардын катарына кошулуп, ал тургай айрымдарынан озуп да кетти. Алынган төл, кыркылган жүн жыл сайын арбый берди. Малдын өлүм-житимге учураганы дээрлик жоголду. Тээ 1966-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынып, партбилетин алганы келген күнү партиянын райондук комитетинин секретары Кутубайдын колун кыса кармап туруп:

— Ийгиликке чек коюуга болбойт, аны өнүктүрүү, өркүндөтүү зарыл. Чекке жеттим деп манчыркоо жаман касиет. Мен сиздин мындан ары да залкар ийгиликтерди жарата беришиңизге ишенемин,— дегени Кутубайдын али эсинде.

Бул сөз Кутубайды көп ойлонтту. Белди бекем байлап, дагы мыкты иштөөнү алдына максат кылып койду ал ошондо.

...Мал багуунун биринчи жылы болучу. Атасы, энеси үчөө колундагы койлорду чыгашага учуратпай багууга аракеттенишет. Эртели-кеч атасы уулуна акыл айтып, аздыр-көптүр кой жаюунун жол-жобосун үйрөткөн болот. Ата-энеси медер туткан уулу укканын аткарууга дилгирленет. Арадан көп убакыт өтпөй эле кыш айы да кирип келди. Ал кезде мал үчүн жылуу короо-сарай кайдан болсун. Эптеп баш калкалаар таш короодон башка эч нерсе жок. Ал эми өздөрү үчүн да жылуу үй кайда. Боз үйдү чымкөп, жылуулап алымыш болушкан. Баарыдан да коркунучтуусу тоютун жетишсиздиги. Дагы бир азаптуу жана кейиштүү көрүнүш ууру-бөрүнүн күч алып тургандыгы. Аларды какускукустай турган же бир мылтык, ок дары болсочу! Чабан ошол жылы Чоң-Сары-Булакта кыштап калды. Боорун жерден жаңы көтөргөн 16 жаш курагындагы Кутубай койлорун адыр аралатып, кечке чейин жаят. Колунан келишинче тырмалап, улам жаңы жайытты издеп, койлорун оттотот.

Күн өткөн сайын аба ырайы каарына алып, кыш катуу тартат. Ата-энеси болуп малды чыгашага учуратпоону көздөйт, күндүр-түндүр тынган жок. Күндүзү койду уулу жайса, түнкүсүн эне-атасы көз салып жүрүштү.

...Күн батаары менен эле айлана мунарыктап, туш тарап көзгө сайса көрүнгүс боло баштады. Кутубай да койлорун короого эртелеп айдап келди. Эртеден бери тынчсызданган ата-эненин жүрөгү эми ордуна келгенсиди.

— Кагылайын, каралдым, келдиңби, койлоруң түгөлбү?— деди уулун көргөн атасы кубана.

— Түгөл эле, атаке, түгөл болбогондо эмне?

Кутубай үйгө кирип чайга отурду. Ата кургур болсо,

малдан санаасы чыдабай короо четинде жайылып жүргөн койлорду кайрып, таш короого киргизүүнү ойлоду.

— Бүгүн күн бүркөлүп, суук катуу болду. Балким балалык кылып көз жаздымында калтырып койгондору болуп жүрбөсүн,— деди да койлорду санап киргизди. Баары түгөл. Атасы өз ичинен купуя сүйүндү. Уулунун минтип ишке жарап калганына кубанып, эми андан шек санабай калды.

Жаратылыштын мындай кыйын күндөрү Кутубайды жүдөтө алган жок. Мына эми кыштын кыйын сыноосу да артта калды. Ырас, ал өз залакасын тийгизбей койгон жок. Короодон анча-мынча койду зыянга учуратты. Бирок жылдын жыйынтыгында Кутубайдын короосундагы койлор башка чабандардыкына караганда эттүү жана чыгаша аз экендигин көрсөттү. Бул Кутубайдын чабандык кесипке жаңыдан гана бел байлап, киришкен алгачкы жылдарындагы көрүнүш. Кутубайдын кыштоосу Бел-Өтөк менен Көк-Жар участкасында. Жаздоосу Чалай, жайлоосу атактуу Соң-Көлдүн Көк-Булагында. Бул жерлер малга жайлуу, жайытынын оту арбын, жегиликтүү келет. Анын койлору кыштыр-жайдыр этинен түшпөй алыстан эле бараандуу көрүнүп турат. Анткени, чабан өзүнөн мурда койлорун ойлойт. Оттуу жерлерди тандап туруп койлорун жаят.

Кутубай көрсөткүчү начар, же болбосо тажрыйбасыз чабандарга кошуна конуп калганда аларга өз тажрыйбасын эртели-кеч үйрөтүп турат. Кыйын учурлар өз башынан деле өтпөдү беле. Бул анын коммунистик жеке өз демилгеси. Анын бул демилгеси жыл сайын жакшы натыйжа берип келе жатат.

— Партиянын планы — элдин планы экендиги талашсыз, ошол себептүү он биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын орундатуу үчүн биздин ар бирибиз татыктуу салым кошууга бардык күч-кубатыбызды, дилибизди берип иштешибиз керек,— дейт тажрыйбалуу чабан. Ооба анын жеке кошкон салымы зор. Ал баккан койлор атайылап тандап алгандай бардыгы ири, эттүү, жүндүү — жүнүнүн узундугу 15 сантимерге чейин жетет. Мындай жүндөн кездемелердин эң мыкты сорттору даярдалат, 300 грамм гана жүндөн жогорку сапаттагы 1 метр кездеме токуп чыгарууга болот. Ушундай ар бир кой жыл сайын 6 адамга костюмдук кездеме берет эмеспи....

Эл оозуна алынган жакшы адамдардын өрнөктүү иши гана эмес, мүнөзү, баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү, жада калса кыймыл-аракети сезимге сиңип кыттай орноп калат тура. Анан калса турпаты менен элдин ишине берилген

мындай асыл мүнөз адамдар менен замандаш жашап, андан үлгү алып калуу кандай сонун, кандай саймык.

Кутубай кандай гана кыйынчылыктар болбосун жалтанбайт, мүгдүрөп-мүдүрүлүп, сарсанаа болбойт. Ал кайгыланып, чебелектей берүүнү жек көрөт. Тоскоолдуктарды жеңүүнүн жолун издейт жана таба билет. Койдун семиз багылып, төлдүн көп алынышы, жүндү арбын кыркуу анын аракетинен, акыл паразатынан эле көрүнүп турганын байкоого болот. Ал өзү гана үчүн эмес, бүткүл совхоз үчүн жоопкерчиликти сезет. Бардык чабандардын көп төл, жүн алышын каалайт. Тажрыйбасын төкпөй-чачпай жалпыга жайылта беришинин себеби да ошол.

Малдын тагдыры ыйгарылып берилген соң кышы да, жайы да, күнү да, түнү да багуу керек. Ошондой багылган мал гана жүнүн да, төлүн да, этин да аябайт,— дейт Кутубай.

Айтылуу Соң-Көлдүн Көк-Булак деген жеринде «Соң-Көл» совхозунун малы жайлайт. Алардын арасында Кутубай Абдраев да бар. Ал өзүнө бекитилген бир короо койду жай бою ушул жерге жайып нык семиртет. Жайылган малдардын көрүнүшү сулуулуктун унутулгус элесин берет. Көкүрөгүңдү кенен керип, көтөрүлүп дем аласың. Көңүлүң сергип, жүрөгүң эргип ыраазы болосуң. Кутубай ушул «Соң-Көл» совхозунан бакыт тапкан өз элинин жылдыздуу жана урматтуу уулу. Мал баккан жылдардын ичинде бир да жолу убадасын орундата албай уятка калган эмес. Айрыкча анын кийинки жылдардагы ийгилиги адам кубанарлык. Малды семиртүүдөн да, жүн алуудан да, төлдөн да, чыгашага учуратпоодон совхоз гана эмес, райондо да алдыда. Мактоого татыктуу ийгиликтерди жаратып келе жатат. Ал 37 жыл ичиндеги сиңирген эмгегинен чарба миллиондогон сом киреше албадыбы. Быйылкы жылдын төл алуу боюнча жыйынтыгы жаман болгон жок, ар жүз тубар койдон 125тен төл алынды. Экинчи тууттагы койдон мынчалык төл алуу райондогу гана эмес областтагы жогорку көрсөткүчтөрдөн болуп саналат.

Улуу тоонун кокту-колотторунун түркүн чөбү ыландуу малга дары, арыгына май, алсызына күч кошот. Жайытты туура пайдалангандыктан Кутубайдын малдарында өлүм деген жок.

...Илгери бир чабан өтө эле арыктап, суукта калчылдап үшүп турган коюн көрүп, келинине: «Балам мобу койго жабуу жаап койчу, үшүп калбасын»,—дегенде келини:— «жайында жабылбаган жабуунун эми эмне пайдасы тиет»,— деп жооп берген экен. Анын сыңарындай, белен жайытты,

бекер тоютту жайында жакшы пайдаланып, нык семиртиш керек. Ошондо гана мал кышкы кыйынчылыкка моюн бербейт.

Арык малга ылаң, өлүм уйгактай эле жабышат. Эгиз төлдүн арбын алынышы, койлордун багылышына, туутка жана куутка мыкты даярдык менен киришкенге жараша болот,— дейт Кутубай.

— Нык семирген койлорумду жайыттын улам жакшысына которуп, алардын жайылып жатканын ыракаттанып карап отурсаң, чабанда мындан артык кубаныч болбосо керек. Кой төлдөп жаткан кезинде эгиз көп болсо, иштин канчалык көп экендигине карабастан чарчап-чаалыккан-ынды билбей, өзүңдү элпек сезип, бир ыракатка батасың. Демек, акыбетиң кайтып, эмгегиңдин үзүрүн көргөнүң ошол эмеспи. Мен муну эмгектеги биринчи ыракатым жана кубанычым деп эсептейм. Кээ бир чабандардын, мага чарбанын жетекчилери начарларын бериптир деген дооматтарын айткандарын да угуп калып жүрөм. Мал дегениң бир эле көз жаздымында калса, түрү өзгөрүлө түшөт. Үрпөйүңкү тартып, баскан турганы начарлап калат. Аны көптө араң калыбына келтирүүгө үлгүрөсүң. «Короондо канча коюң болсо, ошончо көзүң болсун»,— деген сөз бар.

Жайытта жайып таштап бир четинде жүрө берүү мал баккандыкка жатпайт. Бет алды кетип жоголбос үчүн сыртынан кайтаргандык гана болот. «Мал багуу» деген сөздүн маанисн абдан көп: жайытка жая билүү, жайытты үнөмдүү жана туура пайдалануунун өзү да жаткан зор иш. Кыш күндөрү мал турган короону кургак сактоо, таза күтүү, жем, чөп, тузун өксүтпөө, минералдык заттар менен убагында камсыздап туруу, кайсыл койдун абалы кандай, анын ар бирине күн сайын байкоо жүргүзүү жана ушуга окшогон көп иштери, көп жумуштары бар. Малдын ар бирине өз убагында туура мамиле жасалганда гана чыныгы мал баккандык деп эсептелет.

Кутубай тынымсыз иштеген, тынч албаган адам. Ал жай күндөрү таң менен койлорун короодон айдап жайытка чыгарат. Жылдыз жыбырап, түн киргенде кайтып келет. Жада калса кайсы кою кандай кепшеп жатканына чейин көңүл бура турган көрүнөт. Туура, койдун кепшешинде да көп кеп бар. Ачка болсо же ылаңдай калса кой кепшөөдөн калат. Жайыттарын туура пайдаланган, тоютту өлчөп маалында берген малчыга кыш деле анчалык коркунучтуу эмес. Жай күндөрүндө жердин баары көгөргөн чөп, бирок, чөптүн да чөбү бар. Анын бардыгы эле малга жагымдуу келе бербейт. Малга жагып, аны семирте турган чөптөрдү

таап, жая билиштин малчы үчүн да, малы үчүн да мааниси өтө чоң. Жаңы туулган козу уузга кенен тойбосо, кара туңгагы жумуруна катып калат. Ошондон да жаш козу дартка чалдыгат. Тубар малдын желинине ууздун пайда болушу бекеринен эмес. Табигый иш. Ал кара туңгакты айдап чыгат. «Уузга тойбогондуктан кеде болуп калган» дегенди жөн жеринен айтышпайт, энесинин уузун эмбей, тежемел багылган козуларды көрүп жүрбөйбүзбү?

Коммунист өзүнүн жүрүш-турушу, адамдарга мамилеси, эмгеги партиябыздын чечимдерин ак ниеттүүлүк менен турмушка ашыруу үчүн жасаган далалаты боюнча башкалардан айырмаланат. Ошондой коммунисттердин бири Кутубай Абдраев. Ал коммунисттердин катарына кошулган жылдардан бери эки эсе темп менен эмгектенип келе жатканын билип жүрөбүз. Сөзүнүн өтөсүнө чыккан адам. «Экөөнө бергис бирөө бар, өзгөгө бергис бүлөө бар» дегендей, чабанybыз партиянын жоокери, агитатор, жаңылыктын жарчысы. Ошондой эле жаш чабандардын кеңешчиси, тарбиячысы жана насаатчысы болуп калды. Кутубай эл ишеничин актаган өкүл да. Ал эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланды. Шайлоочулар тарабынан берилген сунуш-талаптарды аткарууга далалаттанат. Өткөн жылдары Көк-Жар көпүрөсү жөнүндө сөз болду. Шайлоочулар бул боюнча өз депутатына кайра-кайра кайрылышты. Кутубай маселени тийиштүү жерлерге билдирип, көпүрөнүн салынышына көмөктөш болду. Ошондой эле кээ бир кыштоолордо жол жок. Чалай, Алтын-Булак кыштоолоруна жол салуу жөнүндөгү шайлоочулардын сунуш-талаптары иш жүзүнө ашты. Ал эми малчылар арасында лекция, докладдар талапка жараша окулбай, оюн-шоок көрсөтүлбөй келгендиги жөнүндө да сунуштар айтылган. Бул маселени чечүүдө партиянын райондук комитети менен райондук аткаруу комитетине кайрылып жүрүп малчылардын бул өтүнүчүн да иш жүзүнө ашырды.

— Менин кубанычым эмгек, кеңешчим эл, бирге иштеген малчылар,— дейт Кутубай Абдраев.

Ооба, эл ага арка-бел, таяныч болуп берди. Ал эми, Кутубай эмгегинен баар тап, эл ишеничин актап келатпайбы.

Д. МУСАЕВ



Мырзабек МАМБЕТОВ

Мамбетов Мырзабек 1929-жылы Талас районундагы Булкулдөк кыштагында туулган. 1958-жылдан бери Талас районундагы Октябрдын 40 жылдыгы атындагы совхоздун чабаны болуп эмгектенүүдө. Тогузунчу, онунчу беш жылдыктардын ичинде ар жүз тубар койдон орточо 137—160тан козу алып, ар биринен 4,0—4,6 килограммдан жун кыркkан. Он биринчи беш жылдыктын биринчи жылында биринчи туут токтулардын ар жүзүнөн 115тен козу алып, ар биринен 5 килограммдан жун кыркkан. 1982—1983-жылдарда дамилдеттенмесин ашыра аткарды. Беш жылдыкты ийгиликтүү аткаруу үчүн жогорулатылган милдеттенме алды. Жаштардын насаатчысы.

Мамбетов Мырзабекке 1976-жылы эмгектик жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. 1977-жылы ага Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты деген наам берилген. Ал Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган. Эл депутаттарынын райондук Советинин депутаттыгына шайланган.



БИЙИК ЧЕККЕ УМТУЛУУ

— Чыныгы бакыт асыл максаттуу, кажыбас кайраттуу, мандай терди агызып аракеттенген эмгекте экендиги жалпыга маалым эмеспи. Мен дагы өз бактымды ак эмгектен таптым,— дейт Талас районундагы Октябрдын 40 жылдыгы атындагы совхоздун чабаны, Социалисттик Эмгектин Баатыры Мырзабек Мамбетов.

Ооба, анын чабандык кесиптеги эмгегинин жемиши кадимки эле советтик ар бир эмгекчиникинен айырмаланбайт. Ушул кесиптин артынан түшкөнүнө отуз жылдан ашык убакыт өттү. 18 жаш курагында ата таягын колунан алып, алгачкы эмгек чыйырына түшкөн, азыр эр ортону элүү жаштын кырына кадам шилтеп койду. Мына ушул жылдарда эчен сыноодон өттү, түйшүктүн жүгүн артынды, ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, турмуштун миң кырдуу калчоосунан өттү. «Дарак бир жерден көгөрөт» дегендей, ал ушул чабандык кесиптин үзүрүн көрдү, жемишин татты, бактысы ачылды.

...Ошол күнкү жумушчу күнү да демейдегидей эле өз нугу менен өтүп жатты. Түнкү күзөттөн кийин чырм этип алды. Талыкпыган денесинин жазыла түшкөндүгүнөн улам көңүлү сергектенип, кадимкидей эс алып калыптыр. Эсепкысап жазылган чөнтөк дептерин баратап көрүп, күндүн жыйынтыгына ыраазы болду. Түндөгү койлорду кошуп эсептегенде төлдөгөндөрдүн саны 453, дагы 78 кой калыптыр. Жүзүнөн 157ден козу алынып жатат. Бул милдеттенмедегиден ашык. Дагы канчасы төлдөп койду экен? Эгиздин көбү акыркы төлдөгөн койлордон алынарын ал көп жылдык тажрыйбасынан улам билчү.

Жакшы үмүт көңүлүн аралап, короого тез жет деп шаштыргандай болду. Күн шашкеге таяп калган экен. Сакманчылар Э. Мундузбаев, Н. Токтосунов, Р. Баялиев, М. Мамбетов отуккан козуларга чөп салып, жаңы көз жарып жарыкка келген «наристелердин» алдын кургактап, жалпы түйшүктөнө эмгектенип жатышты.

— Жолунар жакшы боло турган. Жаштык кайратыңарга ыракмат. Чабандык кесиптин абдан түйшүктүү учуру — туут убагы. Мындай мезгилде колго кол болуп берүүчү бирден-бир таяныч силер болосуңар. Жаштык кылышар бекен деп ойлодум эле. Бел чечпей эмгектенгениңер муютту мени,— деди Мырзабек алардын эмгегине ыраазы болуп.

— Дагы бир кой эгиз тууду. — Бөлмөдөн чыга келген иниси Молдогазы Мамбетов сөздү бөлүп кетти. — Бир эмче-

ги сыңар өңдөнөт, ууз чыкпай жатат. Башка койго телибесек боло турган эмес.

Чабан туут бөлмөсүндө эгиздин түгөйүн башка койго телүүнүн аракетин көрүп жатып, кашардын алдына келип токтогон жеңил машиналардын моторунун үнүн да укпай калган экен.

— Төлүңүзгө төл кошулсун, ийгилигиңизге ийгилик улансын, жолдош Мамбетов. Баатырлык наамыңыз менен куттуктаганы келдик. СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указын газетадан окудук. Сизге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берүү менен анын Алтын жылдызы ыйгарылган экен. — Райкомдун ошол учурдагы биринчи секретары колун кысты. Туут мезгилиндеги түйшүктүү күндөрү тотуккан жүзүнө нур жүгүрүп, апкаарып калган ошондо Мырзабек. Өмүрүндө биринчи жолу башынан өткөрүп отурган чоң бактысы жөнүндө кубаныч ушундай келген. Бул 1978-жылдын жаз айларынын көктөмдүү учурларында болгон.

Адамдарда бир жакшы адат бар. Бакыттын эң бийик чокусуна чыкканда да артына бир кылчайып, өткөн мезгилдерине сын көз менен ой жүгүртүүнү парс көрүшөт. Турмуштун түркүн белестеринен кантип өтүп, ушул даражага кантип жеттим, басып өткөн чыйырымда кандайдыр бир элестер калдыбы? Мырзабек да бүгүн дал ошондой ойдон чыга алган жок. Ошол күнү кайрылып куттуктагандар, жакшы каалоолорун билдиргендер көп болду. Мырзабек Баатырдын Алтын жылдызын тагынуу менен өзүнүн Мекен алдындагы, коом, коллектив алдындагы жоопкерчилигинин дагы бир кыйла жогорулай түшкөндүгүн жаземдебей баамдады.

Ошондо чабандык кесипти эмнеликтен тандап алдым деген суроо туулуп, 18 жаш курагы көз алдына тартылды. Согуштан кийинки кыйын кез. Айылда кол күчүнө жарамдуу эр-азаматтардын саны кем болсо дагы чарбаны калыбына келтирүү жумуштарынын кызыган учуру. Мамбетов чабандыкка дайындалган мезгил дал ушундай учурга тушташ келген. Учурдун зор жоопкерчилиги, атан төө көтөрө алгыс жүгүн көтөрүү милдетин сезүү, калыптануу, машыгуу ошол балалык кездин кыйын күндөрүндө башталган. Атасы Мамбеттин 81 жаштагы курагында айткан насааты дайыма кулагында. «Бакыт сымаптай, колдон сыйгаланып турат. Дайыма кармай бил. Ырысың тоодой, убайын көр. Колуңан чыгарба. Атанын намысын улаган өзүң болдуң. Ата кесибин улантуучулар сен, сенин урпагың. Ата салтын бекем сак-

та». Ушул насаатты эске салган сайын сыймыктана түшөт ал.

Атасы Мамбет Совет бийлигин 18 жашында тосуп алган. Ага чейин 5—6 жашынан баштап эле байлардын козусун кайтарып, жалгыз курсактын камын көрүптүр. Адеп коллективдүү чарба уюшулганда биринчилерден болуп анын катарына кирип, ошондон баштап эле ортого чогулган малды бага баштаган. Ал киши элин, жерин немецтик фашисттерден коргоого аттанганга чейин колхоздун жылкысын, уюн, коюн багып жүрдү. Мырзабек кол арага жарап, мектепке барганга чейин эле атка жайдак минип, жылкы болсо жылкыны, уй болсо уйду жайытка айдап, мал менен өстү. Атасы согуштан кайтып келгенден кийин бир короо кой өткөзүп алды. Эки жыл жардамчы болуп жүрдү. 1948-жылы өз алдынча бир короо козуга ээ болду. Мына ошол күндөн ушул күнгө чейин кой багуу жоопкерчилигинин жүгүн көтөрүп келе жатат...

— Биздин өлкөдө чабандардын мыкты эмгектениши үчүн бардык шарттар түзүлгөн, эң сонун камкордуктар көрүлгөн. Аны өзүбүздүн ишибиздин тажрыйбасынан дайыма сезип турабыз. Ошол себептүү биздин чабандардын ар бири бир тууган Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн күндөлүк камкордугуна жооп кылып, алдыдагы он жылдыкта кой чарбасынын тармагын өнүктүрүү боюнча жоопкерчиликти жогору сезип, белгиленген милдеттерди ийгиликтүү чечүүгө өз салымдарын кошуп жатышат,— дейт Мамбетов,— мен республикабыздын эң мыкты чабандарынын дээрлик бардыгы менен таанышмын, чабандардын кеңешмелеринде бир нече жолу жолугушуп, кеңири пикир алышканмын, алар чарбаларындагы абал жөнүндө айтып беришкен. Ал эми өзүм партиянын XXVI съездинин чечимдерин, республикабызда кой чарбасынын тармактарын өнүктүрүү боюнча милдеттерди толук колдоого алып, өзүмө жүктөлгөн жоопкерчиликти айкын сезип, он биринчи беш жылдыктын план-тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатуу үчүн күч-кубатымды аябаймын. Бул куру сөз болбойт. Жетиштүү тажрыйбам бар, кой өстүрүүнүн сырларын терең үйрөндүм...

Анын сөзү ишинин натыйжасы менен бекемделип жаткандыгы он биринчи беш жылдыктын алгачкы төрт жылынын жыйынтыгынан белгилүү болду. Ал жаңы беш жылдыктын башталышында биринчи тууттагы койлордун ар жүзүнөн 115тен козу алса, төртүнчү жылда 155тен алды. Ар бир койдон кыркылган жүн 5,5 килограммдан кемиген жок. Ошентип чабан он биринчи беш жылдыктын планын төл

боюнча үч жылда, жүн боюнча төрт жылда орундатты. Бул ийгилиги менен ал Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгына татыктуу эмгек белегин тартуулады.

Мырзабек Мамбетовдун мындай ийгиликтери тогузунчу, онунчу беш жылдыктын жылдарында жетишилген ийгиликтердин уландысы, көп жылдык түйшүктүү эмгектин натыйжасы.

Чымырканган эмгекке жараша улам өз кесибиңе такшалып, такшалууга жараша тажрыйба топтолот тура. Такшалуу узак мөөнөттү, ченебеген чыдамкайлуулукту талап кылат. Чабан өзүнүн бүгүнкү ийгилигинин башатын өткөн күндөрдөн издейт. Ошол кездеги мүчүлүштөрдү, байкабагандарды бүгүнкү күндүн абалы менен салыштырып, ошонун натыйжасын сын көз менен калчап, эртеңкиге ой жүгүртөт. Такшалуу Мырзабек үчүн көп жылдык эмгектенүүнү талап кылды. 1948-жылы да эркек козу багып, үч жыл баккандан кийин этке өткөрүп берген. Анда мынчалык кыйналган эмес. 1951-жылы ургаачы козуларды бөлдүрүп алган. Ошол жылы биринчи тубар токтулардын ар жүзүнөн 85тен козу алган. Бул өз учурундагы анык кажыбас эмгектин натыйжасы эле. Төлдөн бир да башын чыгашага учураткан эмес. Козу кезинде өткөрүп алган ушул койлорду 1958-жылга чейин алты жолу төлдөтүп, акыркы жылы жүзүнөн 110дон козу алган. Ал кезде кыргыз тукумундагы кылчык жүндүү койлор үчүн мындай көрсөткүч чоң рекорд болчу. Бирок аларды да семиз баккандыктан ушундай ийгиликке жетишилди.

Ошентип жыл сайын алынган козуларды өзүнчө бөлүп багып, кыргыз тукумундагы койлорду уяң жүндүү кочкорлор менен аргындаштырып олтуруп, төрт жылдан кийин ферма кыргыз тукумундагы койлордон тазаланып, бүтүндөй уяң жүндүү тукумдагы койлор менен толукталды.

Ушул жылдары ал ар жүз койдон алынган козунун санын 125ке чейин жеткирди. Кийинки жылдарда кой багуунун прогрессивдүү ыкмасын үйрөнүп, зооветеринардык илимдин жетишкендиктерин пайдаланып, тажрыйбасы бир топ байый түштү, иште бир кыйла такшалды. Натыйжада сегизинчи беш жылдыктын жыйынтыгында көрүнүктүү ийгиликке жетишип, 1971-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланды. Бул анын биринчи эмгек жемиши болучу.

Мырзабек Мамбетов алдыңкы чабан гана эмес, чабан-насаатчы да болуп саналат.

— Ар бир кесипте өзүн устат сезген адам гана насаатчылыкты эң жогорку милдетим деп эсептөөгө тийиш. Ант-

песең, кантип жаштарга насаатчылык кылып, алардын кесипчиликти өздөштүрүп кетүүсүнө жардам көрсөтмөксүң,— дейт ал. — Өзүң жогорку көрсөткүчтөргө жетишип, анан өзүңдүн артыңан да ошол марага умтулуп өзүң үйрөткөн чоң топ келатканынын өзү эле канчалык сыймыктуу.

Насаатчылык бул жаштарга жалаң гана өндүрүштүк кеңеш берүү эмес, турмушка, келечек тагдырына багыт берип, акыл салган улуулук, агалык да жол көрсөтүү деп ойлоймун. Ошол себептүү жаштардын назарын сындырбоого, мүмкүнчүлүктүн болушунча көмөк көрсөтүүгө аракеттенүү керек. Чабандык кесиптин татаалдыгын, ошого жараша сыймыктуу экендигин Мырзабектен тарбияланган Улант Тажыканов да өз башынан өткөрдү. Ал үч жылдан бери өзүнчө тубар кой алып багып жүрөт. Ал бул кесипке келгенде комсомолдун мүчөсү болучу. Эми коммунисттик партиянын катарына алынды. К. Көчөрбаев, Ш. Азыранкулов, Т. Сейитказиев, У. Шейренов сыяктуу ондогон жаштар да Мамбетов менен дайыма кеңештерден.

Баатыр чабандын жана андан таалим алып жаткан аталган башка чабандардын иштеги ийгилигинде чарбада социалисттик мелдештин кеңири жайылтылышы зор мааниге ээ болду. Алар «Беш жылдыкты — мөөнөтүнөн мурда!» деген ураан алдында ат салышууда. Совхоздун жетекчилери, партиялык, комсомолдук уюмдары, жумушчулар комитети мелдешкендерге материалдык жана моралдык кызыктыруу-ну талаптагыдай уюштурушкан. Мелдештин жыйынтыгы өз убагында чыгарылып турулат.

Социалисттик мелдештин так уюштурулушу, анын маалымдуулугуна, салыштырмалуулугуна жетишүү совхоздун жумушчуларынын атаандаштыгын курчутуп, жалпы чарба боюнча өндүрүштүк мыкты көрсөткүчтөргө жетишүүгө, экономиканы арттырууга ыңгайлуу шарт түзүүдө. Бул болсо, өз учурунда малчылардын эмгек акысынын барган сайын көбөйүшүнө алып келүүдө.

Он биринчи беш жылдыкта жана кийинки он жылдын ичинде республикада кой чарбасын өнүктүрүү жөнүндө зор милдеттер коюлуп жатат. Мырзабек да он биринчи беш жылдыкты мурдагы беш жылдыктарга салыштырганда мыкты жыйынтыктоо үчүн жогорулатылган чектерди белгиледи. 1985-жылы ар жүз тубар койдон 175тен кем эмес төл алууну чечти. Бул онунчу беш жылдыкка салыштырганда он козу көп алына тургандыгын билдирет. Мындай ийгиликке да жетише тургандыгы тажрыйбасынан улам ишенимдүү.

К. ИСАЕВ



Мамбет АБДЫЛДАЕВ

Абдылдаев Мамбет 1924-жылы Талас областынын Токтогул районунда туулган. Ошол райондогу Токтогул атындагы совхозде отуз жылдан ашык убакыттан бери чабандык кесипте эмгектенип келе жатат. Тогузунчу жана онунчу беш жылдыктардын ар бир жылында ар жуз койдон орточо 150дөн козу алып, ар бир койдон беш килограммдан жун кыркkан. 1983-жылы ар жуз тубар койдон 153төн козу, ар койдон 6 килограммдан жун кыркkан.

Абдылдаевдин эмгеги жогору бааланып ага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган.

Абдылдаев 1967-жылдан бери КПССтин мучөсу. Жетинчи шайланган СССР Жогорку Советинин депутаты болгон. Азыр ал партиянын Токтогул райондук комитетинин мучөсу, эл депутаттарынын райондук Советине депутат болуп шайланган. Совхоздо анын ысымына төрт сыйлык белгиленген. Эки Ленин ордени, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар менен сыйланган.



МАЗАР-СУУЛУК МАЯК

Он биринчи беш жылдыктын алгачкы үч жылынын ийгиликтери, төртүнчү жылынын — Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдык юбилейине карата пландуу тапшырмалар жана социалисттик милдеттенмелер жөнүндө кеп болгондо экономикалык маалыматтарга кантип кайрылбайбыз. Токтогул атындагы совхоз биринчи беш жылдыктын алгачкы үч жылында айыл чарба продукцияларынын бардык түрүн мамлекетке сатуунун планын ашык орундаткан. Башкача айтканда мамлекетке пландан ашык 207 центнер дан эгини, 2754 центнер картошка, 358 центнер эт, 210 центнер сүт, 210 центнер жүн тапшырылган. Бул айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн көбөйтүүнүн, малдын продуктуулугун жогорулатуунун жана арбын төл алуунун эсебинен жетишилди. Ал эми үстүбүздөгү юбилейлик жылы чарба мамлекетке 100 тонна дан, 350 тонна картошка, 684 тонна эт, 570 тонна сүт, 158 тонна жүн сатууга жогорулатылган милдеттенме алган.

Ушулар жөнүндө кеп болгондо сөздүн төркүнү ага жетишүүнүн бирден бир жолу — адамдардын, анын ичинде коммунисттердин өндүрүштөгү күжүрмөндүүлүгүнө, тапшырылган ишке жоопкердүү мамилесине келип такалат. Мына ошондо Мамбет Абдылдаевдин ысмы биринчилерден аталып, анын эмгек ийгилиги, партиянын мүчөсү деген ыйык жана сыймыктуу наамды татыктуу алып жүргөндүгү жөнүндө баян улана берет.

— Мамбет Абдылдаевдин өндүрүштүк ийгиликтери жөнүндө биз айтпасак да, Социалисттик Эмгектин Баатырынын Алтын жылдызынын, эки Ленин, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендеринин көкүрөгүндө тагылып тургандыгынан улам баамдоого болот. Анын сүрөтү кийинки 15—20 жылдан бери райондук Ардак тактадан түшө элек, ысымы республикалык Эмгек даңкынын китебине жазылган. Тогузунчу жана онунчу беш жылдыктардын ар бир жылында ар жүз койдон төл алууну 150дөн, ар бир койдон жүн алууну 5 килограммдан кемиткен жок. Өткөн 1983-жылы ар жүз койдон 153төн козу, ар биринен алты килограммдан жүн алып берди,— дейт совхоздун директору.

Ал 1967-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Партиянын катарына өткөн жылдары СССР Жогорку Советинин улуттар Советине депутат болучу. Демек, ал чабандык кесиптеги ийгилигинин эң жогорку чегине жеткенден, адамгерчилик кадыр-баркы калыптангандан кийин гана коммунист деген бийик наамды алып жүрүүнү чечкендигин, анын дагы би-

йик максаттарга умтулуп, бир тууган Ата Мекенинин күчкубатын чыңдоо үчүн талыкпаган күрөшкө бел байлагандыгы деп түшүнүүгө болот.

Коммунист деген наам — бул сыймыктуу жана ошого жараша чоң жоопкерчиликтүү наам. Мамбет аны алгачкы күндөн баштап ыйык тутат. Сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндө. Азыр ал партиянын Токтогул райондук комитетинин мүчөсү, райондук Советтин депутаты, чабандардын насаатчысы. Коомдук жана партиялык тапшырмаларды, ал жеңилби, же оорбу, өзүнүн жеке кызыкчылыгына залалы тиеби, же тийбейби, эч нерсесине карабай баш оту менен сүңгүп кирип аткарууга аракеттенет. Буга мүнөздүү мындай бир мисал келтире кетели.

Партия жана өкмөтүбүз өлкөнүн социалдык-экономикалык өсүшүнө жетишүү үчүн изденүүчүлүк менен иш жүргүзүп, өзүнүн саясатын, жетекчилик багытын өркүндөтүп жаткандыгы совет элине маалым. Айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү багытында кийинки кездерде бир топ жаңылыктар өндүрүшкө киргизилип жатат. Алардын катарында агрардык-өнөр жай комплексинин түзүлүшү өзгөчө маанилүү болуп бара жатат. Бул комплекс ички чарбалык эсептин негизинде иштин түпкү натыйжасы үчүн күрөштү бутага алып, ал боюнча коллективдүү подряд ыкмасын өндүрүшкө киргизүүгө чечкиндүү кийлигишүүдө. Токтогул атындагы совхоздо да башкаруунун ушул ыкмасына чоң маани бере башташкан. Өткөн жылы коллективдүү подряд ыкмасына дыйканчылыктын тармагындагы картошка, жүгөрү, тамеки өстүрүүчү 5—6 гана звено өткөрүлгөн. Ошонун өзү да аталган ыкманын артыкчылыгын далилдөөгө чыныгы үлгү болду. Чарбанын дирекциясы, партиялык комитети үстүбүздөгү жылы подрядга мал чарбасынын айрым бөлүмдөрүн өткөрүүнү практикалап көрүүнү чечишти. Ал үчүн чабандык бригадаларды түзүп, жана аларды коллективдүү подряд ыкмасы боюнча иштетүүгө өткөрүүнү практикалап көрмөй болушту. Ал дирекциянын жана парткомдун биргелешкен заседаниесинин талкуусуна коюлду. Бир эле учурда эки маселени көтөрүп чыгуунун жана аны ишке ашыруунун түйшүгү канчалык экендигин алар туура түшүнүштү. Ар бирине тиешелүү сандагы койлор бекитилип берилген чабандарды бир бригадага кошуу, ал аз келгенсип алардын түпкү натыйжасы үчүн кызыгуусун жалпы бригаданын көрсөткүчүнө баш ийдирүү оңойго турмак эмес. Жетекчилер да, адистер да бир топ баш катырышты. Экономисттердин алдын ала эсептөөлөрүнө көңүл бөлүп байкап көрүштү. Дал ушундай кырдаалда колхоздун парткому дагы бир экспери-

ментти сунуш этти. Чабандык кесипте эмгектенген белдүү коммунисттерден бригадирликке дайындап, аларга көрсөткүчтөрү анчейин канааттандыра бербеген чабандардан бириктирүүнү чечишкендиктерин билдиришти. Башкасы башка, ал эми коммунисттерге таянып көтөрүлүп жаткан мындай демилгеге эч ким каршы болбоду.

Чечимди кабыл алуу, кандайдыр бир жаңылыкты баштоо жөнүндө ой айтуу маселенин бир гана жагы, иштин башталышы эмеспи. Эми парткомдун алдында анын экинчи жагын турмушка ашырууну колго алуу стадиясы алдыда турду. Иштин мына ушул жагына келгенде пикир алышуу, оюн угуу үчүн, ал эми ойдогудай болуп калса экспериментти баштоо жоопкерчилигин жүктөө максатында парткомго биринчи болуп Мамбет Абдылдаев чакырылды. Парткомдун секретарынын сөзүнө ал мындайча жооп кайтарды:

— Партия талап кылса, өлкөнүн муктаждыгы үчүн баарына даярбыз. Кандай иш болсо да бел байлабаймынбы. Анын үстүнө бригадалык подряддан толук кабардармын.

М. Абдылдаев өзүнө жамакташ жайгашкан Алтымыш, Бусурманкул Күкүевдерди кошуп чабандык бригада түздү. Күкүев Бусурманкулдун аракетин билет, бирок ал тажрыйбасынын жетишсиздигинен аксап жүрөт. Кайсы жерден ката кетиргенин Мамбет мурда эле айткан, тигил баарын кабыл алып муюп калган. Эми бригадир катары чогуу эмгектенет, дайыма көз алдында болот. Күкүев Алтымыш өткөн жылы 110 дон козу, 4 килограммдан жүн алган. Жанага болуп сүрөмөгө алса, жогорку чекке чабуул коюудан кайра тартпаган эмгекчил жигит. Ушунун баарын дилинде баамдаган Мамбет, алар менен алгачкы сүйлөшкөндө эле бардыгын алаканга салып жайып койгон жок. Өзүнүн бригадир болуп чектелгенин кандай кабыл алышаар экен деп ойлоду. 1984-жылга милдеттенме алуу жөнүндө сөз болгондо пикирин жөнү жок таңуулабай өз ойлоруна койду. Канткен менен ишке чын дилинен кызыккан адамдар эмеспи. Өзүнүн кадыр-баркына, иш тажрыйбасына ишенгендей алардын чыйрала түшкөнүн байкады. Күкүев Бусурманкул 1984-жылда ар жүз койдон 105тен козу, ар биринен 4 килограммдан жүн алып берүүгө эч кандай тарткынчыктабай туруп эле убада берди. Ал эми Алтымыш болсо ар бир койдон 5 килограммдан, же өткөн жылдагыдан 700 грамм жүн көп алууга бел байлады. Мамбетти ушундай чечкиндүүлүк, ушундай ишеним кубантты. Ошол эле мезгилде өзүнүн да жоопкерчилиги жөнүндө жүрөк заада болуп, жаңы милдеттенме алууда бир аз сүрдөгөнсүп калды.

Быйыл биринчи туут кысыргалдыны төлдөтмөк. План

боюнча жүзүнөн 82ден төл алууга тийиш болучу. 105тен милдеттенме алган. Бригадирликке дайындалганда социалисттик милдеттенмесин жогорулатып, 110дон козу, ар биринен 6 килограммдан жүн кыркып берүүнү чечти. Муну чабан республиканын жана анын Компартиясынын 60 жылдык юбилейинин урматына шыктанган убадасы катары да белгиледи. Ошентип, чабан төртүнчү жылга кабыл алган милдеттенмесин ашыгы менен орундатып, 111ден козу алып берди. Күкүев Бусурманкул 105тен козу алып, өзүнүн эмгек жолунда биринчи жолу жогорку чекке чыгып, убадасын орундатты. Алтымыш Күкүев милдеттенмесин орундатты. Коллективдешип иштей башташынын алгачкы жыйынтыгына бригаданын бардык мүчөлөрү ыраазы. Бул иштеги М. Абдылдаевдин алгачкы кадамы да байсалдуу болуп, коммунисттик бедели дагы бир жолу көтөрүлдү.

* * *

Кыргыздын улуу демократ акыны Токтогул Сатылгановдун, анын шакирти Коргоол Досуевдин, Советтик Кыргызстандын жазма адабиятынын негиз салуучуларынын бири акын-драматург Жоомарт Бөкөнбаевдин жердеши, Социалисттик Эмгектин Баатыры Мамбет Абдылдаев республикабыздын тарыхы менен киндиктеш, Октябрдын жеңишинен кийин ал иштеп жана жашап жаткан Мазар-Суу айылы түп тамырынан бери өзгөргөн — көркүнө көрк кошулуп, көргөн адам суктанарлык эле жер. Кайсы жакка көз чаптырбагын Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жаркын жемишин, социалдык-маданий өсүштөрдү өз көзүң менен көрөсүң...

М. Абдылдаевдин кой төлдөтүп жаткан кашары айылдын сыртында, Мазар-Суу суусунун боюнда, тоо этегинде жайгашкан. Жаз күндөрүнүн ортосуна чейин созулуп кеткен сууктун каары кайтып, ага аралаш күндүр-түндүр тынбай жааган жамгырдын басылганына эки-үч гана күн болуптур. Отугуп калган козулары менен жайытка чыгарылган койлор кечки түнөккө кайтып жатканда келип калдык.

Козусун издеген койлордун, энесинен адашкан козулардын маараканы кулак тундуруп, чабан менен саламдашканды угузбайт.

— Күндүн көзүн көргөнүбүзгө эки-үч эле күн болду. Күн чубактатып бүгүн биринчи жолу жайытка чыгардык эле. Ызы-чуу ошондон. Жаан-чачында, эртели-кеч суукта энесинен бөлүнүп камалган козулар жайытка көнбөгөндүк кылып, адашып, баш аламан болуп жатат. Дагы эки-үч күн-

дөн кийин эле көнүп калышат. Кой төлдөтүп бүткүчө аягы кээде карга айланып кеткен жамгыр көз ачырган жок. Тизеге чейин ылай кечип, бутубуздан өтүк чечкен жокпуз. Малдын түйшүгү ушундай. Чыдабаса болбойт. — Чабан иштин жайын ушундайча түшүндүрө кетти.

Малын тейлеп, жайгаргыча биз айылга көз сала баштадык. Мазар-Суу суусу агып түшкөн ушул жер кичине жайыла түшүп, кокту өндүү жай экен. Кашардын астынан күн батышка бурулуп, айылга бой таштайт. Чыгыш тарабтагы дөңдүн бетинде кашарды жана чабандын үйүн айланып өткөн арыктын нугу даана көрүнүп турат. Бир топ эле терең казылса керек, арыктан чыгарылган ак топурак дөбө болуп арык бойлой үйүлүп жатат. Арыктын аркы жээгине тигилген кара жыгачтар, алма, өрүктөр калдайып дүпүйөт. Айрымдарынын бутактары сынып, кээ бирлеринин куурай баштаганына караганда алар тээ атам замандан эле тигилгени байкалат.

Мына ушул жерди Мамбет абанын ата конушу деп койсо да болот. Атасы Абдылда мал багып, биринчи жолу отурукташкан учур 1946-жыл экен. Абдан иштерман киши. Токтогул өрөөнүндө биринчи жолу пахта өстүрүп, мол түшүм алгандыгы үчүн 1939-жылы Москвага, Бүткүл союздук эл чарба көргөзмөсүнө катышып келген. Тээтиги арыкты кол менен казып, Мазар-Суудан буруп, биякты бетке суу чыгарып алманын, өрүктүн, алчанын көчөтүн Мазар-Суу айлына биринчи болуп өстүрүптүр. Кийин мал багып ушул жерге (ал кезде колхоз болучу) биринчилерден болуп кол менен таш тизип, ылай шыбап, койлорго сарай салган. Мамбетти бала кезинен малга үйрөтүп, түйшүктүү эмгекке капыктырган ушул атасы. Азыр 81 жашта. Айылдагы үйүн өзү карап, огородун күрөктөп жашылча өстүрүп, жаны тынбайт. Мамбеттин көңүлү бүт короого кирип жаткан койдо болду. Жашы өтүп алтымышка аяк басып калса деле аракети арымдуу, бир аз жай кыймылдап калганы болбосо. Мүнөзү мурдагыдай эле ачык-айрым. Малын тейлеп бүткөн соң аркы-беркини сүйлөшүп көпкө отурдук...

* * *

Токтогул району мурда Ош областынын составында болучу. Ошол кездерде Мамбет жүзүнө 135—140тан козу алып жүрдү. Бул республиканын жарымын түзгөн Ош областындагы алдыңкы көрсөткүч эле. Токтогул району Өзгөн району менен өз ара мелдешке чыга турган. Ал эми

Токтогул атындагы совхоз Өзгөн районундагы «Алга» совхозу менен мелдешүүчү. Ал чарбада алдыңкы чабан Шарап Санжаров эмгектенүүчү.

— Шарап чабандык кесипке менден кийин келген,— дейт Мамбет Абдылдаев, ал күндөрдү эскерип. — Мал багуунун сырын адеп менден сурап жүрдү. Зирек адам бир укканын дээринен чыгарбайт да, бир көргөнүн көкүрөгүнө көпкө сактайт. Ошондой болду. Ошентип Шарап экөөбүз төл боюнча да, жүн боюнча да жарышка түшүп, чыныгы атаандаша турган болдук. 1966-жылы жетинчи беш жылдыктын жыйынтыгында ал алдыга озуп чыгып, Баатырдын Алтын жылдызын тагынды, мен Ленин ордени менен сыйландым. Сегизинчи беш жылдыкта мен озуп, Баатырдын жылдызына татыктуу болдум...

Ооба, атаандашып иштөөнүн түпкүлүгү көп жагынан эле пайдалуу. Ошол баатырдык наамга татыктуу болоор жылды Мамбет эч убакта унутпайт. 1970-жылдын кышында өз ара текшерүү менен Өзгөн районунда болуп кайтышты. «Алга» совхозунун чабандарын кыдырып көрүштү. Койлору семиз жана ирдүү болучу. Тубар койлору Токтогулдагы ирик койлордон чоң болуп турат. Анын себебин Мамбет жаземдебей баамдады. Өзгөндө койлордун саны, жалпы коомдук малдын саны аз болот да, жайыты кенен келет. Койлор жайдыркыштыр жайыттын чөбүн оттойт. Күзүндө куут маалында беденин аянты 2—3 ай бакканга кенен жетет. Тоютка чабылган чөп ар бир чабандын короосунун жанында дайыма тоодой болуп жыйылып турат. Ошондон көп өтпөй эле Шарап Токтогулга келип, Мамбеттин койлорун көрдү. Өзүнүн койлоруна салыштырганда булар козудай эле болуп калды. Шарап тамашага чалып мындай деди:

— Койлоруң козулардай кибиреп турат. 140тан козу, 5 килограммдан жүн алып берем деп милдеттенме алганыңа жол болсун?

— Биздин койлор чыдамдуу келет, төлдү арбын берет. Ишенбесең жайында келип көр. Милдеттенмеден ашпаса кемибейт,— деди Мамбет.

— Баракелде дегиче! Тажрыйбаң, талыкпаган эмгегиңе ишенесиң го. Мен да ошого ишенем. Болбосо жайытыңар жок экен. «Жандуу» чөп оттобогон кой, чабылган чөпкө канча тоюнганы менен ойдогудай семире албайт. Мүмкүнчүлүктүн болушунча «жандуу» чөптү оттотууга араактенүү керек.

Ошол атаандашынын кеңешинен кийин «жандуу» чөп деген терминди оозунан түшүрбөй турган болуп калды.

Азыр да биз аңгемелешип олтурган жердеги бир түп шыраалжынды кармалап мындай деп койду:

— Тамыры менен өсүп турган отко жетеби, ушуну оттогон кой кууракан чөп жегенге караганда тезирээк кубат алат. Ошол себептүү мен, мейли кар басып жаткан кыштын мезгили болсун, койлорду күңгөйлөтүп жайытка жайганды жакшы көрөм. Кар тээп оттогон кой көбүрөөк кыймылдап, кан айлануусу да жакшырат. Тамырлуу чөптү оттосо арыктабайт.

Абдылдаев адеп көрүнө баштаган жылдары ар жүз койдон 140—145тен козу алып, атагы даңазаланып калуучу. Азыр деле 180—198ден козу алгандар болуп жатпайбы. Ушул жагынан оюнун кандай экендигин сурап калдык.

— Турмуш бир орунда турбайт экен да,— деп жооп берди. — Биздин райондон да мындайлар чыгып жатышат. Бөкөнбаев атындагы совхоздун чабаны Карачал Асанбаев, «Жети-Суу» совхозунан Коён Чотоев ошондой жогорку чектерге жетишип жатпайбы. Ушул балдар адеп чабан болгон жылдары 80—90дон козу алалбай убараланып жүргөнүн билүүчүмүн. «Бара-бара көсөм болот» деген накыл сөз бар эмеспи. Аракеттеништи, илимдин жаңы жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаларды тереңдетишти, үйрөнүштү. Туу чокуга чыгуунун түйшүгүнөн жалтанышкан жок. Аракеттин берекетин көрүп жатышат.

— Биринчи туут кой багып, төлү боюнча 111ден козу алып берипсиз. Эми алты килограммдан жүн алууга чек койгонуңуз кандай? Муну чоң койлор да бере албайт го?

— Козудан өтүп, субай койго кошулган жыл, башкача айтканда кысыр калды кезинде жүндү баарынан арбын берет. Жаш койдун денеси чың, күч-кубаты арбын, жүндүн тыкыстыгы жыш болот. Ошого жараша чыбаштуу да келет. Биринчи, экинчи тууттагы койдон арбын жүн ала албасаң, улам кийинкиси кемибесе, арбыбайт.

М. Абдылдаевдин мындан аркы иши, үй-бүлөсү жөнүндө өзүнүн пикири, ой жүгүртүүсү бар. Кой багууга 1953-жылы киришкен, 1954-жылы өмүрлүк жубайы Батышка баш кошту. Ошондон бери экөө кой багуунун түйшүгүн бирге тартып, бири-бирине эриш-аркак болуп эмгектенип келе жатышат. Он балалуу болушту. Батыш баатыр эненин, Мамбет Эмгектин Баатырынын Алтын жылдызын тагынышты. Балдар чоңойду. Ташбай Кыргызстан мамлекеттик университетинин экономикалык факультетин бүтүрүп, райондук керек-жарак союзунун башкармасынын председателинин орун басары болуп иштеп жатат. Анарбек Фрунзедеги айыл чарба институтунун бухгалтердик-экономикалык

факультетин бүткөрдү. Сапарбек айыл чарба техникумунда окуйт. Андан кийинки балдары жөнүндө да ал учкай айтып өттү да, Мусага келгенде өтө ишенимдүү жана үмүттүү сүйлөй баштады.

— Муса Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келди.

Мага жардамдашып жүрөт. Апасы Батыш келерки жылы эс алууга чыгат. Анын ордуна жардамчы чабан болот. Мен эс алууга чыккыча дагы беш жылча өзүм менен иштесе таягымы өткөрүп беремин деген үмүтүм бар. Беш жылга чейин куш таптагандай эле таптап албаймынбы.

Мамбеттин короосунда жыл сайын 9—10дон сакманчы иштейт. Ошондой болсо да төл мезгилиндеги негизги түйшүктү жубайы Батыш экөө көтөрөт. Начар туулган жана оорулуу козуларды эч качан сакманчыларга өткөрбөйт. Батыш өзү багат. Бирок алардын арасынан чыгым жокко эсе болот, бул анын өзгөчө мамиле жасап бакканынан улам ошондой.


Жеңилин жерден, оорун колдон алышкан жубайлардын эмгегине баа берүүдө биринен бирин артык коюуга болбой тургандыгын чарба жетекчилери айтышты. Баатыр эне Батыш Абдылдаева чабандын жардамчысынын милдетин Мамбетке кошулган отуз жылдан бери так жана кынтыксыз аткарып келе жатат. Мамбет аялы Батыш экөө тең көп жылдык үзгүлтүксүз стажы үчүн айлыгына 25 процент кошумча акы алышат...

— Партия менен өкмөттүн аталык камкордугу болбосо, мага окшогон жөнөкөй чабандар ушунчалык атак-даңкка ээ болот беле? — дейт Абдылдаев.

— Ушул жерде эле менин 40 жылдык турмушумдагы өзгөрүүлөрдүн күбөсү катары тигил белгилер сакталып турат.— Мамбет бизди ээрчитип таш тизилип, топурак менен согулган дубалдардын урандысына алып келди да аларды көрсөттү. — Короону атам өз колу менен салып, колхоздун коюн бакканбыз. 150 кой гана батуучу. Өзүбүзгө бекитилгени да андан ашчу эмес. Кийин мага бекитилген койлордун саны 350гө жетти. Ушул стандарттуу кашарды куруп бериштн. Азыр койдун саны 500гө жетти эле, козулары менен бул сарайга да батпай калды. Эми туурасы 18, узундугу 60 метр кашар курууга киришип жатышат...

Атагы алыска кеткен Мамбет Абдылдаевдин азыркы учурдагы абалы арымдуу да, асыл да.

К. ИСАЕВ



Орозакун МАМБЕТАКУНОВ

Мамбетакунов Орозакун 1940-жылы Нарын областынын Ат-Башы районундагы Ача-Кайыңды кыштагында туулган. 1964-жылдан бери Ат-Башы районундагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы совхоздо чабандык кесипте эмгектенип келе жатат. 1970—1974-жылдары ар жүз тубар койдон 143—166 козу алып, ар койдон 4,0—5,4 килограммга чейин жун кыркып турган. Анын эмгеги жогору бааланып 1973-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы ыйгарылган. 1977-жылы ага Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты деген наам берилген.

Мамбетакунов 1968-жылдан бери КПССтин мүчөсү. КПССтин XXV жана Кыргызстан Компартиясынын XVI съезддерине делегат болуп шайланган. Ал партиянын Нарын областтык, Ат-Башы райондук комитеттеринин мүчөсү. Онунчу шайланган СССР Жогорку Советине депутат болгон. СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.

О. Мамбетакунов Ленин ордени, медалдар менен сыйланган.



МАЛЫ ЭЭСИНЕ ЖАРАШКАН

Мал эзелтеден бери эле адам баласынын бардык керегине жарап, көчмөн элдин ичерине аш, минерине унаа, киерине тон, салынарына төшөнчү... болуп келген турбайбы. Көзүн карап, туягын санап, жараткандан элдин тилегени да мал эле го! Бирок мал тоолуктардын керегине дайыма эле жарап, дайыма эле оозун майлап турган эмес. Өткөн заманда малдын ыракатын бай-манаптар, колунда малы барлар гана көргөн. Колунда малы жок кембагалдар ошолордун гана малын багып эптеп күн көрчү эмес беле мурда. «Куур тондун ичинде куурасын жигит өлбөсүн, тери тондун ичинде тердесин жигит өлбөсүн» деген эл оозуна мурда кеңири жайылган ушу лакап өзүн-өзү сооротуу, алаксытуу, жубатуу эмей эмне эле...

Улуу Октябрь революциясы мындай көрүнүштү түп тамырынан бери өзгөрттү. Мал дээрлик коомдоштурулуп жалпы коомдук менчикке айландырылды.

Бүгүнкү чабан! Бул баарыдан мурда көпчүлүктүн ишеничине татыктуу болгон адам. Малчылар арасында да «Бирөө бардыгы үчүн, бардыгы бирөө үчүн!» деген принцип колдонулат. Багуусу жарашкан мал элдин ырыскысын эселентип берип жатат. Жүзүнөн 140—170тен козу, ар биринен 4—5 килограммдан жүн. Мына ушуга жетишкен малчыны Нарын областындагы чарбалардын дээрлик ар биринен жолуктурууга болот. Ар жүз тубар койдон 160—190дон козу алган Касымбек Жунушов, Советбек Сакыбаев, Сапарбек Эсеналиев, Кутубай Абдраев, Орозакун Мамбетакунов, Бурулбүбү Турдубаева эмне деген адамдар. Бир эле короо койго дагы эки короолук же болбосо 800—1000 баш козу кошуу — бул өзүнчө эле керемет.

Ат-Башы — Нарын областынын мал киндиктүү, тоолуу району. Өз бактысын өз айлынан, анын тоо-түздөрүнөн тапкан азаматтардын бири — ушул райондогу атагы республикага кеңири белгилүү СССРдин 50 жылдыгы атындагы совхоздун башкы чабаны, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Орозакун Мамбетакунов. Буга республиканын кой чарбасын өстүрүүнүн устатынын наамынын, эки Эмгек Кызыл Туу орденинин, бир нече медалдардын, ошонун ичинде СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн эки күмүш, бир коло медалынын ээси экендигин кошо айтсак, анда жалаң гана ардактуу наамдар менен сыйлыктарды тыным алуу менен санап өткөндүгүбүздүн жүйөсү түшүнүктүү болот. Укkан кулак сүйүнсүн, эмгегине жараша чарба ичинде көр-

сөтүлгөн урмат-сыйды айтпай эле коёлу. Бул эле дейсизби, Орозакун Мамбетакунов партиянын Нарын областтык, Ат-Башы райондук комитеттеринин бюро мүчөсү катары коомдук милдеттерди аткарууга жетишкен ишмер адам.


Орозакун сөзгө сараң, бирок ишке март, мактанып, бой көтөрүүнү башынан жактырбаган олбурлуу жигит. Ал табиятынан жупуну, жөнөкөй, карапайым. Мамбетакунов анда-мында бир сүйлөгөн бирок иштин майын чыгарып, табына жеткире билген нукура эмгекчил адам. Тогузунчу беш жылдыкта ар жылы жүз тубар койго орточо эсептегенде 149дан козу, кой башына 4,7 килограммдан жүн алса, онунчу беш жылдыкта бул көрсөткүчү андан да ашып кеткен. Он биринчи беш жылдыктын алгачкы жылынан баштап эле ушундай темпинен жазган жери жок. 1983-жылы экинчи туут койдун жүзүнөн 130дан козу 5,1 килограммдан жүн алган. Республикабыздын жана анын коммунисттик партиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата жүзүнөн 143төн козу алды, ар бир койдон 5 килограммдан ашык жүн кыркты.

Атактуу чабан Орто-Кайындынын башын жайкысын, Орто-Кайындынын ортосун күзүндө пайдаланат. Булар Орозакундун ак жолтой жайыттары. Өзүнө тиешелүү сарайды жыл сайын өз күчү менен ремонттоп алгандыгы — анын дагы бир артыкчылыгы. Ошентип багуусу жарашкан мал Орозакундун эмгегин марттык менен кайтарып, анын адамдык баркын, зоболосун арттырууда.

Орозакун деңиз деңгээлинен 2500—3000 метр бийиктиктеги тоолорду жайлап, кыштап, асманы жакын, күнү жаркын тоо койнун мекендеп келет. Тең-теңи менен дегендей, анын эмгектик атаандашы чолпондук баатыр Касымбек Жунушов. Алардын көрсөткүчтөрү бирдей десек да болот. Эки өрөөндүн баатырлары—кочкорлук Касымбек Жунушов менен атбашылык Орозакун Мамбетакунов өздөрүнүн эмгектик ат салышууларын дагы улантып, эпкиндүү ишке дагы далай инилери менен карындаштарын коштоп сүрөйт деп күтө берсек болот.

Эгерде Орозакун өстүргөн козулар алты айдан кийин орточо 40 килограммдан эле эт үчүн тапшырылды деп эсептей турган болсок, анда Орозакун жыл сайын 35—40 тоннадан эт берип тургандыгын көрөбүз. «Уул жакшысы—урмат» дейт элибизде. Эл ишине жарайт деген ушул эмеспи.

Ж. ЖАНУЗАКОВ



Татьяна Андреевна ДОВГАЛЬ

Довгаль Татьяна Андреевна 1937-жылы Ысык-Көл областына караштуу азыркы Ак-Суу районундагы Орлиное кыштагында, дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ушул эле кыштактан сегиз жылдык билимге ээ болгон.

Татьяна Андреевна отуз жылдан ашык убакыттан бери Ак-Суу районундагы «Первое Мая» колхозунда саанчы болуп эмгектенүүдө. 1980-жылы өзүнө бекитилген үйлардын ар биринен 6200 килограммдан ашык сүт саап алган. Кийинки төрт жылда ар үйдөн саалган сүт 5800—6200 килограммдан кемий элек.

Довгаль Т. А. 1982-жылы Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынган. 1981-жылы Т. А. Довгалга онунчу беш жылдыктагы кааман эмгеги үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам берилген. Сегизинчи, тогузунчу шайланган СССР Жогорку Советине депутат болгон.

Эки Ленин ордени, Октябрь революциясы ордени, Лениндик Ардак Грамота менен сыйланган.



...Жашаган үйү менен гурттун ортосундагы аралык бир топ алыс болсо да Татьяна сааңга адаттагыдай эле эрте келди. Антишинин да жөнү бар эле. Себеби, ар бир саан сайын уйлардын ал-абалын байкап, тоютту кандай сиңиргенине чейин көз салып, сүттүү уйларга алдын-ала чөп-жемди молураак бердирип туруп, анан сааңга киришүү ал үчүн күндөлүк адат экен.

— Сүттү уй аз берип жатабы, же көп берип жатабы, ага карабай чаканы түз коюп уйдун эмчегин ары-бери тартуу менен ишти бүткөрүп, үйлөрүнө шашыла жөнөгөндөр жок эмес. Бул менимче саанчынын өзүнө да, чарбага да чоң зыян келтирет,— дейт ал.

Кечки саан маалы. Нык тоюнуп, жуушап жаткан уйларды бир четинен тургузуп, бүткөн боюн тазалады. Уйлардын жүндөрү кундуздай жылтылдай түштү. Анан колуна жылуу суусу бар чака менен таза сүлгүнү алды. Сүттүн тазалыгы ушул ишке да байланыштуу. Устат саанчы карамагындагы уйлардын аттарына чейин айтып эркелетет. «Малга да адамдай жылуу мамиле болбосо боюн жыйырып, ийибей коюшу мүмкүн» деген ой менен мүйүздүү чоң күрөң уйду «Майка», «Майка» деп бүткөн боюн сылап-сыйпап, анан желинди укалап, ийкемдүү колу менен саап кирди. Жакшы мамилеге жараша «Майка» да ары-бери тыбырчылабай ийиди. Ушул уйдан канча килограмм сүт саалып алынгандыгына кызыга көз салуудабыз. Бардык ишти жай кылгансыйт, бирок тез. Анан акыркы уюн саап бүтөөрү менен сүттү чыпкалап, флягага куйду.

— Илья, тиги «Зойка» сүзөнөөк уйлардын түртүндүсүндө калып, жакшы тоюнбай калган көрүнөт. Кечээкиден 2 килограмм сүттү аз берди,— деп саанчы бул уйга өзгөчө көңүл буруу керектигин гуртта бадачы болуп иштеген күйөөсүнө эскертти.

Ырас мындай учур өтө сейрек болот. Бирок, багуу жагынан кеткен кемчилик бадачынын күнөөсүнөн эмес, кээде тоюттун жетишсиздигинен да кетирилиши мүмкүн.

— Фермаларыбызда уйлардын тукумдуулугу жылдан-жылга жакшырып баратат. Ага жараша сүттүү уйлар арбын,— деп бул боюнча ой бөлүштү саанчы. — Алардын сүттүүлүгүн сактап калуу үчүн жыл бою, ар күн, ар саат сайын күрөш жүргүзүүбүз керек. Тилекке каршы, андай болбой жатат. Тоют сарамжалдуу пайдаланылбай же анын түрлөрүнөн кемчил учурлар да болот. Ооба, бул маселе — саанчынын жүрөгүн өйүткөн олуттуу маселелердин бири.

— Татьяна Андреевна менен бирге иштей баштаганыма он жылча болду. Ошондон бери алган милдеттенмесин аткара албай калганын учурата элекмин,— дейт гурттун башчысы Г. А. Червонных. — Мисалы, 1980-жылы ар бир уйдан 6214 килограммдан сүт саап алып, чарбабыздын гана эмес, районубуздун, ал гана турсун областыбыздын жаңы рекордун белгиледи, ушул ийгилиги менен көл кылаасынын саанчыларынын ортосунда жайылтылган социалисттик мелдеште биринчиликти жеңип алды. Кийинки жылдагы көрсөткүчү 5800—6200 килограммдан төмөндөй элек.

— Намыс деген кыйын экен. Ар ким эле сүттү көп саап алгысы келет. Бирок бүгүн — кечээкиден, эртең бүгүнкүдөн көп саап алыштын башкы сырын таамай аныктай билсең ишиндин оңоло бергени. Мен атаандаштарымдын аракетине да кызыгам. Түптөн Уулман Молдакунова, Жети-Өгүздөн Күлүмкан Кожобекова, Ысык-Көлдөн Уулбай Бокбаева, ал эми биздин коңшу «Караколдон» Батима Кембаева ушул кезде канчадан сүт саап алганын дайыма байкай жүрөм. Мындай алдыңкы саанчылардын шарын дайыма сезип туруу эмгектик атаандашууда өзгөчө маанеге ээ,— дейт атактуу саанчы.

Айтмакчы, устат саанчы ийгилик үчүн ичкен ашын жерге коюп, өзүнүн мүмкүнчүлүгүн даана баамдап, башкалардын жакшы жактарын үйрөнүүдөн тартынбаган акыйкатчыл, жаштарга өзгөчө ынак адам экенин өз ара аңгемелешүүдөн ачык байкадык. Бирге иштеген Усубалиева Алтын, Абдылдаева Батый өңдүү жаш саанчылар: — Татьяна Андреевна биздин насаатчыбыз, ошону менен бирге иштин ийгилиги үчүн талбай иштөө талабын курч койгон адилет кесиптешибиз,— дешет. Алардын айткандарында калет жок. Эмне зарыл болсо Татьянадан сурап, бардык жактан колдоо, жакшы кеңеш алып турушат алар.

Татьянанын талыкпаган эмгегин өкмөт менен партиябыз дайыма баалап келген. Буга төмөндөгүлөр айкын күбө. Ал 1966-жана 1971-жылы Ленин ордени, 1973-жылы Октябрь революциясы ордени, сегизинчи, тогузунчу, онунчу беш жылдыктардын аралыгында социалисттик мелдештин жеңүүчүсү деген белгилер, Лениндик Ардак грамота менен сыйланган, 8—9-шайланган СССР Жогорку Советине депутат болгон.

— Партиябыздын XXVI съезддинде жана КПСС Борбордук Комитетинин май (1982-жыл) Пленумунда мал чарба тармагы эпкиндүү эмгек майданы деп жарыяланды. Бул жалпы элдик кыймылдан четте калбай, Азык-түлүк программасын турмушка ашыруу үчүн күрөшүүнүн алдың-

кы катарында болуу менин бирден бир максатым,— дейт сөз кезегинде Татьяна Андреевна. — Кийинки мезгилде партия менен өкмөт социалдык жактан өнүктүрүү маселесине көп көңүл буруп жатат. Жайлоодогу турмушубуз да кадимки үйдөгүдөй шартта. Колхоз башкармасынан райондук жетекчилерге чейин маселе коюп жүрүп, 1980-жылы ошол Ак-Сай жайлоосуна мончо курдуруп алдык. Бул да жашоо-тиричилик үчүн абдан керек экен. Башка чарбалардагы саанчылардын үй-бүлөлөрү көбүнчө жайкысын чатырларда жашашса, Ак-Сай жайлоосунда эчак эле курулган стандарттуу үйлөрүбүз бар. Кызыл бурч уюштурулуп, көгүлтүр экран коюлган. Жумасына бир жолу кино көрсөтүлөт.

Анан өз ара аңгемелешүүнүн нугу устат саанчынын тынчын алып жүргөн айрым маселелерге бурулду.

— Кечиресиз, Татьяна Андреевна, биз угуп-билгендей, мындан төрт жыл мурда сиз сүт саап алуу боюнча жаңы рекордду жараткан элеңиз. Сиздин оюңузча аны дагы жогорулатууга мүмкүнбү? — Т. А. Довгалга ушундай суроо менен кайрылдык.

— Эгерде колхозубузда тоют маселеси азыркыдан да жакшы чечилсе көрсөткүчү дагы жогоруламак,— деп саанчы болгон ишти жаап-жашырбай, сөзүн улантты. Ушуга байланыштуу бир мисал. Мындан төрт жыл мурда «Сельская жизнь» газетасынын май айындагы санында КПСС Борбордук Комитети тарабынан жактырылган Черкес областынын мал чарба кызматкерлеринин баалуу тажрыйбасы баяндалган. Ушул областтагы «Днепро» колхозунда жыл ичинде жүздөгөн уйлар 6000—7000, а эми айрымдары 8000 килограммга чейин сүт берип, жазгы биз «үзүмчүлүк» деген маалда күнүнө ар уйдан 16—18 килограммдан сүт саалып алынат экен. Айдоо жерлери өтө жыш, жайыттары абдан чектелүү Украинанын шартында ушундай көрсөткүчтү камсыз кылуунун өзү эмгектеги чыныгы баатырдык эмеспи. Ушул колхоздун саанчылары мындай эң мыкты көрсөткүчкө башка зооветеринардык чаралар менен бирге тоют базасын чыңдоо аркылуу жетишишкен. Мисалы, бул колхоз сугат жерлердеги көп жылдык чөптүн ар гектарынан 700 центнерден (жашыл массага айландырганда), тамыры тоют өсүмдүктөрдөн 1000 центнерге чейин түшүм өстүрүп алат экен. Ал эми бизде анын тең жарымы да алынбайт. Көрсө, алар тоюттук өсүмдүктөрдү багууну, жыйноону өз учурунда, эң мыкты агротехникалык мөөнөттө жүргүзүшөт турбайбы. «Колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, кээде бизде арыктардын, каналдардын жээгинде-

ги чөптөр чабылган бойдон жыйналбай калганы аз келгенсип, беденин, эспарцеттин экинчи чабыгы создугуп чабылып-жыйналат. Жүгөрүнү күзгү үшүккө алдырып жиберген учурлар да жок эмес. Бул кемчиликтер жөнүндө чогулуштарда көп эле айтылып жүрөт. Бирок, эмнегедир толук тыянак чыкпай жатат. Менимче, эмгектик жана өндүрүштүк тартипти чыңдоо маселесин курч коюу керек. Биздин жетекчилерибиз менен адистерибиз «Үйдун сүтү — тилинде» деген адилеттүү сөзгө маани берип, иш жүргүзүүлөрүнө убакыт жетти көрүнөт. Иштин дагы бир эң маанилүү жагы — СССРдин Азык-түлүк программасында продукциянын сапатын кескин жакшыртуу ишине чоң басым жасалды. Канчалык урушуп, талашсак да майлуулугу төмөн сүт өткөрүлүүдө. Азыр биздин колхоздо сүттү түз байланыш менен тапшырууга өтүү маселесинин коюлуп жатышы мындай кемчиликтин болушуна жол бербейт деп ойлоймун. Анын үстүнө партия менен өкмөттүн көргөн камкордугунун негизинде 1983-жылдан тартып мамлекетке тапшырылган сапаттуу сүткө жогорулатылган баалар менен төлөөлөр киргизилди. Мисалы, жакшы муздатылган биринчи сорт сүттүн ар бир тоннасы үчүн 367 сом төлөнөт. Сүт сортсуз болсо 286 сомдон ашпайт,— деп Татьяна Андреевна сөзүн жыйынтыктады.

Татьяна Андреевнанын бир үйдөн түтүн булатып Илья Васильевич менен бирге жашап келатканына 30 жылдан ашык убакыт өттү. Ошол кезде экөөнүн пикири бир чыгып, турмуштук жашоосу да бирге улантылды. Ортодо балалуучакалуу болушту. Ал турмак эми Илья Васильевич экөө неберелүү болуп, «чоң эне», «чоң ата» аталып калды. Илья оорун колдон, жеңилин жерден алып, түбөлүк жарына чоң таяныч. Жубайлардын тилегине жараша кызы Надя да ишке бүйрө болуп, үй сааганга эртелеп үйрөндү. Күйөө баласы Василий да алар иштеген гуртта бадачы. Татьяна райондук, областтык жана республикалык маанидеги чогулуштарга жөнөп калса, же болбосо эс алууга кетсе, алар анын жок экендигин сездирбей Татьянага жүктөлгөн жумушту өздөрү бүткөрүп коюуга көнүшкөн. Кыскасы, алар эриш-аркак иштешет, үй-бүлөсү менен малчы. «Ынтымак бар жерде — ырыс бар» деген ушул эмеспи.

Айтылуу Ак-Суу жергесиндеги Орлиное айлынын четки көчөсүнүн батышыраак тарабындагы тунукелүү заңгыраган үй ары-бери өткөн адамды көркөм салынышы менен өзүнө тартып турат. Анын кеңири короосунда гараж турса, огород ичинде алма-өрүк, жер-жемиш өсүп, берекесин жыл сайын төгөт. Ушундай куттуу турмуштун күбөсү болуп

келе жаткан Татьяна Андреевна Довгаль Кыргыз ССРинин жана анын Компартиясынын 60 жылдык юбилейин эмгектик жаңы бийиктиктер менен белгиледи.

Ушул юбилейлик жылда жалпы калайыкка кандай каалооңуз бар дегенде Татьяна мындай деди:

— Менин жупуну эмгегимди жогору баалагандыгы үчүн партиябыз менен өкмөтүбүзгө миң мертебе ыраазымын. Менин устаттыгымдын өсүшүнө, ийгиликке жетүүмө баалуу кеңештерин ар дайым берип турган кесиптештериме жана айыл чарба адистерине, өндүрүмдүү эмгек үчүн ыңгайлуу шарт түзүп берген колхоз башкармасына, партиялык, профсоюздук уюмдарга милдеттүүмүн. Менин ийгилигим — бүт колхозчулардын ийгилиги. Мен согуштун азабынан атасыз өстүм. Бирок Мекеним, элим муну билгизген жок... Мындан ары жалпы журтчулукка тынчтык гана каалаймын. Тынчтык болсо эмгектик эргүү да жаралат эмеспи.

А. АШЫМАЛИЕВ



Жыргал МУНДУЗБАЕВА

Мундузбаева Жыргал 1935-жылы Кант районундагы азыркы Стрельникова атындагы маллекеттик асыл-тукум мал заводунда туулган.

Ж. Мундузбаева 1958-жылы саанчылык кесибин баштаган. 1965-жылы жыйырма уйдун ар биринен пландагы 4100 килограммдын ордуна 4500 килограммдан сүт сааган.

Мал чарбасын өнүктүрүүдөгү залкар салымы үчүн Ж. Мундузбаева 1966-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болгон. 1974-жылы ага Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устат деген наам берилген. Ал Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь революциясы ордендери, эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсүнүн медалдары менен сыйланган, алтынчы жана жетинчи шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болгон.

1983-жылы ал СССРдин Маллекеттик сыйлыгынын лауреаты болду.



ЗАМАНГА ЖАРАШЫГЫ ӨЗГӨЧӨ

Наристеге берилген ысым — ата-эненин аруу тилеги.

Ысымдар боюнча бүтүндөй журттун салт-санаасын, ой-мүдөөсүн, башка калктар менен карым-катышын, илим-билимин, санжырасын айтууга да болот.

Ымыркайга коюлган ысым — ага ата-энесинин өмүрлүк тапшырыгы.

Эже азыр атасын таасын элестете албайт, бирок сары өзөн Чүй, асман тиреген Ала-Тоо менен бирге карегинде секелегин ала кеткендигине бек ишенет. Кан күйгөн согушта чыканактай кызынын элеси тоодой медер болгондугуна бек ишенет. Анткени атасынын «Жыргал!» деген дүйнөдө башка бир да жандыкына, ал гана түгүл, Канышбүбү апаныкына да окшобогон улар үнү жүрөгүндө турганы турган 40 жылдан бери.

Жыргал!

45 жылдан кийин кыргыздын тунгуч энциклопедиясына жазылуучу бул ысымды ымыркайына бергенде ата-эненин кыял, тилеги кайда гана болду экен? Аны эч ким, жада калса өздөрүнүн жан перзенти да так айта албас. Антсе да зымырык кыялдын, аруу тилектин, чалкыган үмүттүн баары бу күндө асман мелжиген Ала-Тоодон ашып, Кремлге чейин жеткен ысымда чагылышып турат.

Арийне, байыркы Мундук-Зарлыктын, өткөндөгү Ак Мөөр менен Ойдай кыздын жергесине «Авроранын» залпы, Октябрдын нуру менен кошо келген 8-март майрамында төрөлгөн кымындай кыздын ысымынан ал кайгы-касиретти билбесе деген аруу тилек аңкып турган жокпу?

Бул ысымда турмуш даамын чындап таткан жубайлардын уруятка жүрөгүнүн тереңинен чыккан алкышы, өз урпагын «жыргал заманга татыктуу өс» деген тапшырыгы мелмилдеп жаткан жокпу?

Муну атасынын Улуу Ата Мекендик согушта курман болушу да, өмүрүн эмгек майданында карыткан Канышбүбү апа ар-намысынын символундай болгон ак халатын кызына өткөрүп кеткендиги да айтып турат.

Албан иштер урумдан ашкан бал сөзсүз жаралат эмеспи. Жыргал Мундузбаева да бири бадачы, бири саанчы болуп журт жүгүн эриш-аркак көтөрүшкөн ата-энесинин ак жолуна түшүп жатып жер жарган ант берген эмес. Бирок «Таш-Мойнок» совхозунун даңкын чыгарып, орден, медалдардын ээси, жергиликтүү Советтин депутаты болуп жүргөн апасынын чегине кийинки эле жылы жетишти. Караламан уйлардын ар биринен 3000 килограммдан сүт саап,

ошол учурда гана эмес, эми деле айрым чарбаларда рекорддой көрүнгөн көрсөткүчтү үч жыл катар кайталаган.

Ал эми шартка байланыштуу көчүп барышкан Стрельникова атындагы асыл тукум мал заводунда 3000 килограмм орто көрсөткүч сыяктанып калды. Ошондуктан алмаштыруучу саанчы катарында гана алышты. Ага Жыргалдын сүбөсү түшпөй, эмгектин беш баатыры катар чыккан чарбанын алдыңкыларына теңелүүнүн кадиксиз жолу — үйрөнүү жана үйрөнүү экендигин баамдады. Урумдан ашкан саанчы Ф. А. Стрельниковanын тажрыйбасынан тартып, мелдеште намыс албагандардын иштерине чейин көз салды. Дал ошол артта калуучуларга жүргүзүлгөн баам кандай иштебөө керектигин түшүнүүгө, алдыңкы тажрыйбанын артыкчылыгын сезүүгө жардамдашты.

Азыр Жыргал Мундузбаеванын бир баракка жетип-жетпеген өмүр баянынын жарымын сыйлыктар ээлегендигинен улам айрымдарга анын айы оңунан туугандай туюлушу да ыктымал. Ал эми ар бир сыйлыктын артында аскар белге алып чыгуучу тепкичтердей болгон 4000, 4800, 5000, 6000, 6500 килограмм деген албан сандар, күн сайын 5—6 жолку саан жатат. Жүйүр саандан улам окустук кеткенби дебеңиз, окурман, бээ эмес уй болгон соң. Кептин баары эч жаңылыштыктын жоктугунда.

Албетте, саанчылардын түйшүгүн жеңилдетүү, бош убактысын көбөйтүү үчүн механизация улам көбүрөөк колдонулуп, ал турсун саандын саны азайтылып, таңкы жана кечки сааңды калтырган чарбалар аз эмес. Бирок мында олуттуу бир жагдайды эстен чыгарбоо да зарыл. Стрельникова атындагы асыл тукум мал заводу, аты эле айтып тургандай, асыл тукум уйларды көбөйтүүгө, алардын мүмкүндүгүн ачууда окумуштууларга жардамдашууга чакырылган. Ал эми караламан уйларды канча мыктылап баккан менен жылына 3000 килограммдан ашуун сүт бере албай тургандыгын жазуучу Ч. Айтматов 1956-жылы, башкача айтканда Жыргал Мундузбаева атактуу чарбага барган мезгилде эле далилдеген. Бирок бул сүт көлү өзү жарала берет дегендик эмес. Анда «Асыл тукум уйлар көбөйдү дешет, а эмне үчүн Мундузбаева сыяктуу 6000 килограммдын чегинен ашкан саанчылар саналуу» деген суроо болбос эле. Чыгаан туулган спортсмен да рекордго машыгуулар аркылуу гана жетишет эмеспи. Мал жаныбардын да асылдыгын ачуу зарыл. Ал үчүн окумуштуулар, селекционерлер баштаган күрөштү акырына чыгаруучу саанчы. Башкалардай күнүнө эки-үч маал сааганда, айрым уйлардын желини тез эле чатырап, кийинкиси улам денесине тарап, сүтүн то-

лук бере албай калышы, ошондон улам желини ылаңга чалдыгышы да ыктымалдыгына чейрек кылымдык тажрыйбасынан каныкмын. Ошондуктан саанчылык кесипти балалуу энедей көрөт, түгөнбөгөн түйшүктүн үзүрү аркылуу эс алуу керек деп түшүнөт. Музоологон уйларын бир-эки, айрымдарын үч айга чейин күнүнө 5—6 жолу сааганды эрежеге айландыргандыгы да ошондон, эч ким буйурбаса да, кошумча айлык төлөнбөсө да.

Уйларынын көбүн «темир колдон» кийин кайра сааганы да алгач мага артык баш түйшүктөй көрүнгөн. Бара-бара тегин убара эместигин баамдадым. Аппаратка деле ийигенсип турган уйлар Жыргал эженин бойтойгон колдору желин үрпүн кармап жеңил тартканда жандуу ыргакка ыраазы болгондой көшүлөт. Уй эми чындап ийигендей сүтү жамгырдай көнөктөшү, көзгө илээшпеген колдор көңүл кушун көтөрөт. Олтурганда уйлардын курсагына бою жете бербеген чыканактай аялга мынчалык кажар кайдан келе калганына айран таң каласың, эмгек ыргагынын касиетин сезесиң.

— Уйлар машина саанына ылайыкташтырылып жаткандыгы жана мындан ары андан бетер ылайыкташтырыла берери турмуштун өкүм талабы. Бирок элибиз малды «жаныбар» деп тегинден боор эти менен тең көрбөгөн. Ал эми уй канчалык сүттүү болсо, ошончолук назик, сезимтал.— Бул сөздү укканда элейе түшкөнүбүздү көрүп эже жумшак жылмайып койду,— ооба, сезимтал келет.

...Кантип чыдап турам! — Жердигинен кепке сараң, ишке март эженин ушул сөздөрү өзүнүн өмүр баянына эпиграфка коёрлук. Фермада эмей эле балдар бакчасында иштегендей каш кагым бош турганын көрбөдүм. Бирде жаңы туулган музоого азыр үйрүлүп түшүп жатса, бирде механизм акырларга салып кеткен тоюттарды да кайра үлөштүрүп жүргөнү, ар уйга мүмкүндүгүнө, мүнөзүнө, жада калса ошол учурдагы «маанайына» жараша... «Ушундай мүнөздөрүнөн улам эжеге бизди мындай коюңуз,— чарбанын партиялык комитетинин секретары Каныбек Сатындиев сыр ача сүйлөдү,— Ала-Тоо уйларын чыгарган окумуштуулардын өздөрү да таңданып, ыраазы болушат. «Уйдун сүтү тилинде гана эмес, саанчынын дилинде» — дешип.

Ошон үчүн тобунда күнүнө 20 килограммдан кем сүт берген уй жок, ал эми андан эки, эки жарым эсе сүттүүлөрү четтен чыгат. Ошон үчүн кийинки он жети жылда орточо көрсөткүчү 6 миң килограммдан кемий элек. Ошон үчүн Эмгек Баатырынын Алтын жылдызын тагынгандан бери эле 2 миллион килограммдан ашуун ынак сүттү тартуулап,

калкыбыздын ирегесинен май агызып олтурат. Ошон үчүн калкына кадыры калың, ысымы сүйкүм, заманына жарашыгы өзгөчө. Ата-эненин учкул тилегин, эл мүдөөсүн орундоо деген ушул эмеспи. Андай экендигин чейрек кылымдан ашуун саанчылык жолу гана эмес, Кыргыз ССРинин Жогорку Советине эки жолу депутаттыка шайланган учурунда курдурган орто мектеп, кыштактагы суу түтүгү, азыр райондук Советтин депутаты катары көрктөндүрүп жаткан көчөлөр, акырында кыздары Гүлнара менен Динара эмгек жолун апасынын фермасында баштагандыгы да бекемдеп турат.

Т. НАСИРДИНОВ



Николай Яковлевич ПРИСТАВКИН

Приставкин Николай Яковлевич 1922-жылы Смоленск областындагы Глинковск районунун Секерино айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1936-жылдан 1939-жылга чейин Смоленск областынын Рославлдеги айыл чарба техникумунда, андан кийин Смоленск шаарындагы айыл чарба институтунда окуйт. 1941-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылат. Андан кайтып келгенден кийин 1942-жылдан 1945-жылга чейин Кыргыз ССРиндеги Ново-Вознесенск районунун «Биринчи Май» колхозунда зоотехник болуп иштейт. 1945-жылдан 1953-жылга чейин Жети-Өгүз жана Түп райондук айыл чарба бөлүмдөрүнүн зоотехниги, башкы зоотехниги, башчысы болуп иштейт. 1950-жылдан бери КПССтин мүчөсү. 1953-жылдан бери жолдош. Н. Я. Приставкин Түп районундагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы колхоздун председатели болуп иштеп келе жатат.

Приставкин Н. Я. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү, V—X шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин турак-жай, коммуналдык чарба, турмуш-тиричилик жактан тейлөө комиссиясынын мүчөсү.

Ал эки Ленин ордени, үч Эмгек Кызыл Туу, Октябрь революциясы ордендери, медалдар менен сыйланган.

1983-жылы Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устат деген наам ыйгарылган.



АЛДЫҢКЫ ТАЖРЫЙБАНЫН ЛАБОРАТОРИЯСЫ

Эмгек Кызыл Туу ордендүү СССРдин 50 жылдыгы атындагы колхоздун башкармасынын председатели Николай Яковлевич Приставкин менен кызматтык жумуштар боюнча бир гана эмес, бир нече ирет жолугууга туура келди. Ушул жагдайга байланыштуу мен аны көптөн бери жакшы билем. Жашынын улгайганына карабастан элпек кыймылдаган чымыр денесинин түгөнгүс күч-кубатына, алдыдагы максатына умтулгандыгына, кала берсе кандайдыр бир жаңылыкты, алдыңкы тажрыйбаны билүүгө өзгөчө дилгирленгендигине таң каламын. Аны менен пикирлеше келгенде ири масштабдуу жетекчи гана эмес, ошондой эле рухий интеллектуалы бай, кругозору кең, жогору адамкерчиликтүү, эрудициялуу адам экенин сезесиң. Николай Яковлевич жалаң гана чарбалык ишке берилбестен бош боло калганда опералык жана классикалык музыканы да мыкты билген, жан-дили менен ушунчалык берилип уккан адам. Ошол эле учурда жолдош Приставкинди өндүрүштүк милдеттерди чечүү жана кадрларды тарбиялоо, коммунисттердин активдүүлүгүн, демилгесин өнүктүрүү жагынан алганда да алдыңкы тажрыйбанын лабораториясы деп тартынбай эле атоого болот.

Социалисттик Эмгектин Баатыры Н. Я. Приставкинди республикадагы ири чарбалардын биринин кадыр-барктуу жетекчиси катары Ысык-Көл областынын аймагынын жашоочулары гана билбестен, аны саясий жактан жетилген, ак-ниет, талап кылуучулугу жогору, адамдар менен жалпы тил таба, артынан калайык-калктын калың катмарын ээрчите билген жөндөмдүү уюштуруучу жана тарбиячы, ташкындаган таланттуу жетекчи катары да элибизден тышкары белгилүү. Иш күнүнүн кайсы маалында келбегин аны адамдардын арасынан, фермалардан, саанчылар менен чабандардын, чочко жана канаттууларды багуучулардын, сугатчылар менен механизаторлордун арасынан, же талаа станынан жолуктурасың. Чарбанын аймагында жашаган жана эмгектенген ар бир кишини аты-жөнүнөн, кайда иштегенинен, бүгүн кайсы жерде, эмне жумуш иштеп жатканынан бери билет. Алардын канчалык деңгээлдеги колхозчу, жумушчу, адис экенине, кимдин эмнеге жөндөмдүүлүгүнө мүнөздөмө бере алат. Ошондуктан кайсы гана чабан, жылкычы, саанчы, музоо багуучу, сугатчы, мейли механизатор же адис болбосун Николай Яковлевич менен бирге иштеген жолдошундай эле жайма-жай сүйлөшө, пикир алмаша, өзү-

нун сунуштарын жана каалоолорун, сын пикирлерин, муктаждыктарын ачык айта алат.

Алдыңкылардын бири болуп эсептелген Түп районундагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү СССРдин 50 жылдыгы атындагы колхозду Николай Яковлевич отуз бир жылдан бери жетектеп келатат. Эгерде колхоз жетишкен ийгиликтер жөнүндө сөз козгой турган болсок, аны жетекчи бүткүл коллективдин күч-кубаты менен жаралып жатканына байланыштырууга ашыгат. Өзү жөнүндө, өзүнүн сиңирген эмгеги жөнүндө эскерип да койбойт. Бул анын жаңылыш салабаттуулугу, токтоолугу жана сабырдуулугу эмес. Чоң же кичине болбосун бардык иште биринчи планда эмгек адамы. Өзүнө да, башкаларга да талапты катуу коёт, иштеги бошондукту эч убакта кечирбейт. Партиялык, мамлекеттик жана эмгек тартибин бузуучуларга чыдамсыздык менен мамиле жасайт. Анын ачык-айрым мүнөзү үчүн чарбадагылар жакшы көрүшөт. Жаштардын тажрыйбалуу насаатчысы райондогу өзүнүн кесиптештеринин арасында жогорку кадыр-баркка да ээ.

КПССтин XXVI съездинин материалдарынан, КПСС Борбордук Комитетинин андан кийинки Пленумдарынын чечимдеринен келип чыккан милдеттерди аткарууда колхоздун экономикасынын масштабы жылдан-жылга өсүп, Николай Яковлевич Приставкинге барган сайын татаал проблемаларды чечүүгө туура келүүдө. Ирилештирилген чарбага көп жылдардан бери жетекчилик кылуу менен иштин лениндик стилин чыгармачылыкта өздөштүрүшкөн, иштин жөн-жайын терең билген иш билги уюштуруучуларды жана жетекчилерди тарбиялоого ал күч-аракетин жумшоодо. Ошол эле учурда кадрларды жана адистерди калыптандырууда да анын эмгеги залкар. Мисалы, ал тарбиялаган жетекчи адистердин катарына СССРдин 50 жылдыгы атындагы колхоздун № 1 кой-товар фермасынын мурдагы башчысы, азыркы Түп районундагы «Санташ» совхозунун директору Эсенбол Олжобаев, ушул эле чарбанын № 3 комплекстүү бригадасынын мурдагы бригадири, азыркы Ак-Суу районундагы «Биринчи Май» колхозунун башкармасынын председатели Александр Данилович Поликутин, ушул колхоздун мурдагы зоотехник-селекционери, азыр ушул эле райондогу «Победа» колхозунун башкы зоотехниги Николай Иванович Теслин жана башка жолдошторду сыймыктануу менен кошууга болот. Алардын ар бири көрсөтүлгөн чарбаларда ийгиликтүү иштеп жатышат.

Саясий жактан жетилген жана уюштуруучулук жөндөмдүүлүккө ээ болгон демилгелүү, компетенттүү кызматкер-

лер чарбада ондоп саналат. Алар менен сыймыктанган Николай Яковлевич эмгек коллективин башкаргандардын ар биринин сапаты бири-биринен айырмалануусуна, тийиштүү тартипти жана эмгекти уюштурууну камсыз кылуусуна, өндүрүмдүү эмгек үчүн зарыл шарттарды жана адамдардын турмуш-тиричилигин жакшыртууга, ар бир бөлүмдө, фермада моралдык-психологиялык жакшы абалды түзүүгө жетишип келе жатат. Бул чарбадагы башкарманын председатели гана эмес, андан башка адистер да билимдин жацылыктарына туруктуулук менен жетишүүгө, азыркы заманды татаал айыл чарба өндүрүшүн башкаруу боюнча өз иштеринин стилин жана методун өркүндөтүүгө умтулууда.

Партиялык жана профсоюз уюмдарынын жардамы менен чарбада чыныгы күжүрмөн жана ынтымактуу коллектив түзүлгөн.

Партиянын XXVI съезди жана Борбордук Комитеттин андан кийинки Пленумдары чарбалардын алдына анын жетекчилери чарбаны башкарууда эмгекти өтө аз жумшоо менен көбүрөөк кайтарым алууга жетишүүгө, жогорку түпкү натыйжаларга, сапаттуу продукция жана натыйжалуулукка жетишүүдө түзүлгөн абалды баалай билүү, продукциянын өзүнө турган наркын төмөндөтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон звенолорду табуу керектигин көрсөтүү. Мындай башкы көрсөткүчтөр тигил же бул жетекчинин жана ал жетектеген чарбанын иши жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берет.

Чарбачыл жетекчи үчүн эң башкысы — бул пландарды жана социалисттик милдеттенмелерди ийгиликтүү орундатууга эмгек коллективинин күч-аракетин багыттоо, ошондой эле башкаруу каражаттарынын методдорунун тийиштүү арсеналдарын пайдалануу болуп саналат.

Николай Яковлевичтеги жетекчиликтин стилинин жана методунун искусствосу өндүрүштүк процесстерди жөнгө салуу менен гана чектелбестен, ошону менен бирге адамдар жумуш күнүнөн кийинки бош убактыларында жакшы жасалган клубда маданияттуу эс алуусу, фондусу бай китепканада рухий деңгээлин жогорулатуусу үчүн, алардын балдарынын бала бакчаларына баруусуна камкордук көрүү да болуп эсептелет. Кыскартып айтканда, анын ишинин ийгилиги адамдарга камкордук көрүүдөн, чыгармачылык эмгек үчүн нормалдуу шарт түзүүдөн, адамдын турмуш-тиричилигин, кесиптик жана адептик жактан өсүп жетилүүсүнөн көрүнөт. Ал жалаң гана өндүрүштү уюштуруучу болбостон, коллективдин моралдык климатына жана алардын моралдык кадыр-баркына да жооптуу жана буга жетишүү үчүн дайыма тынчсызданат.

Мамлекеттик жана чарбалык иштерди ири уюштуруучу катары анын таасирдүүлүгү жана кадыр-баркы, ишке жандили менен берилгендиги, жөнөкөйлүгү жана терең түшүнүктүүлүгү, бай тажрыйбасына негизделген ой жүгүртүүсү, таамай байкай билүүсүнө айкашкан адамдарга дифференциалдуу мамилеси, маселелерди чечүүдө тапкычтыгы, коюлган максатка жетүүдө тоскоолдуктарды жеңе билүүчүлүгү болуп саналат. Башкалардан анын дагы бир артыкчылыгы профессионалдык маданиятынын жогорулугу. Ишти так пландаштыруу, күч-аракетинин максатка умтулуучулугу, бул аракеттердин баарын нарыдан-бери жөнгө сала билүүсү, адистерге өз алдынчалуулукту берүү, аларга талап кылуучулукту, сөз менен иштин биримдигин айкалыштыруу, боло калган иштерди оперативдүү чечүүгө жөндөмдүүлүк, адамдар менен мамиле жасай билүү, өзүнүн сөзү жана жекече өрнөгү менен аларга таасир бүрүү сапаттарына ээ. Анын чарбаны андан ары өнүктүрүү боюнча негизги маселелерди партиялык комитеттин жана колхоздун бөлүмдөрүнүн, фермаларынын, тийиштүү эмгек коллективдеринин ой-пикирин эсепке алуу менен чечкендиги абдан маанилүү. Коммунисттер башкарманын председателинин прогрессивдүү башталмаларын колдоого алуу менен адамдарды тапшырылган иш участогуна жогорку жоопкерчилик менен мамиле жасоо духунда тарбиялоого жардам берүүдө. Ошондуктан чарбанын дан эгиндеринен жана башка өсүмдүктөрүнөн жылдан-жылга жогорку түшүмгө жетишип келатканы, айыл чарба продукциясынын бардык түрлөрү боюнча өндүрүүнүн жана мамлекетке сатуунун планын толук орундатканы бекеринен эмес.

КПСС Борбордук Комитетинин май (1982-жыл) Пленумунда Азык-түлүк программасы кабыл алынганы, аны ийгиликтүү турмушка ашыруу бүткүл совет элинин ишиндей эле, биринчи кезекте, айылдык мээнеткечтердин иши экендиги да баарыбызга белгилүү. Ар бир агрардык-өнөр жай бирикмесинин, колхоздун жана совхоздун алдында айыл чарба продукциясын өндүрүүнү жылдан-жылга көбөйтүү, анын өзүнө турган наркын төмөндөтүү, өзүлөрүнүн негизги байлыгы болгон жерди сарамжалдуу пайдалануу милдети турат.

— Мына ошондуктан,— дейт Николай Яковлевич Приставкин,— совет элине, өзгөчө айылдык мээнеткечтерге Азык-түлүк программасынын жоболору жакын жана түшүнүктүү, анткени нанды адам озүнүн ак ниеттүү эмгеги менен жаратат эмеспи. Ал эми нанды болсо жер, образдуу айтканда жер-эне гана берет. Ошондуктан буга жетишүү үчүн жер-

эненин балдары — адамдар ага дайыма камкордук көрүүлөрү зарыл.

Н. Я. Приставкин жетектеген колхоздун башкармасы жана К. Токтомамбетов секретары болгон партиялык уюм партия белгилеген Азык-түлүк программасын ийгиликтүү чечүү үчүн ар бир бөлүмдөгү, фермадагы чабандык бригадалардагы жана башка маанилүү участкалардагы өндүрүштүк иштерге билгичтик менен жетекчиликтин калайык-калк арасындагы күжүрмөн уюштуруучулук жана саясий иштер менен айкалышуусу, жакшы жолго коюлган агротехникалык кызмат, таапшырылган ишке бардык мээнеткечтердин жогорку аң-сезимдүү мамилеси менен чыңдалуусу зарыл экендигин жакшы түшүнүшөт.

Колхоздун башкармасы жана парткому, партиялык жана чарбалык иштеги партиялык жана мамлекеттик негизги талаптарды катуу сактоо менен бардык мүмкүнчүлүктөр боюнча биргелешип аракеттенишет. Алар, биринчи кезекте, кадрларды тандоодо, жайгаштырууда жана тарбиялоодо биргелешип иш алып барышат. Кадр маселесинде башкарма жана партком бирдей ой-пикирде турушат, биргелешип күч жумшоо менен чарбалык иштерди жетик түшүнгөн, демилгелүү адистерди даярдап чыгарышат.

Ушундай бирдиктүү аракеттердин натыйжасында азыркы мезгилде өндүрүштүн бардык чечүүчү участкаларында толук даярдыктан өтүшкөн жолдоштор эмгектенишет. Алар Исмаил Биттиров, Михаил Алексеевич Федотов, Алдаяр Жумадылов жана башка орто звенодо жетекчи болуп иштешкен жолдоштордон. Булар тыштан келишпестен, чарбанын өзүндө керектүү билимге жана зарыл практикалык көнүмүштөргө ээ болушкан адамдар. Айрым адистер колхозго жогорку окуу жайларын жана техникумду бүткөндөн кийин келишсе да чарбанын башкармасынын жана партиялык комитетинин узак убакыт бою жүргүзгөн талыкпаган иштеринин натыйжасында гана толук баалуу кызматкерлерден боло алышты. Буга жетишүүдө чоң мааниге ээ каражаттардын арсеналы колдонулду. Бул ар бир адистин жана мээнеткечтин практикалык иштерине, саясий жана кесиптик окууларына күндөлүк контроль кылуу, аларды турмуштук, коомдук активдүүлүккө тартуу болуп саналат. Булардан тышкары алардагы кызматкерлерде зарыл ишкердүүлүк жана моралдык сапаты — ишенимге жана талап кылуучулукка тарбиялоонун аткаруучулук методу бар. Ишеним адамдардын өз алдынчалуулугун, демилгелүүлүгүн, иштиктүү тапкычтыгын өнүктүрөт.

Жакында болуп өткөн КПСС Борбордук Комитетинин

Саясий бюросунун кезектеги заседаниесинде жолдош К. У. Черненко: «Келечекке карай биздин пландарыбыздын борборунда — адам жөнүндө, анын өсүп жаткан материалдык жана маданий керектөөлөрү жөнүндөгү камкордук туруруга тийиш»,— деп баса белгиледи. Партиянын ушул көрсөтмөсүн практикалык ишинде жетекчиликке алган колхоздун партиялык комитети жана башкармасы туруктуу, ынтымактуу жана ишке жөндөмдүү коллективди калыптандыруунун аракетинде. Чарбадагы эмгектик жана саясий жактан тарбиялоо мектебинен ондогон жана жүздөгөн адамдар өтүштү. Мындай сыноодон өтүшкөн алдыңкы адамдардын ысымын ардактоо менен атоого болот. Мисалга № 1 комплекстүү бригаданын бригадири, коммунист М. А. Федотовду алып көрөлү. Ал жетектеген бригаданын коллективи мурдагы жылдарда эле өткөн жана үстүбүздөгү жылы да мыкты көрсөткүчтөрдү камсыз кылышты. Башкача айтканда, өткөн жылы 1100 гектар дан эгининин ар гектарынан 49,8 центнерден түшүмгө ээ болушту. Дан өстүрүүчүлөр да жогорку көрсөткүчтөрдү жаратышты. Же өткөн жылдагы жаратылыштын катаалдыгына карабай пландагыдай 197 центнерден эмес, гектарынан 204 центнерден картошка алууну камсыз кылышты. Ал эми жашылчачылар он биринчи беш жылдыктын үчүнчү жылында ар гектардан 596 центнерден түшүмгө ээ болушуп, планга караганда гектарынан 96 центнерден арбын түшүм алышкан. Бул өсүмдүктөрдү мамлекетке сатуудан чарба 178,8 миң сом накта кирешеге ээ болгон.

Дыйканчылыктан алган түшүмдүүлүктүн мындайча өсүшү,— дейт Николай Яковлевич,— негизинен которуштуруп айдоо системасын ишке ашырууга, арыктардын, жолдордун жээгиндеги, айдоолордун чет-жакаларындагы бош жаткан асыл кыртыштуу жерлерди айдоо оборотуна киргизүүдөн, дыйканчылыктын маданиятын жогорулатуудан, жергиликтүү жана минералдык семирткичтерди, жогорку репродукциядагы себилүүчү үрөндөрдү сарамжалдуу пайдалануудан жана сугат жерлеринин аянтын кеңейтүүдөн улам турмушка ашырылып келе жатат. Түшүмдүүлүктү жогорулатуудагы негизги роль механизаторлорго таандык. Анткени аткарылуучу иштин бардык түрү алардын колунан өтөт. Алар жумуш күнүнүн ар бир минутасын үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануунун натыйжасында иштөө нормасын дайыма ашыра орундатууга жетишүүдө. Эмгек дегенде этбетинен кетишкен коммунист-трактористтер Т. Иманалиев, К. Карпеков, К. Кучмезов, коммунист-комбайнерлор В. Зарубин, С. Андреев, коммунист-шофер А. Москвин жана баш-

калар көч баштоочулар болуп саналышат. Ишти мыкты билген адистердин жана алдыңкы адамдардын жардамы менен илимдин, техниканын жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктери өндүрүшкө такай киргизилүүдө.

Партиялык комитет жана колхоз башкармасы мал чарбасынын азыктуулугун жогорулатууда да көзгө көрүнөрлүк иштерди аткара алышты. Мунун натыйжасында мамлекетке эт, сүт, жүн жана жумуртка сатуунун планы ашыра орундалды. Ошол эле учурда асыл тукум музоолорду өстүрүүгө айрыкча көңүл бөлүнгөн. Алар жыл сайын областтын чарбаларына бодо малдын тукумун жакшыртуу максатында сатылууда. Жаш козуларды бордоп семиртүү ыкмасы колдонулууда. Мындай жаңы технологиянын натыйжасында чарба бордоп семиртилген ар бир козудан жыйырма эки сом накта киреше алат. Тоют даярдоо маселеси жакшы жолго коюлгандыктан жана жайыттар сарамжалдуу пайдаланылгандыктан кийинки жылдары койлордун ар жүзүнөн 112—115тен козу, ар бир койдон 3,8 килограммдан жүн кыркылып алынууда. Ар бир уйдан саалып алынган сүт 2600 килограммдан 3500 килограммга чейин өстү. Ал эми У. Молдакунова, Д. Абдиева жана башка саанчылар карамагындагы уйлардын ар биринен 3800 килограммга чейин сүт саап алып, чарбадагы эң жогорку көрсөткүчтү камсыз кылышты.


КПССтин XXVI съездинин жана КПСС Борбордук Комитетинин андан кийинки Пленумдарынын чечимдеринде коюлган өндүрүштүн натыйжалуулугун, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу сыяктуу маселелерди ырааттуу чечүүнүн негизи эмгекти уюштуруунун коллективдүү формасы жана эмгекти стимулдаштыруу, башкача айтканда, ички чарбалык эсепти жана бригадалык подрядды өндүрүшкө киргизүү болуп калды. Мындай жаңылык коллективде чыгармачылык менен изденүү атмосферасын түздү, өндүрүштү жогорулатуу боюнча белгиленген жолдун тууралыгын көрсөттү. Бригадалык подряд методу жалаң гана экономикалык натыйжа бербестен, ошондой эле идеялык-нравалык баалуулукту берерин далилдеди. Ошондуктан бул прогрессивдүү ыкмага өткөн жылы талаачылык боюнча тогуз звено, ички чарбалык эсепке он жети бөлүм өткөрүлгөн.

Николай Яковлевич партиялык комитет менен бирге кадрларды даярдоону өркүндөтүү жана аларды айылда бекемдеп калуу боюнча иш-чараларды иштеп чыккан. Жөндөмдүү жана жаңылыкка умтулган жаштарды колхоз айыл чарба жогорку окуу жайларына жана техникумдарга окууга жиберет. Окууга жиберилүүчү кандидаттар

адегенде башкарма менен парткомдун кошмо заседаниесинде талкууланат. Тиги же бул адам чарба үчүн жана жалпы эле айыл чарба өндүрүшү үчүн канчалык жарамдуу экендиги кылдат текшерилет. Алар окууну бүтүп келип чарбанын түрдүү тармагында эмгектенишет. Бул жагдай чарбанын экономикалык жана социалдык жактан ылдам темпте өнүгүшүнө чоң таасир тийгизүүдө.

Көп жылдык тажрыйбага ээ Николай Яковлевич Приставкин бардык билимин, талантын эмгекчилерди чарбалык ишке өз өрнөгү менен түп көтөрө мобилизациялоо аркылуу эң сонун ийгиликтерди камсыз кылууда. Ал жетектеген чарба он биринчи беш жылдыктын планын мөөнөтүнөн алдаканча мурда орундатуунун жолунда. Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдык салтанатын он биринчи беш жылдыктын төрт жылынын тапшырмасын бардык көрсөткүчтөр боюнча ашыра орундатуу менен тосуп алышты.

С. САМЫКБАЕВ



Дмитрий Петрович ЗУБКОВ

Зубков Дмитрий Петрович — 1911-жылы Сумы областынын Путивль районунда Семейкино кыштагында туулган. Эмгек жолун 1926-жылы Уцков коммунасында баштаган. 1927-жылы Путивль дыйкан жаштар мектебине кирип, аны 1930-жылы бүтүргөн. 1933-жылы Рыльск айыл чарба техникумун бүтүрүп агрономдук кесипке ээ болгон. Ошондон бери өлкөнүн кант өнөр жай ишканаларында эмгектенүүдө.

1961-жылдан бери Кыргыз мамлекеттик машина станциясына директор болуп дайындалып, азырга чейин иштеп келатат. 1939-жылдан КПССтин мүчөсү.

Д. П. Зубков кайда иштебесин өзүн мыкты кызматкер катары көрсөттү. 1948-жылы ал Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болгон. 1960-жылдан бери партиянын Кант райкомунун бюро мүчөсү. 1964-жылдан бери Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү. КПССтин XXIV съездине делегат болгон.

VI—X шайланган Кыргыз ССР Жогорку советине депутат. Кыргыз ССР Жогорку Советинин жаратылышты коргоо жана табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу комиссиясынын мүчөсү.

Жолдош Зубков эки Ленин ордени, эки Октябрь революциясы, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.



Асман ачык, жазгы күндүн аптабы да ачуу тийип турду. Сокого чегилген уй ылаалап тарткысы келбейт. Ошентсе да жерди айдап бүтүрүш керек. Улуу эркеги Мишка ошондо моюнтуруктан тартты эле уй ылаалай жылып жөнөдү. Атасы соконун туткаларын кармана үңкүйө сол артынан илкийт. Майлап койгондой болгон кара топуракту жер аңтарыла солго жыгылууда. Ошончодон жердин жакшысына туш болгонун карабайсыңбы, бактысына жараша. Эгер мындай болбогондо Зубков жерди канчалык эңсебесин жападан жалгыз саап ичкен уюн сокого чекмек да эмес.

Кийинки төрт жыл жер алып айдоо деген эстерине да келбеди. Орус жерин каптай басып кирген германдыктардан кууп чыгып арылтаар менен граждандык согуштун каардуу жылдары башталды. Ал эми эл болсо тигинисине да, мунусуна да туруштук берди. Октябрь революциясы берген бийликти сактап калды. Ал эми үйдө кылаар деле жумуш болбоду. Ачкачылык каптады. Ошондо акча табуунун аракетин көрүп ар кайсы жакка урунушту. Бирок жарытымдуу деле нерсе колго урунбады, бирок үй-бүлөнү багууга мүмкүнчүлүк табылды — меш орнотулган чакан үйдү эптеп-септеп куруп алды. Дал ошондой учурда помещиктердин жери бөлүнөт экен деген кабар жер-сууга тез тарап кетти. Ошондо Петро туулуп өскөн айлы Семейкиного кайтып келди.

Суммы жеринде да Совет бийлигинин жер жөнүндөгү декрети күчүнө кирди. Эл бүт жыйылып анда жер бөлүндү, эч ким таарынычта болбоду. Ошентип бүт үй-бүлө биринчи борозду салууга чыгышты. Үч уулуна тең — Михаилге да, Николайга да, Дмитрийге да жер бөлүгү тийди. Бул майрам эмей эмне, үй-бүлө үчүн. Ошондо атасы уулдарына кайрылып мындай деди: «Кандай болгондо да, муну эсиңерден чыгарбагыла: жерди, бизге бөлүнгөндү сактай билгиле. Анткени, биздин жашоо-турмушубуздун өтүшү ошого жараша болот. Эмгекти сүйө билсең, жер да сенден эч нерсесин аябайт, кирешеге чөмүлтүп салат...»

Турмушта так ошондой болот, биринчи сабак эне-атанын өз очогунан башталат эмеспи. Дмитрий үчүн атасынын мурас талабы өмүрү өткүчө эсинен чыккыс болуп орноду, тестиер баланын жан-дүйнөсүндө жашоонун маңызы катары калды. Ал эми жашоо турмушу оңойлукка турбады.

Өзүнүн курбалдаштарыныкы сыяктуу эле эмгектик биографиясы эрте башталды. Учурдун оордугун айтпайсыңбы, өтүкчүгө жардамчы болуп араң орношту. Он беш жашар курагында Уцков коммунасындагы атканага «мамлекет-

тик жумушка» кирди. Кийин гана, он алтыга толгондо, 1927-жылдын октябрында Дмитрий Зубков дыйкан жаштарынын Путивль мектебине кирди да үч жылдан кийин аны бүтүрүп чыкты. Сабатсыздыкты жоюунун биринчи баскычын ошентип басып өттү. Бирок далыга канат бүткөндөй эле боло түштү. Уландын кыялы ого бетер өргө учту, ал окуусун дагы улантууну самады. Китептерден окуп алган акылмандуулуктун, бай тажрыйбанын артынан чабыттагысы келди. Бирок ошенткен менен да жер ага жакын көрүнүп, өзүнө тартып туруп алды. Ошондуктан толуп турган күчтү так ошол жерге жумшап да көргүсү келет. Эмне кылуу керек? Деги курсагы тоё нан жегени да эсинде эч сакталбаптыр. Дал мына ошондой катаал учурда анын мүнөзү калыптанып, турмуш чыйыры белгиленди. Агроном гана болуш керек — атасы экөө ушундай чечимди орундуу деп табышты. Документтерин Рыльск айыл чарба техникумуна тапшырышты. Бул 1930-жылы октябрда болгон.

Ушул жерден ал илим артынан сая түшүп, алгачкы ачылыштар, ойлоп табуулар жөнүндө түшүнүк алып, турмуштук жаңы позицияны көздөдү. Комсомолдун мүчөсү Дмитрий Зубков коллективдештирүүгө катышты. Ошондо кулактардын жек көрүмдү көз карашы эч качан көңүлүнөн чыккыс болду, анткени алардын көз карашы ушунчалык заардуу да, каардуу да эмес беле. Каардуу таптык күрөш күч алды. Совет бийлигинин душмандары жөн гана багынып бере койбоду. Бүткүл өлкө боюнча алдыга коюлган революциялык талаптар, кайрадан өзгөртүүлөр бир гана чек койду — же аны «колдоо керек», же ага «каршы болуу керек» эле. Дмитрий биротоло Совет бийлиги тарабында болуп, комсомолдук изден тайбоону көздөдү — өзүнүн бүт өмүрүн Мекенине, өз жерине арнамак болду.

— Мындан артык эмне жөнүндө ойлонуп, мындан башка кайдагы бакытты издемекмин,— деген таттуу ойдо болду Дмитрий агроном-кызылчачы деген дипломду биринчи жолу колуна кармаганда. — Эми иштөө гана керек, иштөө гана. Анткени менен жолумда жаңыга умтулуу жолу биротоло ачылбадыбы.

1934-жылы жаш адис Казакстандын Елитай районуна келди. Ал кезде айыл-кыштакта кадрлар өтө эле жетишсиз болгон. Ошондо балким, анын өз күчүнө өзүнүн ишеними, адамдарды уюштура билүү, агротехниканы жакшылап өздөштүрүү сезими пайда болгондур. Өзүн башкаруучу кылып дайындоо да ошондондур.

Бир эле учурда агроном да, инженер да, жетекчи да болууга туура келбедиби. Энтузиазмдуулукту, күч-кайратты,

эмгекти сүйө билүүнү эч кимден сурабайт, ал бардыгын жасоого үйрөндү, ат көтөргүс жүктү көтөрдү, чарбалык ишти ойдогудай жүргүзө алды.

Дал ошол жылы анын өмүрүнүн дагы бир жылдызы жанды да ушул азырга чейин жалындаганы жалындаган. Ал Нинаны — жөнөкөй, мээрими чачылган, айылдык амбулаториянын медицина кызматкерин тапты. Ал да бул жерге атайын бөлүштүрүүнүн натыйжасында келген. Жер дүңгүрөткөн үйлөнүү тоюн деле өткөрүшүп ызы-чуу түшүрүшпөдү, бирок эки жүрөк бири-бирине төп келишип, ысык сүйүү кучагында, акылдашып-кеңешип ынтымактуу өмүр сүрө башташты. Азыр да андан жазыша элек.

Турмуш деген оош-кыйыштуу, өйдө-ылдый болот тура: адам бир нерсени пландап алдыга койсо, жашоо турмушу өзгөртүү киргизе салат экен. Совхоз башка системага өткөрүлгөн соң кызылчанын айдоо аянты алда канча кыскарылып калды. Адамдардын таттууга канчалык ынтызарлыгын, канттын өлкөдө али жетишсиз экендигин жакшы билчү. Дмитрий Петровичти өзүнүн суроосу боюнча Беловодск кызылча совхозуна башкаруучулукка жиберишти. Бир жыл өткөндөн кийин бул чарба да кайрадан өзгөртүлдү. Убакыт өтө оор эле. Ар кандай эксперименттерди, оптималдуу табылгаларды изденүүгө туура келген. Ошол учурда Кыргызстандын кант өнөр жайынын эң алгачкысы — Фрунзе атындагы кант заводу өзүнүн продукциясын бере баштаган. Дал ушул жерде алдыңкы техника топтоштурулуп, технологиялар өздөштүрүлгөн, илимий ачылыштар ишке киргизилген. Ошондо Дмитрий Петрович да четте калбады. 1937-жылы ал комбинаттын 4-бөлүмүнө кызматка орношкон. Ал эмнеликтен кант комбинатына барып калды? Көрсө айрым кызылча өстүргөн совхоздор заводго баш ийчү тура.

Төртүнчү бөлүм эң артта калган бөлүм деп эсептелчү. Зубков келгенге чейин ошондой эле болгон. Ал келгенден кийин абал таптакыр жакшы жагына өзгөрдү. Эки жыл айланган соң бөлүмдүн аянттарынан эң мыкты түшүм алынып турду. Анын башкаруучусу Зубков Дмитрий Петрович КПССтин катарына кабыл алынды — бул 1939-жыл эле. Жаш коммунист жыйырма жети жашта болучу. Оор жылдар артта калды. Жаш кезинен бери эңсеген бийиктиктерге жетишилип, самаган максаты орундала берди. Үй-бүлө турмушу ойдогудай өтүп, иштеген ишинин да үзүрү көрүнө баштады. Бактылуу болуш үчүн адамга ошончолук көп нерсе талап кылынабы? Бирок жетишилгенге ыраазы болуу менен чектелип калууга болобу? Зубков антпеди, анын мүнөзү андай эмес эле. Ал жетишилгенди чек дебеди, изденди, дагы

мыкты ийгилик чегин көздөдү. Ага да жетишүү үчүн билим да, күч-кубат да жетиштүү эмеспи. Дыйканчылыктын ар бир жаңы келген сезону жаңы барагын ачты. Жаңы, мыкты себүүнүн жолун изденди — эксперимент улантыла берди, ар кандай терендикте кызылча отургузулду, урук себүү аралыгы да ар кандай болду. Бир аянтка ним көп жиберилсе, экинчисинде чектелип да көрүлдү. Ошентип ар кандай натыйжалар катталып турду. Ошентип күзүндө көрүнүш айкын болуп чыга келет: агротехникалык кайсы ыкманы жүргүзгөндө мыкты түшүм алынары билинет. Ал эми Зубков эң жогорку түшүм алууну самайт.

Бирок турмуш өз шартын коёт тура. Дмитрий Петровичтин тынчтык турмуштагы асыл аракети жигердүү ою таптакыр бузулду. Согуш башталды. Ал Улуу Ата Мекендик согуш эле. Ал эч кимдин аракетине карабады...

Согуш башталаар менен коммунист Зубков да Кызыл Армиянын катарына чакырылды. Ал а дегенде Фрунзедеги аскер окуу жайында окуду. Андан соң фронтко жөнөтүлдү. Фронтто ал аткычтар ротасына командалык кылды. Бул жерде да ал өлүмдөн жалтанбай, өлүм менен дайыма жанаша жүрдү, согуштук тапшырмаларды так аткарды. 1942-жылдын сентябрында катуу салгылашуулардын биринде ал биринчи жолу жарадар болду. Жарат оорусу басандан эсине келгенде да кызылча талаасы көз алдыга тартылат. Жалбырактары кочкул-жашыл тартып, тамыры ширеге толуп, салмагы артып калгандай. Жыюуну эле күтүп тургансыйт. Эртең менен заардан туруп алып талаага чыккың келет. Ушундайда арсыз согушту карасаң. Жерди снаряд менен айдап таштабадыбы...

Ал госпиталда. Жараты айыкканда старший лейтенант Зубков кайрадан алдыңкы чекке кетти. Сталинград үчүн салгылашуу жүрүп жатты. Ошондо бул акыркы чек, мындан ары чегинээр жер жок экенин жазбай түшүндү. 1942-жылдын декабрында экинчи жолу, катуу жарадар болду. Бир нече күн анын өмүрү кылдын мизинде турду. Бирок жаш организми баарын жеңди, анын үстүнө дарылаган врачтар да колдорунан келгенин аяшпады, ошентип каардуу өлүм бул жолу да чегинүүгө аргасыз болду. Дээрлик бир жыл бою төшөктө жатууга туура келди. Айыктым деп ал кайрадан фронтко жөнөйүн дегенде врачтар өз чечимин бербеди. Зубковду инвалид катары демобилизациялоого жиберди. Кайрадан тынчтык эмгекке кайрылды, бирок аскердик көйнөгүн көпкө чейин жонунан түшүрбөдү...

1946-жылдын февралынан тартып ал Фрунзе атындагы кант комбинатында башкы агрономдук кызматты аткара

баштады. Бул маанилүү эл чарба участогун тажрыйбалуу, такшалган адис жетектеди. «Чарбада ал кийлигишпеген бир да участок жок, дайыма чыгармачыл активдүүлүктү, тартиптүүлүктү көрсөтөт, уюштуруучулук мыкты жөндөмдүүлүккө ээ. Практикалык иште мамлекеттик кызыкчылыкты дайыма жогору коёт, өзүнө баш ийгендерди да ушундай багыттарда тарбиялап турат». Мына ушундай сапатты 1947-жылдын күзүндө ал жөнүндө жазылган өндүрүштүк мүнөздөмөсүнөн окууга болот. Анын баректары саргайып, машинка тамгалары бозоруп өңү өчүп бараткан. Ал эми жасаган жалындуу иштери аны менен кант кызылчасынан жогорку, сапаттуу түшүмдү мол алуу үчүн биргелешип иштегендердин жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калды. Көптөгөн адамдар аны менен азыр да чогуу иштеп, даңкка бөлөнүүдө.

1947-жылдын декабры эч качан эстен кетпейт, анткени так ошондо кызылчадан рекорддук түшүм алынган. Ар бир гектар аянттан алынган таттуу тамыр 817 центнерден айланган. Мындай түшүм кыргыз жергесинде мурда эч качан алынып көргөн эмес. Ийгилик жеңил гана келе калган жок. Кызылчаны иштетүүдө негизги көңүл техникага бөлүндү. Комбинаттын башкы механиги Михаил Шмелев менен бирдикте алар күндүзү да, түнүндө да дээрлик кызылча талаасында болушту. Натыйжа өтө жогору, бирок ал талыкпаган эмгектин гана эмес, ошондой эле тажрыйба менен билимдин — жеңишке карай комплекстүү аракеттин аркасында жаралды.

1948-жылы 8-майда Д. П. Зубковго СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы боюнча «Орок жана Балка» Алтын жылдызы менен кошо Ленин ордени тапшырылып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылды. Социалисттик Ата Журтту коргогондугу үчүн алынган күжүрмөн беш сыйлыкка эң жогорку сыйлык кошулду. Ошентип Совет өкмөтү кызылчачынын кажыбас-кайраттуу эмгегин жогору баалады. Дмитрий Петрович менен бирге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам кант комбинатынын башкы механиги Михаил Шмелевге да ыйгарылды.

Ийгиликке манчыркап калбай, ал кайрадан канат бүткөнсүп эмгектенди. Жыл сайын анын жигердүү аракети арта берди. Эми кечээки рекорд бүгүн жалпынын нормасы болуп калсын үчүн эмне кылуу керек деген маселе алдыда турду. Дал ошондой учурда мындан аркы ишинде мурда ээ болгон билими жетишсиз экенин сезди Зубков. Ошентип ал 1949-жылы Москвадагы Бүткүл союздук айыл чарба институтунун биринчи курсуна кирди — сырттан окуу бөлүмүнө.

Күндүзү иш кеңсесинде, талаада болуп күндөлүк жайнаган маселелерди чечет, ал эми түнкүсүн китеп окууга киришет. Антпесе билимин кантип арттырмак. Эпкиндүү эмгек менен катар чыгармачылык ой жүгүртүү гана адамды алдыга, прогресске жеткирет эмеспи. Ал окуй берди, окуй берди...

Бул асыл адамдын мүнөзүндө дагы бир өзгөчөлүк бар. Өзүнүн жеке турмушуна караганда жалпынын кызыкчылыгы жөнүндө көп ойлонот. Тажрыйба менен билим, албетте өзүң үчүн керек дечи, ал эми эмгегиң — эл үчүн. Ошондуктан Дмитрий Петрович бир гана звенонун же комбинаттын жогорку көрсөткүчүнө жетишүүсү аздык кылат деп эсептейт, ал өз тажрыйбасы жалпынын кенчи болуп калуусун көздөйт. Ошентип ал 1952-жылы кант кызылчасынан кантип жогорку түшүм алуу жөнүндө «Кант кызылчасынан жогорку түшүм алуудагы биздин тажрыйбабыз» жана «Сугат жерлеринде кант кызылчасын өстүрүүнүн агрономиялык техникасы» деген китепчелерди чыгарды. Албетте алар баалуу бул өсүмдүктү өндүрүүдө оң натыйжалуу роль ойногондугу белгилүү.

Жогорку түшүм өстүрүү жөнүндөгү күрөш күч ала берди. Акыры кайрадан дагы жаңы ийгиликке жетишилди. 1956-жылы Д. П. Зубков кант кызылчасынан жогорку түшүм алгандыгы үчүн СССР ВДНХсынын кичине алтын медалын алууга татыктуу болду.

1958-жылы декабрда кант комбинаты министерстволор арасына бөлүнүп кеткенден кийин Фрунзе атындагы кант өндүрүүчү совхоз өз алдынча чарба болуп калды. Анын директорлугуна Д. П. Зубков дайындалды. Эми бул талыкпас, жөнөкөй адамдын мойнуна башка жумуштар да жүктөлдү. Тоют маселеси чечилип, жакшы жолго коюлганы менен мал чарбачылыгынан алынуучу азык-түлүк каалаган натыйжаны али бербеди. Дмитрий Петрович башкы зоотехник Николай Петрович Ахремчик менен бирдикте тармакты азыркы учурдун талабына жараша кайрадан өзгөртүүгө киришти. Совхоздун директору материалдык-тиричилик шарттарын жакшыртууга өзгөчө маани берди. Ал жумушчулар ыңгайлуу турак жайлары менен камсыз болушпаса, алардын гарантиялуу эмгек акысы чектелбесе, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүн эмес экендигин, фондунун кайтарымы жогорулабастыгын, кадрлардын көп алмашуусун тыюуга болбой тургандыгын биринчилерден болуп түшүндү. Туура, ал учурда барак тибиндеги үйлөр көп курула турган, жекече үй курууга да көңүл бөлүнгөн, бул максатта ссуда берилип турулган, курулуш материалдары менен камсыздоого жардам көрсөтүлгөн...

Азыр 1961-жылы кызылча совхозунан кайра уюшулган Кыргыз мамлекеттик машина сыноо станциясынын шаарчасы дээрлик бардык ыңгайлуулуктары бар квартиралуу, көркүү, эки кабаттуу үйлөрдөн турат, алар шаардагылардан анча деле айырмаланбайт.

Ошондон бери коммунист Д. П. Зубковдун турмушу СССР Министрлер Советинин Бүткүл союздук «Сельхозтехника» бирикмесинин Кыргыз мамлекеттик машина сыноо станциясынын иши менен байланышкан. Мында техникага башкы көңүл бөлүнөт. Бул учурдун талабы эмеспи. Айыл чарба өндүрүшүн интенсивдештирүүгө багыт алынган. Чарбада кыртышты иштетүүчү, тоют даярдоочу жана жыйнагыч ар түрдүү машиналар сыноодон өткөрүлөт. Жаңы машиналардын келечек жолдомосу сыноочуларга жараша болот.

Кыргыз машина сыноо станциясы уюшулгандан тартып Зубков айыл чарба өсүмдүктөрүн машина менен сугарууну кийрүүнү активдүү түрдө пропагандалоого киришет. Анын түздөн-түз жетекчилиги алдында тажрыйба жүргүзүү чарбасында республикада биринчилерден болуп ДДА-100 жамгырлатып сугаруучу машина пайдаланууга берилген, натыйжада кант кызылчасынын аянтын сугарууда кол эмгеги таптакыр жокко чыгарылган. Алдыңкы илимий ойдун жетишкендигин кийрүүнүн үлгүсү көптөгөндөрдүн көзүн ачты. Эми эмгекчилер өз милдеттеринин жооптуу экендиктерин түшүнүү менен ар бир машинаны практикалык максатка ылайыктуулугун ачып көрсөтүү үчүн окумуштуулар, конструкторлор менен кеңешип иштешет. Дмитрий Петрович так ошондой багыт берет. Анын жетекчилиги алдында чарба жогору өнүккөн механизацияланган чарбага айланды. Лабораторияларда тракторлорду жана башка айыл чарба машиналарын мамлекеттик сыноодон гана өткөрүшпөстөн, ошондой эле айыл чарба өсүмдүктөрүн иштетүүнүн прогрессивдүү технологиясы жана методдору да илимий техникалык жогорку деңгээлде иштелип чыгылат. Маселен, директордун демилгеси боюнча көчүрүлбөй эгилген үрөндүк кант кызылчасын өстүрүү жөнүндөгү жаңы метод киргизилип, ага жумшалуучу эмгек алда канча жеңилдетилди. Ушуну киргизгендиги үчүн Д. П. Зубков Кыргыз ССР Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болду.

Мамлекетке жогорку сапаттуу арзан продукцияны көбүрөөк берүү үчүн туруктуулук менен аракеттенүү — Дмитрий Петровичтин күндөлүк өндүрүштүк иш-аракетиндеги колдонгон принциби. Ал карамагындагыларды да ушундай сапатка тарбиялайт. Механизацияны өндүрүшкө киргизүүнүн маанилүү экендигин түшүнүү менен Кыргыз машина

сыноо станциясы республикада биринчи болуп өзүндө витаминдүү чөп унун даярдоочу агрегатты даярдады. Бул тажрыйба жалпыланып, бүткүл республикага жайылтылды.

Тажрыйба станциясы уюшулганына он жыл болгондон кийин СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1971-жыл 26-январдагы Указы менен айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүдөгү жана беш жылдык планды орундатуудагы жетишилген ийгиликтери үчүн Бүткүл союздук «Сельхозтехника» бирикмесинин Кыргыз мамлекеттик машина сыноо станциясы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланды. Мында анын директорунун кошкон салымы да бар. Зубковдун арымдуу эмгеги эки Ленин ордени, эки Октябрь революциясы, «Ардак Белгиси» ордендери менен белгиленген.

Кадрларды чарба ишине туура жайгаштыруу, аларды күн сайын тарбиялоо жана билимдерин арттыруу — Кыргыз машина сыноо станциясын жогору өнүккөн, механизацияланган, натыйжалуу чарбага айландырууга мүмкүндүк түздү. 1980-жылда гана чарбанын таза кирешеси төрт миллион сомдон ашты. Дан эгиндеринин орточо жылдык түшүмдүүлүгү ар гектардан кырк центнерден ашыкты түздү. Ар бир саан уйдан жылына төрт миң литрден сүт саалып алынды.

Кыргыз машина сыноо станциясы жөнүндө сөз козгогондо «биринчи болуп» деген салыштырманы көп колдонууга туура келет. Бул жерде техника биринчи болуп ишке киргизилет, мүйүздүү ири мал биринчи болуп өзү байланма ыкмасына көчүрүлөт. Малчы же саанчы үчүн 30—40 уйду байлап отуруш эмнеге турмак? Ал эми бул чарбада өзү байланма чынжырын жасап чыгаруу бул операцияны саналуу гана мүнөттө жүргүзүүгө мүмкүндүк келтирет. Мурда колдонулуп келген ОСК-25-А системасына салыштырганда күч эмгегин сарптоону 85 процентке кыскартууга мүмкүндүк келтирди.

Чарбанын тажрыйбалуу жетекчиси көп нерселерди көңүлгө тутат, бирок кант кызылчасы — башкы маселе. Дмитрий Петровичтин түздөн-түз жетекчилиги алдында чарбада кант кызылчасын поток методу менен жыйноо иштелип чыккан жана киргизилген, ал эми машина сыноо станциясынын адистери бул методду жалпылаштырды жана республиканын бардык кызылча эккен чарбаларына сунуш кылды, бул болсо маанилүү экономикалык жыйынтыкка алып келди. Директор адистерге кант кызылчасынын үрөнүн аз нормада — сейректете себүүнүн жаңы методун иштеп чыгуу боюнча көп көмөк көрсөттү. Азыр бул прогрессивдүү метод республикадагы кызылча өстүрүүчү чарбалардын бардыгында кеңири колдонулууда.

Кыргыз машина сыноо станциясынын ишине аба ырайынын катаал шарттары иш жүзүндө эч таасир көрсөтө албайт десек да болот. Алсак 1983-жылы ар бир гектар аянттан 45 центнердин ордуна орто эсеп менен 51,3 центнерден дан түшүмү алынган. Соя сыяктуу белоктуу баалуу өсүмдүктөн пландагы 12,3 центнердин ордуна 19,5 центнер түшүм топтолгон. Көп жылдык чөптөрдүн түшүмү да жогору болду: ар гектар аянттан 141,2 центнер чөп, 451 центнерден жашыл масса жыйналды. Эки центнердин ордуна 3,26 центнерден беде уругу алынды. Мал чарбасында иштегендер да жогорку натыйжаны камсыздашты. Сүт өндүрүүнүн дүң көлөмү 107,8 процентке аткарылды же 1982-жылга караганда 192 килограмм көп алынды. Айыл чарба продукцияларынын башка түрлөрү боюнча пландык көрсөткүчтөр да ашык аткарылды. Станция мал чарба продукциясын сатуунун тапшырмасын ийгиликтүү орундатты.

Аталган жана башка зор көрсөткүчтөр жумушчулардын жана кызматкерлердин өндүрүштү так уюштуруунун, социалисттик мелдештин таасирдүүлүгүн күчөтүүнүн, алдыңкыларды материалдык жана моралдык стимулдаштыруунун натыйжасы болду. Албетте, бул иштерде чарбанын директору Дмитрий Петрович Зубковдун да үлүшү бар.

Өлкөнүн машина сыноо системаларынын Бүткүл союздук социалисттик мелдешинде 1983-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз машина сыноо тажрыйба чарбасы биринчи орунга татыктуу болду. Коллективге СССРдин айыл чарбасын өндүрүштүк-техникалык камсыздоо боюнча мамлекеттик комитетинин жана Айыл чарба кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук Комитетинин өтмө Кызыл Туусу ыйгарылды. Азыр чарбанын коллективи он биринчи беш жылдыктын төртүнчү жылынын план-тапшырмаларын ашыгы менен аткаруу үчүн бүткүл күч аракетин жумшоодо.

В. РЫБАСОВ

МАЗМУНУ

Басмадан 5
Б. Асанбеков «Кара алтын» капкасын аралап . . . 8
Ж. Келешбаев. Аймактарга көрк, адамдарга кубаныч . 17
В. Чернышев. Дилгирлик 22
А. Балтабаев. Убакыттан озгон уз 32
А. Балтабаев. Эмгектен тапкан бакыт 40
М. Дадыбаев. Эмгек эргүүлөрү 54
Т. Карабаев. Тажихандын талаасы 59
Б. Алыкулов. Өмүрдүн үч ирмеми 66
Б. Мамасалиев. Даңкы кетти далайга 83
С. Бекибаев. Эмгек эстафетасы 92
Т. Мияшев. «Сары алтын» устаты 98
Т. Мияшев. Дыйкандын зоболосу 106
М. Рахманкулов. Даңкка жараша жүк 116
Б. Акунов. Таштанбек тапкан бак-таалай 124
Д. Мусаев. Эмгегинен баар тапты. 135
К. Исаев. Бийик чекке умтулуу 143
К. Исаев. Мазар-суулук маяк 149
Ж. Жанузаков. Малы ээсине жарашкан 158
А. Ашымалиев. Татьяна — эл кызы 161
Т. Насирдинов. Заманга жараша өзгөчө 167
С. Самыкбаев. Алдыңкы тажрыйбанын лабораториясы . 172
В. Рыбасов. Арымдуу адымдар 181

ЗВЕЗДЫ АЛА-ТОО

(Сборник материалов о Героях Социалистического Труда Киргизстана)

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактор-түзүүчү *М. Усукеев*
Кенже редактор *З. Абыкеева*
Көркөм редактор *К. Сейталиев*
Техн. редактор *К. Бурганакова*
Корректор *Б. Ыманалиева*

ИБ № 2486

Терүүгө 28. 6. 1984-ж. берилди. Басууга 9. 1. 1985-ж. кол коюлду. Д—01825. Басмаканалык № 1 кагаз. Жөнөкөй жаңы ариб, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108$^{1}/_{32}$. 6,0 физ. басма табак, 10,08 шарттуу басма табак, 10,515 учеттук табак, 20,58 боёк түшүрүү. Тиражы 3000.
Заказ № 191. Баасы 35 т.

Элдердин достугу ордендӱү «Қыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Қыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Қыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Қыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

